с(Кырг)
М 74

Мезгил жана инсан

Абий МОЙДУНОВ



# БИР КЕЛГЕН ӨМҮРДҮН ЖҮРӨКТӨГҮ САБАКТАРЫ

Мезгил жана инсан

Абий МОЙДУНОВ

# БИР КЕЛГЕН ӨМҮРДҮН ЖҮРӨКТӨГҮ САБАКТАРЫ

ТОГУЗ-ТОРОУСКАЯ районная
ЦЕНТРАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 2024

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 31163

«Турар»
Бишкек 2011

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
М 74

Жооптуу редактор *Мундузбек Тентимишев*,
журналист, Кыргыз Республикасынын маданиятына
эмгек сиңирген ишмер

**Мойдунов Абий.**
М 74 **Бир келген өмүрдүн жүрөктөгү сабактары** – Б.:
Турар, 2011. – 210 б. + 46 б. вкл.

ISBN 978-9967-15-096-6

Абий Мойдунов - Тогуз-Торонун белгилүү инсандарынын бири, убагында узак жылдар бою жетекчилик кызматтарда иштеп, мамлекеттик эгемендүүлүгүбүздүн алгачкы жылдарында (1990-1995) «легендарлуу парламент» аталган Жогорку Кеңештин депутаттарынын катарында болуп, эл-журт, өлкө тагдырынын эң бир татаал жана бурулуштуу баскычтарынын маселелерин чечүүдө өзүнүн чыныгы ар-намыстуу, патриот, иштин көзүн жетик - мамлекеттик деңгээлде ойлонгон инсан экендигин көрсөткөн.

Автор - жашоо-турмушта күрөштүн адамы. Анын колуңуздардагы китебинде өз башынан өткөргөн түркүн-түрдүү окуялар менен кыйынчылыктар, көздөгөн максаттан кайра тартпаган жигердүүлүк сезим менен ак-караны айыра тааныган таң калаарлыктай эрк-кайрат мисалдары табигый негизде элдик тил менен ары элестүү, ары кызыктуу баяндалат.

Китеп - Кыргызстанда «Мезгил жана инсан» сериясында чыккан китептердин алгачкысы.

М 4702300100-11

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-096-6
© Мойдунов А., 2011

# ОКУРМАН НАЗАРЫНА СУНУШ ЭТИЛГЕН ӨМҮР БАЯНДЫК МААЛЫМАТТАР

Абийбилла Мойдунов **1939-жылдын 16-январында** Жалал-Абад областынын Тогуз-Торо районундагы Казарман айылында туулган.

Эмгек жолун **1957-жылы** Казарман орто мектебинде айдоочулук кесиптен баштаган.

**1958-1963-жылдары** - Фрунзе политехникалык институтунун механика факультетинин автомобиль бөлүмүнүн студенти. Кесиби автотранспорт боюнча инженер-механик.

**1963-жылы** - Ак-Талаа районунда КСХТнын гараж башчысы.

**1967-жылга чейин** - Кочкор, Ак-Талаа, Москва райондорунун автобазаларында башкы инженер, автобазанын начальниги.

**1967-жылдын 12-январынан 1971-жылдын 27-сентябрына чейин** Кыргызстан комсомолунун Москва райондук комитетинин I катчысы болуп иштеген.

**1971-1973-жылдары** - Алматыдагы Жогорку партиялык мектептин угуучусу.

**1973-жылдын 23-декабрынан 1975-жылга чейин** Кыргызстан Компартиясынын Нарын обкомунун партиялык-уюштуруу бөлүмүнүн инструктору болуп иштеген.

**1976-жылдын январынан 1977-жылдын сентябрына чейин** – Бишкектеги таксомотордук автобазада өндүрүш начальниги, эксплуатациялоо кызматынын начальниги.

**1977-1980-жылдары** – Тогуз-Торо автобазасынын начальниги.

**1980-1985-жылдары** - Тогуз-Торо райондук айыл чарбасын механизациялоо жана электрлештирүү боюнча чарбалар аралык ишканасынын башкы директору.

**1985-1990-жылдары** - Тогуз-Торо райондук автотранспорт ишканасынын директору.

**1990-жылдын март айынан 1991-жылдын август айына чейин** Тогуз-Торо райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеген.

**1991-жылдын август айынан 2001-жылдын май айына чейин** Тогуз-Торо райондук автотранспорт ишканасынын директору, кийин «Ак-Жол» акционердик коомунун жетекчиси.

**2001-жылдан бери** - «Абий» дыйкан чарбасынын башчысы жана жеке ишкер.

## Партиялуулугу, коомдук милдеттери, депутаттык иштери:

**1967-жылдан** КПССтин мүчөсү болгон.

**1994-жылдан бери** - Ата Мекен партиясынын мүчөсү.

**1964-1966-жылдары** - комсомолдун Кочкор райкомунун штаттан тышкаркы катчысы жана бюро мүчөсү.

Ак-Талаа, Кочкор, Москва, Тогуз-Торо райондорунун партиялык уюмдарынын конференцияларына бир нече жолу делегат жана Москва райкомунун бюро мүчөсү болуп шайланган.

Кыргызстан комсомолунун съездине эки жолу (Москва, Кочкор райондорунан), Нарын областтык партиялык уюмунун конференциясына үч жолу жана Ош областтык партиялык уюмунун конференциясына делегат жана жетекчи органдын мүчөсү болуп шайланган.

**1990-жылдын июнь айында** Кыргызстан Компартиясынын XIX съездине делегат болуп шайланган.

**1992-жылы** кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк I курултайына делегат болгон.

**2003-жылы** Кыргызстан элинин Ассамблеясынын жыйынына делегат болуп шайланган.

Москва, Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Нарын райондук кеңештерине бир канча жолу депутат болуп шайланган.

**1990-1995-жылдары** - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин - «легендарлуу парламенттин» депутаты.

**2000-жылдан бери** Кыргыз Республикасынын алдында өзгөчө эмгек сиңирген пенсионер.

## Сыйлыктары:

**1964-жылы** - ВЛКСМ БКнын комсомолдо активдүү иштегендиги үчүн төш белгиси.

Ленин комсомолунун 50 жылдыгына карата ВЛКСМ БКнын юбилейлик грамотасы.

**1970-жылы** - В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдык юбилейине арналган «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы, Ленин комсомолунун 50 жылдык юбилейине арналган төш белги.

**1984-жылдын 23-июнунда** - СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен берилген «Эмгек ардагери» медалы.

**1988-жылы** - ВЛКСМ БКнын комсомолдун ардагерлерине тапшырылуучу эстелик төш белгиси.

**1999-жылы** - Кыргыз Республикасынын Президентинин №336-Указы менен ыйгарылган «Кыргыз Республикасынын транспортуна эмгек сиңирген кызматкер» деген ардактуу наам.

**2002-жылы** - Тогуз-Торо райондук мамлекеттик администрациясынын №60-токтому жана райондук кеңештин №18-чечиминин негизинде райондун «Ардак китебине» жазылуу менен «Тогуз-Торо районунун ардактуу инсаны» наамы.

**2009-жылы** - Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 70 жылдыгына арналган юбилейлик медаль.

## Каттаган өлкөлөрү:

**1964-жыл** - Чехословакия (жаштардын туристтик делегациясынын жетекчиси).

**1967-жыл** - Польша (жаштардын туристтик делегациясынын курамында).

**1992-жыл** - Түркия (мамлекеттик-парламенттик делегациянын курамында)

## Үй-бүлөлүк дөөлөтү:

5 баланын атасы, 13 небере, 1 чөбөрөсү бар.

# I. АР КИМГЕ ӨЗҮНҮН ТУУЛГАН ЖЕРИ МИСИР

Асманды тиреп түшүрбөй,
Айланаң тоолор бүтүндөй.
Аска-зооң күнгө тиш саят,
Ак булут жокто күкүмдөй.
Иримдеп агат булактар,
Ийиген эне сүтүндөй.

*Бузурманкул БАКИРОВ*

## ЖЕРИБИЗ ЭМНЕ ҮЧҮН «ТОГУЗ-ТОРО» ДЕП АТАЛЫП КАЛГАН?

Көп эле зирек эс инсандар өзү жашаган, туулуп-өскөн жери, элинин басып өткөн жолу, тагдырына байланыштуу ар кандай мезгилди сүрөттөп, ой-көңүлүндө жашаган нерселерди жөн эле оозеки айтпастан, кагаз бетине да түшүрүп жүрүшкөнүнө күбө болуп келатпайбызбы.

Мен дагы өзүмдүн туулуп-өскөн - киндик каным тамган жерим жөнүндө аз да болсо уулдук ойлорумду замандаш окурмандарга аңгемелеп берүүнү туура таптым.

Тогуз-Торо өрөөнүнүн баянын жалпы Кыргызстандын тарыхынан ажыратып кароого болбойт. Географиялык жактан алып караганда да, бул кут түнөгөн аймак узуну, туурасы боюнча Кыргызстандын так ортосунда - борборунда турат. Ал ичкерки Теңир-Тоодогу туш тарабынан тоолор менен курчалган туюк, чакан жер түзүлүшүнөн орун алган. Байыртадан эле биздин жерибиз санжыра санатында айтылып жүргөндөй, «Алтын чөйчөк» деп аталып келген.

Убагында, Түлкү баатыр Санчы сынчыны өзүнө чакыртып келип: «Сарбагыш эр болот, бийге мыкты тукум тууп түшчү катын сынап бересиң, мага неге сынап катын алып бербейсиң?» - дейт. Санчы сынчы Түлкү баатырдын сөзүн кабыл алып, мени ээрчи деп, Жумгал тоосун ашып, Чамындынын белине чыкканда, кат-кат тоолор курчаган Тогуз-Торону карап туруп: «Алтын чөйчөк деген жер экен. Бирок, суусу шор көрүнбөйбү.

Кыйындар аз чыгаар, кыздары саз чыгаар», - деп айткан экен дегендей уламыш сөз эл арасында жашап калган. Азыркы Тогуз-Торо мурун көп убакыт «Алтын чөйчөк» деп аталып келген.

Кийин Тогуз-Торо деп аталып калганын төмөнкү үч варианттын негизинде аңгемелеп айтып жүрүшөт.

Караханийлер мамлекети (940-1212-ж.) жана кара кытайлардын кылычынан кан тамган (1130-1213-ж.) заманында Тогуз-Торо өрөөнү, улуу муундагылардын сүрүштүрүүсүнө караганда, калмактар отурукташкан жер болуптур. Анда жашаган калмактардын **тогуз төрөсү** жашаган деп айтылат. Ал төрөлөрдүн аттары: Көкарт, Калдама, Кылдоо, Доржу, Боржу, Көкирим, Колбор, Каргалык, Дөдөмөл.

Бул аттар ушул күнгө чейин сакталып, айтылып келе жатат.

Экинчи варианты: кийинчерээк келип отурукташкан кыргыздар, адегенде Тогуз-Тородо жашаган калмактын **тогуз төрөсүнүн** атынан Тогуз-Төрө дебестен, өрөөн толугу менен тоо кыркаларына курчалып тургандыктан, башка аймактар менен жол катнашы оор кыйынчылыктарды туудургандыктан, Тогуз-Торо деп атап алган деген жоромол бар.

Ал эми үчүнчү варианты: Качкынбай Осмоналиевдин «Көчмөндөр кагылышы» романынын (1993-ж.) 510-бетинде Жумгал менен Тогуз-Торонун дыйканчылыкка ылайыкталган жери салыштырылып, күзүндө дыйкандар эгинди батыра албай, ороо-ороого куюшаарын, ошондон улам «тогуз ороо» деген сөздөн Тогуз-Тороо болуп аталган деп көрсөтүлөт.

Мурунку муундардын - бизге дейре жашап, өтүп кеткен ата-бабаларыбыздын эскерүүлөрүн көңүлгө алганыбызда, жогорудагы мен токтолгон биринчи варианттагы аталышы өзгөртүлүп, экинчи варианттагы аталыш менен ушул кезге чейин Тогуз-Торо деп айтылып келе жатат. Ал чындыкка туура келет.

Жалпы жонунан алып караганда, Тогуз-Торо району республикадагы жер аймактарына салыштырмалуу, уни-

калдуу тарыхый эстеликтерге (эл арасында айтылган уламыштарга караганда, атабыз Манастын сөөгү да 4009 метр бийиктиктеги Жыланач-Бугу чокусуна коюлган), жаратылыш кенчтерине бай. Макмал алтын кени да, дүйнөдөгү өзүнө теңдеши болбогон эң кооз жалгыз эстелик - Саймалуу-Таш да биздин тоолордо. Жер кыртышы берекелүү келип, өзгөчө табигый суу ресурсу мол. Бардык эле кокту-колотунан суулар куюлуп түшүп, Нарын дарыясы өрөөндү экиге бөлүп агат. Климаты жагынан, Теңир-Тоонун башка чөлкөмдөрүнөн өзгөчөлөнүп, жаз, жайы өтө ысык, кээ бир жылдары күндүн ысыгы 42-43 градуска жетет.

Дыйканчылыкка жарамдуу жер катмарында минералдык семирткичтер арбын болуп, жайкы сезон бышыкчылыктуу келгендиктен, түштүктө өскөн көп жер-жемиштер жакшы өнүм алат, пахта, жүзүм, күрүч, коон-дарбыз, анар, шабдалы, жаңгак, айва ж.б. бизде да өсөт, талбай эмгек жумшаса, ойдогудай түшүмүн берет. Бир сөз менен айтканда, жогоруда мен китеп главасынын башында эпиграмма түрүндө көрсөткөн Бузурманкул Бакировдун ырындагы: «Иримдеп агат булактар, ийиген эне сүтүндөй» деген сыяктуу татынакай саптар Тогуз-Торо аймагына ылайыкталып жазылып, анын керемет өзгөчөлүктөрүн алда немедей айкындап тургандай сезилет!

## «КАЗАРМАН» ДЕГЕН АТТЫН ТАРЖЫМАЛЫ ТУУРАЛУУ

1850-1860-жылдардагы бугу жана сарыбагыш урууларынын өз ара чатагынан кийин түндүк Кыргызстан Россия империясынын курамына кирген.

Ошол убакта Россия империясы Теңир-Тоо аймагын каратып алууга кызыкдар болуп, кылымдардан бери Азия менен Европанын ортосундагы соода-экономикалык байланыштарды чыңдоодо тарыхый мааниси зор Жибек

жолу аркылуу Кашкарга (Кытайга, андан ары деңизге) түз жол ачууну максат кылган.

Адегенде, 1880-жылдары, андан кийин 1905-1907-жылдары - Столыпиндин реформасынын учурунда орус көчмөндөрү (переселенцы) Тогуз-Торо аймагына келип, жайланыша баштаган. Алардын биринчи келип отурукташкан кыштагы Атай деп аталган. Анын бул аты эки түрдүү жоромол менен түшүндүрүлүп, биринчи жоромолдо - орус байы хохол Атаенко же Атейдин атынан улам коюлган делсе, экинчи жоромолдо - Атайка - «Аңыр» деген сөздөн аталып калган деп айтылып жүрөт.

Орустар Кара-Булак айлынын түздүгүнө Читонка, ал эми азыркы Арал кыштагынан Казарманга келе жаткан жолдун боюна Чайка деген кыштактарды салып, орношо баштаашкан.

1916-жылы, 1-дүйнөлүк согуштун убагында, Кыргызстандын бийлери кедейлердин балдарын тизмелеп алып, өздөрүнүн жана калган пара берген байлардын балдарын калкалап, аскерге өңчөй кедей-кембагалдардан жөнөтүү аракетин жасашкан.

Ошол кезде Жумгал манаптарына баш ийип турган Тагай, Бөрү, Карабагыш, Керкитамга урууларынын билерманы Курманкожо уулу Чолук (өз уруусу бостон болгон) Тогуз-Тородон кол курап, курал-жарак даярдап, июль айынын аяк ченинде Чайка менен Атайдагы орустарга кол салып, аларды кетүүгө мажбур кылган. Алардын башка тарапка жер ооп кетишине дагы төмөндөгүдөй үч жагдай олуттуу себеп болгон.

Биринчи себеби: отурукташкан орустардын төбөлдөрү Курманкожо уулу Чолук жана Тогуз-Тородо жашаган кыргыз бийлерин жыйынга чакырып, алдына-ала даярдаган келишимге амал менен кол койдуруп алууга ашыгышкан. Андагы келишим боюнча, Көгарт суусунун батыш жагында жашаган орус байлары үч аралдын - Көгарт, Колбор, Көк-Иримдин боюндагы жерди толугу менен - Нарын суусунун өйүз-бүйүзүн бүт өздөрүнүн менчиги кылууга далбас урушуп, бал тилге салып алдап, эптеп кол койдуруп алуунун амалын издешкен. Алардын

мындай арам оюн Чолуктар билип калып, кол коюудан баш тарткан. Ошол күндөн баштап, Чолуктар кол салганга дейре, орус төбөлдөрү кыргыздардын суудан өтүп барган малын, ал түгүл адамдарды да атып, караманча жакын жолотпой турган.

Экинчи себеби: ошол кезде Чолуктун бир кызы (Гүлай) Keминде жашаган Шабдандын баласы Самүдүнгө күйөөгө чыккандыктан, ал Ак-Талаанын манабы Касымбектин оозун караган болуштарга салык төлөөдөн баш тарта баштаган. Шабдандын жардамы менен Чолуктун балдары Омскидеги аскердик окууга жөнөтүлгөн.

Үчүнчү себеби: элдик наразылыктын күчөшүнөн - 1916-жылдагы кыргыздардын жалпы көтөрүлүшүнөн пайдаланып, орустарга кол салган Чолуктун адамдарынан качкан орустар түштүккө - Жалал-Абадга, айрымдары Нарынга кеткен. Бул кабарды уккан Ферганадагы генерал-губернатор жазалоочу отряд түзүп, ал отряд Көгарт ашуусун ашып, замбиреги жана арабага жүктөгөн ок-дарысы менен Тогуз-Торого келген.

Отряд азыркы Казарман айылынын жанындагы - мүрзөлөрдү бөлүп аккан Чарабайдын суусунун боюндагы дөңсөөнүн түбүнө казарма уюштуруп, суунун өйүзүндөгү Чалдыбарда сепилге орношкон Чолуктун аскерлерин замбирек, пулемет, бат атуучу мылтыктар менен аткылап, бат эле талкалап жиберишкен.

Чолук адегенде үй-бүлөсүн алып, Карагөөнү ашып, Ат-Башы аркылуу Кашкарга кетүүгө аргасыз болгон. Ал Кытайдан кайта 1918-жылы кайтып келип, ошол жылы күзүндө кармалып, атылып кеткен. Ал эми Тогуз-Торонун эли, жалпак тилге салып, «ылдыйкы казармага барып келчи, тигинтчи, минтчи» деп жүрүшүп, «казарма» деген сөзгө «н» тамгасын кошуу менен бул жер барабара «Казарман» деп аталып - айтылып калган.

Эскерте кетүүчү сөз, 1991-жылы май айында, Жогорку Кеңештин сессиясынын учурунда азыркы «Шоро» компаниясынын жетекчиси Табылды Эгембердиев баш болгон КДКнын мүчөлөрү мени Ак үйдүн кичи залында өтүп жаткан чогулушуна чакырышты. Анда, ошол кез-

деги кыргыздын патриот жаштары, КДКнын мүчөлөрү, республикадагы орусташып кеткен айыл-кыштактардын, ал эле эмес, Фрунзе шаарынын атын да Бишкек деп атоо жөнүндө чечим чыгаруу жагын сунуш кылышты. Анан Табылды, Казарман деген атты да өзгөртүү жөнүндө менден пикир сураганда, мен ага макул эместигимди билдирип, ал жер эмне үчүн Казарман болуп калганын тарыхый факт-маалыматтарды келтирүү менен ынанымдуу түшүндүрүп бердим. Ошонун негизинде, Казарман деген атты өзгөртүүгө болбостугун жаштар макул табышты.

1935-жылга чейин Тогуз-Торо аймагынын борбору Атай кыштагы болуп, кийин маанисине ылайык Казарман деп ушул убакка дейре айтылып келе жатат.

1935-жылы борбор Атай кыштагынан азыркы Казарман шаарчасы орношкон Нарын суусунун боюна көчүрүлүп, там-тарак, курулуш жайлары салына баштаган. Тогуз-Тородо ошол кезде жаңыдан өсүп келе жаткан кадрлар: Аалы, Азаматов Калдыбай, Бегалы, Абдыманап. Атайдан - Жакиш, Жаркынбай, Тилеш, Аралдан - Эмилбек, Борончу, Эпей, Раманкул, Чет-Булактан - Буркан, Курманкожо, Кызыл-Жылдыздан - Кыдыр, Жолдош, Абдыкадыр, Садыбакун, Нурмамат, Тезекбай, Бекиш жана башка улуу адамдардын аймагыбызды өнүктүрүүгө кошкон салым-эмгектери чоң болгон. Азыркы Казарман жайгашкан жер аянтын анда толугу менен чий каптап, суу бойлорун токой ээлеп турган. Казармандын орду ошол убакытта Ак-Чий деп аталган.

# БАЛАЛЫК КЕЗИМ. ОШОЛ МЕЗГИЛДЕГИ ЭЛИБИЗДИН ЖАШОО АБАЛЫ

## 1. Апам менен жылдаш элем

Атамдын айтуусу боюнча, мен 1939-жылы 25-декабрда туулуптурмун, анткени атам апамды: «Жезкемпир (апама ал ошентип эркелетип кайрылчу эле), сен эң жок дегенде беш күндөн кийин төрөсөң, балам жаңы жылда төрөлгөн болот эле да», – деп тамашалоочу экен. Апам дагы: «Балам мени менен жылдаш, мен 38 жашка чыкканда төрөлдү. Менин жылым - балык, баламдын жылы да балык болуп калды», – дечү эле.

## 2. Окуйм деп, полго чалкамдан жатып ыйлаганда

1947-жылы ноябрь айында Казарман орто мектебине окууга кирдим. Окууга кеч кирдим. Кулундай моюндаш болуп, бирге ойноп жүргөн теңтуштарым: Бешкемпир, Сапаралы, Молдоболот, Абдырайымдар менден бөлүнүп, 1-класска окууга кетишкенде, мага ойногонго бала жок болуп, зеригем, жол карайм, анан алар окуудан келгенде, ар кандай тамгаларды, сандарды кошуп, алганды же башка эреже-амалдарды айтышса, мен да кызыгып, окууга өтө ынтызар болоор элем.

Кийин, ноябрь майрамына жакын, мен ыйлай берип, атама: окууга барам, балдардан калып калдым деп жа-

тып, мектепке алып барууга аргасыз кылдым. Ошентип, атам мени ээрчитип алып, мектепке жөнөп калды. Мектептин директору Адыраңов (Ат-Башыдан эле) атама: «Кары аке, балаңызды ээрчитип келипсиз, эмнеге келдиңиз эле?» - деп суроо узатты. «Балам, бул каапырды окууга алып, окутпасаң, жолдошторум баары окуп жүрөт, мен окуудан калдым деп ыйлап такыр болбой жатат», - деди атам. «Кары аке, балдар эбак эле кирип окуп калбадыбы?» - деди директор. Мен болсо: «Окуймун, балдардын баары эле окуп жатышпайбы!» - деп, директор менен атам сүйлөшүп жаткан кабинеттин полуна чалкамдан жатып алып, эки колум менен көкүрөгүмдү койгулап ыйлай бердим.

Бир убакытта директор ордумдан тургузуп: «Сен окууга кечигип калдың, эмдиги жылы окуйсуң, быйыл болбойт», - деди. Мен кайрадан чалкамдан кетип ыйлай бердим. Директор менен атам экөө бир чечимге келди окшойт, акыры мектеп жетекчиси: «Эгер окутсак, балдардан калбай, жакшы окуйсуңбу?» - деп сурады. «Ооба, жакшы окуймун», - деп ага убада бердим.

Ошентип, мен балдарга кошулуп окуп калдым. Биринчи класста мага «А» деген тамганы тааныткан биринчи мугалимим Кенжегараева Шаакы эже эле. Ал эжебиз орто бойлуу, кара торусунан келген, татынакай - сулуу адам болчу. Мени Бешкемпир менен алдыңкы партага отургузду.

Ал убакта жалпы эле элибиздин турмушу өтө оор экен, согуштан жаңы эле чыгып, Казарманга жол катнаштын жоктугунан, эл башка жашоосу дурус аймактардан оолак калып, бар болгон иштерин ат, өгүз, төөнүн күчү менен бүтүрөөр эле. Кийим-кече, дагы башка зарыл турмуштук керектөөлөр тартыш.

Мектепке каттаганда, апабыз тигип берген баштыкка бирин-экин китеп, дептер, сыя челек, учтуу калем сап, карандаш салып алып барчубуз. Сабактан келе жатып же мектепке бараткanda тентектик кылып, сыя челектеги сыяны төгүп алып, ата-энебизден, мугалимдерибизден тил уккан күндөрүбүздү эстеп, азыр да кез-кезде уяла түшөм.

Мен тамгаларды бат эле таанып, жазганды да тез эле өздөштүрүп кеттим. Эсеп чыгарганга келгенде, эки колумдун манжаларын кошуп жиберип, кээде ал жетпей калганда, партанын капталынан буттарымды сыртка чыгара суна коюп, алардын манжаларын да кошуп эсептеп, кол көтөрүп, балдардан мурда айтууга аракет кылаар элем.

Ошол мезгилде, кездеменин тартыштыгынан, кийим-кече, өзгөчө, бут кийим жоктугунан, окуган балдар кыш түшкөнгө чейин, мектепке жылаңайлак эле барчубуз. Биринчи-экинчи класстарда кийген шымдарыбыз - бешинчи класска чейин, ал эми бешинчиден - 10-класска чейин кийген шымдарыбыз чолоюп, бутубуздун балтырына дейре кыскарып калаар эле. Анда балдардын көпчүлүгү өтө ынтызардык менен атаандашып окуша турган. Биз менен Турдубүбүш Абдыкеримова деген кыздын ата-энесинин үйү кошуна болчу. Ал экөөбүз дайыма бирибизге бирибиз атаандашып, жакшы окуп жүрдүк.

Мектебибиздин терезе, каалгалары ыксыз чоң болгондуктан, кышында өтө эле суук болоор эле, отунду токойдон суу бойдон алып келип, быкшытып жагымыш этип, беш ай бою эптеп кыштан окуп чыгаар элек.

## 3. Жүз жолу кайталап көргөн кинолор

Күндүзү сабактан чыкканда, берилген тапшырмаларды аткарып коюп, ойногонубуз чүкө, кечкисин кино көрчүбүз. Киномеханиктер Сергей, Омордун болгону бир кино аппараты бар эле, ошонун кино тасмасын кээ бир күндөрү кечинде баштап, движогун  от алдыра албай, убаралана бергендиктен, эртең мененки саат 5ке дейре эптеп көрдү болуп, үйлөрүбүзгө кужулдаган бойдон тарап кете берчүбүз.

Бутубуздагы суу болгон чокойлорубуз тоңуп калып, үйгө барганда ата-энебиз тартып жатып чече албай, бут кийимибиз менен төшөккө жатып, эртең менен чечип, темир мештин үстүндөгү жыгачтарга коюп, сасытып

жатып кургатып алып, анан мектепти көздөй ошол чокойлорубуз менен тыпылдап «сапар» тартчубуз.

Районубузга жыл бою болгону 2-3 кино тасма алынып келип, ошону жыл бою кайра-кайра кое беришчү. Күнүгө барып көргөндөн тажабайт элек. Атам болсо: «Ой, тобо, менин балам, бир жылда 365 күн бар болсо, ошончо күн бою бир эле кинону көрүп жүрөт. Жаттап деле бүттүң го, балам», – деп нааразылана сүйлөнө турган. Ошол кезде бир жыл бою көргөн кинолорубуз: «Зигмунд Колосовский», «Господин-420», «Байжд-Бабра» болчу.

## 4. «Машак» тергенде, сууга чөккөн баланы куткарганда

Согуш жүрүп жаткан учурда, 4-5 жаш кезимдеги бир окуя дайыма эсимден кетпейт.

Ал кезде апамдар колхоздо эгин оруп, кечкисин майданга кол кап, тон, кийим-кече тигишип, бүткөндө бригадирге өткөзүп беришчү. Айылдын бригадири Садыбакун деген чулдураган адам эле. Эртең менен келип, апамды аялдарга кошуп ишке айдап жөнөөчү. Апам мени жетелеп, кээ бир жерден көтөрүп алуучу. Азыркы Тогуз-Торо айыл өкмөтүнүн, Казармандын чыгыш жагындагы Шайнаев Теңирбердинин үйү турган жерде бир гектардай аянтка буудай айдалуучу, калган жерди толугу менен чий басып жатчу. Апам бригадирдин айтуусу менен мага кездемеден баштык жасап, мойнума илип койду.

Садыбакун аке апаларыбыз оруп кеткен аянтта түшүп калган машактан үзүп, башын менин баштыгыма салып, ушундай кылып кечке дейре толтурасың деп көрсөттү. Мен болсо, аракет кылып, тигип берген баштыкты толтура албаганымдан, аялдардын оруп, тиреп койгон боолорунун үстүнөн эле баштарын сындырып алып, баштыгымды толтурууга далбас урганымды кечинде Садыбакун аке көрүп калып, жетелеп барып, мен сындырып алган буудайдын баштарын боолордон көрсөтүп, колун көзүмө кезеп, тилдегени эсимден кетпейт, ошол окуяны дайыма эстейм. Бал-

Чыңгыз Айтматов атындагы

ким, эс кирип калганда терсем, оруп койгон боолордун асты жагынан көрбөгүдөй кылып сындырып алып, толтураар белем деп да мыйыгыман күлөмүн.

Окуу жылында бат эле жакшы окуган классташтарымды кууп жетип, алдыңкылардын катарына кошулдум. Биринчи класстан 10-класска дейре эң жакшы окуган классташтарым: Абдыкеримова Турдубүбүш, Молдобаев Турдуманбет, Мокеев Мэлис, Чынкожоев Абдырайым, Турсуналиева Шаарбүбү, Казыбаев Сапаралы, Кадыркулов Эсенкан, Калманбетов Молдоболот, Мааткалыков Эсеналы, Жумабаев Дербиш, Чекиев Бешкемпир, Сартбаев Кубанычбек, Өмүрбеков Азим, Жаныкеев Доктурбек, Токталиев Жаныш, Дөөлөтов Атайбек, Ташматов Кыязбек эле.

Окуп жүргөндөгү бир окуяны эске сала кетейин. 1948-1950-жылдары районубузда 2-катчы болуп Сатиев Темир деген иштөөчү, анын үйү биздин үйдөн бир тамдан кийин турчу. 2 баласы бар болчу. Бири - Марат, экинчиси - Мурат. Алар менен бирге ойноп өстүм, улуусу 1943-жылы Казарманда туулган. Менден 4-5 жаш кичүү эле. Дайыма Нарын суугa барып, суугa түшүп - киринчү элек. Күндөрдүн биринде Кайыктын артындагы айлампада Марат биз менен кошо киринип жатып, суудан чыга албай, бир чөгүп кетип, бир чыга калып жатат. Эч ким даап бара албайт, жардам берүүчүлөр да жок. Эмне экенин билбеймин, жетип барып, аны сүйрөп чыгуунун аракетин жасадым. Ал болсо, мага жабышып, ылдый басат, мен аны кармап сүйрөп чыгаруунун амалындамын, бир убакытта тайызыраак жерге сүйрөп чыгып калыптырмын, тиги тил-оозу жок - эси ооп калыптыр. Сүйрөп алып, жээкке алып чыктым. Аңгыча, биз тарапка келе калган улуу адамдар Мараттын эки бутунан өйдө көтөрүп, башын ылдый каратып, оозу-мурдунан суу агыза бергенде дирт-дирт этип, жан кирип өңү купкуу болуп, өзүнө келди. Бул болгон окуяны эч кимге, атүгүл ата-энелерибизге айтпоого макулдаштык.

Кийин Марат Темиров Ленинграддагы жогорку аскердик окуу жайына кирип, Аскер-Деңиз академиясын

бүтүрүп, кыргыздардан биринчи болуп контр-адмирал чинин алып, республикабызда жооптуу кызматтарда иштеп жүрдү. Кийин дагы кол үзүшпөй, жолдош болуп жүрдүк. Жолукканда бирибизди бирибиз тамашалашып, өткөн-кеткенди эске түшүрүп күлүп калаар элек.

## 5. Орус көчө. Коно албаган самолёт. Наркозсуз жасалган операция.

1949-1950-жылдары Казарманда бир-эки кичине көчөдө эле эл жашоочубуз. Анын биринде орустар, көбүнчөсү немецтер турушаар эле. Аны «орус көчө» деп койчубуз. Алар да кийинчерээк Чүй, Жалал-Абад, Нарын тараптарга көчүп кете башташты. Бирин-серин гана үй-бүлөлөр калды.

Ал убакта жай өтө жаанчыл, кыш өтө эле суук болуп, кар көп түшөөр эле. Кээде жамгыр жааганда жалпак тамдардын ичине суу кирип, тамчы агып, чака, идиштерин тосуу менен алек болгон элдин «тамаша-кызыктары» ошондой табият көрүнүшүнөн улам арбып кетчү.

Бешинчи класста окуп жүргөн кезим. Кыш айында кокусунан эле ичим катуу ооруп, башымды ылдый басып, жылалбай калдым. Апам болсо, безилдегенден безилдеп: «Балам ичинен сезгенип жатат, эгер тамак ичсе эле, бөөдө майып болуп калат», - деп тамак-ашты жаныма жолотпой, кайтарып калды.

Айылыбызда башкы врач болуп ат-башылык Айылчиев Иманалы аке, анын орун басары болуп көлдүк Молдоташев деген иштей турган. Экөө тең келип көрүшүп, балаңар аппендицит экен, республикадан «тез жардам» сурайбыз деп кетишти. Менден башка да ооруп жаткандарды операция жасаганга борбордон квалификациялуу врач чакырышыптыр.

Экинчи күнү Казарманга чоң канаттуу АН-2 самолету учуп келип, коно албайт, азыркы Мусуралы акенин тамы турган жерге Ташкент шаарынан келген 50-55-жаштардагы орус врач кардын күрөндүсүнө секирип

түшүптүр. Мени болсо, ооруканага которуп алып барышты, ал кезде ооруканабыз азыркы МЖСтин орношкон жеринде эле. Врач ичимди басып көрүп, аппендицит экен, тез операция жасаш керек деген чечимге келишти. Өздөрүнчө сүйлөшүп алышып, борбордон келген врач мага котормочу аркылуу: «Сен, чоң жигит, коркпой, бакырбай, чыдап берсең, операция жасайбыз, жок, андай кылбасаң, ооруң өтүшүп майып болуп каласың», - деди. Мен макул болдум.

Ошол кезде районубузда бирин-экин дүкөндөрүбүз болсо да, саткан товарлары жарытылуу деле эмес, атүгүл азыркыдай көп түрдүү ичкиликтин ордуна, болгону бир гана спирт сатылуучу экен. Жогоруда келген врачтын ушуга байланыштуу айткан бир өтүнүчүнүн төркүнүн кийин билдим. Көрсө, Казармандагы ооруканада тиешелүү дары-дармек, операцияга керектүү медициналык спирт сыяктуу нерселер жок турбайбы.

Тиги врач дагы аспап, дары-дармегин самолеттон ала түшпөй, кайра кошо кетип, мени операция жасаганда, эптеп табылган аспаптарды дүкөндөн алган спиртке бир топко салып коюп, ошону менен оорутпай, наркоз бербей эле сокур ичегимди кесиптир. Мени керебетке жаткызышып, колу-бутумду шейшептер менен байлап, төрт адам басып турушту. Врач болсо, орусчалап: «Ыйлап, бакырсаң, өзүңдү токтото албайсың», - дегенинен, канчалык катуу ооруганына карабай, онтоп, көл-шал тердеп, эч үн чыгарбай ажал менен кармашкансып жаттым. Операция мен үчүн алты ай бою азап-тозоктун отуна түшкөндөй болуп жатып, араң дегенде гана бүткөндөй сезилди.

Врач операциядан кийин келип: «Сен, жигит, азаматсың, чыдадың, баары артта калды, сен бактылуусуң, көп жашайсың, апаңа ырахмат айт, эгер сага тамак ичирип койгондо, бул дүйнө менен эбак эле коштошмоксуң», - деди.

Кээде мына ушундай окуяларды эстеп, адам баласы үчүн күнү-түнү эмгек кылып, Кудайдан кийин эле адамдын өмүрүнө эбептен-себеп болуп, күрөшүп, өлүмдөн

алып калып, жашатып жаткан врачтарга эмнени арнасаң да, берсең да, алкасаң да, төтөн өкмөт эмне гана шарт түзүп, сый-урматка бөлөбөсүн - анын баары алардын эрдик ишине арзыбайт го, аздык кылат го деп ойлой беремин. «Атаганат, Ташкенттен келип мени операция жасап, өлүмдөн алып калып, мага тирүүчүлүк берген «орус атанын» атын-жөнүн билгенимде, эгер азыр тирүү болсо, ага жолугуп, кандай ырахмат сөзүмдү айтсам ыраазы болоор эле?» - деп да кээде өзүнчө сан түркүн кыялдарга чөмүлөм. Өзүбүздүн арабызда биз менен бирге жүргөн врачтарды көргөндө - булардын кесибинен өткөн асыл кесип жоктугуна ичимден тан берип, аларга жайдары-жаркын мамилемди көргөзүүгө ар качандан бир качан ашыгып турам.

## 6. Кеч келген электр, көп ыйлаткан шакар самын...

Райондун эли согуштан кийинки жылдары жаңыдан эле бутуна турган баладай болуп, ар кандай эмгек менен алек болуп, турмуштарын ондоо аракетин жасап жатышты. Жол азабы, татаалдыгы, аймактын борбордон алыстыгынан улам, айрыкча, отундун кааттыгы (жайдыр, кыштыр), эл керектөөчү товарлардын жетишсиздиги кендирди кескен чоң көйгөй болгон.

Ата-энелерибиз колхоздо иштесе дагы, жарытылуу эмгек акы албай, күндөлүк жашоо өп-чап уланган.

Ал кезде электр жарыгы деген жок, окуучулардын баары эле жерге көмкөрөсүнөн жатып алып, түндөсү колго жасалган биликти күйгүзүп, ошонун жарыгында тапшырмаларды жазып, сабакка даярданчубуз. 1956-жылы кол жумуш иштери башталып, 1961-жылы кубаттуулугу 300 кВт кубаттулуктагы колхоздор аралык Табылгыты ГЭСи ишке кирип, анын электр жарыгын Киров, Казарман айылдары пайдаланып калышты. Алгачкы электр жарыгын пайдалануу элибиздин турмушунун оңолушунун башталышы болду. Андан кийин эң кыска убакытта

- 1968-1971-жылдары жогорку чыңалуудагы электр линиясы тартылды, ал эми 1970-жылы Казарман-Карагоо автомобиль жолу салынып, Нарын дарыясына экинчи көпүрө курулду. Ошондо кээ бир адамдар биринчи жолу кичине автобусту өз көздөрү менен көрүштү. Ошол жылдары районубузда иштеген райкомдун биринчи катчылары М.Турдалиев, К.Жыргалбеков, Субаналиевдин элдин турмушун оңдоого жасаган эмгектери өтө зор, аны айтпай кетүүгө болбойт.

Улуу агам Тоту 1947-жылы Нарын педагогикалык окуу жайына кирип окуп калды. Атам, апам улгайган адамдар, бир тууган карындашым Кайрынса, бир тууган иним Байдылла кичинекей, андыктан, үй-тиричилигинин ар кандай жумуштарын аткаруу, өзгөчө, жай мезгилинде кышкыга отун даярдоо менин мойнумда эле. Май айында окуу бүтөөрү менен, окуу башталганга чейин Нарын суусун бойлоп, агып келген жыгачтарды жыйнап алып, үйгө ташып келип, «запас отун» даярдоо менен алекпиз.

Анда азыркы учурдагыдай, эң жок дегенде, суу өтүк, кепич, жип-шуу, самын болуп калсачы. Эртеден кечке колтоңдоп, капкара болуп күнгө күйүп, жылаңайлак жүргөндөн бутубузду чор басып кесилип, жыландын оозундай бармактарыбыз тырмактарынан ажырап, мектепке киреерде апаларыбыз өздөрү жасап алган шакар самын менен ыйлатып сүртүп жууп, бир канча күн же кирин кетире албай, же жаратын айыктыра албай убараланган күндөр эстен кетпейт.

## 7. Орус тилди билбеген окуу. Түшүнбөстүктөн Москвага барбай калганда

Ошол кездеги бизге сабак берген мугалимдерибиздин баары эле күчтүү даярдыктагы адистерден эмес экендиги кийин институтта окуп жүргөндө салыштырмалуу билинди. Айрыкча, Тогуз-Тородо кадр маселеси жакшы чечилбегендиктен, мугалим жетишпей, орус тилинен са-

бакты начар окуган экенбиз. Азыр да эсимде: бул сабакты окуткан бирин-экин мугалимдер Пушкин, Лермонтов ж.б. акындардын ырларын эптеп жаттап келип айтып берсек эле, «4», «5» коё салышчу. Маанисине түшүнчү эмеспиз, сүйлөй да алуучу эмеспиз. Орус тилинен сабак берген мугалимдер кээ бир жылы жок болуп калса, сырттан келгендери бир аз убакыт сабак бергенден кийин эле борбор жакты көздөй качып кетип калышчу.

Ошентип, мен 1957-жылы онунчу класстын толук курсун жакшы деген баалар менен бүттүм. 9-10-класстарда жалпы Казарман орто мектебинин окуучулар комитетин жетектеп жүрдүм. Ошол өспүрүм кезекте спорт оюндарына өтө кызыгаар элем. Көпчүлүк учурда волейбол, күрөш, чуркоо, велосипед, лыжа, коньки тебүү, узундукка жана бийиктикке секирүү оюндарына катышып турчубуз.

1956-жылы, 9-класста окуп жүргөн кезде, областтын борбору Нарын шаарына жаш өспүрүмдөрдүн областтык спартакиадасына мектептен бир топ окуучуну алып барды. Ал убакытта азыркыдай команда кылып, спорттун ар бир түрүнөн алып барбай эле, бир эле мектеп окуучусу кайсыл спортко жөндөмдүү болсо, ошого сала берүүчү. Спартакиаданын учурунда областтык спорт комитетинин төрагасы Кадырбеков (ал киши эгемендүүлүк заман келгендеги «легендарлуу парламенттин» депутаты Ишенбай Кадырбековдун атасы экен) деген киши: «Тогуз-торолуктар, силерди сууда жакшы сүзөт дешет, мелдешке салсак, сүзөсүңөрбү?»- деп сурап калды. Биз дагы тартынбай, «сүзөбүз» деп жооп бердик.

Кадырбеков өзүнүн кызматкерлери менен үч баланы - мени, Субокожоев Молдоболот, Калманбетов Молдоболотту Нарындын көпүрөсүнө алып барып, чечиндирип, суунун наркы, берки өйүзүнө 3-4 жолу сүздүрүп өтүп: «Силер жакшы сүзөт экенсиңер, областтын сууда сүзүү боюнча курама командасын түзүп жатабыз, ага кошулуп Фрунзе шаарына барасыңар», - деп, жактырып алып жөнөдү.

Биз Фрунзе шаарына келип, андагы «Дыйкан үйү» деген мейманканадан орун ала албай, короосундагы ча-

тырга жайгаштык. Республикалык жаштар спартакиадасында үчөөбүзгө дагы бир көлдүк баланы кошуп, бир команда кылып, адегенде 50 метрге, анан 100 метрге жарыштырып, көрсөткүчүбүз анчалык жогору болбосо деле: «Силер алдыңкы орунду ээледиңер. Эми силер бир айдан кийин Москвада өтүүчү мектеп жаштарынын спартакиадасына катышасыңар», - деп алып калышты. Спорттук форма, бут кийим беришти. Күнүгө үч маал 30-35 сомдук тамактын талонун беришет, «Спартак» стадионунун жанындагы офицерлер ашканасынан тамактанабыз. Ар бирибизге сууда сүзүү үчүн жыгач тактай берип, бирден инструктор бекитип коюшту. Мага Надежда деген жаш келинди бекитишти.

Көптөн эңсеген борбор шаар Фрунзе менен да тааныштык, көчөлөрүн, кинотеатрларын, парктарын көрүп, кызыгуубуз да таркай баштады. Күндөрдүн биринде, үчөөбүз өз ара сүйлөшүп туруп, алдын ала бөлүштүрүлгөн бир айлык талондорубузду акчага алмаштырып, берген кийимдерин кийип алып, алыс калган үйүбүздү көздөй жылт койдук. Үч күндөн кийин Казарманга келип жеттик.

Келсек, бизден мурда эле районого, мектеп директоруна качып кеткенибизди билдиришип, кайра жиберүүнү талап кылышыптыр. Биз болсок, ар кандай шылтоо менен качып жүрүп, баягы эле кышка отун алуу менен күн өткөзүп, ошентип, багыбызга бир келген жолдомону пайдаланбай, СССР аталган зор Ата Мекенибиздин борбору Москваны барып көрүп, өлкөнүн менменсинген алдыңкы спортсмендери менен таанышып, алардын эл көзүнчө дүңгүрөгөн жеңиштүү катарына кошулуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап, эки ортодо кур-жалак кала бердик. Бул да болсо, биздин жашаган жерибиз жол катнаштын начардыгынан башка райондорго салыштырмалуу артта калып, ар кандай өнүгүп-өсүштөн кечигип жана чектелгенибиздин эң таасын белгиси эле.

# ЖАРЫК ДҮЙНӨГӨ ЖАРАТКАН АТАМ МЕНЕН АПАМ ЖӨНҮНДӨ АЗЫН-ООЛАК СӨЗ

Тогуз-Торо эли атамды сүймөнчүлүк менен Кары аке деп аташчу. «Кары» деген сөз - дин илими боюнча абдан билимдүү, куранды жатка айтуучу, дил агартуучу деген мааниде айтылган.

Бара-бара анан, атамдын өзү кыргыздашып кеткендей эле, Мухиддин Кары деген ысымын да жергиликтүү эл өзүнүн жалпак тилине салып, жөнөкөйлөтүп эле Мойдун Кары деп атап алышкан. Ошол боюнча биздин фамилиябыз да Мойдунов болуп катталып калган.

Атам баарыбызды тең эле «Кыргыз» деп жаздырган. Кийин эс тарткан кезибизде айтканы бар: «Балдарым, силердин өзбек экениңер чын. Бирок, мен силерди ата-бабаңардын жерине алып бара албайм. Өзбек болгула деп да айта албайм. Ал үчүн мени кечирип койгула. Анткени, сөөгүңөр өзбек болгону менен, дилиңер кыргыз болуп калды. Ал жакка эми силер көнө албайсыңар. Ошондуктан документтериңер боюнча да кыргыз болуп калышыңарды каалайм».

Атам Мухуддин Исмаил уулу 1886-жылы күз айында Орто Азиянын булуң-бурчуна кеңири таанымал Наманган шаарынын Ак-Гозо маалесинде жарык дүйнөгө келиптир. Ал атактуу Исмаил Ажы көпөстүн төртүнчү уулу болгон. Атамдын азан чакырып коюлган аты - Мухуддин. Кыргызча которгондо: «мухид» - океан, «еддин» - уулу, демек, «океан баласы» деген мааниде. Атам бала чагында эле Намангандын эң белгилүү мечитинде, «Касиети ашкан, керемети кеңири дастан» деп аңыз болгон Ас-Садыр Ибн Мухаммед бен Бакир деген эшенден дарс алган. Куранды өтө кыска убакытта куюлуштуруп жаттап калган окуучусуна ыраазы болгон эшен ага тасфир (куранды чечмелөө), фалсафы (философия), усул ал фикх (ислам кононду, мыйзам булактары) сыяктуу татаал дарстарды кошуп окутат. Буларды да жогорку деңгээлде өздөштүргөн окуучусуна терең ыраазы болгон эшен аны «Ислам борбору» аталган Бухарадан, экинчи Мекке аталган Кашкардан окуп билим алууга жөнөтөт. Атам Буха-

радан, ислам окуусунан сырткары, практикалык магиядан сабак алып, бул багытта көп нерсени иштөөгө үйрөнөт.

Ошол Кашкар сапарында теңир-тоолуктар менен да аралашып, алардын соода иштерине катышып, элдин руханий дүйнөсү менен жакындан таанышат. Алардын каада-салттарын, үрп-адаттарын, күндөлүк жашоо-турмушун иликтеп үйрөнөт. Жергиликтүү элдин жашоо-турмушка карата баёо мамилеси, дүйнөгө олуттуу көз карашы, тиричиликте туткан нарк-нускасы бүт бойдон шарыяттын жол-жоболоруна шайкеш келгенин көрүп таңданат жана ушундай момундар ичинде ислам сабатын үйрөтүүгө дилгирленет. Ошондон тартып соода-сатык кесибин таштайт да, элге куран канондорун үйрөтүп, алардын тиричилигин ислам жолу менен айкалыштыруу миссиясын аркалап калат. Тагдырдын буйругу болуп, Тогуз-Торого 1914-жылдан тарта байырлап калат да, апам Үсөн кызы Кашымканга үйлөнөт.

Апам болсо, 1900-жылы туулган. Санжыра боюнча, Тагай уруусунан: Кара чоро, Багыш, Ожубак, Маке балбан, Кожоберди, Нусуп болуп келип, Нусуптун уулу Үсөндөн - апам Кашымкан, ал эми Үсөн менен мүлдө Кыргызстан аймагына аты чыккан балбан Абдыманап Кыдыршаевдин апасы Каракыз экөө бир ата, бир энеден болгон.

Ошол боюнча, атабыз «алтын чөйчөк» аталган аймактан сыртка чыкпай, бүт өмүрүн, интеллектуалдык күчүн, билимин тогуз-торолуктарга арнап, апам эки кыз: Саткын, Кайрынса, үч уул: Тоту, Абийбилла, Байдыллаңы таап, жашап калышкан.

Атам менен апам өмүрү өткүчө, бири-бирин өтө аздектешип, жакшы көрүшөөр эле, ортолорунда сый гана болуп, ырыс көтөрүмдүү жашашты. Атамдын Наманганга кайра барбай калышына - ошол апам, анан биз төрөлүп калганыбыз себеп болгондугун да өзү кийин сыр кылып айтуучу.

Атам Курандагы аяттарды пайдаланып, кара курт, жылан жана башка жаныбарлардын чакканын, жадагалса, байлатма жин оорусу менен ооругандарды окуп эле айыктырып коюучу. Жоголуп кеткен буюмдарды, малды ж.б. нерселерди адегенде чөкмө (шектүү адамдардын атын, фамилиясын арабча кагаз түшүрүп, аны кичине камырга

ороп туруп, курандан аят окуу) аркылуу таап, эгер уурдап алган адам танып, каршылык көрсөтсө, ага кумган - чөөгүндүн бир жагын колуна карматып, экинчи жагын калыс адамга карматып, өзү обочороок туруп курандан аят окуганда чөгүнгө жан кирип, өзүнөн-өзү айланып, токтотом деген аракетке болбой ичиндеги суусу төгүлүп-жайнап жатып калуучу. Күнөөлүү адам уурдаган нерсесин анын ээсине айтылган мөөнөттө алып келип берүүчү эле.

Кээде жакшы санаалаш жолдошторун жанынан кетиргиси келбесе, мулина жипти аттын көзүнө такап окуп, аттарын тушап койгонун да көрчүбүз. Андай адам, атына минип, аты такыр эле баспай койгондо: «Карым, мен үйгө кайтайын, тамагыңды ичтим, дагы бат-бат келип турам, мага уруксат бер», - дээр эле, анан атам дубасын жазып койгондо, атын чапкан бойдон кете турган.

Ушуга байланыштуу бир окуяны айтып берейин. Ар жылы Курман айт майрамында көпчүлүк үй-бүлө дүйнөдөн көзү өтүп кеткен тууганадарына куран окутушаар эле. Мен дагы атамды ээрчип алаар элем. Айт күнү районубуздун аскер комиссариатынын алдынан өтүп баратсак, дарбазасы ачык экен. «Кары аке, бери кайрыла кетиңиз», - деп чакырып калышты. Барсак, ак боз атты сойгонго эл тегеректеп, ал туяктарына арканды илдирбей, азоолонуп жаткан экен. Атам: «Мен атыңарды жыгып берейин. Мага төрт чарчы табуретка, фартук жана мулина жип алып келгиле», - деди. Анан атам фартукту өзүнүн белине тагып, адегенде мулина жипти ак боз аттын көзүнө жакындатып, курандан аят окуду да, азоонун буттарын буудурбай эле, табуреткага чыгып туруп, башын бир адамга карматып коюп, алдынан аралатып өзүнүн шамшардай болгон бычагы менен (бычагын кынга салып, чач алгыдай курч алып жүрөөр эле) мууздап жиберди, ошондо шаркырап аккан кан атамды да жаба берип жатты, бир убакта эки адам ат башын тике өйдө көтөрүп турганда жулундөп туруп, акырын жыгып койду. «Эми өзүңөр союп алгыла», - деп, андан ары кете берди. Кечинде ич этинен кошуп биздин үйгө бир чака эт алып келип беришти.

Дагы бир канчалаган касиеттери бар болуучу. Бирок, бирөөнүн башын байламай, ачмай ж.б. сыяктуу кара дубаларды такыр жасачу эмес. «Аны кара магия деп коет, билсем да жасабайм, таарынба! Шарыятта уруксат бербейт», - деп, «өтүнгөн» кишини жылуу-жумшак узатып койчу.

Атам агартуучу катарында да белгилүү эле. Адегенде Көр-Булак кыштоосуна, анан Бешуул уруусунун манабы Бектен менен бирге Кара-Көң деген жерге мечит ачышып, ал жерде элдин калың катмары ислам зыяраттарын өткөрө башташкан. Аз-аздан балдарды да окутууга киришкен. Ошонун негизинде, Казарман туштан Исак, Үркүнбай, Абдырахман Жоров, Молдосадык, Жумалы Барчыков, Арал айылынан Сатар ж.б. молдолор сабаттуу чыккан.

Атам араб, өзбек, фарс, кыргыз, орус тилдерин билүүчү. Өзгөчө, араб, фарс тилдериндеги китептерин которуп окуп берээр эле. Кээде айрым бирөөлөр: «Атаңдын жогорудагы билимдеринен үйрөнүп калгандырсың?» - деп сурап калышат. Партиянын учурунда аны үйрөнмөк турсун, атамдын молдочулугун тыямын деп, 1954-1956-жылдары, райкомдун I катчысы болуп иштеген К.Турсунов атамды кабинетине чакырып алып: «Молдочулугуңду тыйгын, тыйбасаң, Наманганыңа көчүп кеткин!»- деп сабап-урган (!) күндөрү да болгон. Ал эми агам Тотуну партияга кабыл албай, куугунтуктаган.

Апамдын агасы Ормуш таякем атамдан: «Балдарың асыл касиеттеринден үйрөнүп, алып калса жакшы болот беле, Карым?» - деп сураса: «Балдарым менин касиеттеримдин бирденин үйрөнүшсө эле талаада калышпайт, алардын бири - куран (азыркыча айтканда, илим-билим), экинчиси - соодагерлик, үчүнчүсү - дыйканчылык, төртүнчүсү - касапчылык, бешинчиси - эмне болсо да, бир кесиптин ээси болуу», - дептир. Кудайга шүгүр, ушулардан эч кимибиз куру калган жерибиз жок. Баарыбыз жогорку билимдүү болдук.

Ошентип, атам 1958-жылы 16-февралда 73 жашында өлүп, сөөгү ылдыйкы Казарманга коюлган, Казарманга келгенден өмүрүнүн аягына чейин райондук имамдын милдетин аркалап өттү. Апам болсо, 84 жашында, 1984-жылы дүйнөдөн өттү.

# II. МАКСАТ КӨЗДӨГӨН ЖАШТЫК КЕЗДИН ЭСТЕН ЧЫКПАГАН ОКУЯЛАРЫ

Алла таала адамга өмүрдү да, байлыкты да, бийликти да берет. Бирок, аларды билимдүү, эмгекчил, эркин башкара билген адам гана татыктуу пайдалана алат.

*Өмүр сабактарынан*

## ОКУЙМ ДЕП БОРБОРГО ЖӨНӨГӨНҮМ

Атам, мурда Нарын педагогикалык училищесин бүткөн агам Тотуну жашоо шартыбыздын абалына карабастан, 1952-жылы Фрунзе шаарына жогорку окуу жайына окууга жиберди. Агам Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетине кирип, аны 1957-жылы Артыкчылык диплом менен бүтүрүп, университетке мугалим болуп кал десе болбой, кайра Казарманга келди. Казарман орто мектебинин директору болуп иштеп калды.

Агамдын берген кеңеши менен 1957-жылы июнь айында өзүмдүн эң жакшы - ажырагыс досум Бешкемпир (Турдумамбет) менен Фрунзе шаарына окууга жөнөдүк.

Ал убакытта жалгыз гана жол катнашы Кош-Төбө аркылуу өтүп, ошону менен Нарынга барчубуз. Жол - кадимки машина жүрүүчү жолго эмес, а мал айдаган жолго окшош - жалгыз аяк жол. Ой-Кайың менен Ак-Мойноктун өңгүл-дөңгүлдөрүнөн, бурулуштарынан машина бир алдыга, бир артка кетип, бир адам түшүп алып: токтот, алдыга, артка айда деп кыйкырып жатып, анысы аз келгенсип, Ор-Казгандын ичиндеги саздарга, Кош-Төбө менен Ак-Талаанын Ленин колхозунун ортосундагы кургак-бош топуракка, Дөрбөлжүн менен Байгөнчөк - Үгүттүн ортосундагы чуңкур-аңгекке машиналарды тыгып алып, бир-эки күндөн түнөгөн күндөрдү эстесең, бул жолдордо канчалаган адамдар майып болуп, өлгөндөрдү айтсаң, азыркы жаштар үчүн тимеле жомоктой сезилээр.

Биз, экзаменге керектүү 5-10-класстын китептерин толук таңып алып, Атай айлынан Сейдакматтын (аны төө Сейдакмат дешчү) Газ-51 машинасына түштүк. Биз менен Абылмажиндин аялы эмчектеги кызын алып чыгып, машинанын кабинасына отурду. Анан Кош-Төбөдөн да бир жаш келин түштү. Булар алдын ала макулдашса керек, сүйлөшкөн сөздөрүнө караганда экөөнүн бараар жери бир, Молдовановканын түрмөсүндөгү күйөөлөрүнө баратышыптыр.

Ошентип, эки күндөн кийин биз Нарынга келип жеттик. Шаардагы стадиондун жанындагы үйдөн дагы бир келин кошулду, ал дагы Молдовановкага, күйөөсүнө бараарын айтты. Нарындык келин бизди - Бешкемпир экөөбүздү ээрчитип, иштеген жеринен машинага жүк алып келүү үчүн Нарын госбанкына алып барды. Экөөбүзгө эки чоң чемодан карматып, үйгө алып бара бергиле деп, өзү арттан бараарын айтып, ошол жерде калды. Бешкемпир экөөбүз кыйраңдап эки чемоданды көтөрө албай келе жатып, арыктан аттай бергенде, мен көтөргөн чемодандын оозу ачылып кетип, ичи толтура пачкаланган акча экен, жерге чачылды. Биз акчаны тез чогултуп, кайрадан чемоданга салыштырып бүтүп, оозун жабаарда, Бешкемпир досум: «Абиш! Алды жагынан алып, 2-3 пачкадан чөнтөктөргө салып койбойлубу?» - деди. Напсиң курусун, мен дагы эч нерсени ойлобой: «Азыр алганга болбойт, шаарга жакындаганда деле алсак болот, менде бул чемоданга түшө турган ачкыч бар», - деп компоюп койдум.

Эки чемодан акчаны токтогон үйгө алып бардык. Артыбыздан баягы акчанын ээси - келин жетип келди да, шашып-бушуп, 13 жашар татынакай окуучу кызын ала барып, түрмөдөгү атасына учураштырып келемин деди. Кайнатасы, карып калган 65-66лардагы салабаттуу, оор басырыктуу адам: «Кызымды таштап, өзүң барып кел», -деп бир канча жолу суранды. Ага келин дагандап, ээн баштанып: «Кызым өзүм менен барат!», - деп жооп берип, аны менен машинага түштү. Нарындан Фрунзеге жол тарттык.

Жолдо бара жатканда, баягы келин Сейдакматка Кара-Үңкүрдүн дүкөнүнөн арак алып ичирди, анысы аз келгенсип, Кочкорго жеткенибизде ашканадан да аракка шыкады. Шофер тартынбай, эрдемсинип ичип алып, машинаны зуулдатып айдап жүрүп олтурду. Топурак-Белге жеткенде, өтө эле катуу ылдамдыкта айдагандыктан, жолдун боюндагы арыктын бир тыягына, бир быягына чыгып барып, акыры бир кезде машина ала салып жатып калды.

Мындай жамандыкты эч кимге бербесин, бир убакта көзүмдү ачсам, машинабыздын төрт дөңгөлөгү асманды карап, алдынкы дөңгөлөгү акырын айланып жатат. Элдин көпчүлүгү асфальт жолдун үстүндө, арыктын жээгинде, онтогон эле адамдар, ыйлап жаткандар, кудайлап - Кудайга жалынгандар. Өзүм болсо, башымды көтөрсөм, оң көзүмдүн үстүнөн кан сызып агып жатыптыр, токтобойт. Башым эле катуу ооруйт, көңүлүм айланып, кускум эле келет. Баарынан мурда, досум эмне болду экен деп карасам, арыктын ичинде кабыргаларын басып онтойт, шымынын чатынан илингенби, шымы бүтүндөй айрылган. Денеси бүтүндөй кан, эптеп бир жерге алып барып жаткызуу максатында, шофердун отурган орундугуна барсам, шофер да, кабинада олтурган аял да баштары ылдый, буттары асманды карап, нары кабинанын коңулунда баягы эмчектеги кыз бала эч нерсе болбой ыйлап жатты. Шофердун эки мурдунан кан дирилдеп - фонтандай атып жатат. Үстүндөгү орундугун жулуп алып, арыктын ичине төшөп, досумду көтөрүп барып, жаткыздым. Орундукка барып, аны алып келе жатсам, баягы биз көтөрүп келген эки чемодандагы акчалар асфальт жолдо чачылып жатты.

Бир аздан кийин эсимди жыйып, машинадагы элдер толук аман бекен деп санасам, өзүмдү кошо эсептегенде 15 болуп чыкты, а болуш керек эле 16, бирөө негедир жок. Кайра-кайра санасам деле он беш болот. Бирөө жок. Аңгыча, менин басып жүргөнүмдү көрүп калганбы, баягы акчанын ээси келин, мен Бешкемпир менен жаткан жерге келди да: «Өлүгүңдү көрөйүн, тогуз-торолуктар!

Менин кызым кайда, кызым жок!», - деп, мени 2-3 жолу жөндөн-жөн эле тээп-тээп жиберип, машинаны карай жетелеп жөнөдү. Ал жерден чачылып жаткан акчаларын көрүп, чемоданга салып чогулта баштадык.

Ордумдан туруп тигилсем, машинанын арткы тышкы дөңгөлөгүндө чубалжып илээшкен нерселердин салаңдап турганы көрүндү. Келин экөөбүз жакын басып барсак, баягы өзүнүн алдында отуруп келе жаткан 13 жашар кызды машина асфальт жолдун так ортосунда басып кетиптир, баштан бөлөк денеси таптаза бойдон, башты болсо дөңгөлөк кадимки бакалардай бычырата тепсептир, мээси асфальтка жабышкан бойдон калыптыр.

Келин кызын көрүп алып, айланып-айланып барып эси ооп жыгылып калды. Мен аны колтугунан көтөрүп тургузууга аракет жасап жатсам, бир убакытта өзү туруп алып: «Өлүгүңдү көрөйүн, тогуз-торолуктар, баламды жедиңер эле, жедиңер!», - деп мени 2-3 жолу муштап жиберип, кайрадан жыгылып жатып калды. Аны кайрадан тургузууга жардам бердим, тургуздум. Аял дегеле тилин тартпайт, каргап-шилеп, баласын көтөрүп жолдон алып чыгууну буйрук кылды. Мен аялдын мага кылган мамилесине теңелген жокмун, баласы өлүп жаткан жагдайдан чыгып жаткан нерсе катарында бааладым да, унчукпадым.

Өзүмдүн фуфайкамды тескерисинен кийип, кызды алдыма алып көтөрүүгө аракет жасап жатып, башын асфальттан ажырата албай, алдыма алган бойдон отуруп калыптырмын. Менин да эсим ооп калган көрүнөт. Рыбачье, Кочкордон каттаган шоферлор келип калып, баарыбызды машинанын үстүнө салып, Кочкордун ооруканасына алып барышты. Бешкемпирди дароо жаткызышты. Мени врачтар көрүп, башың эле болбосо, сен таза экенсиң деп, жаткызган жок. Жарадарлардын садагага деп чогултуп берген акчаларына үймө-үй кыдырып жүрүп бир серке алып келдим. Ошол жерден Кудайы өткөздүк. Ошондон кийин, Бешкемпир экөөбүз сүйлөшүп алып, терезеден түшүп качып чыгып, Фрунзеге жөнөп кеттик.

Фрунзеден Бешкемпирди ооруканага жаткызышты. Рентгенге тартып көрүшүп, анын эки кабыргасы сыныптыр деп, бир ай бою дарылашты. Ал ошентип айыл чарба институтунун зоотехника факультетине экзамен тапшырам деген оюна жетпей, мени менен кайра август айында Казарманга келди.

Мен болсом, айыл чарба институтунун механика факультетине тапшырып, математиканын жазуу, оозекисинен «4»,»5» алдым, физикадан «5» алдым, анан орус тилдин жазуусунан - диктантка жеткенде, тил билбегендиктин айынан катаны көп кетирип коюп, куладым.

Жогорудагы окуядан кийин, ушул кезге чейин: «Адам баласы напсини тыйып, кудай буюрган гана нерсе менен жашашы керек экен», - деп ойлоп калам. Анткени, жолдо Бешкемпир 2-3 пачка акчаны салып койбойлубу деп, а менин Фрунзеге жакындаганда салалы дегенимден - анын эки кабыргасы сынып, мен башым менен асфальтка түшүп калып (мээм чайкалганын кийин врачтардан билдим), кан агып жатканы менен өлбөй аман калганыбызга кудайга шүгүр деп, жаман ишке дегеле барбай жүрүү жагын балдарыма да үгүт жасап, ал турмуштук сабакты өзүмдөн кичүү, улуу адамдар менен сүйлөшкөндө да кеп кылам, дайыма айтамын.

Ошентип, окууга өтпөй Казарманга кайта келдим. Келсем, Быржыев Бактыгулдун үйүнө Фрунзеден кишилер келишип, шоферлорду даярдоочу кыска мөөнөттүү курс ачылыптыр. Ошого кирип окуп калдым. Шофердук курска Фрунзеден келген Тойгонбаев Эсенаман, Шадырбеков деген орто жаштагы казак окутуп, аны жакшы аяктап, шофердук кесипке ээ болдум. Ошол кезде Казарман орто мектебинин шоферу болуп иштеген Качкынбай деген жигит чоңдордун машинасын айдаганы кетип, анын ордуна шофер болуп иштеп калдым. Шофердук кызматка абдан кызыгам, күндүзү ар бир деталын майлап, бошоп кеткен жерин тарттырып, суу менен жууп, тазалап убарамын. Түндөсү уктай албайм, эртерээк таң атса экен деп эңсеймин, эртең менен эрте барып кайрадан машинамды кармалаймын. Кышка дейре, жол бар кезде, На-

рынга эки жолу барып, мектептерге (ал убакта райондо эки эле мектеп бар болучу) парта ж.б. окуу шаймандарын алып келдим, калган учурда Алдакеден мектепке карагай, отун тартып жүрдүм.

## Политехке өткөндө, андагы «азап-тозоктор»

Ошентип, биринчи жылы окууга өтпөй калып, кийинки 1958-окуу жылында тапшыруу үчүн айылдагы Асан Абдыраимов агайымдан кышында жана жаз айында эки сааттан сабак ала баштадым. Калган сабактардан өз алдынча даярданам. Агай болсо, мага «Математика в школе» деген журналга алдына-ала чыккан эсептерди кайра-кайра чыгартат. Кийин институтта экзамен тапшырганда багыма ошол эсептер келип, жакшы баа алдым.

1957-жылы агам да окууну бүтүрүп келип, мага: «Университеттен бөлүнүп, жаңы техникалык окуу жайы ачылды, ага кирип калсаң, техниканын кудайы болосуң, автомашиналардын бузугун жанына барбай эле үнүнөн билесиң, темирлерди өзүң ширетесиң, өзүң буроолорду жасайсың, атүгүл машиналарды чыгарган заводдорго барып, өзүң алдына-ала сызган чертеждоруңдун негизинде ар кандай машина, техникаларды жасаган инженер болосуң», - деп, жана дагы башка кызыктуу нерселерди айтуу менен мени таптакыр дилгирлентип салды.

1958-жылы июль айында кайрадан Фрунзедеги политехникалык институтка өтүү үчүн бардым. Институт азыркы Тоголок Молдо жана Фрунзе көчөлөрүнүн кесилишиндеги кооперативдик техникумдун имаратында экен, бет маңдайындагы «Спартак» стадионуна кирүүчү эшиктин жанындагы чоң залынан экзамен бердим, анын үстүңкү - 2-кабатында институттун ректорунун кабинети жайгашыптыр.

Документтерибизди тапшырып, жата турган жер жоктугун, тааныштарыбыз да жоктугун айтып, кабыл

алуу комиссиясынан жатакана берүүсүн жалынып сурансам дагы, жок, силерден мурдагыларга берип, такыр орун калбай калды деп жооп беришти. Ошого карабастан, эл алган жатакананын адресин сурап алып, издеп бардым. Ал азыркы циркти артында, «Дыйкан үйүнүн» катарындагы жыгачтан салынган узун үй экен. Коменданты татар улутундагы орто жашап калган аял экен, ага жалынсак да, орун калбай калганын айтып, башка жерге баргыла деп жолотпой койду. Баягы «Дыйкан үйүнө» барсак, анда да такыр эле орун жок болуп чыкты. Үй издесек, эч ким үйүнө жолотопойт, ал убакта азыркыдай тааныштар да жок. Эмне кылаарыбызды билбейбиз.

Окууга келген үч бала өз ара сүйлөшүп алып, кайрадан институттун имаратына барып, анда иштегендердин баары үйлөрүнө кетип, бөлмө-коридорлорду жууп-тазалаган уборщица аялдар да ишин бүтүрүп узагыча, имараттын эң башындагы көгүчкөндөр конгон жайда күтүп отурабыз. Качан гана, эч дабыш чыкпай калганда, ылдый түшүп келебиз да, ачык залдын бирине кирип, китептерди столго тизип коюп, ошону башыбызга жазданып, жалаңкат-жука кийимдерди төшөнүп жатып таң атырып чыгабыз. Эртеси эртең менен институттун имаратын ачаарда, китептерибизди баягы көгүчкөндөр конуучу жайга коё салып, дүпүрөп басып эл келгенде элге кошулуп кетебиз. Акыркы экзамен бүткүчө ошентип күн өткөздүк.

Аңгыча экзамен берүү күнү да кирип келди. Биринчи экзаменди математиканын жазуусунан бердик, андан төрт алдым, оозекисинен экзаменге кирсем, бир орус жана эки кыргыз мугалим (институтка өткөндөн кийин алар мага практикалык математикадан сабак беришти, көрсө, Жунушов, Кайбылдаев деген агайлар экен) отурушту. Алардын берген эсебине кыргызча жооп берип, кагазга чыгарып жазып берип жаттым. Өз ара сүйлөшүп туруп, беш коюп беришти. Ошондой эле физикадан да үч мугалимге тапшырып, алар да экзамен барагына беш деген баа коюшту. Эми бир эле сабак - орус тилинен аңгемелешүү калды. Буюрса, жогорудагы бааларды көрүп туруп, жакшы баа коюп беришээр деп компоюп жүрдүм.

Ошентип, «Спартак» стадионунун оозундагы, анын сол жагындагы чоң залга кирдик. Орус тил сабагынан аңгемелешүүдө абитуриенттерди ар кайсы столго олтургузуп алып, бир орус аял жана эркек мугалимдер экзамен алып жатышыптыр. Мен Нерон деген көз айнек тагынган орус аялга туш келдим. Ал аял олтургузбай туруп, китептин бир барагынан текст окууну талап кылды. Баягыны бат эле, «окуп» бүтүп койдум. Катарлаш отуруп, экзамен берип жаткан кыргыз балдар мени карап алып эле, күлүшүп, ылдый карашат. Орус мугалим: «Кайдан келдиң?» - деп сурады, мен: «Пришел Казарман», - деп, дагы башка суроолоруна өз билишимче жооп бердим, орусча сүйлөмдү жаздырып көрдү да, алдындагы экзамен барагын алып, мага «неуд» деген баа койду. Катарымда экзамен берип жаткан кыргыз баладан: «Неуд» деген эмне баа?» - деп сурасам, ал мага муңайыңкы күлүмсүрөп: «Ал «эки» деген баа», - деп жооп берди. Эмне экенин билбеймин, мен чап эттире орус мугалимдин оң колунан бекем кармадым да: «Мне не нужен русский язык, мне не нужен русский язык, пойдем директор, пойдем директор», - деп, аны дегеңдеткен бойдон эшикти карай сүйрөп жөнөдүм. Орус мугалим тырышып, колун тарткылайт, мен болсо, такыр коё бербеймин, «хулиган» деген сыяктуу бир топ сөздөрдү айтып сүйлөнүп жатса да, сүйрөгөн жагыма тырышып ээрчип бара жатты. Залдагы балдар, мугалимдер орундарынан туруп эле таңыркап карап кала беришти.

Экөөбүз «директордун» кабинетине келсек, эшик түбүндө отурган секретары киргизбөөгө аракет кылып, бир нерселерди айтып, ордунан тургуча, баягы калыпта мугалимди жетелеп алып кабинетке шарт кирип бардым. Кабинетте директордон (мен анын директор эмес, ректор экенин кийин билдим) башка дагы жалтырак баш орто жаштагы орус олтуруптур (анын ким экенин да кийин билдим, көрсө, ал проректор Бухарин экен). Директор ордунан таңыркаган түр менен тура калып: «Что с вами молодой человек?» - деп сурады. Мен сол колумдагы экзамен барагын директордун алдына таштадым да: «Мне

не нужен русский язык, мне не нужен неуд», - деп, кайра эле баягы сөзүмдү кайталап жаттым. Чынын айтсам, өткөн жылы да орус тилдин айынан айыл чарба институтуна өтпөй калсам, эми быйыл дагы өтпөй каламбы деген ой башыман кетпей турду. Директор: «Молодой человек, успокойся, успокойся», - деп, мен таштаган баракты алып, ичиндеги бааларды көрүп, өздөрүнчө бир нерсе деп сүйлөштү да, жаныма басып келип, эки барак актай кагаз, калемсап берип, адегенде эң жөнөкөй теңдемелерди шашылбай жазып, чыгар деди. Мен, быягынан берсе, быягынан чыгарып берип жаттым. Улам оор теңдемелерди жазып, трапециянын ичиндеги бир нерсенин көлөмүн тап деп чийип берди. Аны да 3-4 мүнөттүн ортосунда чыгара салып, колуна карматтым. Эки баракты колуна алып, чыгарып берген эсептерге ыраазы болду окшойт, орус мугалимге мени көрсөтүп: «Бул математиканы жакшы билет экен, калган баалары жакшы экен», - деп түшүндүрдү да, кайсы райондон келгенимди, математикадан ким деген мугалим окутканын сурады. Мен, Тогуз-Тородон, Казармандан келгенимди, математикадан университетти бүтүрүп барган Асан Абдыраимов деген мугалим бергендигин түшүндүрдүм.

Өз ара сүйлөшкөн сөздөрүнөн Тогуз-Торо, Казарманды өздөрү билишпегендигин сезип турдум. Алдындагы экзамен барагын алды да, директор орус тилден коюлган бааны толугу менен сызып таштап, «неуд» дегендин ордуна кайрадан «удовлетворительно» деп жазып, орус тил мугалимге кол койдуруп, экзамен барагынын үстүңкү бурчуна «Зачислен на I-ый курс машиностроительного факультета», - деп өзү да кол коюп, «Жооптуу секретарга тапшыр», - деп колума карматты.

Сүйүнгөнүмдөн эшикке чыгып, табличканы карасам, директор эмес эле, «Ректор Сухомлинов Георгий Акимович» деп жазылып туруптур. Ошондон баштап, ал кишинин ректор экенин билдим.

Мен ректордун сүйлөгөн сөзүнө толук түшүнбөй, баа коюлган баракчаны чөнтөгүмө салып алып, окууга өттүм деп кудуңдап жүрсөм, эки күндөн кийин мени тааныган

эки бала: «Сенин фамилияң приказда жок, өтпөй калгансың го?» - дешти. Мен чөнтөгүмдөгү баракчаны аларга көрсөтүп, ректорго чуркап чыгып, кирип бардым да, «Мне приказа нет», - деп, экзаменге кирген баракчаны алдына таштадым. Ал: «Дурачок, мен сени экзамен барагыңды жооптуу секретардын колуна бер дебедим беле?» - деп урушту, анан жооптуу секретарды өзүнө чакырып, жалгыз өзүмө приказ чыгарууну буюрду. Ошентип, мен механика факультетинин I курсундагы окууга өткөн балдар менен окуп калдым.

Ал убакта бизди окуткан кишилер Россиянын ар кайсы жеринен чакырылган мугалимдер экен. Сабак бүт орус тилинде өтөт, алдыңкы столго олтурам. Мугалимдердин сүйлөгөнүн адегенде толук жазалбай жүрдүм, кийин көнүп, бат эле жазганга үлгүрүп калдым. Окуу китептери, чертеждук доска жетишпейт. Окуудан чыккандан кийин, «Ала-Тоо» кинотеатрынын алдында, азыркы карыялар үйүнүн ордунда Чернышевский китепканасы бар эле, ага барып, мугалимдер айткан китептерди издеп таап, конспект жазабыз, анда да бир китепти аңдып, ал үчүн кезекке тургандар көппүз.

Жогорку математикадан биринчи курста адегенде ректорубуз Георгий Акимович Сухомлинов өзү, а экинчи курста кийин Илимдер академиясынын президенти болгон Мырзабек Иманалиев окутту. Ар бир сабактын практикалык окуусун өзүнчө мугалимдер жүргүзөт. Алар бир бергенде 20-30дан кем эмес эсеп, лабораториялык ишке ылайыктуу тапшырмаларды берет. Мындан тышкары, сызма геометриядан, сопраматтан ж.б. предметтерден курстук иш (чертежу менен) жазып, ар бир сессияда бештен кем эмес экзамен, 5-6дан зачет берчүбүз. Биринчи курстан баштап, 50дөн ашык студент 3-курстун аягына жеткенге чейин чогуу окудук. Андан кийин машина куруучулар жана автомобилисттер болуп экиге бөлүндүк да, адистешкен предметтерди окуй баштадык.

Адеп окууга кирип, жатакана алдык, экинчи курстан тартып азыркы Ахунбаев көчөсү менен Тынчтык проспектисинин кесилишинде кооз-көркөм архитектура ме-

нен жаңы курулган институт имаратында окуй баштадык. Али толук курулуп бүтө элек окуу корпусунун майда-чүйдө иштерине биринчи курстан окууну бүткөнчө жардам көрсөтүп турдук.

Алган жатаканабыздын бир бөлмөсүндө бештен студент жашайбыз. Ошол чогуу жашаган беш баланын бири - Кеминден келген Кыдырма Орозалиев экинчи курсту бүтүргөндөн кийин кечки бөлүмгө которулуп, күндүз иштеп кетти, ал кийин Кыргызстандын автомобиль транспорту жана жол катнаш министри болуп иштеди. Дагы Чүйдүн Сынташ айлынан Шайлообек Мырзалиев, Москва районунун Александровка айлынан Арбуду Хашим, Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы Шалбаа айлынан Жолдошбек Үсөкеев деген балдар болуп бир бөлмөдө жашап, окуп жаттык.

Курста окугандарга атайын суроо таратып, ким кайсы кружокторго катышаарын каттаганда, мен спорт боюнча классикалык күрөшкө (грек-рим күрөшү) жазылдым. Биринчи тренерим ысык-көлдүк Аскат Абдылдаев, андан кийинки - экинчи курстагы тренерим СССР профсоюздарынын Спартакиадасынын чемпиону Александр Иванович Копылов болду. Копылов кийин Кыргыз Республикасынын Спорт комитетин жетектеп жүрдү. Мурда өзүм да мектепте окуп жүргөндө күрөшкө өтө кызыгып, кинодон көрүп калган («Чемпион мира» деген кинодогу) «мостик» тургандарды туурап, сазга барып алып, башыбыз менен «мостик» туруп, керээли-кечке күрөшөөр элек.

Эки жарым жылдын ичинде тренерибиз ар кайсы институттардын спортсмендери, спорттук коомдордун мүчөлөрү менен жолдоштук беттешүүлөрдү өткөрүп, мен алардын баарына катышып, биринчи разрядчы да болдум. Институттун курама командасында 63-67 кг салмакта күрөшүп, өз салмагым боюнча окуу жайыбыздын чемпиону болуп жүрдүм. Жогорку окуу жайлар аралык биринчиликте, 1960-жылы дене тарбия институтунун студенти Крюков менен жекеме-жеке күрөшүп, андан жеңилип, экинчи орунду алып калдым.

Биринчи курста бирге окуган курсташтарымдан калышпай, зачет, экзамендерди өз убагында тапшырып жүрдүм, бирок алганым жалаң «3» деген баа, практикалык, курстук иштерден гана «4»,»5» деген баага жетишип окуйм. Менин чоң проблемам: баягы эле орус тили кыйнайт, эркин сүйлөй албайм. Атүгүл жайкы семестрде орус тилден кулап калып, илгери өзүм жетелеп ректорго алып барган эжекем Неронго кайра тапшырып, бирок, стипендияга илинген жокмун. Ал убакта көпчүлүк сабагынан «4», «5» деген баа алып, кулабай кайра тапшыргандарга гана стипендия берилчү. Бирге окугандардын бардыгы тең орус мектепти бүтүргөндөр экен. Мен, Ысык-Көлдүн Покровкасынан Жумай Аманкулов экөөбүз гана кыргыз мектепти бүтүрүптүрбүз. Курсташтарымдын көпчүлүгү чоң кызматта иштегендердин балдары болуп чыкты: Ысык-Көл обкомунун катчысы Табалдиевдин баласы кийин 2-курстан Ташкентке которулуп кетти, Илимдер академиясынын жетекчилеринин бири Надырбековдун баласы да 2-курстан башка жакка кетип калды, булардан тышкары, Тышкы иштер министрлигинде иштеген Тутлис дегендин баласы биз менен бирге окуду, анан Эрнест Саркин деген курсташыбыз республиканын шахмат боюнча чемпиону эле, ал дагы курстук иштерин өз убагында тапшыра албай, окууну таштап кетүүгө мажбур болгон. Ойлоп көрсөм, анда азыркыдай атасынын аркасы менен сүйлөшүп, жалган баа койгон мугалимдерге акча берип баасын оңдотуп, жеңил-желпи - эптеп күн өткөрүү менен окуу дегендин жыты да болгон эмес экен.

Ошентип, биринчи курста жүргөндө аябай тырышып окуйбуз, тапшырмаларды өз убагында аткарып, сабактан калбоого, тартипсиздик жасабоого, мугалимдердин айткан-дегени менен болууга аракеттенебиз. Бирок, күндөн-күнгө менин башымдын ооруганы көбөйдү, кишиге көрүнбөй кусам, кээде лекциялык сабакта отуруп эле өзүм байкабай уктап калам, мугалимдер келип ойготот, кээде өзүмдүн атамдын, апамдын, жолдошторумдун аттарын унутуп таппай калам, ал эми сабактын аки-

чүкүсүн андан бетер. Кээде мектепте 5-10-класстардан өткөн сабактардын эреже-жолдору, мугалимдердин доскага жазган формулалары жайнап эле көз алдыма келип калат. Анысы аз келгенсип, классикалык күрөшкө катышып, баш менен айланып, ар кандай татаал ыкмаларды жасаймын.

Күндөрдүн биринде биздин курстун куратору доктурга көрүнүүнү өтүндү. Доктурга барып, кабыл алуусуна жазылып, бирок бир күн же эки-үч күн эле сабакты аттатып же ооруканага жатып калсам, окуй албай чыгып каламын го деп кооптонуп, белгиленген күнү кайра барып көрүнбөдүм. Андан көрө, баягы биздин айылда башкы врач болуп иштеген Айылчиев Иманалы акеге барууну туура таптым. Ал шаарга которулуп келип, жумушчулар шаарчасында жашоочу, адресин сурамжылап таап, үйүнө бардым. Бардык болгон жагдайды - аварияга учураганымды, институттагы окуумдун кандай өтүп жаткандыгын түшүндүрүп айтып бердим, классикалык күрөшкө катышып жүргөнүмдү гана жашырып койдум.

Иманалы аке эртеси өзүнүн иштеген жерине алып барып, мыкты деген врачтарына көрсөттү. Бир врачы көрүп: «Сен өтө эле оор баскычтагы мээ чайкалуу менен ооруп жүрүптүрсүң, тезинен жакшылап дарыланышың керек, болбосо, өлүп каласың», - деп коркутту да: «Авариянын кесепети деген жаман. Эң жок дегенде, бир жыл академиялык отпуска алып дарыланып, окууңду кийинки жылы деле уланткын», - деди.

Мен андан чыгып алып, өлсөм - өлүп калайын, окууну улантайын, калбайын деп өзүмө бекем сөз берип, ошондон кийин бир күн дагы сабактан калбастан, кечикпестен, 5 жылдык окууну чымыркanып жүрүп аяктадым, оорууну жеңип чыктым. Иманалы акенин: күчтүү тамактангын, күнүнө үч маал 200 граммдык стакан менен сметана ичкин, анан, эртең менен кечинде душ алганда, суунун муздак чачырандысына башыңды акырындык менен тосуп, көндүр деп берген кеңешин ар качан эреже катары кармандым. Адегенде башыма, денеме суунун

чачырандысы тийгенде ийне менен сайгандай селт эте чочуп, чыдап тура албай, ошентсе да, аз-аздан тосуп, көндүрүп жүрүп, 2-3 айдан кийин мупмуздак сууга биротоло көнүп калдым.

Биринчи, экинчи курста бизди Ошко сентябрь айынын орто ченинде пахта тергенге алып барып, ноябрь айында жумуш аяктаганга чейин иштеп жүрдүк. 1959-жылдын сентябрь-ноябрь айларында биздин факультет Оштун Кашкар-Кыштагында болду. Пахта терүүдө кээ бир студенттер аябай чүнчүп-жүдөп, күнүмдүк берилген норманы да аткара албай калса, ошол тарапта өсүп-чоңойгон  аз сандагы гана студент андай «тозок ишиндей» сезилген норманы аткарышат. Биз, бирге жаткан жолдошум Шайлоо Мурзалиев экөөбүз, элден калышпай кыбырап-жанталашып жатып, күнүмдүк нормадан ашык теребиз. Ашык терген ар бир килограммга бир сомдон алабыз. Анын акчасын күнүгө беришет. Ошентип, норманы түшкө чейин аткарып коюп, түштөн кийин 20-30 сом нак акча таап жүрдүк.

Күндөрдүн биринде, 29-октябрга - комсомолдун туулган күнүнө арнап, кошуна колхоздо иштеп жаткан ноокаттык бир жакшы терген студент менен вахтага туруп, студенттердин көзүнчө мелдешке чыгып, бир бөлүнгөн аянттан жарышып пахтаココ тересиңер деп калышты. Биздин группадан мелдешке мени чыгарышты. 29-октябрь күнү эртең менен эрте - үлүң-бараңда экөөбүздү мурдатан даярдап койгон талаага (талаада мурдагыдай пахтасы деле калбай калган) чыгарып, курстардан атайы тандалган эки студентти бекитип беришти, алардын милдети - биз терген пахталарды бир жерге топтоп, чогултуп туруу жана түшкү тамакты ошол жерге алып келип бермей. Белгиленген норма 55 кг болуучу.

Биз күүгүм кирип, көзгө жарык элес-булас көрүнүп калганча тердик. Бирибизди бирибиз аңдып, эс албай, тамакты да тез ичүүнүн аракетин кылдык. Кечинде терген пахталарыбызды таразага тартышты. Менин терген пахтам 187 кг, ал эми ноокаттык жигиттин терген пахтасын 187,5 кг деп жарыялашты да, ага биринчи орун-

ду, мага экинчи орунду ыйгарышты. Ошентип, колхоздун башкармасы институттун комсомол комитети менен биргелешип, биринчи орун алган жигитке алтын саат, мага жөнөкөй саат, экөөбүзгө тең комсомолдун Борбордук Комитетинин Ардак грамотасын, ага 100 сом, мага 75 сом акчалай сыйлык, бирден керзовой өтүк берип, үйлөрүбүзгө башка студенттерден мурда кетиришти.

Мен эртеси эртең менен жолдошторум менен коштошуп, Жалал-Абад шаарына барып, андан ары самолет чыгып калса, Казарманга учуп кетүүнү ойлондум. Жалал-Абадга келип, 2-3 күн пахта заводдун мандайындагы чайханага түнөп, күндүзү самолет карайм, жок, тааныш адам жолукпайт. Казарман менен Жалал-Абаддын ортосуна машина деген жүрбөйт, ал убакта жол да жок болчу.

Ошентип, үчүнчү күнү шаардын базарынан ар түрдүү жер-жемиш сатып алып, 3 ящик посылканы Казарманга салдым. Кайрадан Кашкар-Кыштактагы өзүмдүн группама барып кошулуп, пахта тере баштадым. Бир күнү кечинде уктай албай жатсам, өзүм менен бирге окугандардын бирөө мени: «Миң десе да, өзбектин баласы да, үйүнө барбай, акча үчүн кайра келди, акчага өлгөндөрдөн да» - деп жамандап жатты. Мен жолдошторума болгон иштин жайын түшүндүрдүм.

Көп өтпөй пахта терүү сезону бүтүп, кайрадан Фрунзеге келип окуп калдык. Кышкы сессиянын каникулунда, кээде жатаканада мен гана жалгыз калуучумун, кээде сынташтык жолдошум Шайлоо үйүнө баралы дегенинен кошо барып, аны менен бирге жүрүп келүүчүмүн. Студент кезекте Казарманга барып-келүү мен үчүн өзүнчө эле азап менен тозок эле.

Мындай окуяны айтайын. 1959-жылы 14-февралда Казармандан атамдын катуу ооруп жатканын билдирип, тез келгиниң деген телеграмма келди. Мен аны деканыбыз Потоцкийге көрсөтүп, атамдын алын сурап келүүгө беш күнгө уруксат алдым. Нарынга барып, анда окуп жаткан жолдошторум: Бешкемпир, Сапаралы, Молдобо-

лот, Рыспайга жолугуп, Казарманда атамдын оруп жатканын айтып, тез машина чыкса же самолет болсо, ага түшүп, кайра окууума кармалбай кете турганымды айттым.

Күнүгө Бешкемпир экөөбүз жолго чыгып, машина издейбиз, аэропортко барып, самолет учабы деп сурайбыз. Үчүнчү күнү, убара болуп тажап бүткөндөн кийин, Казармандан: «Атам жакшы болуп калды, окууңа кете бер, жакшы окугун», - деп, агам телефондон көңүл тынчытып кабар айткан соң, Фрунзеге кайтып келдим. Көрсө, атам 16-февралда өлүп, сөөгүн жашырышып, менин кышында Казарманга жетип келе албастыгымды түшүнүшүп, анан агам окуусунан өксүп калбасын деп, телефондон жогорудагыдай «жакшы болуп калды» деген жубатуучу сөзүн айткан тура. Атамдын өлгөнүн жайында каникулга барганда гана угузушту.

Ошентип, «Жол азабы - көр азабы» демекчи, анын айынан атам өлгөндө, аны акыркы сапарга узатууга да катыша албай, окууга өткөн бойдон атамды көрбөй калдым. Атаганат, атама өз колум менен өзүмдүн биринчи тапкан айлыгыма бир нерсе алып бергидей күнгө туш келбей, туудуруп, багып өстүрүп, окууга жиберип, менден эч нерсе көрбөй, даам татпай, менин балдарымды, неберелерин көрбөй, бул дүйнө менен коштошуп кете бергенине ушул убакка чейин ичимден катуу өкүнөм.

## Исхак Раззаков менен Бүбүсара Бейшеналиевага Москвада жолукканым

1962-жылдын июнь-июль айларында Москва шаарына - андагы авторемонт заводунан практика өткөзүү үчүн алып барышты. Биз Патрис Лумумбу атындагы университеттин жатаканасынан орун алдык. Ал Мир проспектисинин жанында жайгашыптыр, анын наркы бетинен Горький паркы уланып кетет.

Бир күнү Анарбек Уманкулов деген курсташым экөөбүз парктын ичиндеги шахмат ойноочу чатырдын

алдында шахмат ойноп жатканбыз. Дем алыш күнү болучу. Бир убакта эле Анарбек мени түрткүлөп: «Абий! Абий! Раззаков идет», – деп калды. Жолдошум дайыма орусча сүйлөөчү, кыргызча сүйлөгөнү менен оюн тыңгылыктуу түшүндүрө алчу эмес. «Жүрү, учурашалы», – деди.

Биз экөөбүз ордубуздан турдук да, аларды утурлап алдынан тосуп чыктык. Озунуп: «Саламатсыздарбы, байке, эже», - дедим, Анарбек да учурашты. Исхак Раззаковичти колтуктап келе жаткан эже, бизди көрөөрү менен колун тартып ала коюп, катарлаш туруп калды. Саламыбызга алик менен жооп беришкенден кийин, Исхак Раззакович: «Ии, жигиттер кайдан? Эс алып жүрөсүңөрбү?» - деп сөз катты да, Анарбектен: «Ата-апаңдар жакшы жатышабы? Эл-журт аман-эсенби? Москвада эмне иш менен болуп жатасыңар?» - деп сурады. Биз практикага келгенибизди, канча айга келгенибизди, кайдан орун алганыбызды Анарбек көз айнегин кармалап орусча жооп берип бүтөөрү менен эле, кайран киши мени бутуман башыма чейин карап туруп: «Кана, жигит, а сен кайдан болосуң?» - деп суроо таштады. Мен: «Кыргызстандан боломун», - деп жооп бердим. Ал дароо эле: «Сен Кыргызстандан экениңди көрүп турамын, Кыргызстандын кайсы районунан болосуң?» - деди. Мен: «Нарын областынын Тогуз-Торо районунан боломун», - дедим. Ал кайрадан мени жайдарылана карап: «Техникалык окуу жайынан Тогуз-Торонун балдары окуп калган турбайсыңарбы? Канчооң окуйсуңар?» - деп сурады. Мен токтолбой туруп эки бала окуй турганыбызды айттым. «Тогуз-Торонун балдары Фрунзе түгүл, Нарында окубай, окууга өтүшсө да, үйлөрүнө качып кетип калуучу эле, жакшы болгон тура! Эми тандаган окууңду таштабай окуп бүткүн», - деди. Мен: «Азыр 4-курсту бүттүм, буюрса, бүтөөрүмө бир жыл калды, сөзсүз бүтөмүн!» - дедим эле: «Окугула, сөзсүз бүтүргүлө, - деди да - кана, эмесе, жигиттер, бирге басып, чогуу аны-мунуну сүйлөшкөнчө, бирге тамактаналы», - деп сунуш киргизди. Биз бир оздон: «Байке, эже! Биз жаңы эле тамактандык эле, ырах-

мат!» - деп жооп кайтардык. Исхак Раззакович: «Анда эмесе, коштошолу», - деп, экөө тең колдорун берип коштошушту да, андан ары басып кетишти.

Бизден бир топ алыстагандан кийин, эже кайрадан И.Раззаковду колтуктап алды, артынан караандары үзүлгөнчө карап турдум. Бир убакта Анарбектен: «Жаңагы сулуу аял ким болот?» - деп сурадым эле, ал: «Бүбүсара эжени таанибайсыңбы?» - деди.

Мен ошол убакытка чейин Исхак Раззаковичтин докладдарын, сүйлөгөн сөздөрүн газетадан окуп, радиодон угуп жүргөнүм болбосо, өзүм эч жерден, төтөн катарлаш - бет маңдай турган эң жакын жерден эч качан көргөн эмесмин. Ал кара торусунан келген, арыкчырай, жапалдаш бойлуу, өтө жупуну, чечкиндүү, сүйлөгөн сөзү калыпка салгандай орундуу, жайдары мүнөз адам экен. Анын Хрущевдун убагында кызматтан алынып, Москва шаарында Экономикалык өз ара жардамдашуу советинде иштей турганын уккамын. Ал эми Бүбүсара эжени да мурда мынчалык жакын жерден көрбөгөнүм ырас, опера-балет театрында балерина экенин, кыргыздын чолпон жылдыздай даңктуу, бетине кармаган кыздарынын биринен экенин гана билчүмүн. Жолугушууда эженин сулуулугу, эки көзүнүн кайберендердин көзүндөй балбылдап, бакырайып күйүп турганы, кийген кийиминин денесине жарашыктуулугу, буттарынын Европанын аялдарыныкындай түптүздүгү көңүлүмө алда немедей жаркын элес калтырып, аялдардын ичинен да ушундай - көргөн адамдын көзүн түшүргөн, суктандырган укмуш перизат жаралат экен го деп ойлоп кеттим. Раззаковдун боюнан анын бою бир азыраак бийик сезилди, биз менен келип учурашкандан кийин коштошуп кеткенге чейин бир оозда сөз сүйлөгөн жок. Жолдошум Анарбектен: «Раззаковду сен кандайча таанийсың, ал сени кайдан таанийт?» - деп сурасам, анын атасы Исхак Раззаковичтин мезгилинде жеңил өнөр жай министри болуп иштегенин, 1-катчы кээде алардын үйүнө конокко келип-кетип жүргөнүн айтты.

алдында шахмат ойноп жатканбыз. Дем алыш күнү болучу. Бир убакта эле Анарбек мени түрткүлөп: «Абий! Абий! Раззаков идет», – деп калды. Жолдошум дайыма орусча сүйлөөчү, кыргызча сүйлөгөнү менен оюн тыңгылыктуу түшүндүрө алчу эмес. «Жүрү, учурашалы», – деди.

Биз экөөбүз ордубуздан турдук да, аларды утурлап алдынан тосуп чыктык. Озунуп: «Саламатсыздарбы, байке, эже», - дедим, Анарбек да учурашты. Исхак Раззаковичти колтуктап келе жаткан эже, бизди көрөөрү менен колун тартып ала коюп, катарлаш туруп калды. Саламыбызга алик менен жооп беришкенден кийин, Исхак Раззакович: «Ии, жигиттер кайдан? Эс алып жүрөсүңөрбү?» - деп сөз катты да, Анарбектен: «Ата-апаңдар жакшы жатышабы? Эл-журт аман-эсенби? Москвада эмне иш менен болуп жатасыңар?» - деп сурады. Биз практикага келгенибизди, канча айга келгенибизди, кайдан орун алганыбызды Анарбек көз айнегин кармалап орусча жооп берип бүтөөрү менен эле, кайран киши мени бутуман башыма чейин карап туруп: «Кана, жигит, а сен кайдан болосуң?» - деп суроо таштады. Мен: «Кыргызстандан боломун», - деп жооп бердим. Ал дароо эле: «Сен Кыргызстандан экениңди көрүп турамын, Кыргызстандын кайсы районунан болосуң?» - деди. Мен: «Нарын областынын Тогуз-Торо районунан боломун», - дедим. Ал кайрадан мени жайдарылана карап: «Техникалык окуу жайынан Тогуз-Торонун балдары окуп калган турбайсыңарбы? Канчооң окуйсуңар?» - деп сурады. Мен токтолбой туруп эки бала окуй турганыбызды айттым. «Тогуз-Торонун балдары Фрунзе түгүл, Нарында окубай, окууга өтүшсө да, үйлөрүнө качып кетип калуучу эле, жакшы болгон тура! Эми тандаган окууңду таштабай окуп бүткүн», - деди. Мен: «Азыр 4-курсту бүттүм, буюрса, бүтөөрүмө бир жыл калды, сөзсүз бүтөмүн!» - дедим эле: «Окугула, сөзсүз бүтүргүлө, - деди да - кана, эмесе, жигиттер, бирге басып, чогуу аны-мунуну сүйлөшкөнчө, бирге тамактаналы», - деп сунуш киргизди. Биз бир оогдон: «Байке, эже! Биз жаңы эле тамактандык эле, ырах-

мат!» - деп жооп кайтардык. Исхак Раззакович: «Анда эмесе, коштошолу», - деп, экөө тең колдорун берип коштошушту да, андан ары басып кетишти.

Бизден бир топ алыстагандан кийин, эже кайрадан И.Раззаковду колтуктап алды, артынан караандары үзүлгөнчө карап турдум. Бир убакта Анарбектен: «Жанагы сулуу аял ким болот?» - деп сурадым эле, ал: «Бүбүсара эжени тааныбайсыңбы?» - деди.

Мен ошол убакытка чейин Исхак Раззаковичтин докладдарын, сүйлөгөн сөздөрүн газетадан окуп, радиодон угуп жүргөнүм болбосо, өзүм эч жерден, төтөн катарлаш - бет маңдай турган эң жакын жерден эч качан көргөн эмесмин. Ал кара торусунан келген, арыкчырай, жапалдаш бойлуу, өтө жупуну, чечкиндүү, сүйлөгөн сөзү калыпка салгандай орундуу, жайдары мүнөз адам экен. Анын Хрущевдун убагында кызматтан алынып, Москва шаарында Экономикалык өз ара жардамдашуу советинде иштей турганын уккамын. Ал эми Бүбүсара эжени да мурда мынчалык жакын жерден көрбөгөнүм ырас, опера-балет театрында балерина экенин, кыргыздын чолпон жылдыздай даңктуу, бетине кармаган кыздарынын биринен экенин гана билчүмүн. Жолугушууда эженин сулуулугу, эки көзүнүн кайберендердин көзүндөй балбылдап, бакырайып күйүп турганы, кийген кийиминин денесине жарашыктуулугу, буттарынын Европанын аялдарыныкындай түптүздүгү көңүлүмө алда немедей жаркын элес калтырып, аялдардын ичинен да ушундай - көргөн адамдын көзүн түшүргөн, суктандырган укмуш перизат жаралат экен го деп ойлоп кеттим. Раззаковдун боюнан анын бою бир азыраак бийик сезилди, биз менен келип учурашкандан кийин коштошуп кеткенге чейин бир ооз да сөз сүйлөгөн жок. Жолдошум Анарбектен: «Раззаковду сен кандайча тааныйсың, ал сени кайдан тааныйт?» - деп сурасам, анын атасы Исхак Раззаковичтин мезгилинде жеңил өнөр жай министри болуп иштегенин, 1-катчы кээде алардын үйүнө конокко келип-кетип жүргөнүн айтты.

## Үйлөнүү тою да болду, анын эртеси да болду

1961-жылы август айында, 3-курста окуп жүргөн кезимде, Тогуз-Тородон келип окуп жаткан студенттердин бир тобу, алдына ала макулдашып, темир жол вокзалынын жанындагы «Тянь-Шань» мейманканасынын ресторанынан бирге тамактандык. Ал жерден мурдатан эле тааныш, өзүмдүн айлымдан келген, Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун математика факультетинде биринчи курста окуган Гүлпахта Акимбаева деген кыз менен сыр алыша эркин сүйлөшүп отуруп, экөөбүз үйлөнүү жөнүндө макулдаштык. Ошону менен көп узабай эле экөөбүз баш коштук да, борбордун Новосибирск көчөсүндөгү орустун бир бөлмөлүү времянкасында жашап калдык.

Адегенде «үйүбүздө» алдыга салганга кийиз, жатканга жууркан-төшөгүбүз да жок эле. Ошондон анча өтпөй, биздин үйлөнгөнүбүздү менин улуу агам, аялымдын ата-энеси да угушуптур. Кайнатам мурдатан райондо экинин бири болуп жүргөн адам эле, анын: «Менин кызым сарттын баласына тиймек эмес, анын сүйлөшүп жүргөн жигити башка болучу», - деп айтканын угуп алып, ачык эле агам экөө кайнатам менен жаңжалдашыптыр.

Агам болсо, кайра-кайра Казармандан телеграмма берип чакырганынан, борбордук сүйлөшүү пунктуна барып, сүйлөшсөм, телефондо: «Эмне үчүн мага бир ооз айтпай туруп үйлөнөсүң? Акмак десе! Кыздар түгөнүп калса деле, шашпай сүйлөшүп жүрүп, окууну бүтөөрдө эле башка кызга үйлөнбөйсүңбү!», - деп ачууланып, сөгүп туруп телефондун трубкасын коюп койду.

Аңгыча окуубуз да башталды. Жашоо-турмушубуз күндөн күнгө оордой баштады. Мен болсо, экинчи курстун экинчи семестринде орус тил сабагынан кулап, кайра тапшырып, стипендия албай калгамын. Аялым болсо, турмушка чыкканына байланыштуу жатаканадан

кетип, стипендиядан да кол жууп, колубузда болгон бир аз акчага ишенип жашап турдук. Университетте окуган жолдошум Субагожоев Молдоболот да стипендия албайт. Анын ата-энесинен жардам келбейт, ошондон бир жардам болуп калабы деп үмүт эткидей.

Азыркыдай, окуудан кийин бирөөнүн ишин жасап, акча тапкыдай эч мүмкүнчүлүк жок, айлабыз кетип, такыр эле үлдүрөп туруп калдык. Бишкек темир жол станциясына барып, вагондон көмүр түшүрөлүк деп сурансак дагы, эки адам тапкыла, болбосо, вагонду кармап, графигин бузуп коесуңар деп, иш берүүдөн баш тартышты. А биз болсо, шерик болгудай эки адам таба албайбыз. Ошентип, андан да кур-жалак келдик. Анын аркы жылы Тоту агам ошол кезде кымбат акчага турган кышкы пальто сатып берген эле, аны алып барып комиссиялык дүкөнгө арзан айткан баасына карабай өткөздүк. Дүкөнгө күнүгө барабыз, пальто өтпөйт. Анысы аз келгенсип, дүкөндө илинип турганы үчүн ал жерге төлөөчү акчасы да өсүп жатат, эгер кайра алсаңар, төлөп туруп аласыңар дешет. Бирге окуган жолдоштордон карыз акча сурасак, алардан чыкпай калды. Жолдошум Молдоболот эртең менен эрте эле университетине кетет да, кечинде келет. Аялым окуу жайына кетет, адегенде бир аз күн бирге окугандарынан карыз алып келген акчасы менен оокат кылабыз, ал дагы түгөнө баштады. Бир күнү Молдоболот: «Кечинде бирди-жарым жүргөн адамдарды тонойлу», - деп сунуш киргизди. Мен: «Андай ишке барбаймын, андай иштин арты жамандык менен бүтөт, андан көрө, ачка өлгөнүбүз жакшы, антип жаманатты болгончо, окууну таштаймын да, бир жерге кирип иштеймин», - дедим.

Эртеси Молдоболот экөөбүз күндүзгү саат 12ден кийин «Ала-Тоо» кинотеатрына бардык, тогуз-торолуктарга жолугар бекенбиз, балким, айылдан келгендерге жолугарбыз деп. Ойлогондой эле, Чымын уулу Жакып акеге, анын жанында жүргөн Көчөрбаев Оторго (ал советтик-партиялык мектепте окуйт эле) жолуктук. Молдоболот болсо, алардын алдын тороп бастырбай, кетирбей жат-

ты. Жакып бизди Эмен (Дубовый) парктын жанындагы ашканага алып барды. Анда тамактын биринчисине гана заказ берди. Оторго 200 граммдай виного заказ берип, аны экөө бөлүп ичип, акчасын Жакып аке төлөп, коштошуп жолго түштү. Жакып акенин тамак алып бергенине ыраазы болуп, андан акчамдын түгөнүп калганын айтып, акча берип кетүүсүн сурагандан уялдым. Бул кадырлуу киши менин агамдын кол астында - колхоздун ферма башчысы болуп иштөөчү, ал эми агам колхоздун башкармасы эле.

Менин сабакка барбай калганыма үч күн болуп калган. Төртүнчү күнү деканым М.Г.Потоцкий жолдошторумдан бирөөнү - Ш.Мырзалиевди ээрчитип алып үйүмө келди да, эмне үчүн сабакка барбай жатканымды сурады, мен жаңы үйлөнүп, акчам таптакыр түгөнүп, айылдан акча салбай, кабар ала албай жатканымды билдирдим. Ал:»Эртеңден калбай окууга баргының, эмки жуманын алтынчы күнү Ташкенттен алардын политехникалык институтунун классикалык күрөш боюнча балбандары келет. Ошолор менен спорттук жолугушуу болот, азыртан даярдан», - деп, жанынан 15 сом акча сууруп берди.

Мен, ошентип, эртеси окууга бардым. Институттун курама командасына кошулуп, машыгууга катыша баштадым. Ондой берди болуп, эртеси өзүм менен бирге мектепте 10-классты бүтүргөн досум, колхоздун шоферу болуп иштөөчү Жаныш Токталиев Казармандан агам берип ийген жууркан-төшөк, тамак-аш, акча-тыйын жана башкаларды алып келип берди. Кудай бетин салбасын, жаадырап-жайнап эле жатып калдык, кыйналганыбыз бир күндө эстен чыгып кеткендей болду.

Болжогон алтынчы күнү өтчү мелдешке да келип жеттик. Күрөштүн алдында таразага түштүк. Мен 63-67 кг салмактагыларга чыгамын. Өзүмдүн курсташым Жолдош Өскөнбаев оор салмакта күрөшмөк. Анын салмагы жетпегендиктен, жарым килограммдан эки жал-

пак коргошунду турсийинин (борцовканын) ичине байлап, ал дагы жетпейт дегенден, 3 литр пивону ичирип таразага түшүрүп, араң дегенде тиешелүү салмакка жеткизип, ошондон кийин гана күрөшкө түшүүгө укук алдырдык.

Күрөш институттун жаңы курулган корпусунун экинчи кабатындагы спорт залында өтө турган болду. Ал жерге окуу жайдын бардык жетекчилери, мугалимдери, деканыбыз, ректорубуз баш болуп келишип, күрөштүн жүрүшүн алдыңкы орунда байкап отурушту. Мени менен күрөшкөн жигит мастерликке кандидат экен. Кандай экенин билбеймин, оңдой берди болуп, жакшы көргөн ыкмам - «посадкага» туш келип, каршымдагы балбанды «мостко» кармап, бир топтон кийин тургузбай жыгып алдым. Залдагы күйөрман студенттердин ызы-чуусунун коштоосу менен жеңишке ээ болгонумда, деканым М.Г.Потоцкий чуркап келип кучактап, көтөргөн бойдон түз эле ректорубуз Г.А.Сухомлиновдун алдына алып барды. Ал сүйүнгөнүнөн колумдан кармап куттуктап: «Математик-казарманец как учиться?» - деп деканымдан сурады. Декан: «2-курстун башталышынан бери конкурстун негизинде стипендия албайт», - деди. Ректор ошол замат Потоцкийге карап: «Издайте заново задним числом приказ о начислении стипендии на Мойдунова с начала учебного года, и укажите впредь: начисление стипендии Мойдунову произвести без конкурса до окончании института», - деди. Мен абдан катуу сүйүндүм. Биз, ошентип, Ташкенттин политехникалык институтунун курама командасын 2 салмак боюнча ашык жеңүүгө жетиштик.

Иш оңдой берди болгондо, айла жок экен, бат эле баягы илинип турган пальтом (арзан өтсө да) сатылып, акчасын алдым. Жаңы окуу жылы башталгандан берки стипендияны деканатка чакырып алып беришти, стипендиябыз 39 сом болучу, топтолгон сумманы толугу менен алдым. Үйдөн келген акча да кошулуп, бир сөз менен айтканда, акчага маарып эле калдым. Агамдар жеңемди

жана башка туугандарды жиберип, октябрь айынын аягында үйлөнүү тоюн өткөздүк.

Ошондон бери, ушул күнгө чейин, туугандарымдын балдары гана эмес, тааныбаган - тек чоочун студенттерди көрүп, учурашканда деле: «Материалдык жактан кыйналбай жүрөсүңбү?» - деп суроо узатамын, жанымда эмне болсо да, андай студенттерге аянбай жардам көрсөткүм келип кетет, жардам кыламын!

Ошентип, 3-курстан баштап, көпчүлүк сабактарымды төрт, беш деген баага тапшырып жүрдүм. Институтта дипломдук ишимди ойдогудай жактап жана мамлекеттик экзаменди ийгиликтүү тапшырып, автотранспорт инженер-механиги деген адистикке ээ болдум.

## Эмгек жолумдун башталышы: Ак-Талаада, Кочкордо

1963-жылы политехникалык институтту бүтүрүп, бөлүштүрүүдө Ак-Талаа районуна чектелип, ал жерде айыл чарба техникаларын тейлөөчү станциянын гараж башчысы болуп иштеп калдым. Бардык адистештирилген автомашиналарды кошкондо, 50гө жакын техникасы бар экен. РТСтин директору Исмаилов Кадырбек аке иштин көзүн жакшы билген, тажрыйбалуу адис болуп чыкты. Бул станция райондун колхоздорун техникалык жактан тейлеп, ушул максатка байланышкан бүткүл иштерди камсыз кылат.

Мен ишке орношкон жеримде баштапкы комсомол уюмунун катчысынын да милдетин аткарып жүрдүм. Адистик иш тажрыйбага ээ болушума Кадырбек аке көмөгүн көрсөтүп, көп кеңештерин берип, техникалардын ремонту ж.б. иштерге бирге ала барып жүрүп, эң зарыл нерселерди үйрөттү. Бир жыл иштегенден кийин, Кадырбек акеден: «Мага уруксат берсеңиз, мен автомашиналары көп Фрунзедеги чоң автобазаларга, авторемонттоо заводдоруна барып иштейин», - деп сурандым. Ант-

кени, окууну бүткөндөн кийин, жолдомо менен барган жерибизде эки жылдан кем эмес иштөөгө милдеттүү болчубуз.

Ошентип, Кадырбек акеден уруксат алып, Фрунзеге барып автожол министри Кусейин Көлбаевдин кабыл алуусунда болуп, өзүмдүн документтеримди көрсөтүп, жолдомонун негизинде бир жыл Ак-Талаа районунун айыл чарба техникаларын тейлөөчү станциясында иштегенимди айтып, Фрунзе шаарындагы автобазалардын биринен иш берүүсүн өтүндүм.

Министр шашпай отуруп пикир алышып, документтерим менен таанышып көрүп: «Шаардан иштеш качпайт, сен адегенде Кочкордун автобазасына барып башкы инженер болуп иштеп, өзүңдү көрсөткүн. Жакшы иштесең, сени өзүм кайра шаарга которуп аламын», - деп, дароо эле коллегия мүчөлөрүн чакырып, маселени чечип, приказ берип, мени Кочкор автобазасына башкы инженердик кызматка жиберди.

1964-жылдын 1-июнунан тартып Кочкор автобазасында башкы инженер болуп иштей баштадым. Автобазанын начальниги Акылбек Абазганов экен. Ал жерде кадрлар бөлүмүнүн начальниги Нарынбаев, ага диспетчер болуп Базаров иштөөчү, Базаров мурда Жумгал райондук партия комитетинин 1-катчысы болгон киши эле, өндүрүш бөлүмүн  Анарбек Байтереков башкарчу. Мен мына ушул акелер менен иштешип, алардын кесипке керектүү эң баалуу улуулук акыл-насаат, кеп-кеңештерин угуп, тажрыйбаларын үйрөндүм. Адегенде эки айдай убакыт Анарбек акенин үйүндө жатып, бой жүрүп иштеп, андан кийин алардын таап берген үйүнө Казармандан үй-бүлөмдү - жубайым, үч жашар балам Марат, апамды көчүрүп келип, жашап калдым.

Автобазага Жумгалдын Ак-Көл деген кен чыккан жеринен темир рельсаларды алып келип, моторлорду сүйрөп машинага кое турган көтөргүчтөрдү, стенддерди, токардык станокторду ар кайсы жерлерден издеп таап, цехтерди ушундай зарыл материал-аспаптар менен жабдып, техниканы тейлеп-ремонттоочу иш процессин кый-

ла эле талаптагыдай жакшырттык. Бир гана жаман жери, 20га жакын Урал-355м маркасындагы автомашиналардын көп запастык бөлүктөрүн биринен экинчисине оошуруп сала беришип, акырында, эсеп-чоту жок талатып жиберишиптир.

Эртең менен эрте туруп автобазага барып, гаражды карап чыгып, жасачу нерселерди күн мурун пландаштырып алып, анан ишке кирише турган адатым бар эле. Башкы инженер болуп иштегениме бир айдан ашып калган кезде, бир күнү ошондой эле тартип менен гаражга барсам, менден да мурда ал жерге министрибиз Кусейин Көлбаев келип, баарын бир чекесинен кыдырып көрүп жүрүптүр. Ал киши, башка райондорду кыдырып жүрүп, Кочкорго келген сайын мейманканага эмес, ДЭУнун начальниги Д.Аликанов дегендин үйүнө түнөгөнүн мен кийинчерээк барып билип жүрөм. Бул жолу да ошол үйгө токтоп, эртелеп ал жактан бизге келиптир. Мен учурашаарым менен эле: «Жигит, сен автобазанын иши менен толук тааныштыңбы?» - деп суроо берди. Мен шашканымдан: «Ооба, Кусейин Көлбаевич», - деп жооп бердим. «Эмесе, канча автомашина таланып кетиптир, айтчы?» - деди. «Бардыгы 19 автомашина таланып кетиптир, аларды кандай абалда болсо, ошондой абалында өткөрүп алдым», - деп, болгонду болгондой түшүндүрдүм. Эртең менен саат 9.00дө начальниктин кабинетинде Кусейин Көлбаевич чогулуш өткөзүп, тилдөөчүлөрүн тилдеп, А.Абазганов менен мага эки айлык мөөнөт ичинде таланган автомашиналарды тургузасыңар, өзүм келип, бирден текшерип көрөмүн деп жөнөп кетти.

Комсомолдун учетуна отуруу үчүн райондук комсомол комитетинин конторуна барсам, мени биринчи катчысы Осмонкул Сариев кабыл алып, мурда Ак-Талаа районунун айыл чарба техникаларын тейлөө станциясында баштапкы уюмдун катчы болуп жүргөнүмдү жана дагы башка тиешелүү маалыматтарды сурап билгенден кийин: «Жакын арада автобазада комсомол комитетинин чогулушу болот, мен ошол чогулушка барам», - деди.

Автобазада баштапкы комсомолдук уюмдун чогулушу болуп, мени ал уюмдун катчысы кылып шайлашты. Комсомолдук каттоодон чыкпай кеткендердин тизмесин тактап, алардын барган жеринен жооп алып, комсомолдун катарына жумушчулардан көп санда өткөзүп, өзүм жетектеген уюмдун ишине байланыштуу ар кандай кызыктуу стенд-көргөзмөлөрдү да уюштурууга жетиштим. Жаңы келген автомашиналарды комсомол комитетинин мүчөлөрү аркылуу бөлүштүрө баштадык, комсомолдук-жаштар бригадалары түзүлүп, алардын план-тапшырмаларды аткаруусун ар ай сайын стенддер-көргөзмөлөрдө чагылдырып турдук. Ырхор кружогу, спорт иштери колго алынып, бат эле автобазанын жаштар коллективи райондогу алдыңкы катарга чыгып, майрамдарды, маршировкаларды өзүбүздүн баштапкы комсомолдук уюмдун иши чагылдырылган плакаттар, стенддерди көрсөтүү менен белгилөөчү болдук.

Кочкордо иштеген экинчи жылдын аягында ВЛКСМ БКнын учет иштери боюнча секторунун башчысы Корнеева, Кыргызстан комсомолунун Борбордук Комитетинин 2-катчысы Лобусов келишип, биздин баштапкы уюмдун иш менен толук таанышышты. Мени менен аңгемелешкендери тимеле комсомолдук иштер боюнча экзамен алганга барабар болду. Райондук комсомол комитетинин бюросунда биздин ишибизге жакшы баа берип кетишти. Республиканын комсомолунун кезектеги съездине делегат болуп шайландым. Арадан эки ай өткөндөн кийин, ВЛКСМ БКнын ошол кездеги жогорку баскычтагы сыйлыгы - «За активную работу в комсомоле» деген төш белгисин райондук партия комитетинин пленумунда райкомдун биринчи катчысы Сыргатаевдин өз колунан алдым. Мындан тышкары, ал убакытта КПСС БКнын 1-катчысы Н.С. Хрущев тарабынан башталып, жер-жерлерде практикаланып жаткан жаштарды көтөрүү саясатына ылайык, мени комсомолдун Кочкор райкомунун штаттан тышкаркы катчысы да кылып шайлашты.

Айтпай кетүүгө болбойт, менин комсомолдук, партиялык жана советтик иштерге аралашып калганым, андай уюштуруучулук-жетекчилик ишмердүүлүгүмдүн негизги «фундаменти» - башаты ошол Кочкордо жүрүп аткарган комсомолдук иштерден өрүш алган десем, жаңылышпаймын. Комсомолдун райкомунун биринчи катчысы Осмонкул Сариевдин мага тийгизген таасири, көрсөткөн жардамы менен үйрөткөн тажрыйбасы өтө эле чоң, анын эмгегин эч качан унутпаймын. Осмонкул чыныгы патриот, комсомолдук-партиялык иштерде болобу, же андан башка уюштуруучулук иштерде болобу, - дилгир, өз ишин терең билген, өткүр аракеттенген, алдына-ала бирөө ага сөз камдап, мындай сүйлө, андай сүйлө деп багыт берип тургандай, такыр эле жаңылбай чечкиндүү, акылдуу сүйлөгөн мыкты жигит болчу. Кээ бир адамдар бир жумалап, бир айлап ойлонуп таппай турган куюлушкан - элестүү, көркөм сөздөр менен сүйлөөр эле. Анын адамдарга жасаган мамилеси, жолдошчулугу, үй-бүлөсүндө - аялы Галияга, балдарына жубайлык жана аталык камкордугу, үлгүлүү тарбия-таалими, өзүн атайылап эле калыпка салгандай тыкан алып жүрүүсү чогуу иштеп, чогуу алака түзгөн айлана-чөйрөдөгү кишилерди, алардын ичинде мени да өзгөчө таң калтыра турган.

Автобазада иштеген улгайып калган орус автобус айдоочу Захаровдон жана дагы эки адамдан жолдомо алып, КПССтин мүчөлүгүнө кандидат болдум.

Министрибиз К.Көлбаевдин тапшыруусу боюнча, эки айдын ичинде таланган машиналарыбызды чогултуп, курай баштадык. Мурда иштеген Ак-Талаанын айыл чарба техникаларын тейлөө станциясынан, Нарындан, Токмоктун авторемонттоо заводунан эптеп таап келген запастык бөлүктөр менен чачылып-таланган автомашиналардын болгону 4-5ин гана «бутуна» тургуздук. Дагы 14 автомашинанын «сөөгү» гаражда турат, аларды да «катарга кошуунун» жолун издей баштадык. Мен атайын Быстровка айылынын Жел-Арык участкасындагы (азыркы Ак-Таш) Токмок авторемонттоо заводунун филиалы-

на барып, анын директору Измайлов деген (татар адам экен) менен сүйлөштүм. Ага абалыбызды жашырбай, болгонун болгондой түшүндүрдүм. Зил-355м маркасындагы 14 автомашинаны өзү жетектеген ремзаводго өткөзүп берүүнү сурандым. Ал мага: 2 миң сом алып, 7 автомашинадан эки жолу түнкүсүн жүктөп жеткиресиңер деп, өзүнүн үйүн көрсөтүп, дем алыш күндөргө туш келген числону, «жолугушуунун» майда-барат жагдайларын алдын ала макулдаштык. Биз Акылбек экөөбүз шоферлорду уюштуруп, 2 миң сомду, 1 кой, 1 фляга кымыз алып, айтылган күндөрү жүктөп барып, таланган машиналарды ремзонанын ичине сүйрөтүп таштадык. Алар бизге 14 автомашинаны ремзаводго алды кылып документ жазып берди.

Жылына эки жолу жараксызга чыгаруу жасалуучу. Өзүбүздөгү мөөнөтү жеткен автомашиналарды запастык бөлүк үчүн чечип, ремзаводго өткөзгөндөрүбүздү алып келип, аларга «жиликтенген» машиналардын номерин тагып алып, айдатып коебуз. Эгер бирди-жарымы авария болуп калса, аны да запастык бөлүккө чечебиз да, шофердун күнөөсүнөн болсо, анча-мынча келтирген зыянын төлөтүп, акчасын кассага кириш кылып, ремзаводдон алган машинага эски номерин чаптап, ишке киргизип коебуз. Ошентип, бизде запас автомашинабыз бар, таланган автомашина жок.

Күндөрдүн биринде Кусейин Көлбаевич келип, базабыз менен таанышып, биз менен чогулуш өткөргөндө, машиналарды тургузуп, ремзаводго өткөзгөнүбүзгө абдан ыраазы болуп кетти. Көп узабай эле, Чүй, Ысык-Көл зонасында иштеген автобазалардын башкы инженерлерине: «Баргыла, Кочкор автобазасынын башкы инженери Мойдуновдун иши менен таанышкыла», - деп, командировкага жиберип, келгендер таланган машиналарды кантип тургузуп жатканыбызды сурап кетип жатышты.

1966-жылы декабрь айында Кусейин Көлбаевич Ак-Талаа районунун партиялык конференциясына катышуу үчүн Борбордук Комитет тараптан жиберилип, ага

катышып келе жатып, Кочкордон автобазага кирип, мени чакыртып, сүйлөшүү учурунда: «Сени Ак-Талаа райондук партия уюмунун конференциясына катышкандар ошол жердеги автобазага жетекчилик кызматка сурап жатышат, барып иштейсиңби?» - деди. Мен ойлонуп туруп: «Кусейин Көлбаевич, мени шаарга которсоңуз жакшы болот эле», - деп кыйылгандай абалда жооп берсем, кайра ал киши: «Сени конференцияда сурап жатышат, барып иштеп тур. Көрөбүз», - деп койду. Мен ошону менен Ак-Талаага барып иштөөгө макул болдум.

---

# III. КЫЗМАТ БАСКЫЧТАРЫ. ТУРМУШТУН ӨР ЖОЛУНДА

Кыргыз эли кең пейил, меймандос, эр жүрөк, бир нерсени тез кабыл алган, наркнускалуу, жолун тапса, бирине-бири кайрымдуу, душманга тике туруп бириге калып, катылгандын катыгын берген эл болот. Жаман жагы – бирин-бири көрө албай, ичи тардык оорусу менен ооруганында. Мындай чабалдыгын душмандары пайдалана билсе, өтө эле коркунучтуу.

*Өмүр сабактарынан*

## КАЙРАДАН АК-ТАЛААДА. К.АКНАЗАРОВ МЕНЕН К.КӨЛБАЕВДИН ЖАҢЖАЛДАШУУСУ

1966-жылдын кыш айынан тарта мен Ак-Талаа автобазасында начальник болуп иштеп калдым. Менден мурда автобазанын начальниги болуп Токтомушев деген улгайган адам иштеген экен. Негедир менин келишим ага жага бербей, өзүнүн «бакма» шоферлорун мага каршы коюп, ишиме тоскоолдук кыла баштады.

Ошол убакта курулуп жаткан Ат-Башы ГЭСине (Шайтан-Көпүрөгө) өзүбүздө болгон самосвалдарды жөнөтүү жөнүндө буйрук алып, ишти жеринде уюштуруп, жетекчилик кылып, шоферлор менен айлап ошол ГЭСте түнөп, берилген план-тапшырмаларды аткарып келүү үчүн башкы инженерликке которулган ошол Токтомушевди токтоосуз командировкага жибердим. Бирок, ал менин приказымды талаптагыдай аткарбады. Бул жоругу үчүн ага сөгүш жарыялап, коллективдин чогулушунда эскертүү берип, кайрадан командировка чектедим. Ушундан кийин да мага баш ийбей, түз эле министр К.Көлбаевге чейин арызданып барыптыр. Кусейин Көлбаевич мени менен телефон аркылуу сүйлөшүп, мен ага болгонду болгондой айтып түшүндүрдүм. Токтомушев министр менен башынан эле жакшы экен, ал жерден өзүнчө приказ алып, Ат-Башы автобазасына начальник болуп кетти.

Ошол жылы кыш оор болуп, жааган кар калындыгы түзөң жерлерде эле 2 метрден ашып, бүт райондун малы кол карап, малчылар короо-сарай жанындагы чөп-чарын да бере албай жатышты. Райкомдун 1-катчысы Корчубек Акназаров кайра-кайра тынымсыз бюро чогулу-

шун өткөзүп, көпчүлүк мекеме-ишканаларды жаап, жардамга баруучу адамдарды бөлүп, бекитип, кашарлардын айланасын күрөтүп, бүткүл республикадан чөп тарткан машиналар жардамга келе баштады. Мени болсо, бюродо республикадан келген автомашиналардын бензин майын кабыл алып, аны камсыз кылууга бекитти. Ал мезгилде биздин автобазада автомат менен иштөөчү заправка бар болучу, ал эми РТСте, колхоздордун гараждарында кол менен заправка жасалуучу.

Министрлер, БКнын бөлүм башчылары тынбай келип жатышты. Күнүнө жүздөгөн машиналар чөп, саман тартып жеткиришет.

Ушул жерден эске сала кете турган нерсе, ошол оор күндөрдүн биринде Кыргызстан КП БКнын айыл чарба бөлүмүнүн башчысы И.Мурataлин, автожол министри К.Көлбаев да райондо болушту. Биз, автожол министрлигине караштуу үч мекеменин - автобаза, ДЭУ, РДСУнун жетекчилери, Сүттү-Булактын чатына аларды түштөндүрүү максатында, жолдун эле таманына тамагыбызды жайып, күтүп жаттык эле. Көп узабай алар да келип калышты. Учурашып, тамак ичүү үчүн жайланышкандан кийин, Кусейин Көлбаевич: «Биздин шаардан ала келген байталдай болгон тоогубуз бар эле, ошону алып келчи», - деп шоферуна буюрду. Бир аз тамактанып алгандан соң, И.Мурataлин бөтөлкөлөрдү мерчемдүү жерлерге койдуруп, бута атканга киришти. Кызмат жасап жаткан бизди да чакырып, кызык оюнга аралашып кеттик. Аңгыча эле, арабыздан бирөө: «Түлкү, түлкү!» - деп кыйкырып калды. Карасак, баарыбыз мылтык атып жаткан учурдан пайдаланып, баягы «байталдай болгон тоокту» түлкү акең мойнунан жонуна арта салып, кырды аша жөнөп бара жатыптыр. «Түлкүнү аткыла, аткыла!» - дегенче болбой, белди ашып кеткенге жетишти.

Кайрадан тамактанып отурган кезде, И.Мурataлин: «Кусейин Көлбаевич, сиздин бизге арнаган байталдай тоогуңуз бизге буюрбай калды, эң жок дегенде, ооз тийген жокпуз, тоок өзүңүздүн мээнет менен баккан тоокторуңуздан эмес го? Бирөөнүн белегинен го?» - деп кытмыр сөзүн узатып, күлүп калды. Анда Кусейин Көлбаевич:

«Ырас, байталдай болгон тоок базарда соода кылган орус кемпирдин тоокторунан эле. Биздин карамагыбызда иштегендер сиздердикиндей айыл чарба менен байланышкан тармактан болбогондон кийин, базар менен мамиле кылабыз да», - деп жооп кайтарып, андан ары күлкүлүү анекдоттордон айтылып, районду көздөй жол тарттык.

Ошол жылы Корчубек Акназаровичтин иш тажрыйбасынын тереңдиги, билгичтиги, уюштуруучулугу аркасында айттырбастан келүүчү табийгаттын оор кырсыгынан колхоздордун малынын башын, көп чыгымга карабастан, негизинен аман сактап калууга мүмкүн болду. Май айына чейин автомашиналар колхоздорго бекитилип берилип, күндүр-түндүр иштеп турушту. Колхоздор ар кандай жолдор менен кредит алып жатышса да, бизге окшогон чарбалык эсептеги ишканалардын акчасын бир канча айлар бою которуп беришпестен, күч-эмгегибизди зордук менен пайдаланышты. Жаз алды менен курулушу жаңыдан башталган Үгүт-Казарман жолуна автобазанын самосвалдарын, ДЭУ, РДСУнун техникаларын май, материалдар менен камсыз кылуу максатында толугу менен жол куруп жаткан ишкананын карамагына өткөрүп, бекитип берип коюшту.

Автобазанын жумушчу-кызматчылары 4-5 ай бою айлык акы албай иштеп жатышты. 1966-жылдын февраль айынын башында Кусейин Көлбаевич келип, ишибиз менен таанышып, план-тапшырмалардын аткарылышын, Нарын МДСы (анын жетекчиси Сулаймановдун жардамы менен) аркылуу бүткөрүлгөн цехтеримди, автоматташтырылган заправкаларымды, автомашиналарды ондоого керектүү көчүп жүргөн эстокаданы, Кең-Булуңдан алынып келинген 2 үй-вагонду, цехтерге орнотулган стенд, приборлорду ж.б. көрүп, ыраазы болду. Ак-Талаанын бурулушундагы Сарукеевдин үйүнүн маңдайындагы кичинекей автостанциянын курулушу Нарын МДСы аркылуу бүткөрүлүп, ишке берилгенине, автобазанын жанындагы шоферлор үчүн курулуп жаткан - дубалдары көтөрүлгөн 16 квартиралуу эки кабаттуу эки үйгө жана да кайнагам, Жданов атындагы колхоздун баш-

кармасы Иса Иманбердиевдин жардамы менен колхоздон автобазанын курулушу үчүн жер аянтын (ал убакта колхоздун жер аянтын бөлүүнү колхоздун башкармалыгы өзү чечип бере алуучу эмес, жер Совминдин чечими менен гана берилүүчү) бөлдүрүп алып, ага А.П.З. түздүргөнүмө да көңүлү толду. Ал эми автобазанын А.П.З. долбоорун ала кетип, аны өзү шаарга бараары менен бүтүртүп берээрин айтты.

Мен, райкомдун 1-катчысы К.Акназаровдун автомашиналарга ээ кылдырбай, 2-катчы Н.Муслимов, райаткомдун төрагасы А.Рысалиев автобазага милициянын кызматкерин ала келишип, күчкө салып путевка жаздырып, эч жок дегенде бензин, запчасть, айлык акыга акча котортуп бергенге жардам кылышпастан, каалаган колхоздоруна айдатып кетип жатышканын айттым. Ушул маселени райондук активдин чогулушунда, бюродо бир канча жолу айтканымды билдирдим.

Кусейин Көлбаевич ошол эле күнү саат 11де мени, ДЭУ мекемесинин начальниги Ш.Самудиновду, РДСУнун начальниги Кебек Касымбаевди райкомго ээрчитип жөнөп, К.Акназаровдун кабинетине кошо алып кирди. Өз ара сүйлөшүп отуруп, автобазага райондон жардам болбой жатканын, жумушчулары менен администрациясынын бир канчалаган кызматкерлери көп айдан бери айлык акыларын албай жатканын, күйүүчү жана майлоочу май, запастык бөлүктөр ж.б. зарыл материалдар жагынан кыйын абалда калганыбызды айтты.

Корчубек Акназарович ошол жерден 1-катчылыгына салып: «Акча алып жатат, жардам болуп жатат. Мойдуновуң болсо, катчылардын айтканы боюнча машиналарды бербегенден ошондой ишке дуушар болуп отурат», - деп кызандап, кекечтенип сүйлөп жооп берди. Мен колхоздордун дебитордук карыздары жазылган кагаздарды ала барган элем, алдына таштадым.

Кусейин Көлбаевич болсо: «Мен Борбордук Комитеттин мүчөсү катарында бул тууралуу маалымат беремин!» - деди. Анда Корчубек Акназарович кызарып-татарып, кекечтенип: «Жолдош Көлбаев, сен билип койгун, Ак-

Талаа районунун территориясындагы мекеме, ишканалардын кызматкерлери, айыл-кыштактарда жашаган эл, учуп бараткан канаттуу куш, жан-жаныбарлардын баары тең бизге тиешелүү, баары бизге баш иет. Алар менен кандай сүйлөшөм, кандай иш алып барам - ал менин ишим», - деп айтыша кетти. Министр: «Андай болсо, эмне үчүн автобазанын коллективин ушундай акыбалга алып келдиң?» - деди эле: «Угуп койгула, үчөөң тең партиянын учетунда турасыңар, силердин ишиңер боюнча эмне чечим кабыл аламын - ал менин ишим!» - деп, мурдагы өктөм сөзүн кайра маңдайында отурган үч жетекчиге карап кайталады. Биз үчөөбүздү мурда чыгарып жиберип, экөө кабинетте калышты.

Ошону менен бир аздан кийин Кусейин Көлбаевич сыртка чыгып келип, бизди ээрчитип автомашинасына салып, ДЭУнун мейманканасына алып барды да, тигил экөө менен коштошуп, мени алып калып, өзүнүн наамына жогорудагы жагдайды көрсөтүп арыз жаздырып, ага тиешелүү документтерди кошо тиркетип, ала кетти.

Сөздү андан ары улоодон мурда, Корчубек Акназарович жөнүндө бир-эки ооз өз оюмду да айта кетейин. Мен анын кол алдында башта да, кийин да баш-аягы эки жылдай иштеп калдым. Ал киши - адамга зыяны жок, көптү көргөн, көптү билген, тажрыйбалуу, чечкиндүү адам. Өтө аяр, айлакер, турмуштун жакшы-жаманын башынан өткөргөн, андай сабактардын мыкты жактарын өздөштүргөн, жогорку жетекчилерге карап, алардын дарамет-таасирдүүлүгүн эсепке алып, ошого жараша мамиле жасап көнгөн жеткен психолог жетекчи деп койсок болот. Чарбалык иштерде андан башкалар көп нерселерди үйрөнүшкөнү кашкайган чындык.

Жогоруда көрсөтүлгөн Корчубек Акназаровдун айлакер, амалкөйлүгү жөнүндө бир-эки ооз сөз. Ак-Талаа районунда биринчи катчы болуп иштеп турган учурунда чарбачылыктын ар бир тармагында ар кандай иш-чараларды жасаар эле. Ага мисал катарында, жазгы төл алуу өнөктүгү мезгилинде райондун борборуна жакын жердеги бир колхоздун башкармасына кой төлдөтүлүп жаткан

бир кашардын жанына атайылап боз үй тиктирип, ага өзүнүн аялын жайгаштырып койчу. Аялы эңкейип козу кармап, аны телчиктирмек түгүл, жарытылуу бир нерсеге кол кабыш кыла албаса да, ошол колхоздун башкармасынан тартып, бүткүл активдерине чейин сес көрсөткөндүктөн, колхоздо сакманга чыкпай жаткан активдердин балдары, аялдары, кээ бир тоң моюн колхоздун мүчөлөрү айласы жок жардамга - кой төлдөтүүгө келишээр эле. Ал эми колхоздун башкармасы биринчи катчынын аялына кошомат катарында кызмат көрсөтүп, ага шарт түзүү менен убара тарта берчү. Бул жасаган иш-чара жеке эле өзүнүн району эмес, областтын, атүгүл республиканын жетекчилерине дейре кеп-сөзгө айланып кетчү.

Дагы бир мисал. Корчубек Акназаровичтин тапшыруусу менен жазга маал, төл учурунда, Тоголок Молдо атындагы колхоздун башкармасы болуп иштеген менин агам Тоту Мойдуновго айтып, жаңы туулган козуларга жылуу материалдан боркок (көйнөк) кийгиздирип, БКнын айыл чарбасын тейлеген катчысы П.И.Наумовго көрсөтүп, ал болсо, БКнын чогулуштарында, дагы башка жерлерде Корчубек Акназаровичти мактап, даңазалап эле жатып калчу. Москва районунда өткөн бир пленумда козуларга кийим кийгиздирип жаткан Корчубек Акназаровичти үлгү катары кеп кылса, ал райондогу: Скрыник Василий Кузьмич, Попов Виталий Алексеевич сыяктуу алчы-таасын жеген башкармалар чалкасынан кетип, Петр Иванович Наумовду шылдыңдап күлүшкөнү эсимден кетпейт (Мен ал кезде Москва райкомунун бюро мүчөсү элем.).

Жана дагы бир мисал. Корчубек Акназарович Кочкор районуна биринчи катчы болуп барганда, Кочкордун борборунан көп алыс эмес, Бишкек тарапка каттаган жол боюндагы «Кочкор» совхозунун Семиз-Бел участкасына караштуу, эзели ташы терилип, тазаланбаган чакан жер аянтын райондун борборундагы мектеп окуучуларынын, мекемелердин кызматкерлеринин күчү менен тазалатып, айдоо аянтына коштурганын ошол кез-

деги областтын, БК, Совминдин кызматкерлери көп жерлерде кеп кылып, даңазалап, мактап жатып калышаар эле. Корчубек Акназарович түштүктүн райондорунан көрүп-билип келген тажрыйбалардын кичинекей бир үлүшүн кайталап койсо эле, ал дегеле Нарын областында мурда жасалбаган иш катары бааланып, асманга чыгарып жиберишчү. Маселен, Лейлектеги айлап, жылдап таш терген тажрыйбанын бир үлүшүн киргизип койгон айлакер, амалкөйлүгү Борбордук Комитеттин катчылары тарабынан башка райондорго табылгыс мисал катары көрсөтүлүүчү.

Акырында дагы бир мисал. Кочкор районундагы Фрунзе атындагы колхоздун чабаны Совет Сакыбаевдин бир короо койдон алган төлү (ар бир койдон экиден козу) - жүзүнө 200 пайыздан алынды деген ашырып кошуп жазуулары - илим үчүн да жаңылык иретинде бааланып, андай «фантазияга» республиканын кой чарбачылыгы боюнча түшүнүк-маалыматы аз сабатсыз жетекчилерин ишендирип таштаган эле.

Азыркы учурда, Корчубек Акназарович менен бирге иштешкен, чогуу жүргөн аты журтка белгилүү кишилер менен сүйлөшүп калганда, ал жөнүндө ар кандай мактоону да, сын пикирлерди да айтышат. Кээ бирлери: «Ак-Талаанын кадрларын өстүрдү», - дешет, мен ага кошула албаймын. Маселен, Ак-Талаанын жетекчи кулундары: М.Базаркулов, К.Жыргалбеков, М.Турдалиев, А.Асаналиев, Жамин жана Жуман Акималиевдер, менимче, өздөрүнүн билим-тарбиясы, жигер-аракети - жөндөмдүүлүк сапаттары менен эле көзгө көрүнүп, өсүп чыккан идиректүү кадрлар.

Кадр өстүрдү деп, тигил же бул кадрды иштеп жүргөн жеринен байкап, тандап, өзүнүн алдына алып келип иштетип жүрүп, жогорку кызматтарга сунуш кылып, алар өз учурунда андан ары бийик баскычтарга көтөрүлүп, ошол аркылуу республикага таанымал болуп чыга келген, эл баалаган кадрлардын бүтүндөй бир муунуна «ата» болгон адамды айтса болоор эле. Ырас, А,Асаналиевди өзү иштеп турганда райкомдун 2-катчылыгына чейин

көтөрдү, анын келечектүү, күчтүү кадр экенин сезип, андан ары Жогорку партиялык мектепке жиберип окутту.

Ушуга байланыштуу өзүңдүн мындай оюмду ортого салгым келет. Мен кезегинде республиканын алты районунда нечен катчылар менен иштештим. Ошолордун ичинде, 18 жылдан кем эмес биринчи катчы болуп, үч районду жетектеп келген Кулов Бейшеналы Куловичтин ишин Корчубек Акназаровичтин «устаттыгы» менен салыштырып көргөндө, экөөнү бир катарга кое албаймын. Бейшеналы Кулович иш тажрыйбасы боюнча К.Акназаров менен бирдей деп эсептегенде да, ал ар кандай техникалык жаңылыктарды, иштин жаңы технологиясын өндүрүшкө киргизүүдө бир канча жогорку баскычта турат. Бейшеналы Куловичти мен орусча кыш койгондой сүйлөгөн жөө чечен, саясий жактан такшалган, сабаттуу -билимдүү, чечкиндүү, калыс, жеп-ичкенден алыс, таза, кек сактабаган, дүнүйө үчүн үзүлүп-түшпөгөн, мээримдүү, бой көтөрбөгөн, эң эле жөнөкөй, нечен купуя сырды ичине сактаган, эч ким менен конфликтке барганды билбеген, жогорку маданияттуу инсан болчу деп баалаймын.

Менимче, Корчубек Акназарович өзү менен иштеген райкомдун катчыларынын, аткаруу комитетинин жетекчилеринин билимдүүлөрүнөн, дегеле чечкиндүү, күчтүү, өз ою, өз сөзү бар таланттуу кадрлар менен иштегенден чочулап-коркуп тургандай таасир калтыраар эле. Билими жагынан төмөн, өзүн коштоп сүйлөгөн, көзүнүн агы менен тең айланып, айтканын эки дебей аткарган практиктерди, көбүнчө билгизбей, астыртан кошомат кылып жашаган өз жүзү, өз өңү болбогон «элпек жандарды» гана кызматка коюп алгандай түшүнчүмүн. 1-катчы катары билими деле ченелүү, башкы алдына койгон максаты жалаң гана чарбалык иш болуп, ага бардыгын баш ийдирүү менен социалдык-маданий чөйрөгө (идеологиялык маселелерди экинчи планга коюп) көңүл бурбай, качан болбосун бир жактуу иш алып баруучу.

## Суудагы кырсык. Жакшылык экөөбүздүн «суучулдугубуз»

1966-жылдын жай айынын башында мен агам Тотунун (Тоголок Молдо атындагы колхоздун башкармасы эле) үйүнөн кечке маал чыгып, Актал-Чаттагы көпүрөдөн өтө бергенде, анын түштүк жагында бир топ жөө-жалаң кишилер бака-шака түшүп жатканына күбө болдум.

Ал тушта четинен бульдозер менен сүздүрүп, жаак кылып койгон жээктин айланасы өзүнчө көл болуп, токтогон көлчүк суу аянты бар эле. Ошол бака-шака түшүп жаткандардын ичинде райондук партия комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Мукаш Базаркулов безилдеп ыйлап алган. Кандайдыр бир коогалаң-кырсык болгонун айттырбастан эле жүрөгүм сезди. Мукаш болгон окуяны өз көзү менен көргөн кемпирден иштин чоожайын терип-тепчип сурап жатыптыр. Кемпирдин айтуусу боюча, көпүрөнүн жанына бир шофер келип, машинасын токтотуп коюп, жээкке кийимдерин чечип, сууга секирип кирген бойдон кайра чыкпай, чөгүп кетиптир. Көрсө, жигит тиги Мукаштын бир тууган иниси экен.

Карап тургандардын арасында сууда сүзгөндү билген бир да адам жок болуп чыкты. Мен, кеч болсо да, сууга секирип түшүп, бир канча жолу ары-бери тепчип сүзүп, сөөккө урунбай, же анын бар же жок экенин билбей, үшүгөндө сыртка чыктым. Сөөктү эртеси эртең менен издейли деп макулдаштык да, ошол жердеги көлчүктүн бир четин жырып сууну агызып Нарын сууга кошуп, Дөрбөлжүнгө кеттик.

Ошол жылдары Ак-Талаа менен Тогуз-Торо кошулуп, биздин райондон бир топ кадрлар Дөрбөлжүндө жооптуу кызматтарда иштей турган. Мен түнү менен тогуз-торолуктардын үйлөрүнө барып, эртең менен эрте Актал-Чаттын көпүрөсүнөн жолугушуп, сууга чөккөн жигиттин сөөгүн издеп табууга көмөктөшүп коюуларын өтүнүп сурандым.

Эртеси эртең менен жолдошум Жакшылык Кожалиевди, Абдылашым Кыдыргычовду, Жумакадыр Рыспа-

евди, Коля Сафроновду ж.б. жаштарды кошуп 15тей адам менен барып, суу тереңинен өлүктү табууну уюштурдук. Биз келгенде, суунун деңгээли бир топ эле ылдыйлаптыр. Жакшылык экөөбүз дароо секирип түшүп, ары-бери тепчип сүзүп, сөөктү издеп жаттык. Бир убакытта, сүзүп баратсам, тикесинен сайылган адамдын денесине урунуп: «Бул жерде экен!» - деп кыйкырып жибердим. Карасак, сууга буту менен секирген бойдон баткакка сайылып, бутун тарта албай, тикесинен турган калыпта кала бериптир.

Айланада жүргөндөргө: «Мукашты нарыраак алып кеткиле, биз Жакаш экөөбүз алып чыгалы», - деп, бирөөбүз башынан, бирөөбүз бут жагынан кармап, суудан алып чыктык. Мукаштын бир тууганына безилдеп ыйлаганын көрүп, биз да көз жашыбызды тыя албай кайгырып, сөөктү машинага жүктөдүк да, айлына алып кетишкен көпчүлүктүн артынан узатып карап турдук.

## Өрнөгүн тууραган даанышман устатым Кусейин Көлбаев жөнүндө сөз

Мына, мен 73 жашымда колума калем алып, баштан өткөндөрдү жазып отурган учурда, өзүм адам катары, жетекчи катары терең кадырлап-сыйлаган замандашым Кусейин Көлбаев жөнүндө көңүл түпкүрүндө жашаган ой-пикиримди кеч болсо да кагазга түшүрө кетүүнү туура таптым.

Башыман нечен министрлер, райкомдордун катчылары, аткаруу комитеттеринин төрагалары, Борбордук Комитеттин ж.б. жогорку органдардын жетекчилери менен жолугушуп, аларга кошулуп түрдүү иштерди аткарган, кызматтык жана адамдык мамиле түзгөн кызык мезгилдер көп эле өттү.

Мына ошолордун ичинде Кусейин Көлбаевичтин ээлеген орду өзгөчө. Ал кыргыздын максаттуу балдары менен бирге, алгачкылардын болуп окууну борбордон бүтүп келген таланттуу, изденгич транспорт инженери болгон.

Өз кесиби жаатында топтогон тажрыйбасы укмуштуудай бай, билим-даярдыгы мезгилге жараша ар тараптуу, айрыкча, демилге көтөргөн чечкиндүүлүгү, ишти уюштура билген оперативдүүлүгү жагынан алдына адам салбаган, турмушка болгон көз карашы терең, кыраакы адам эле. Ал кимдир бирөө сүйлөөрдөн мурда эле, анын эмне айтаарын илгиртпестен билип койгон, сөзгө да чечен, акылы тунук, «суу кошпос» уюштургуч жетекчи болучу. Өзгөчө, орусча сүйлөгөндө, жазганда көрүнгөн таң калаарлыктай сабаттуулугу жөнүндө өзү менен бирге иштеген кыргыздар гана эмес, орус улутундагылар да аңызга айлантып кеп кылыша турган.

Кээ бирөөлөрдүн кошомат кылганын, жеп-ичүүгө далбас уруп, оңой жол менен тепкичтен тепкичке көтөрүлүүгө жасаган аракеттерин жаземдебей эле билип, тизгиндерин убагында тартып, ар качан адил, таза жүрүүгө өзү баш болуп өрнөк көрсөткөнү алда немедей көз алдыма элестеп турат. Ал чогулуштарда болсо: «Кыргыздар берген тамагына эч качан арызданбайт, ал эми башка нерсесине арыздана берет, ошондуктан, пара алгандан, жепичкенден алыс болгула, таза жүргүлө, билбей калат деп тескери иш жасабагыла, баары бир андайлар билинип калат, акыры келип-келип отуруп мага дейре жетет», - деп, эскертүү иретинде да, улуулук кеңеш иретинде да кайталап айткандан тажачу эмес.

Бир сөз менен айтканда, Кусейин Көлбаевич адамдын сырттаны - жолборсу болчу десем, эч жаңылышпаймын. А кишиден республикадагы нечен бир журт ишине күйгөн мамлекеттик жетекчилер тарбия алып чыгышты. Алардын катарында: Апас Жумагулов, Ж.Убышев, Р.Кулматов, В.Буэль, В.Хилимончук, Мамакеев, Ж.Шарапов, К.Орозалиев, Э.Курманбаев сыяктуу көптөгөн инсандар бар экендигин калайык-калкыбыз жакшы билет.

Кусейин Көлбаевичтин эмгеги, аты менен байланышкан республикадагы не бир сонун мелтиреген жолдор - Ысык-Көлдүн айланасындагы, Бишкек - Торугарт, Бишкек - Ош - Талас жана жүздөгөн чакырымга созулган ичкеридеги стратегиялык мааниси бар магистралдар, көп

сандаган кооз-бышык көпүрөлөр, борбор калаабыздагы автожол техникуму, дагы башка толуп жаткан курулуштар менен өндүрүш жайлары бул күндө эл керегине жарап, чоң кайтарым берүү менен үзүрлүү кызмат кылып жатат.

Мен Жогорку Кеңешке депутат болуп жүргөнүмдө, Кусейин Көлбаевичтин элесин түбөлүккө калтыруу максатында, борборубуз Бишкектеги автожол техникумуна, шаардагы бир көчөгө, Төө-Ашуу тоннелине жана башка жайларга ысымын ыйгаруу жөнүндө демилге көтөрүп, ал маселелерди республикабыздын ошол кездеги премьер-министри Апас Жумагуловдун жардамы менен ойдогудай чечүүгө чын дилимден күйөрман болгомун.

Кызмат жолумда өзүм да дайыма Кусейин Көлбаевичтей иштөөгө, уюштурууга, маселе чечүүгө умтулуп, анын өрнөгүн бардык жагынан туурап, жашоо-турмушта даанышман устатым сыяктуу болууга аракет жасап өмүр кечирип келгениме качан болбосун кубанам да, сыймыктанамын. Ал биз үчүн окутуучу да, насаатчы да, кадрларды даярдап-өстүрүүнүн үлгүсү да, кадыры жана парасаты артыкча замандаш да эле.

Мындай Адам кайталанбайт!

## Борбордо. Күтпөгөн жерден «чүйлүк» болгондо

Кусейин Көлбаевич 1967-жылдын февраль айынын башында мени өзү жетектеген министрликтин карамагына чакыртып алды. Фрунзе шаарынын Кызыл-Аскер аймагында жайгашкан №7-автобазага начальник кылып дайындады. Анда көп жылдан бери начальник болуп Сериков деген улгайган адам иштеген экен. Ошентип, ал жерде иштеп калдым.

Арадан бир жума өттү. Анан мени Кусейин Көлбаевич өзүнө чакыртып: «Сенин үстүңдөн Акназаров арызданып жатат, сен азыр Борбордук Комитеттин өнөр жай

бөлүмүн тейлеген башчысынын орун басары Чупровго барасың, андан чыккандан кийин мага келип кеткин», - деди.

Мен БКнын транспорт министрлигинин ишин тейлеген инструктору Сардар Исманкуловду ээрчип, Чупровго бардым. Учурашкандан кийин эле, ал киши: «Сен эмне үчүн Ак-Талаадан качып шаарга келип, 7-автобазага орношуп алгансың? Болгондо да, начальник болуп алыпсың...» - деп кекетип, ызырынып сүйлөдү. Мен болгонун болгондой түшүндүрүп: «А шаарда иштесем болбойбу?» - деп сурадым. Ал ордунан туруп, сурдана: «Адистердин баары эле шаарга иштеп кетсе, айылда ким иштейт, ким айылдын экономикасын көтөрөт, кайра барып иштейсиң», - деди. Мен: «А сиз өзүңүз эмне үчүн шаарда отурасыз, сизге окшогон тажрыйбалуу, билимдүү адамдар ошондой жерлерге барып иштебейсиздерби?» - деп, жасаган мамилесине жараша чучукка жеткендей жооп кайтардым. Жаныма келип кызаңдап, кийип турган көйнөгүн шымынан өйдө көтөрүп, жеңдерин түрүнүп, денесиндеги, колундагы күйгөн жерлерин көрсөтүп: «Мен согушка катышкамын, танканын ичинде күйгөмүн, Мекенди, жалпы элди коргоп, Жеңишке салым кошкомун, эмгек кылганмын!» - деп, дагы кайрадан ачууланып сүйлөдү. Мен дагы тилимди тартпай: «Сиз, жакшы, тирүү калыпсыз, а биздин ата-агаларыбыз согушта өлүп, кайтпай калбадыбы?!» - дедим. Сардарды карап: «Кызматынан бошотуп, кайрадан Ак-Талаага жибергиле!» - деп буйрук берди. Мен: «Кайра барбаймын!» - деп, эшигин жаап чыгып кеттим.

Ошону менен Кусейин Көлбаевичке бардым. Болгон ишти толугу менен айтып бердим. Кайран киши күлүп: «Мага сенден мурда ал өзү телефон чалды, эми сен шаарда иштесең, дагы асылышат. Сени мен Москва районунун автобазасына жиберейин, башкы инженерлик кызматка дайындайын, азырынча ошол жакта иштеп тур, жогорудагылар суусун, тынчысын. Аздыр-көптүр автобазанын начальниги болуп, жеңил автомашина менен жүрүүгө да көнүп калбадыңбы, андыктан, бул жолу министрликтин ГАЗ-69 деген дежурный автомашинасынан

бердирем, ошону минип тур. Сен жөнүндө Беловодск автобазасынын начальниги А.Стакеевге айтып, дайындадым. Ал жакшы адам, аны менен тил табышып, иштеп тур. Эртең менен саат 9да сени Түндүк автотрестинин башчысы Н.В.Вишнев өзү алып барып, коллективге тааныштырат», - деди.

Кызмат жолумдагы дагы бир бурулуш «кризиси» ушинтип чечилди.

## Беловодскидеги ишим - жетекчилик кызматтагы саясатка аралашуумдун башаты

Министр айткандай эле, эртеси эртең менен Н.В.Вишнев Беловодск автобазасына алып барып, коллективи менен тааныштырып, кызматка дайындоо жөнүндө буйрукту окуп берди. Бул күн 1967-жылдын 8-февралы эле. Андан кийин райкомдун 1-катчысы И.К.Зарубиндин кабыл алуусуна чогуу келдик. Ал киши менин өздүк делом менен таанышып көрүп жатып: «Сен, жигит, коммунистсиңби?» - деп сурады. Мен коммунисттикке кандидат болуп өткөнүмө бир жарым жылдан ашык убакыт болгонун, азыр ошол кандидаттык стажымдын мөөнөтү өтүп жатканын айтып, ал мөөнөттүн узарып кеткендиги болсо, райондук партия комитетиндегилердин кароосуна байланышкан иш, аны райком өзү чечет деп түшүндүрдүм. 1-катчы мага дейре автобазада бир канчалаган башкы инженерлер иштегенин, алар жоопкерчилигин жакшылап өздөштүрө албай, бат-бат которулуп кетип жатканын маалымдады. Мени колдогон макулдугун берип, ишиме ак жол калап, колумду кармап коштошуп жатып, алдыда турган кызылча ташуу сезонуна талаптагыдай даярдык көрүү жагын суранды. Ага ырахмат айттым да, чыгып кеттим.

Автобаза республикадагы базалардын чоңу, автомашиналардын саны боюнча үчүнчү орунда экен. Кийин бизден жүргүнчүлөрдү ташуучу автобаза жана Новотроицк автобазасы болуп эки автобаза бөлүнүп чыкты.

Ошол убакта Союзда Министрлер Советинин төрагасы А.Н.Косыгиндин жетекчилиги менен, өнөр жайды өнүктүрүү максатында, жаңы реформа жүрүп жаткан эле. Автобазаларда жаңы экономикалык стимулдаштырууга өтүп, агрегаттык-участкалык ыкманын негизинде иш жүргүзө башташкан болучу. Бизде бир канчалаган участкалар түзүлүп, жумушчулар, инженер-техникалык кызматкерлер өтө кызыгуу менен иштешип, иштеген эмгегинин үзүрүн көрүп, айлык акылары тез көбөйүп, автомашиналардын ишке чыгуу коэффициенти да кескин жогорулай түшкөнүн сездик.

Автобазанын начальниги Аскар Стакеев өз ишин жакшы билген, улуу-кичүүгө бирдей мамиле жасаган акылдуу жигит эле. Экөөбүз бат эле бирибизди бирибиз түшүнүп, ишенимдүүлүк менен иш жүргүзө баштадык. Менин ишиме кийлигишпей, өз алдынча иштешкен шарт койду. Алдын ала пландаштырган иш-чаранын негизинде, май айында өтө турган техникалык кароого, ошондой эле сентябрь айында боло турган кызылча ташуу сезонуна биринчи эле ишке кирген күнүмдөн мыкты даярдык көрүүгө басым жасадым.

Күндөрдүн биринде, Аскар экөөбүз өзүбүзчө сүйлөшүп, кызылча ташууда кузовдордун санын көбөйтүүнү колго алалы деп чечтик. Ал мага ишенгендик менен: «Өзүңдүн мурда иштеген райондоруңа барып, колхоздордо, мекеме-ишканаларда таланып кеткен, жараксыз деп чыгарылып, көрүнгөн жерде, көчө бойлорунда же үйлөрдүн алдында жаткан, рамасы эле калган автомашина, прицептерди эмне болсо да (сатып алуу, жүк тартып берүүгө макулдашуу жолдору менен ж.б.) чогултуп алып келип, базадан кызылча тартканга жарактуу прицептерди даярдайлы», - деп сунуш киргизди. Мен Кочкор, Ак-Талаа, Тогуз-Торо райондоруна үч жолу барып, бир канчалаган прицеп жасоого жарактуу рама, кузовдорду, эски айыл чарба техникаларынын прицептерин жөнөтүп турдум. Базада атайын прицептерди курай турган үч бригада түздүк. Ошондой жол менен май айынын аягына чейин бат эле 47 прицеп даярдадык. Жалпысынан алганда, сен-

тябрь айына чейинки убакытта 80ден ашык прицеп даядап, кызылча ташууга талаптагыдай камдандык.

Райкомдун мурдагы 1-катчысы И.К.Зарубин Москва шаарына ишке которулуп кетип, анын ордуна жаңыдан 1-катчы болуп Андрей Борисович Дядюченко шайланды. Мен дагы КПССтин мүчөсү болдум. Жаңы катчы келгенден кийин бир аз мезгил өтөөрү менен, август айынын аягында, райкомдун бюросунда биздин кызылча ташуу өнөктүгүнө көргөн даярдыгыбызды угуп, жетишкен жагыбызды да, кемчилигибизди да көрсөтүп, тийиштүү токтом кабыл алышты.

Ошентип, республикада кызылча ташуу өнөктүгү башталып, райкомдун 1-катчысы А.Б.Дядюченко өзү кызылча төгүүчү пунктта ар күнү түнкү саат 11-12лерде чогулуш өткөрүп, бул ишке күнүнө канча машина чыгып, алар канча тонна кызылча тартып жатканын айтып, ошол эле учурда, республика боюнча алганда, кайсы автобаза канчанчы орунда кетип баратканынан да маалымат берип, ар бирибиздин - колхоздордун, кант заводдорунун жана автобазанын жетекчилеринин отчетторун угуп, жалпы өнөктүктүн конкреттүү жыйынтыгын чыгарып турду.

Ноябрь айынын ичинде кызылча ташуу өнөктүгү аяктап, биздин автобазабыз республикадагы автобазалардын алдына чыгып, биринчи орунду ээледик.

1967-жылдын 20-ноябрында бизге Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы АкматбекСүттүбаевич Сүйүмбаев келип, чоң майрамдык салтанат болуп, республикада кызылча ташууда биринчи орунду ээлегенибиз менен куттуктап, өтмө Кызыл Тууну жана акчалай сыйлыгын тапшырды. Ошол эле салтанатта автобазанын аккумляторчусу Сущев Степан Захаровичке согуш убагында ээсин таппай унутулуп калган эң ардактуу күжүрмөн сыйлыгын - Советтер Союзунун Баатырынын алтын жылдызын кошо тапшырды. Чогулушта чыгып сүйлөгөн жумушчу-кызматчылар, автобазанын коллективинин бул ийгилиги алдын-ала көргөн ишкердүү даярдыктын үзүрү экендигин баса белгилөө менен, менин дарегиме да жүрөк кубанткан жылуу сөздөрдү айтышып,

мурда башкы инженерлерибиз токтоочу эмес эле, эми, буюрса, жакшы адиске туш келип, ак жолубуз ачылды деп, ой-көңүлдөрүндөгүнү ачык билдиришти.

1968-жылдын башында райкомдун 1-катчысы А.Б.Дядюченко өзүнүн кабинетине чакырып, райондук комсомол комитетинин 1-катчысы болуп иштөөнү сунуш кылды. Алдын ала республика комсомолунун Борбордук Комитетинин катчылары менен сүйлөшкөнүн, алар да менин кандидатурамды бул кызматка сунуш кылып жатышканын айтты. Мен, Андрей Борисовичке бул райондо негизинен орус калкы басымдуулук кылаарын, жаштар менен иштөө оңой-олтоң жоопкерчилик эмес экендигин, анын үстүнө кыргыз райондордо иштеп келгенимди, орус тилин терең билбегенимди, ал эми мындай олуттуу жагдайлар ишиме көп кыйынчылык алып келе тургандыгын түшүндүрдүм. Кыраакы киши эмеспи, ал өзү дагы комсомолдун Фрунзе обкомунда иштегенин, жаштар менен иштөө эң кызык, чыгармачылыкты талап кылаарын айтып келип: «Келечекте саясий ишке аралашасың, сага мен өзүм жардам беремин, бат эле өздөштүрүп кетесиң, коркпой иштегин, жакында райондук партиялык конференция болот, анда сени бюро мүчөсү кылабыз», - деди. Мен ойлонуп туруп, макулдугумду бердим.

Ошол эле күнү Фрунзеге барып, комсомолдун Борбордук Комитетинде иштеп жүргөн жолдошум Осмонкул Сариевге жолуктум. Болгон иштин жагдайын айттым. Ал Москва райондук комсомол уюмуна кадр тандоо учурунда, Кыргызстан КП БКда комсомолду тейлеген Кутпа Бакировна Орозбаевага комсомолдун Борбордук Комитетинин ошол кездеги биринчи катчысы Сагын Наматбаев менен бирдикте, менин кандидатурам эбактан бери эле комсомолдун Кочкор райкому аркылуу даярдалып келгенин, биринчи катчылыкка даяр кадр деп сунушташканын маалымдады. «Коркпой иштей бер», - деп, Осокем көңүл тынчыткан кеңешин берди.

Ошентип, 1968-жылдын 12-январында райондун комсомол уюмунун конференциясында биринчи катчылыкка шайланып, иштеп калдым. Андан кийин, ошол эле

айдын аягында райондук партконференцияда райкомдун бюро мүчөсү болуп шайландым. Менин ишиме жетекчи кылып партиянын райкомунун үчүнчү катчысы Клавдия Лаврентьевна Фитосенкону бекитишти.

Комсомолдук иште 1971-жылдын 1-сентябрына чейин иштедим. Совет заманында жашап калгандар билет, дегеле комсомолдун кийлигишпеген тармагы жок болчу. Учет, отчеттон тартып, ар бир баштапкы уюмдун, айрыкча, мугалим, пионер вожатыйларга таянуу менен мектептердеги (райондо 46 орто мектеп бар эле) баштапкы комсомолдук уюмдардын иштерин чыңдап, түздөн-түз өндүрүш тармагында - колхоз-совхоздордо, мекеме-ишканаларда комсомолдун уюштуруучулук-лидерлик ролун жогорулатып, ошол учурдун талабы боюнча, жаш жумушчу-колхозчулардын эсебинен комсомолдун катарын өстүрүүгө өзгөчө көңүл бөлүп турдук. Мектепти бүткөн жаштарды класс-классы менен өндүрүшкө калтырып, саанчы, малчы, дыйкан-механизатор ж.б. багытта иштегендердин резервин көбөйтүү максатында, колхоздордун сүт-товар фермаларында, талаачылыкта комсомолдук-жаштар бригадаларын уюштуруп жаттык. Аларга тиешелүү социалдык-маданий шарттарды түзүп берүүгө да эң көптөгөн уюштуруучулук аракеттер жасалды. Маселен, «Красный Октябрь» колхозунун башкармасы В.К.Скрыник райондук масштабда белгиленген жаштар иш-чараларын өткөрүп туруу үчүн атайын чоң стадион курдурууга жетишти, металлоломдон түшкөн акчаны аларга которуп берип, райондук парктын ичине комсомолдун беш орденинин сүрөтү түшүрүлгөн кооз эстелик да тургуздук.

Мектеп жаштарынын арасында өткөрүлгөн Бүткүл союздук «Зарница» оюнуна районубуздун эки мектеби: Полтава жана «Красный Октябрь» колхозундагы №1-мектептердин окуучулары катышып, биринчи орунду алып келишти. Райондук аскер комиссариаты менен бирдикте армияга чакырылуучу жаштардын арасында иш жүргүзүп, республикалык деңгээлде белгиленген шарттар, көрсөткүчтөр боюнча алдыңкы орунду ээлеп тур-

дук. Спорттук мелдештерде, жогорку окуу жайларына өтүүдө да райондун жаштарынын көрсөткүчтөрү жогору болду. Чоң-чоң майрамдарда жаштардын күчү менен Мекенди жан-дили менен сүйгөндүктүн, ар кандай патриоттук демилгелерди колдогондуктун мисал-үлгүсүн көрсөтүп, партиянын жүргүзүп жаткан саясатын даңазалап, аны иш жүзүнө ашыруудагы алардын ролун чагылдырган ураан-чакырыктар, плакаттар, туулар менен райкомдун алдында, стадиондо митинг өткөрүү жакшынакай салтка айланды. Атүгүл районго бөлүнгөн менчик автомашиналарды эмгектин алдыңкыларына бөлүштүрүүнү комсомолдун баштапкы уюмдарынын катчыларынын катышуусу менен жүргүзүүгө жетиштик. Бир сөз менен айтканда, кандай гана иш-чара өткөрүлбөсүн, жаштар уюму катышпастан чечилүүчү эмес.

Күндөрдүн биринде, райондук партиялык конференция боло электе эле, А.Б.Дядюченконун ордуна Калинин районунун айыл чарба башкармасынын начальниги болуп иштеп келген Б.К.Куловду алып келип шайлашты. Анын келишин көп жылдан бери иштеп жүргөн кээ бир «тиштүү» башкармаларыбыз жактырбай, кабыл албоого аракет жасашты. Өзгөчө, «Красный Октябрь» колхозунун башкармасы В.К.Скрыник: «Бул район - орус району, ошондуктан, биздин ишибизге жетекчилик кылуу үчүн орус улутундагы кадр керек», - деп ачык эле айтып чыкты. Бирок, ар кандай талкуудан кийин, Борбордук Комитеттин сунуштоосунун негизинде, Б.К.Кулов райкомдун биринчи катчысы болуп иштеп калды.

Чындыгында, районубуздун бардык тармактарын башкаргандар орус улутундагы кадрлар эле. Кыргыз улутунда болгону 1-катчыбыз Б.К.Кулов, винсовхоздун директору Б.Жаркынбаев, Карл Маркс атындагы колхоздун парткомунун катчысы Б.Мамбеталиев, райондук комсомол комитетинин 1-катчысы мен, анан колхоз бригадирлеринин ичинен бир кыргыз, бир карачай жана бир казак улутундагы гана кадрлар иштөөчү.

Жаңы 1-катчы Б.К.Кулов акырындык менен мекеме-ишкана, колхоз-совхоздордун жетекчилерин кыргыз

улутундагы кадрлар менен алмаштыра баштады. Райондук элдик көзөмөл комитетинин төрагалыгына Байботоевди, ички иштер бөлүмүнүн начальниктигине Ч.Сагынбаевди, ошондой эле райондун прокурорлугуна кореец Кимди дайындап, колхоздордун башкы зоотехниктерин, бригадирлерин, мекеме жетекчилерин, мектеп директорлору менен алардын орун басарларын толук бойдон кыргыз улутундагы кадрлар менен алмаштырып, мындай көрүнүш райком, райондук аткаруу комитетинин мүчөлөрүнүн курамында да орун алды.

Мен мурда иштеген райондорго салыштырмалуу, бул жерде күчтүү, эч нерседен тартынбаган, ар качандан бир качан өзүн-өзү сындоо маселесин курч коюшуп, кетирген кемчиликтерди коркпой-үркпөстөн бетке айтууну адатка айланткан жетекчилер да, катардагы адис-кадрлар да арбын эле. Маселен, андайлардын башкы сабында: В.К.Скрыник, В.А.Попов, Тупота, Жаркынбаев, Оленич жана башкалар болгондугу жакшы эсимде калыптыр.

Азыр ойлосом, Москва районунда иштеген мезгилим келечек тагдырым үчүн өзүнчө эле бир чоң мектеп болуптур. Бул жерде чоң саясий такшалуудан өткөн экемин. Ага чейинки иштеп келген райондордогу кырдаалчөйрөгө талдоо жүргүзсөм, аларда, мейли, обкомдо болсун, мейли, райкомдордо болсун, көпчүлүк кадрлар сен мага тийбе, мен сага тийбеймин деген принципте иш жүргүзүшкөнү бештен белгилүү нерсе болучу.

## Москвага барбай, Алматыдагы Жогорку партиялык мектепке окууга кеткеним

Москва районунан аты республикага таанылган көптөгөн мыкты, келечектүү жаш кадрлар өсүп чыкты. Алардын катарында: Бейшеев, Г.С.Скляная, М.Нелюбов, Борис Григорьевич Бажан, К.Хубиев, Б.М.Полещук, Богданов, Попов, М.Димитриенко, Зоя Молдобаева, Б.Красноборoдко, Д.А.Головко, С.Шелосанов, АИсмаев, Г.Г.Бажан жана башкалар бар эле.

Ал мезгилде Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин бюро мүчөлөрүнүн бирөө Чүйдүн борборго жакын райондоруна куратор катары бекитилип, дайыма районубузда болуп жаткан иштерге кийлигишип, ал боюнча БКга маалымат берип, уюштуруучулук-багыттоочулук максаттагы практикалык жардам-көмөктөрдү көрсөтүп туруу башынан бери эле салтка айланып калган. Биздин андай кураторубуз республиканын Министрлер Советинин төрагасынын орун басары, Тышкы иштер министрлигин жетектеген Сакин Бегматова эже боло турган. Бул эже өтө кыраакы, акылдуу, оор басыргыктуу, партиялык ишти терең билген, патриоттук жигери бар сезимтал, аялзатына таандык өзгөчө жакшы сапаттарга ээ болгон кайталангыс адам эле.

1968-1969-жылдардын иш жыйынтыгын талкуулаган райондук партиялык конференция учурунда, эже мени өзүнө чакырып: «Сенин аскердик-патриоттук багытта жүргүзгөн иштериң жакшы, мактоого татырлык болуп турганда, Москвадагы Жогорку аскердик-саясий академияга барып окуп келбейсиңби? Мен сенин кандидатураңды БКнын бюросуна сунуш кылып, бекиттирип бергенге жардам кылайын. Анда эки жыл окуйсуң, үй-бүлөңдү да ала барасың, бардык шарттар түзүлөт, квартира берилип, балдарыңдын бала бакча, мектеп жагынан муктаждыктары болсо, чечилет, жогорку стипендия аласың. Окууну бүткөндөн кийин Орто Азия аскер округуна келип, экинин бири - эң жок дегенде, командачыга саясий иштер боюнча орун басар болуп каласың, дагы бара түшүп, республиканын Аскер комиссариатына которулуп, ошол жерде иштейсиң», - деди. Мен анда: «Эже, бул маселе боюнча үй-бүлөм, ата ордуна карманган бир тууган агам менен кеңешип, ошондон кийин сизге жообумду айтайын», - деп убада бердим. Бирок, Москвага барып окуу туурасында агама да кеңешпей, үй-бүлөмө да бир ооз айткан жокмун. Кайра эжеге барып: «Аялым оорулуу, эже, окууга барсам кыйналып каламын го?» - деп, жок жердеги шылтоону айтып, аргасыздан ушундай улуу кишиге калп айтууга туура келди. Ошону менен Москвадагы окууга баруу

жөнүндө ой эсимден чыкты. Кийин бул окуяны агам угуп алып, жаны кашайып тилдеп жүрдү.

1971-жылдын август айында Алматыдагы Жогорку партиялык мектептин кабыл алуу комиссиясынан эки адам келип, ал жакка барып окууга жолдомо алгандар менен аңгемелешүү өткөрүштү. Ошентип, мен Жогорку партиялык мектепке кабыл алынып, сентябрь айынан баштап Алматыда окуп калдым.

Кыргызстандын булуң-бурчунан партиялык мектептин эки жылдык жана төрт жылдык бөлүмдөрүндө жылына 60тан угуучу билим алчубуз. Казакстандын өзүнөн 400дөн ашык угуучу болсо, биздин республикадан баргандарды жана партиялык окуу жайдын өзүнүн персоналын кошкондо, бардыгы 600гө жакын угуучу жана окутуучу бар эле. Партиялык чогулуштун ордуна конференция өткөрүлөт. Марксизм-ленинизм классиктеринин чыгармаларын «казып» окуйбуз. Марксизмдин үч булагы жана үч составдык бөлүгүнөн тартып, социализмге чейинки жана социализм убагындагы коомдук формациялардын өнүгүү өзгөчөлүктөрү менен негизги экономикалык закондору, учурдагы дүйнөлүк коммунисттик жана жумушчу кыймылдардын саясий-революциячыл тенденциялары, айрыкча, КПССтин саясий түзүлүшү менен партиялык ишти уюштуруунун теориялык негиздерине чейин «жиликтеп» - талдаган сабактарга көп орун берилет. Жуманын эки күнүндө катары менен алты сааттан семинар өткөрүлөт.

Эки жыл бат эле өтүп кетти. Ушул аралыкта мен Жогорку партиялык мектептин аудитория-класстарында партиянын программасы менен уставына ылайык эртеңки ишине сергек караган билимдүү, ишкер коммунисттер топтору даярдалганына күбө болдум. Окууну бүтүп келип, партиялык кызматта иштеп жүргөн учурумда, ал жерден алган билимибиздин чоң пайдасын көрдүм. Көзүм ачылды. Ушундан улам айтып кете турган нерсе, мектептен окуганың - бир дүйнө болот экен да, а күндөлүк турмуштан көргөнүң - бир дүйнө болот экен. Көрсө, партиянын катарына эптеп ыгын таап, жулунуп кирип

алып (андайларды кой терисин жамынган карышкырлар деп койсок да ашыкча эмес), жер-жерлерде май талкандуу кызматтарды ээлеп, партиянын уставын, талаптарын бузуп, кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланып, коррупцияга баткан, өңчөй буйрукчул-тескөөчүлүк башкаруу жолуна түшүп алгандар, тилекке каршы, абдан эле аз эмес болуп чыкты. Эртедир-кечтир партиянын заманы да бүтүп, кайрадан башка мамлекеттик түзүлүшкө ээ болоорубузга андай чөйрөлөрдүн «кызыктарына» армансыз аралашып жүрүп бекем ынандым.

Партиялык окуу жайында өлкөнүн көрүнүктүү окумуштуулары, саясатчылары, маданияттын, искусствонун белгилүү ишмерлери, райком, шаарком, обком, Борбордук Комитеттердин катчылары, чет мамлекеттерден келген өкүлдөр, атүгүл мамлекет башчылары - президенттер (мисалы, Ирандын Президенти Резе Пехлеви) менен да үзгүлтүксүз жолугушуулар өткөрүлүп турду.

Жогорку партиялык мектепте Жумгалдан Асылбек Шаршеев, Кочкордон Азис Абдыкеримов мени менен бирге болуп, үчөөбүз бир группадан окуп бүттүк. Кийинки жылы эки жылдыкта Ж.Кожалиев, М.Исаков, Жумгалдан Совет Абдылдаев, Ат-Башыдан Арзыматов, ал эми төрт жылдык бөлүмдө биздин Тогуз-Тородон К.Тыйтаев, Жумгалдан А.Нышанов, Кочкордон Арыков, Ак-Талаанын Ак-Кыясынан Мукаш Жаманкулов жана башкалар окушту.

Окуунун башталышында Кыргызстандан баргандар биригип чогулуш өткөздүк. Жердеш угуучулардын башын бириктирип, ар кандай уюштуруу иштерине жетекчилик кылуу үчүн расмий эмес эле уюмдун президенттигине мени шайлап коюшту. Орун басарлар болуп Совет Абдылдаев, төрт жылдыктагылардын ичинен Ашым Нышанов ж.б. шайланышты. Чогуу ресторандан тамактанып, сүрөткө түштүк.

Бирге окугандардын ичинде Ашым өзгөчө куудул, атайы ойлоп таба албаган сөздү чукугандай тапкан, тамашакөй жигит эле. Ал, кээ бирөөлөр ойлонбой сүйлөп койсо, кийин алардын айтканын шылдыңдап, тимеле

боорунду эзген анекдот-азилге айлантып сала турган. Жамактатып ыр саптарын да жаза койчу.

Жалпы мектеп боюнча өткөн чогулуштарда Кыргызстандан баргандардын ичинен бирөөбүз чыгып сүйлөөчүбүз, ал үчүн атайы сөз берилүүчү, а дагы бирөөбүз президиумга шайланчубуз.

Ушуга байланыштуу бир окуяны эске түшүрө кетейин. Баарыбыз катышкан чоң чогулуш болуп, аны партиялык мектептин ректору Какимжанов башкарып калды. Чогулушту жаңы эле ачып, президиумга шайланууга биздин Кыргызстандан Кутулдабек Тыйтаевдин да фамилиясын атап жатып, Тыйтаевдин ордуна «Тайтаев» деп окуп алды. Дайыма менин жанымда сол жагыма Ашым, оң жагыма Кутулдабек отуураар эле. Фамилияларын окуп, президиумдан орун алгыла десе, Кутулдабек: «Алжыган казак чал, жадагалса, фамилияны да таза окуй албайт», - деп сөгүнүп кирди. Анда Ашым: «А бечара тогуз-торолугум, унчукпай эле чыга бербейсиңби?» - деп, реплика ыргытты. Аңгыча, Какимжанов президиумда отургандарды көз жүгүртүп санап алып: «Где Тайтаев?» - деп сурап калды эле, менин жанымдан Кутулдабек тура калып: «Я не Тайтаев, я - Тыйтаев!» - деп жооп берсе болобу. Какимжанов ачуусу келип: «Какая разница между Тайтаевым и Тыйтаевым, а ну-ка, выйдите, занимайте рабочее место в президиуме», - деди. Залда отургандар тоо кулагандай дуу күлүшүп, сандарын чаап каткырып калышты. Президиумга отурганы Кутулдабек ордунан туруп баратса, дагы Ашым: «А бечара тогуз-торолугум, жана эле айтпадым беле, сенин тыйтайганыңа караганда тайтайганың жакшы эмес беле?» - десе, жанымда отурган кыргыз, казак кайрадан дуу күлүп жибердик. Мен кошо жүргөндөгү Ашымдын ушул өңдөнгөн куудул сөздөрүн, жоруктарын, эгер жазуучулук жагым болсо, өзүнчө эле китеп кылып жазсам, окурмандар колдон колго өткөрүп талашып окуган эң кызык китеп болоор эле.

Ошентип, 1973-жылы август айында эки жылдык Жогорку партиялык мектепти бүттүк.

Ошол жылдын жаз айларында Кыргызстандын райондук, областтык партиялык комитеттеринин 1-катчы-

лары Алматы шаарына чакырылып, КПСС БК уюштурган кыска мөөнөттүү зоналдык семинарга катышканы келишкен эле. Ал семинарга Нарын обкомунун экинчи катчысы болуп иштеп турган Слюсарев Анатолий Тихонович да келген. Мен аны менен жолугушуп, учурашканы бардым. Сүйлөшүү учурунда, ал: «Сен Нарын обкомуна барып иштегин, мен сени БКнын партиялык-уюштуруу бөлүмүнүн башчысы М.Кабановдон сурап аламын, эгер мен сурабай койсом, партиялык мектепке кайсы райондон келсең, кайра эле ошол жакка жиберишет. Ал эми Нарынга баргандан кийин сенин перспективаң жөнүндө өзүм кам көрөмүн», - деди.

Мен макулдугумду бердим. Мурда Москва районунда комсомолдо иштеп жүргөнүмдө, кээ бир алтынчы, дем алыш күндөрүндө биринчи катчыбыз Андрей Борисович Дядюченко экөө райондун сонун-кооз жерлеринде эс алганда, мени кошо ала барып жүрүшчү эле. Ошондон улам, А.Т.Слюсарев мени жакшы тааный турган.

## Нарын обкомунда иштеген учур

1973-жылдын 9-августунан баштап Нарын обкомунун партиялык-уюштуруу бөлүмүндө инструктор болуп иштеп калдым.

Кийин Шейшен Искаков экөөбүз инспекторлук кызматты аткарып жүрдүк. Мен Тянь-Шань, Кочкор, Жумгал райондоруна жооптуу болуп бекитилип, Шейшен болсо, Нарын шаары, Ат-Башы, Ак-Талаа, Тогуз-Торо райондоруна инспекторлук кылды. Коммунисттерибиздин саны бирдей эле болучу.

Партиялык-уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Иван Афанасьевич Долгополов эле. Обкомдун жайгашкан жери адегенде автовокзалдын жанындагы төрт кабаттуу имаратта болуп, андан кийин азыркы жаңы курулган имаратына көчтү. Биз алдын-ала пландаштырылган тартип боюнча, тигил же бул райондук партиялык комитеттин ишин, болбосо, тигил же бул чарба же мекеме-ишкана-

нын парткомунун ишин жакшы же терс жактарын көрсөтүү менен обкомдун бюросуна каралчу маселе кылып даярдап келебиз. Андан тышкары, бизге жана жогорку партиялык органдарга түшкөн ачык же тоголок арыздарды текшерүү менен алекпиз.

Обкомдун биринчи катчысы Малабай Жунусалиев эле, экинчи катчысы болуп А.Т.Слюсарев, андан кийин И.А.Долгополов иштеп турду.

Ал учурдагы аткарган иштерге токтолуп, аны майдалап кагаз бетине толук түшүрүүнүн зарылдыгы деле жоктур, андыктан, кээ бир эсте сакталган орчундуу окуя-фактыларга гана көңүл бура кетейин. Чынында, ишибизде түркүн кыйынчылыктарга туш кылган адам тагдырларын иликтөө менен кылдат көңүл бурууну талап кылган турмуштук жагдайлар арбын эле болду.

Күндөрдүн биринде, И.А.Долгополов мени чакырып алып: «Жумгал райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары Калыя Кудайбергенованын үстүнөн тоголок арыз түшүптүр, ошону, пландуу иштериңди жүргүзгөнү барганда, кошо текшере келгиниң», - деп тапшырма берди. Андан тышкары, Жумгал райкомунун биринчи катчысы Карабай Жыргалбеков менен токой чарбасынын директору Бекиш Сейдалиевдин үстүнөн да тоголок арыз түшкөнүн, аны да текшере келүү зарылдыгы бар экендигин айтты.

Биринчи арызда: «Коммунизм» колхозунун башкармасы Кооман Кыдыралиев менен Калыя Кудайбергенова ойнош, айлыбызда «Калыянын колоту», «Калыянын ташы» жана башка деп, жерлерибиздин аттары да өзгөртүлүп айтыла баштады, Коомандын үй-бүлөсүн бузуп, элди көзүнө илбей, экөө эрди-катындай эле жүрүп калышты, мамлекеттик ишке кайдыгер мамиле кылышат, элибизди өздөрүнүн жүрүш-турушу менен бузуп бүтүштү, ушулар качанкыга дейре бул кызматтарда иштей беришет делип, бир топ-бир топ «фактыларды» көрсөтүү менен жазышыптыр. Командировкам бүтүп, Нарынга кайтаар алдында, райондук аткаруу комитетинин баштапкы партиялык уюмунун иши менен тааны-

шымыш болуп, эч кимге билгизбей Калыя Кудайбергенованын кабинетине кирип, учураштым. Ал чырайлуу, 50лөргө жакындап калган сулуу аял экен. Арызды алдына таштап, болгон жагдайды түшүндүрдүм.

К.Кудайбергенова тоголок арызды шашпай окуп чыкты да, мага карап: «Иним Мойдунов, бул жерде сен экөөбүздөн башка адам жок, жогорку арызда көрсөтүлгөндөй, көрүнгөн ташка, колотко жата калган аялдардан эмесмин, менин үйүм, жылуу төшөгүм бар, мен бой аялмын, ким менен жүрөмүн - ал менин өзүмдүн гана ишим. Мен дагы тирүү адаммын. Ал эми аткарган ишим болсо, жакшыбы, жаманбы, биздин районду тейлеген инспектор катары сага, областтык жетекчилерге жакшы маалым, ал жагын өзүңөр талдап, өзүңөр чечкиле», - деди.

Мен обкомго кайтып барып, арыздагы фактылар боюнча И.А.Долгополовго Кудайбергенованын сөзүн оозмо-ооз айтып бердим. Экинчи арызды текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча даярдалган справканы да тааныштырдым. Ал киши мени карап күлүп туруп: « Сен Жунусалиевге кирбей эле кой, мен өзүм кирип маалымат беремин. Арыздарды каттоодон алып таштаганга долбоорду даярда, мен кол коемун», - деп, Жунусалиевге кирип кетти.

## «Эки дөө кармашса, ортосунда бейажал чымын өлөт»

Ошол жылдары Кочкордо райкомдун биринчи катчысы болуп К.Базарбаев, экинчи катчысы болуп Тогуз-Тородон Турдубүбүш Абдыкеримова иштөөчү эле. Күндөрдүн биринде обкомдун биринчи катчысы М.Жунусалиев Кочкорго барса, аны Базарбаев тосуп чыкпай коет, ал жерден экөө өз ара бири-бири менен жаман-жакшы айтышып кетишет.

Мындай окуянын орун алышынын областтык деңгээлде тамырлаган өзүнчө себеби бар болучу. Анткени, ал учурда М.Жунусалиев менен облаткомдун төрагасы

К.Тыналиевдин мамилелери келишпей, ачык жана тымызын кармашуу, тирешүүлөр болуп турган. Ошол эле К.Тыналиев Базарбаев экөө Кыргызстан КП БКнын катчысы болуп иштеген досу А.Дүйшеевге таянып алышып, алардын тарабына обкомдун экинчи катчысы И.А.Долгополов да өтүп, баары өз ара кеңешип туруп, Жунусалиевди кызматтан кетирүү үчүн бир топ иштерди уюштурушту.

Чатактын башы төмөнкүдөй бир кичинекей турмуштук жагдайдан улам «старт» алган экен. К.Тыналиев Фрунзеден келе жатып, автомашинасы аварияга учурап, жамбашы сынат. М.Жунусалиев, бир жерде отуруп, өзү да байкабай: «Облаткомго ден соолугу мыкты киши керек болуп жатат», - деп айтып койбойбу. Аны угуп алып, Тыналиев дароо эле Т.Усубалиеге барып, болгонун болгондой «кабарлап» салыптыр.

Адегенде К.Базарбаев өзү менен иштеген экинчи катчы Абдыкеримованы Москвадагы Жогорку партиялык мектепке жөнөтүү үчүн жолдомо бердирип, Борбордук Комитеттин бюросунан бекиттирип, ал ошону менен Москвадан окуп калат. К.Базарбаев уюштурган «кызыктын» учугу дал ушул Абдыкеримова окууга узаган кырдаалга байланыштуу болуп, андан ары ал өзү күткөн «финал» менен уланат. Биринчи катчы өзүнүн «бакма» башкармаларына жашыруун буйрук берип, Абдыкеримованын Кочкордо жашаган сиңдисинин күйөөсү Тултемиров Абдыкадырдын үйүнө бир жылкыны байлатып, дагы бир башкармасын «райкомдун бюросунда Абдыкеримованын үстүнөн түшкөн арызды караганда» күбө катары кармап, ага: «Бир жылкы бересиң деген, берейин десем, кечигип алып келип калдым, окууга кетип калыптыр», - деп айттырып, Абдыкеримованы Москвада окуп жаткан жеринен КПСС БКга жиберилген райкомдун бюросунун токтомунун негизинде партиялык мектептен чыгартып, аны М.Жунусалиевдин карындашы деп, жок жерден жалган жалаа жабышкан.

Иш ошону менен бүтүп калбайт. Облаткомдун төрагасы К.Тыналиев Тогуз-Торо районуна өзүнүн тек-

шерүүчүлөрүн топ-тобу менен жиберип, аларга атайын тапшырма берип, «Кызыл-Жылдыз» колхозунун башкармасы болуп иштеген менин кайнатам Жылтыр Акимбаевди Жунусалиевдин агасы болот, колхозду мыйзамсыз жеп-ичкен деп күнөөлөтүп, ал эми «Бирдик» колхозунун башкармасы болуп иштеген бир тууган агам Тоту Мойдуновго да башкармалыгынан пайдаланып колхоздун байлыгын талап-тоногон деп жалаа жаптырып, экөөнү тең партиядан чыгартып, кайнатамды 7 жылга, агамды 4 жылга кестирип жиберген.

Ушундай эле каралоого Тянь-Шань районундагы Жданов атындагы колхоздун башкармасы Алымкулов кабылган. Ал окуянын «чечүүчү жери» мындайча болот. Колхозго өтмө Кызыл Туу тапшыруу салтанаты өтүп жаткан учурда, ошол жерден айылдык кеңештин төрагасы Бекжанов баш болгон топ алдын-ала сүйлөшүп алып, күн мурун тукуруп-көкүтүп койгон ээн ооз адамы аркылуу башкарманы сөктүрүп, ыза кылышат. Бирок, аны тиги немелер кайра тескери жагына айлантышып: «Алымкулов күнөөсү жок эле кишини токмоктоп, оор жарадар кылып салган», - деп, дароо алпарып ооруканага жаткыра коюшуп, анын жыйынтыгы менен эч күнөөсү жок башкарманы партиядан чыгартып, кызматынан алдырып, түрмөгө түшүрүшкөн. Конкреттүү териштиргенде, мына ушул адам бети чыдабас эң кыянат жоруктун өзү Бекжановдун Нарын шаарынын элдик көзөмөлдөө комитетинин төрагасы болуп иштеген Кабыл деген иниси аркылуу жасалган жогору жактагылардын «спектакли» болучу.

Ошол мезгилде бардык өндүрүш көрсөткүчтөрү боюнча Нарын областындагы райондордун ичинен алдыда жүргөн Тянь-Шань району болучу. Райкомдун биринчи катчысы А.Асаналиевди да болбогон эле жерден ушул Алымкуловдун «ишине» байланыштырып, кызматтан алышкан.

Ошентип, 1975-жылдын август айында Борбордук Комитеттин пленумунда «Жеп-ичүүлөр жана аны менен күрөшүү» маселеси каралган. Ага материал ката-

рында жогорудагы «фактылар» толук киргизилип, натыйжасы төбө чачты тик тургузган «чара көрүүлөр» менен аяктап, эч күнөөсү жок кишилер эле «тийиштүү» жазаларын алышты. Обкомдун биринчи катчысы М.Жунусалиевдин өзү да БКнын бюросунда кызматтан түшүрүлүп, анын ордуна Матен Сыдыков шайланды.

Ырас, мен обкомдо иштеп жүргөндө, кайнатам чынында эле: «Жунусалиев мени агасындай көрөт, уругу өйдөчөктү болот. Мен ага айтам, тапшырамын, Күкүндү (менин аялымды) үйүнө жиберип тур, катышып ал», - дей турган. Агамды партиядан чыгараар алдында, мен Жунусалиевдин үйүнө бардым, анын үйү Нарындагы Чкалов атындагы орто мектептин артында экен. Барсам, Малабай үйүндө болуп чыкты. Анын баягы контордогу сөөлөттүүлүгү жок, уктабаган, чарчаган кебетеси бар, кинолордо көрсөтүлгөн Гитлердин образындай калтырайт, сүйлөгөн сөзү да жайында эмес. Учурашып, бир аз отуруп сөзгө аралашкандан кийин: «Менин агамды партиядан чыгарбаңыз, өзүңүзгө факты кылып, агамдын, кайнатамдын жана башкалардын ишине аралаштырып байлашат да, өзүңүздүн кызматыңызга кол салышат», - деп ачык эле айттым. Анда ал: «ЦК эмне дейт? Анда көргөн чараңар ушулбу дебейби?» - деп оңурандап жооп берди. Мен башка сөз айтпай, анын үйүнөн чыгып, почтага барып, ортодо болгон сөздү телефон менен агама маалымдадым.

Көп узабай эле, Малабай өзүнүн катчыларын, бөлүм башчыларын чогултуп, мени да кабинетине чакырып: «Сен областтык коммуналдык чарбанын жетекчиси болуп иштегин, сени ошол мекеменин ишин чыңдайт деп жиберип жатабыз», - деди. Анда оозумду тартпай туруп: «Мен ал кызматтын окуусун окуган эмесмин, айлаңар кетип жатса, бир колхозго парткомдун катчысы кылып жибергиле», - дедим да, кабинеттен чыгып кеттим.

Мурдагы иштерим, партиялык жогорку окуу жайын бүтүргөнүм болуп, кийин обкомдун жооптуу кызматын-

да иштеп жаткандан кийин, андан төмөнкү баскычтагы кызматка жибере алышпастыгын түшүнчүмүн.

Ошол күндүн эртеси, агам Фрунзеге адилеттик издеп бара жатып, мага жолугуп, облаткомдун жетекчиси баштаган жогорудагы уюшулган топ Казармандан мурдатан машыккан арызчыны өздөрүнө тартып, ошол аркылуу арыз жаздырып, жалган жеринен партиянын катарынан чыгып калганын айтты.

Андан дагы кызыгы, Казарманда кайнатам Ж.Акимбаев: «Ушул арызды жазып жаткан Тоту, бардык былыкты ошол кылып жатат», - деп, күнөөнү агама карай оодара салбаспы.

Малабай тайыздык кылып, кыска ойлонуп, кайра анысын моюнга албастан, актангысы келгенби, айтор, агамды партиядан чыгарганы аз келгенсип, мени да обкомдун аппаратынан кандай жол менен болсо да кетирүүнү көздөп алыптыр. Ошондой ойлогонун жүзөгө ашырса эле, «кудасы» деп жүргөн Т.Мойдунов өзүнүн кудасы болбой калат, ал эми «агасы» деп жүргөн Ж.Акимбаев 1-катчынын агасы деп күнөөлөп киришчү болсо, анын да айласын табаармын, көрө жатаармын дегенби, - ал жагын билбейм. Иштен кечинде үйгө барсам, аялым ыйлап алган. «Сенин агаң арыз жазып жатып, менин атамдын түбүнө жетти. Эгер ал аны жасабаса, мындай акыбалга түшпөйт болучу», - деп ыйын токтотпойт. Көрсө, бул, ошол күнү күндүз Малабай аялымды үйүнө чакыртып алып, атайылап кылдат жасаган «обработканын» натыйжасы экен. Ал жерде Малабай кайнатам менен кызын көзмө-көз сүйлөштүрүп, баарылап отуруп тапкан айла-амалдары ушул болуп чыкты.

Аялымдын сөзүнө жооп кылып, агам өзү жаңыдан партиядан чыгып, акыйкаттык издөө үчүн Фрунзеге жөнөп баратканын айтып, орто жолдон анын атасын да, менин агамды да көрө албагандар кайраштырып, кара ниеттик менен мамилелерине чок салып, андай бети жок ишти бул жактан облаткомдун төрагасы К.Тыналиевдин тукуруусу менен Тогуз-Тородон Арстан Абдылдаев деген

шылуун уюштуруп жатканын түшүндүрүүгө аракет жасадым. Бирок, аялым укпайт, ыйлайт эле, ыйлайт да: «Ажырашамын, мен сени менен жашабаймын», - дейт. «Сенин атаң чолок ойлонуп жатат. Малабай сен экөөбүздү ажыраштырса эле, Мойдуновдор атаңдын кудасы эмес деп эч ким айтып жибербейт. Андан көрө, мындай жаман жоруктарды баштабай, ата-энеңе туурасын түшүндүр, бул - кыска ой жүгүртүү. Мунун арты жамандык менен гана бүтөт», - дедим мен чоң сабырдуулук менен. Андан ары да акылга чакырып: «Эл укса, уят болобуз. Атаң менен агамдын арыз жазышканынын чын-бышыгына жетели, чыдап тур, болоор-болбос иштен ажырашамын дегениң - жеңил ойлуулук. Үч баланын тагдыры эмне болот? Өзүң оорулуусуң, иштегенге бир адистигиң болбосо, балдарды кантип багасың? Ажырашып алып, үч бала менен ата-энеңдин үйүнө бир күн да бата албайсың. Жаман жоругуңду токтот, жөн жашайлы, Кудайдын жазганын көрөлү», - дедим.

Бир күндөн кийин, эчтемеден эчтеме жок эле, Малабай обкомдун партиялык-уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Анатолий Михайлович Орановго комиссия түздүрүп, үйүмө жиберет. Ал комиссиядагылар жашоо-турмушум менен таанышып көрүшүп, аялымдан, кошуналарымдан аркы-беркини терип-тепчип сурашып, обкомдун баштапкы партиялык уюмунда менин моралдык аброюма тийиштүү маселени ачыктан-ачык карамай болушту. Анда Жунусалиев күн мурун үйүндө аялыма даярдап берген текст боюнча жазылган - «моралдык жактан ыдырап бүткөн» жүрүм-турумумду ырастаган аялымдын арызы «негиз» кылып алынды.

Баштапкы партиялык уюмдун чогулушу болуп, комиссиянын жетекчиси арыз боюнча текшерүүнүн жыйынтыгын катышып отургандарга окуп берди. Анда комиссиянын жыйынтыгы: «Мойдуновдун жашоосу орточо экен, кошуна-колоңунан, аялынан сурамжыладык...» - деген «кириш» сөз менен башталат. Мен жөнүндө кошуналарым айткан калыс ой-пикирлерди окуганда, алар: «Ичкилик ичкенин көргөн жокпуз, дайыма балдарынын

мандайында болот, башка жакка түнөп, кечинде кеч келгенин да көрө албадык. Мээнеткеч, чарбачыл, ак көңүл, эртеден кечке дейре иште болот», - дешиптир.

Мага сөз беришкенде, мен: «Жашоо-турмушум эл катары эле, оорулуу аялым, балдарымдын бактылуу тагдыры үчүн жашаймын, алган айлыгымды, бир сомун коротпой, аялымдын колуна беремин, үйгө кызматтан кечигип келбеймин, эгер башка аялдар менен «ойноп» кетсем, көрсөңөр, уксаңар, аны айткыла. Же кызматымды аткара албай, иш боюнча мурун бирин-экин эскертүү алсам, аны да жашырбай айткыла. Менин маселемди карап, мунун бардыгын кызматтан кетирүү үчүн жасап жатканыңар кандай себеп, эмне менен байланыштуу?», - дедим. Обкомдун катчысы Т.Ишемкулов, А.М.Оранов, дагы үч-төртөө сүйлөштү. Ш.Искаков, К.Ниязов, М.Ботоканова, Б.Досоев, Ж.Маликова жана башка чогуу иштеген жооптуу кызматкерлер: «Биз эмне үчүн Мойдуновдун маселесин карап жатабыз? Эмне ылайыксыз иш жасады, түшүнбөй турабыз. Мындан башка карай турган маселе жокпу?» - деген сөздөрүн айтышты.

Партиялык-уюштуруу бөлүмүнүн башчысы А.М.Оранов: «Кеп Мойдуновдун аялынын арызданыусунда, ал бизге берген арызында «ажырашам» деп маселе койгон турбайбы, биз ошону карап жатпайбызбы», - деди. А.М.Оранов баягы Малабай үйүнөн аялыма жаздырып алган арызды бетине кармап, «үй-бүлөсүндөгү түзүлгөн шартка ылайык, Мойдунов иштеген кызматынан бошотулсун» деген редакциядагы токтомдун долбоорун сунуш кылып, колго салса, ага обкомдун кызматкерлеринен А.Оранов өзү, дагы башка 2-3 гана киши макулдук билдирип, калган кызматкерлер каршы кол көтөрүп, ошону менен «сунуш кылынган» токтомду өткөрө албай чогулуш жабылып, катышкандар өз-өз үйлөрүнө тарап кетишти.

Эртеси эртең менен саат 10до шаардык соттун төрагасы Советбек Айбашев өзүнүн конторуна чакырып алып, жашыруун сүйлөштүк. Советбек экөөбүз мурдатан эле жакшы санаалаш, үймө-үй каттташып, чай ичишип

жүргөн жолдоштордон элек. Ал мага: «Кечээ күнү Жунусалиев мени өзүнө чакырып алып: «Сен, жигит, обкомдун кызматкери Мойдуновдун аялы менен болуп жаткан жаңжалына ылайык, бир жуманын ичинде экөөнү сот аркылуу ажыраштырасың, числосун айтып, сотуңдун чечимин менин столумдун үстүнө алып келип коесуң. Мына, аялынын арызы», - деп мурдатан даярдатып койгон арызды колума берди. Мен ага: «Малабай Жунусалиевич, минткенибиз болбой калат го, эң жок дегенде, алты айлык мөөнөт ичинде ажыраштырсак, мыйзамга туура келет да?» - десем: «Мен айтып жатпайымбы! Эгер иштеймин десең, айтылган мөөнөттө ажыраштырып, чечимди алып келесиң!» - деди», -деп, тимеле каңырыгы түтөйт. Советбектен: «Эмне үчүн деп сурадыңбы?» - деп тактасам, ал: «Бир тууган агасынын жеп-ичкен иштери БКнын пленумунун материалдарына кирип, партиядан чыгарылып, кесилип, түрмөдө жатса, анын бир тууган инисин обкомдун аппаратында жооптуу кызматта кармап иштетүүгө болбойт», - деп Малабай айтканын маалымдап жатпайбы.

Ошентип, Советбек аялымды чакыртпай, эң жок дегенде, экөөбүздү беттештирбей туруп эле, соттун жыйынында каралды кылып, сыртынан эле «ажырашты» дедиртип, соттун чечимин айтылган күнүндө Жунусалиевдин өз колуна тапшырганын айтып келип, кийин: «Турмушта эмнелер гана болбойт?! Болсоң эле, обкомдун катчысы бол, Абий!» - деп өзү да каткырып күлүп калаар эле.

Бир аз убакыт өткөндөн кийин, обкомдун экинчи катчысы И.А.Долгополов өзүнүн кабинетине чакырып алып, мени сооротконубу же анын эки жүздүүлүгүбү, айтор: «Өзүң түшүнүп-билип эле турасың, Жунусалиев айла жок ушундай кадамга барды, барбаска чарасы да калган жок», - деп, мени кызматтан бошотуу жөнүндө обкомдун 1-катчысы М.Жунусалиевдин колу коюлган төмөнкү редакциядагы токтомдун көчүрмөсүн колума карматты:

## «ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**бюро Нарынского обкома КП Киргизии от 23 октября 1975 г. , протокол №35 &1 г.**

## О Т. МОЙДУНОВЕ

1. В связи с нездоровой обстановкой сложившейся в семье т.Мойдунова, освободить его об обязанностей инструктора отдела организационно-партийной работы обкома партии.

2. Принять к сведению заявление т.Мойдунова А. о том, что он примет меры к нормализации семейных отношений и будет жить с семьей.

**Секретарь**
**Нарынского обкома КП**
**Киргизии: - М.Джунусалиев»**

Обкомдогу ишимден бошоорум менен документтеримди колума алып, өзүмө тиешелүү кийим-кечемди чемоданга салып, балдарым менен коштоштум да, ошол жактан кызмат таап иштеш үчүн Фрунзеге жол тартып кете бердим.

Ал убакта балдарымдын улуусу Марат 12 жашта (1963-жылы туулган), Мурат 10 жашта (1965-жылы туулган), Руслан 7 жашта (1968-жылы туулган) эле. Алар үй-бүлөбүздө эмне болуп кеткенин анда түшүнүшкөн деле жок го. Балдарыма болгон ишти болгондой кылып айтканым менен, жогорудагыдай жосунсуз жорукка баары бир баа берип түшүнүшпөйт эле. Балким, кийин акылдарына келип, чоң эр-азамат болгондо түшүнүшөөр деген ойдо, ичимден сызып, алыска армандуу кете бердим. Апасы мени менен ажырашып, өз алдынча жашаган күндө да, атасыз балдар, биринчи кезекте, энесинин, анын тууган-туушкандарынын таасиринде болуп, алардын мени каралаган, жамандаган сөздөрүнө арбалып, түбөлүккө душман болуп тарбияланышпаса да, жүрөктөрүндө кан-

дайдыр өчпөй турган так калып, ал так кийин мага жасаган мамилелеринде качан болбосун өзүн сездирген жагымсыз түшүнүк-пикирдин көрүнүшү катары сакталып калган болуу керек деп жашоомдун аягына чейин ойлоно беремин.

Жашоодо адам баласы үчүн өмүр аз эле берилет экен, анын дагы гүлдөп, өркүндөп-өскөн бир сонун кырдаалында кыянат жолу менен тамырын соолткон дарактай өксүтүп, өкүнүч сазына терең батырган абийирсиз пенделерге кандай баа берсе болот? Чындыкка коошпогон иш жасап, эптеп «колдун кири» саналган мансабын сактап калуу максатында гана ар кандай айла-амал менен ак жүргөн бирөөнүн бактысын кыя чабууга баргандарды бу төшү түктүү жер үстү кантип чыдап көтөрөт да, ичээр суу, көрөөр күнү бүтүп, акырет-жайдын эшиги ачылган кезде ошол түбү калың жер асты аларды кантип чыдап батырат?

Бийлик дагы аракечтик, наркотиктей эле кумар, сойкулардын оорусундай оору, ага баш-оту менен байланган кээ бир бети жок бийлик ээлери адамдын убалынан, каргышынан, анын бала-чакасы менен жакындарынын көз жашынан коркпой, Кудайдын бар экенин да эстен чыгарып, күнүмдүк жалган «бактысы» үчүн гана жаман иштерге тартынбай бара беришет турбайбы. Аттиң, аттиң!

Жогоруда мага жана менин жакындарыма кыянаттык иш жасашкан М.Жунусалиев, К.Тыналиев баштаган жааттышкан топтор бийликтин «рак» оорусу менен ооруп, БКнын 1975-жылдын август айында өткөн пленумунун материалдарына киргизүү үчүн, алдын-ала даярдалган ыймансыз «сценарийдин» негизинде далай келечектүү адамдардын тагдырына балта чаап, жалган жеринен иштеген кызматтарынан четтетишип, партиядан чыгарышып, андан ары түрмөгө да кестирип жиберишти.

Азыркы учурда бийлик үчүн жүрүп жаткан аёосуз саясий күрөштөр дагы тукум куучулуктун бир түрү, бул оору - биздин ата-бабаларыбыздын мезгилинде жашаган кээ бир кландардан кылымдан-кылымга сакталып келе жаткан оорунун уландысы. Эгемендүү Кыргыз Респуб-

ликасынын «легендарлуу парламентинин» депутаты, атактуу хирург Мамбет Мамакеев бир жолу сессиянын учурунда сүйлөгөн сөзүндө: «Бир канчалаган, жүздөгөн кыргыз улутундагы адамдарга операция жасадым, операция учурунда алардын ичи тарлык, көрө албастыгын жараткан органдарын таппадым, эгер тапсам, кыргыздарды байыртадан келе жаткан - тукум куучулукка айланган мындай жаман кеселден түбөлүккө арылтуу үчүн, ошол эле жерден эч ойлонбой туруп кесип таштап, жок кылат элем», - деп айтканы эсимден кетпейт. Ырасында эле, ак сөз: ичи тарлык, көрө албастык, бийликке кумардануу сыяктуу оорулардан тоолук элибиз кайсы кылымдарда барып экинчи эстебестей болуп биротоло кутулаар экен?

Малабайдын абийирсиздиги, «Мойдуновдор кудасы», «Акимбаевдер агасы» деген «фактыдан» кутулуу үчүн гана жасаган көзү жок иши менин да эл катары түтүн булаткан бактылуу үй-бүлөмдү бузуп, бийликтин зордукчул күчү менен аялымдан, бала-бакырамдан ажыратып, эл көзүнө түшкөн үмүт-максаттуу келечегимден - ар качандан бир качан чоң жоопкерчилик менен аткарган кызматымдан ажыратты.

Баары бир Кудай бар экен!

Ошентип, мага жамандык кылгандар көп узабай эле жакшылык көрүшкөн жок, Кудайдын таразасына түшүштү!

## Түрмөдө жаткан агамды куткарып алуу үчүн жасаган аракеттерим

1976-жылдын январь айынан тарта Фрунзе шаарындагы №2-таксомотордук автобазада адегенде өндүрүш начальниги, андан кийин эксплуатациялоо кызматынын начальниги болуп иштедим.

Автобазабыз ал кезде азыркы тактай базарынын жанында болучу. Ал жаңы долбоор менен курулуп, Чыгыш өнөр жай зонасында жайгашкан жүргүнчүлөрдү ташуу автобазасынын жанына көчтү.

Менин милдетим жаңы түзүлүп жаткан базанын ичиндеги цехтерди, автомашиналарды токтотуп, ремонттоо зоналарын долбоордо көрсөтүлгөн станоктор, көтөргүч аппараттар, ар кандай зарыл приборлор менен жабдып, орноттуруу болучу. Техникалык, өрт коопсуздугун сактоо, стенддерди, плакаттарды даярдап, тийиштүү маалыматтар менен жаңыртып туруу да менин жоопкерчилигиме кирчү. Андай жумуштарды кыска эле мезгилде талаптагыдай бүтүрүп, коллективге камыр-жумур аралашып жаңы базада иштеп калдым.

Ошол учурда агам Тоту Молдовановканын түрмөсүнүн №1-колониясында мөөнөтүн өтөп жаткан эле. Агам Нарын түрмөсүндө 11 ай жатты. Ал эми Молдовановканын түрмөсүндө бир жылча отуруп калды. Ошентип, түрмөдө баш-аягы эки жылдай болуп, тергөөсү эле бир жылга созулду.

Агама жумасына эки жолудан, кээде үч жолудан барып учурашып, аны-мунуну сүйлөшүп келип жүрдүм. Мурда Москва районунда бирге иштеген жакшы санаалаш досум, ошол райондун ички иштер бөлүмүнүн начальниги Чоюнбек Сагынбаев (ал республиканын Ички иштер министрлигинен тартып, бир топ райондордо органдын жетекчилик кызматтарында иштеп жүрүп, азыр ардактуу эс алууда) өзү менен кызматташ жүргөн кыйышпас досу, ал убакта №1-колониянын начальниги болуп иштеген Гриша Бабенко менен анын конторуна алпарып, тааныштырды.

Г.Бабенко мага көп жардамын берди. Мындай окуяны айтайын. Бир жолу экөөбүз сүйлөшүп отурсак, мени колониянын ичиндеги дүкөнчү аял (анын аты-жөнүн эсимден чыгарып коюпмун, Таластан болучу) менен тааныштырып, ага: «Бул жигит эмне продукт алып келсе, муздаткычка сактап, агасы Мойдуновго берип турасыз, анан күн сайын кечинде бир бөтөлкө арактан ошол кишиге узатып коюңуз. Акчасын болсо, сизге өз убагында келип төлөп кетет», - деп дайындады. Колонияга кирип-чыкканга, күзөтчүлөрдү тейлеген өзүнүн орун басарын чакырып: «Кайсы убакытта келсе, киргизесиң, агасы менен сүйлөштүрүп турасың», - деп тапшырма берди.

Ушул Гришага айтып, агамды трактордун орундугун жасаган цехтен котортуп, колонияга кирүүчү дарбазаны ачып-жапкан (кнопка менен башкарган) жерге иштеттирдим. Анткени, агам өтө эле толук болчу, отуруп-турган кыймылы ага кыйынчылык туудурчу. Колониядагылар бирдей формада кийген кара кийимдин ордуна, өңү ошондой эле жакшы материалдан кийим тиктирип, алып барып бердим. Колониянын ичиндеги баягы аялдын дүкөнүнө тамак-аш жасап туруш үчүн иним Байдылланын кышкыга согумга союлган семиз уюнун бир санын киргиздирип бердим.

Күндөрдүн биринде, агам экөөбүз сүйлөшүп, анын Чубактын кунундай чубалган ишине акыйкат чечим табуу максатында, мен Москвага барып арызданууну чечтим. Андан мурда Нарын областтык сотуна, Кыргызстандын Жогорку сотунун коллегиясына кайрылып, ал үчүн атайын арыздын текстин даярдатып, агамдын өзүнө кол койдуруп, киргизип турдум. Бирок, баары эле биринин чечимин бири колдоп, биздики туура деп жооп берип жатышты. Республиканын прокуратурасындагылар болсо, жиберген жоопторунда: «Жөн эле биздин тынчыбызды ала бересиңерби, сот чектеген мөөнөттү толук өтөшүңүз керек, сиз кылган кылмышыңызга жараша кесилгенсиз», - дегенден башканы айтышпады.

Бир күнү, жаным чыдабай, мен республиканын Башкы прокурору Сатаровго кирдим. Ал кабинетинде тимеле жылан көргөндөй так түйүлүп: «Мени коркутканы келдиңби? Вот что, бардык иштерди жасап жаткан сен турбайсыңбы? Бизге тынчтык бербей, инстанциядан инстанцияга жазып жаткан сен экенсиң го? Пока не поздно, токтоткун! Болбосо, сени дагы каматып саламын!» - деп, үнүнүн бардыгынча кыйкырса болобу. Мен: «Агамдын эмне үчүн кесилип, түрмөдө отурганын, ал кимдердин курмандыгы болгонун териштирип, адам баласынын керт башы менен байланыштуу акыйкатсыз ишти чечет деп сизге келип жатпайымбы», - десем, дагы эле жоосундай опузалап: «Ал БКнын чечиминин негизинде кесилген, пленумдун материалына байланыштуу түрмөдө оту-

рат, биз болсок, болгону ошол чечимди аткарып жатабыз, өз мөөнөтү келгенде эркиндикке чыгат», - деп жооп берди.

Ошентип, биздин республикадагы жасаган аракетибиз эч жыйынтык бербесине толук көзүм жеткенден кийин, Москвага барып, андагы жогорку органдарга кайрылууну туура таптым. Москвага билет алып, самолетто суусамырлык Кеңешбек Молдалиев деген жигит экөөбүз чогуу учтук, жолдо катар таанышып калдык. Ал Киевдеги медициналык институттун аспирантурасын бүтүрүп, кандидаттык диссертациясын жактаганы бара жаткан экен.

Кеңешбек экөөбүз борборго түшкөндө түз эле Кыргызстандын өкүлчүлүгүнө барып, анын мейманканасынан орун алдык. Москванын адвокатурасынын коллегиясынан күчтүү деген адвокатка акча төлөп, агамдын иши боюнча материалдарды берип, СССР Жогорку Советинин Президиумуна, СССР Жогорку сотуна, союздун Башкы прокуратурасына бир канча көчүрмөдөгү арыз даярдатып алдым.

Эртеси ошол өкүлчүлүктө жооптуу кызматкер болуп иштеген кара-балталык Сталбек (фамилиясын унутуп калыптырмын) деген жигит аркылуу, мурда - И.Сталин заманында жана андан кийин да СССР Жогорку Советинин Президиумунун катчысы болуп иштеп, ал эми 1957-1972-жылдары СССР Жогорку сотунун төрагасынын кызматын аткарып келген, 1970-жылдардын башында Кыргызстандан СССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланган, Социалисттик Эмгектин Баатыры Александр Федорович Горкиндин телефон номерин жалынып-жалбарып жатып сурап билдим. Сталбек адегенде А.Ф.Горкиндин телефон номерин бербей жатып, анан мен иштин жайын толук түшүндүрүп айтып, анын негиздүү, союздук деңгээлде ар тараптан калыс көз менен талдап, териштирүүгө өтө муктаж таржымал экенине ынангандан кийин гана андай жигитчиликке жарашкан жакшылык жасоого макул болду. Бирок: «Телефон номерди кимден алганыңды эч кимге айтпайсың, башка жерден ба-

рып, көчөдөгү телефон менен сүйлөшөсүң», - деп эскерткен көрсөтмө берди.

Ошону менен Кеңешбекти ээрчитип алып, өкүлчүлүктүн бет маңдайындагы Кичи театрдын алдына барып, ал жерден көздөгөн кишиме толкундап-аптыгып телефон чалдым. Биринчи жолу чалганымда, трубканы Александр Федоровичтин кабылдамасында отурган Галина Алексеевна Выбшева деген секретарь кыз алды. Ага мен: Кыргыз ССРинин Москва районунан өзүбүз СССР Жогорку Советине депутат кылып шайлаган Александр Федоровичке келгенимди, ал киши депутаттыкка талапкер болуп көрсөтүлгөн учурда, жаштардын атынан мен анын ишенимдүү адамы болгонумду, бул жолу болсо, урматтуу мурдагы депутатыбызга жолугуп-учурашуу максатым бар экендигин кыскача маалымдап айтып, акырында: «Ал өзү деле билет», - деп кошумчалап койдум. Галина мага Александр Федорович СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели Н.В.Подгорныйга кирип кеткенин айтты да: «Кайра 10-15 мүнөттөн кийин телефон чалыңыз, келээри менен сиз жөнүндө кабарлап чыгамын, ушул телефонго чалсаңыз, анын өзүнө түз байланыштырып коемун», - деди.

Ал убакта Александр Федорович Н.В.Подгорный башкарган СССР Жогорку Советинин Президиумунун алдында юридикалык маселелер боюнча Мамлекеттик кеңешчи болуп иштейт экен. Аптасына үч күнү үч сааттан гана иштеп, ал жумуш графиги дүйшөмбү, шаршемби жана жума күндөрүнө туура келе тургандыгын билдим.

Арадан 15 мүнөт өттү. Кайра телефон чалсам, Галина Александр Федоровичке түз туташтырып берди. Мен учурашып, өзүм жөнүндө айтайын деп камданып баратсам эле, ал өзү: «Мага сиз жөнүндө айтты, маалыматжайыңызды билем, Москванын кайсы жеринен чалып жатасыз, партбилетиңиз жаныңыздабы?» - деп сурады. Мен жооп айтууга ашыгып: «Кичи театрдын эшигинин алдында турамын, ошол жерден чалып жатамын, партбилетим жанымда», - десем: «Кетпей тур! Азыр сага «Чай-

ка» маркасындагы баланча номерлүү машина барат, ошону менен келесиз», - дебеспи кайран киши.

Кеңешбек экөөбүз «Чайка» менен Кремлдин ичиндеги эки кабаттуу, куполу бар имаратка чейин чогуу бардык. Ал ошол жерде күтүп калды. Мени болсо, бир адам тосуп алып, партбилетимди текшерип көрүп, ээрчиткен бойдон экинчи кабатка лифт менен бирге көтөрүлүп, Александр Федоровичтин кабылдамасына алып келип, секретарына тапшырды да, өзү кайра арт жагына кетти.

Жана телефондон сүйлөшкөн Галина: «Сиз бул жерде отуруп туруңуз, же болбосо, мени менен жүрүңүз, Кремлдин ичин көрсөтүп чыгайын. Александр Федорович жарым сааттан кийин келет, сизди күтүп турсун деп кайрадан Подгорныйга кирип кетти», - деди. Мен Кыргызстандан Ысык-Көлдүн буркурап бышкан кызыл алмасынан, эки бөтөлкө бальзам жана ошол эле Ысык-Көлдүн эки форель балыгын ала чыктым эле, аны Галина Алексеевнага: «Булар Александр Федоровичке алып келген белегим эле», - десем: «Ал киши мындайларды албайт», - деп койду. Мен: «Бул - пара эмес, бул - өзү барып жүргөн райондон белек, мен ал кишинин өзүнө өзүм айтамын», - дедим.

Кремлдин ичин аралатып, ал жердеги жоопту кызматтарда иштеген адамдардын кабинеттерин көрсөтүп, Георгий залы менен жакшылап тааныштырды. Залдын чоңдугу, кооздугу бир укмуш, эшиктеринин туткалары алтын менен жалатылганбы, айтор, карап эле тургуң келет. Илинип турган люстраларынын шөкөттөлүшүнө да оозду ачып таң каласың.

Эстен кеткис таасирлерге бөлөнө түшкөн кайталангыс мүнөттөрдөн кийин, кайра артыбызга кайтып, кабылдамада күтүп отураарыбыз менен эле Александр Федорович өзү келип калды. Мен кол берип учураштым, өтө жөнөкөй ак дилин көрсөтүп, мээримдүүлүк менен кабыл алды. Бетме-бет отурганыбызда, Сары өзөн Чүйдүн Москва районундагы өзү тааныган адамдар жөнүндө, Кыргызстан жөнүндө жана дагы өзү кызыккан түрдүү-түрдүү маселелер боюнча сурап жатты. Мен анын бар-

дык суроолоруна жооп берип бүтүп, эмне үчүн мында келгенимди - агамдын ак жеринен кесилип, сокур саясатчылардын курмандыгы болуп түрмөдө отургандыгын кыскача баяндап айтып, мурдатан даярдап келген арызды алдына жылдырып койдум. Александр Федорович шашпай толугу менен окуп чыгып: «Агаңыз БКнын токтомуна кирип калган турбайбы», - деди да, алдында турган телефондун бир кнопкасын басып: «Анатолий Михайлович, сизге мен өзүмдүн Кыргызстандан келген кадрымды жиберемин, эртең кабыл алып, Кыргыз ССРинин прокуратурасына алып барган арызы боюнча протест жазып жөнөтүңүз», - деди. А өзү болсо, Грузияга, атууга өкүм кылынган бир адамдын ишин териштирүү үчүн кетип бара жатканын айтты да, мага коштошоор алдында телефон номерин берип, каалаган жерден чалып, сүйлөшө берсе боло турганын эскертти. Анан: «Эгер быяктан протест бараары менен агаңызды түрмөдөн чыгарышпаса, кайрадан СССРдин Башкы прокуроруна, мага арыз жазып жөнөтүп жибериңиз», - деди.

Эртеси СССРдин Башкы прокурору А.М.Рекунковдун наамына жазылган арызга адвокаттын даярдаган текстин тиркеп алып, анын иштеген жерине бардым. Москвадагы эң чоң, бийик имараттардын бири‌нде иштейт экен. Биринчи кабатында «Человек и закон» деген журналдын редакциясы жайгашыптыр. Башкы прокурордун кабинети жогорку кабатта болуп чыкты. Дароо эле кабыл алды. Арыз-материалдар менен бир сыйра таанышып көрүп, протест жазып: «Жакын арада агаңызды чыгарып беребиз», - деп ишенимдүү түрдө айтты.

Коштошуп сыртка чыктым. Сүйүнүп жөнөп баратып: «Калыстык Кыргызстанда эмес эле, Москвада - орус элинин элиталарында турбайбы! Эгер Кыргызстан өз алдынча өлкө болуп калса, анда алдуулар алсыздарды басып, агын - кара, карасын - ак кылып, бирин-бири жей турган ичи тар элден экенбиз го?» - деген алда немедей санаа чакырган ойго да чөмүлдүм.

СССРдин Башкы прокурору А.М.Рекунковдун элеси азыр дагы ар качан көз алдымда турат. Анын алп дене-

си буга дейре чоң киши деп эсептеп жүргөн өзүмдүн агамдан да эки эсе чоңдой болуп сезилди.

Биринчи, экинчи күндөрдөгү сүйүнгөнүмдү сөз менен сүрөттөп жаза албаймын. Кубанычым койнума батпай, агам мен Фрунзеге бараарым менен эле чыгып калат го деп сүйүнө бердим. Сүйүнгөнүмдөн, Кремлдин маңдайында жайгашкан ГУМдун жанындагы ресторанга кирип алып, Кеңешбек экөөбүз тойлодук.

Ошону менен Москвадан Фрунзеге келип, агама жолугуп, болгон ишти болгондой айтып бердим. Ал дагы сүйүндү. Көп узабай СССРдин Башкы прокуратурасынан биринчи протест келди. Анда: «Т.Мойдунов туура эмес кесилген, аны каралаган фактылар негизсиз болгондуктан, акталууга жатат», - деп айтылыптыр. Бирок, республикалык прокуратуранын жылмалаган протести менен агам түрмөдөн чыгарылбастан, иши андан кийин Жогорку соттун коллегиясында каралып, кароо мөөнөтү эки айга жылдырылып, антип-минтип дагы төрт айга чейин чоюп жатып алышты.

Мен кайрадан Москвага, А.Ф.Горкинге эки ирет телефон чалып, сүйлөшүп, булар чыгарбай жаткандыгын, мени Жогорку соттун коллегиясынын ишине катыштырбай коюшканын маалымдадым. Анан, ал өзү үйрөткөндөй кылып, жаңыртып арыз жазып, Александр Федоровичтин адресин көрсөтүү менен заказ кат түрүндө почтадан салып жиберүүгө туура келди. Ошентип, арызды жөнөтүп, агамдын түрмөдө жатканына бир жыл алты ай өткөндөн кийин, СССРдин Башкы прокуратурасы экинчи протести менен куткаруу керек деп ачык жазылган кагазын республикалык прокуратурага жибергенин мага билдиришти. Агам да, жолдошторум да: «Агаңдын артынан чуркап жүргөнүңдү республиканын прокуратурасы билет. Сен, иш аягына чыкканча, үйүңө түнөбөй, досторуңдун, башка тааныштарыңдын үйлөрүнө которуп түнөп жүргүн, балким, сага дагы кордук, зомбулук көрсөтүп жүрүшпөсүн», - деп эскертип жатышты. Мен да алар айткандай кылып, не бар, не жок деп кооптонуп, «сактануу» айла-амалдарын жасап жүрдүм.

Акыры, Москвадан жөнөтүлгөн протесттин негизинде агамды поселениеге чыгарышты. Совет көчөсүнүн аягындагы кирпич заводуна келип ишке орношкондо, өзүм барып, мурдатан тааныш директоруна сүйлөшүп, автопаркка улук диспетчер кылып которуп келип, ишке койдум. Көп узабай, СССРдин 60 жылдыгына байланыштуу амнистия чыгып, агам дагы поселениеден биротоло кутулду. Ошентип, 4 жылга кесилген агамдын ишинин артынан чуркап жүрүп, 2 жылда араң куткарып алдым.

«Ак ийилет, сынбайт» деген чын турбайбы! Акты - кара кылып, кара нерсени - ак кылган ошол кездеги бийликтин кумарпоздору, мурдунан алысты көрүүгө чаркы жетпеген мансапкорлордун уюшуп жасаган абийирсиз иштери мезгили келгенде маскара болуп журттун көзүнчө ашкереленди. Чындык чыркырап барып оң жагына чечилди. Агамдын иши 1985-жылдын 14-ноябрында Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин бюросунда каралып, кайра КПССтин катарында мүчөлүк укугун калыбына келтирүү жөнүндө токтом кабыл алууга аргасыз болушту. Ал эми республиканын Жогорку сотунун чечими менен мамлекеттин эсебинен түрмөдө жаткан аралыктагы айлык акысынын айырмасы төлөнүп берилип, кайрадан башкармалык кызматына барып иштөө сунуш кылынды. Ошондо да, айлык акысынын айырмасын өкмөттөн төлөтүп, бирок, ал түздөн-түз күнөөлүү кишилердин эсебинен төлөттүрүлгөн жок.

Агам болсо, кайрадан чарбалык кызматка барбастан, өзүнүн нукура кесиби болгон мугалимдик кесипти аркалап кала берди. Анан партиядан чыгарылып, ошончо жүрөк чыдабас азап-тозокторду тартып, 14 жылдан кийин гана партбилетин кайрадан колуна алышы - өзү жаш кезинен идея-иштерине жан-дили менен берилген Лениндик партиясыз жашай албастыгын дагы бир жолу далилдеп көрсөттү. Тилекке каршы, кээ бирөөлөр үчүн антип партиянын катарында жүрүш, тек өз керт башынын кызыкчылыгын көздөп, «кой терисин жамынган» айлаамал болгондугун да эки жерде эки төрт дегендей эле жакшы билип калбадыкпы.

Эки жыл түрмөдө отурган агам менен кошо кесилген Чөөбаскан, Кожомкулов Сатар, Кадыркулов Мешкендин үй-бүлөлөрүнүн тагдыры, алардын көргөн азап-тозоктору жөнүндө, ал эми мени жакшынакай жашаган үй-бүлөм менен болбогон жерден араздаштырып, көңүл сүйүп иштеген кызматымдан ажыратып, тирүүлөй атасыз калышкан балдарымда мен тууралуу туура эмес түшүнүк-ой жаратып, жүрөктөрүндө өчпөгөн жарат-так калтырууга алып келген пенделик кара ниеттик жөнүндө канча айтсак да, анын аяк-чеги түгөнбөс!

Агамдын жайын болсо, айттык. Ал жөнүндө дагы «Кыргыз маданияты» газетасынын 1991-жылдын 28-мартындагы№13-санына жарыяланган журналист Капарбек Токтошевдин «Той үстүндөгү кара булут» деген макаласын жана да «Советская Киргизия «газетасынын 1990-жылдын 13-апрелиндеги №85-санына жарыяланган журналист Е.Марченконун «Потерянные годы...» деген макаласын окусаңар, башка көз караштан иликтенген калган таржымалын толук түшүнөсүңөр.

Урматтуу окурман! Агам Тоту Мойдунов 2010-жылы «Турар» басмасынан жарыкка чыккан «От кечип жүрүп жашадым» деген мемуар китебинде өзүнүн түрмөдө отуруп, кандайча бошогондугун көрсөтө албагандыгынын себебин, ал китебинин текстин оозеки диктофонго айтып жаздырып, андан кагаз бетине толук түшүрүлбөй калгандыктан (ал текст өзүнүн көзү өтүп кеткенден кийин кагазга жазылгандыктан) жана да өзү ооруп, республикалык ооруканада дарыланып жатып, дагы бир канчалаган башынан өткөргөн окуяларды камтыган турмуштук эпизоддорду өз убагында мемуарында баяндап жетише албагандыгы менен түшүндүрүүгө болот.

## Кайрадан Казарманда. Үй-бүлөлүк жарашуу

1977-жылдын август айында Кыргызстан КП БКнын өнөр жай бөлүмүнүн башчысы Апас Жумагуловдун кабыл алуусунда болуп, өзүмдүн таржымалым менен то-

лук тааныштырып, агам жөнүндө да, өзүмдүн тагдырым жөнүндө да жашырбай айтып бердим. Кызмат жолумду улантуу үчүн Тогуз-Торо автобазасына жиберүүнү өтүндүм.

Апас Жумагуловичке жагдайымды негизинен туура түшүндүрдүм. Үч балам тирүүлөй жетим болуп, бир жылдан бери оорулуу энесинин колунда калганын, обкомдогулар бир болбогон нерсеге шылтоолоп, аялым менен ойдо жок жерден ажыраштырганын, шаардагы автобазада жакшы башталган карьерамды деле ойлобой, кайрадан барып үй-бүлөмдү сактап, балдарымды жетим калтырбай, жарашып жашаарымды айтып, андан ачык эле жардам сурадым. Апас Жумагулович да мени жетекчилик жана адамкерчилик сезим менен туура түшүнүп, Тогуз-Торо райкомунун биринчи катчысы Искак Субаналиевге ошол жерден телефон чалып, ага Тогуз-Торо автобазасына начальник кылып жиберип жатышканын айтты. Бирок, 1-катчы телефондон негедир макулдук бербей жатканын туюндум. Апас Жумагулович сөзүнүн аягында, бул маселе республиканын транспорт министри Хилимончук менен макулдашылганын, БКнын чечими да ал макулдашууга ылайык чыгарылганын билдирип, тигинден андай чечимди кыйшаюусуз аткарууну талап кылды.

Ошентип, БКнын берген кагазын колума алып, Казарманга барып, Субаналиевге кирсем, ал: «Бул дайындоого ГАПтын (Башкы автотранспорттук ишкананын) жетекчиси Жолдош Өскөнбаев макулдук бербей жатат», - деп жооткотту. Анда мен: «Эмне, кайрадан БКга барып, кагазын берип келейинби?» - десем, унчукпай калды. Көрсө, Казарманда иштеп жаткан автобазанын начальниги - областтагы белгилүү жетекчи Арун Ажиевдин баласы ошол Ж.Өскөнбаевге таякелик тамыры жагынан жакын болот экен.

Ошондой болсо да, эртеси Субаналиев автобазага келип,мени ага начальник кылып отургузду.

Ошол убакта аялым эки баласы менен атасынын үйүндө, бир балам өзүмдүн апамдын колунда эле. Кайна-

там, кайнагам, аялым өзү күнөө ким аркылуу кеткендигин таасын-так түшүнүшүп, ортодогу таарыныч-ачуулары сууп, Пушкиндин жомогундагы сынык тепшисин колуна кармаган бечара каарман сымал, жай-жайында өз оокаттарын өткөрүп жатышыптыр. Мен болсом, аялыма жолугуп: «Эми түшүндүңбү? Эми кайрадан келип жарашып, турмушубузду башынан баштайлы, мага аял табылбай калып, карайлап, арга кеткенден сага келип жарашып жатканым жок, балдарды жетим кылбай, балдарымдын келечек тагдыры үчүн ушундай чечимге келип жатам. Сенин ата-энең, менин ага-туугандарымдын ичинде мурдатан келе жаткан «эзелки кек», «сарт маселесин» жое албасак да, бардыгын турмуштун таразасына салып, өзүмдүн караманча ак экенимди элиме далилдеш үчүн да таарынычтарды эстен чыгарып, сени менен жарашышым керек», - дедим да, акыры аялым экөөбүз ынтымак-ымала чакырган бир сөзгө келип, жарашып алдык.

Ошентип, өзүм туулуп-өскөн жердеги автобазанын начальниги болуп 1980-жылдын августуна чейин иштедим.

## Москва Олимпиадасында. Биздеги коюн толгон сүйүнүч

Ушул жерден чегинүү жасап, ошол мезгилге таандык эстен эч качан чыкпаган бир көрүнүктүү окуя тууралында, учкай мүнөздө болсо да, окурманга баяндай кетейин.

1978-жылы, жаңыдан эле автобазага келип иштеген кезимден тартып, 1980-жылга чейин Тогуз-Торо райкомунун ал убактагы 1-катчысы Курманбек Абдыразаков менен бирге иштешип калдым. Ал, ага дейре өзүм мамиле түзүп иштешкен 1-катчылардын ичинен, жетекчилик парасатына жарашкан билимдүүлүгү, чечкиндүүлүгү, акылдуулугу менен айырмаланган, таза, патриот адам эле. Бир нерсени максат кылып алса, аны аткармайынча жаны тынбай, күнү-түнү менен иштеген, мамлекет-

тик ишти өз кызыкчылыгынан жогору койгон, мындайча айтканда, өзү «износ» болгончо каржалып иштеген мыкты кадрлардан болучу.

1980-жылы Москвада жайкы Олимпиадалык оюндар болуп өтпөдүбү. Мен мына ошол бүткүл дүйнө назар салган оюндарды өз көзүм менен барып көрүүнү максат кылып, андан бир жыл мурда эле биринчи катчыга кирип, ага жиберүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылууну туура таптым. Мен, кабинетине кирген убакта, маселени кабыргасынан коеюн деген ниет менен тике батынып: «Курманбек Абдыразакович, менин сизге келгенимдин себеби, өзүм комсомолдо да иштедим эле, мектепте, институтта окуган жылдарымда да спортко активдүү катышып жүргөм, андыктан, бир жыл мурда камынып, сизге Москвадагы Олимпиадага барганга, ошонун убагында отпуска алганга жардам берсеңиз экен деген өтүнүч менен кайрылып отурамын», - деп айтсам, ал киши ак дилинен күлүп: «Олимпиадага дагы бир жыл убакыт бар эмеспи, уруксат берген күндө да, ага мейман болуп катышчу билетти кайдан аласың?» - деди. Мен, отпуска алганга убада берсе эле, билетти республиканын комсомолунун Борбордук Комитети аркылуу ала турганымды билдирдим. Курманбек Абдыразакович кайра күлүп, колумду бекем кармап, айткан убакта отпуска берүүгө убада кылды.

Ошентип, мен 1980-жылы жайда өткөн Олимпиадага жолдомону, айткандай эле, республиканын комсомолунун Борбордук Комитетинен алдым. Ага мейман катары катышууга биздин райондон Кененбек Осмонов да барды.

Эми бул Олимпиаданын адам таң калгыдай эң жогорку деңгээлде уюштурулганын сүрөттөп жеткирүүгө болбойт. Ар бир 50-60 метр жерде, элдин арасында, өтмө жолдордо, туалеттин ичинде да милиционерлерге кездешесиң. Балмуздак, суусундук, таттуу саткан жерлерде бою да бирдей, өңдөрүн, көздөрүн да окшош кылып боеп алышкан, ошондой эле окшош кийинишкен сымбаттуу, сулуу кыздар тейлешти.

Олимпиаданын биринчи эле күнүндө биздин Кыргызстандан мылтык атуу боюнча Александр Мелентьев, узундукка секирүүдөн Татьяна Колпакова атаандаштарынын баарын жеңип өтүп, алтын медалга татышты. Бул күн оюндарды көрүп отургандардын ичинде «Кыргызстандын күнү» деп жарыяланды.

Кийинки күндөрдүн биринде марафондук чуркоодо Сатымкул Жуманазаров экинчи орунду ээлеп, республикалык команданын сыйлыктарын күмүш медаль менен толуктады.

Дагы бир күнү штанга көтөрүү боюнча курч өткөн мелдешке өз көзүбүз менен күбө болдук. Чындыгында, андагы сакадай бою сары алтын Каныбек Осмоналиевдин азаматтык эрдигине баа бербей коюуга болбойт. Каныбек менен аренага чыккан эки кореец жигит өздөрүнө үстөкө-босток штанга салмагын коштурушуп, ошол аркылуу Каныбекти утуп алууга аракет жасап жатышты. Трибунадагы менин жанымда республиканын штанга көтөрүү боюнча чемпиону Пак да отурган эле, бир убакта анын таймаш жүрүп жаткан арена тарапты тигиле карап: «Каныбек тигилерге силкип көтөрүүдөн уткузса да, бойдон ашыра жогору көтөрүүдөн аларды сөзсүз жеңет. Анткени, Каныбек намыска туулган өжөр жигит, көтөрбөй койбойт, анын кабыргалары сүбөөсүн тешип чыкканга чейин көтөрө берет. Сөзсүз жеңет, көрөсүз, Абий!» - деп ушунчалык ишенимдүү үн менен айтканы азыр да кулагымдан кетпейт. Ал айткандай эле, намыска туулган азаматыбыз атаандаштары сүрдөгөн эң оор салмакты тайманбай көтөрүп кетип, өзүнүн табигый балбандыгы менен артынан сүрөгөн толук кыргыз элин бүтүн дүйнөгө таанытты. Көрүп отурган биз баарыбызды зор кубаныч толкунуна бөлөдү.

Трибунада, биздин артыбызда, күйөрман катарында отурушкан Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин 1-катчысы Турдакун Усубалиев, республиканын Спорт комитетинин төрагасы Дөлөн Өмүрзаков, Кыргызстандын Москвадагы - СССР Министрлер Советинин алдындагы Туруктуу өкүлү Курманбек Аташев

менен бирге, кыргыз элинин намысына жараган Каныбек Осмоналиевди бассак-турсак да ооздон түшүрбөй кеп кылып, бири-бирибиздин колубузду кысышып, жүрөк толкуткан жакшы кабарды Ата Журтубуздагы тууган-туушкан, дос-тааныштарыбызга эртелеп жеткирүүгө дилибизде ашыгып жаттык. Сүйүнгөнүбүздөн, ресторандарда кыргыздын ушундай эр жигитинин ден соолугу үчүн баарылап тост көтөрдүк.

## Тажрыйба түрүндө уюштурулган чарбалар аралык ишканада

Кыргызстанда ал убакта эки райондо - Ош областынын Жаңы-Жол (азыркы Аксы) районунда, анан биздин райондо тажрыйба иретинде айыл чарбасын механизациялаштыруу жана электрлештирүү боюнча чарбалар аралык ишканалар уюштурулуп, алар жаңы чарбалык ыкмалардын негизинде иш жүргүзүп жатышкан.

1980-жылдын август айында мен Тогуз-Тородогу ушул айтылган тажрыйбалык ишкананын Башкы директору болуп дайындалдым.

Бул чарбалар аралык ишкананын жаралуу таржымалы ошол мезгилде КПСС БКнын айыл чарба маселелерин тейлеген катчысы М.С.Горбачевдун аты менен байланыштуу болучу. Анткен себеби, ал мурда Краснодар крайкомунун 1-катчысы болуп иштеп турган кезинде, дал ушундай чарбалар аралык ишкана уюштуруп, анын ишмердүүлүгү эң мыкты натыйжаларды жаратып, кийин Союздук өкмөт, КПСС БК тарабынан жактырылып, Бүткүл союз боюнча жайылтууга татыктуу деп табылып, башкалардын катарында, биздин республикада да биринчилерден болуп колдоого алынып жаткан демилгелердин биринен эле.

Чарбалар аралык ишканабыз «Кыргыз айыл чарба техника» бирикмесинин райондогу базасында уюштурулуп, ар бир колхоздо өзүнчө бөлүмчөсү түзүлүп, ал жерде анын башкармасы, инженер-техникалык кызматкер-

лери, слесарлары жана башка жумушчулары бар болуучу. Колхоздордун башкармалары заказчы, ал эми ишкананын Башкы директору подрядчы катарында биргелешип кызмат аткарып турчубуз. Бир сөз менен айтканда, жер айдоодон баштап, эгинди жыйнап, аны үрөндүккө тазалап, кампага төгүп, ошону менен катар эле, чөп, жүгөрү айдап, аларды жыйнап, силос жасап, туурап-майдалап бергенге чейинки иштерге жооптуу болчубуз. Ошондой эле механизациянын жардамы менен кашар-короолордогу кыкты чыгарып, жарма даярдоочу, гранул жасоочу цехтерди иштетип берүү да биздин милдетибизге кирчү. Күзүндө ар бир колхоздо 800 гектардан кем эмес коңтормо айдалуучу. Кыштын күнү кашарларга жол ачып, карды бульдозер менен күрөтүп берсек, жай келгенде кой кыркынды толугу менен уюштуруп, мындан тышкары, сүт-товар фермаларында саалган сүттү автоматтык жол менен атайын муздаткычтарга куюуга жардамдашчубуз.

Ошол убакта район боюнча жалпы айдалуучу аянтыбыз 11743 гектар эле, анын ичинен эгин 5853 га, көп жылдык чөп 3956 га, бир жылдык чөп 603 га, чөптүн ичинен - эспарцет 1674 га, беде 1582 га, аралаштырып себилгени 600 га, таза себилгени 150 га, жүгөрү 543 га (мунун ичинен 329 гектары силоско, 214 гектары данга), софлор 130 га, картошка 50 га, кызылча 14 га, жашылча 23 га жерге айдала турган. Ал эми парга - «эс алууга» калтырылган жер 1121 гектарды түзүүчү.

Жогорудагы иштин көлөмүн өз убагында талаптагыдай аткаруу үчүн бизде бардыгы 154 трактор болуп, анын ичинен К-700 маркасындагы 3, Т-150 маркасындагы 19, каз тамандуу 33, дөңгөлөктүү 98 тракторубуз бар эле. Эгин оруучу комбайндар - 36, трактор чөп чапкычы - 34, чөп таңгактагыч - 31, чөп тырмагыч - 15, КСК - 100 маркасындагы техника - 21 даанага жетип, дагы бир канчалаган трактордун соколору, культиваторлор, үрөн сепкичтер, малалар, чиркегичтер, үч суу насосу, үч С-100 бульдозеру, көптөгөн бензовоздор ж.б. эң зарыл техникалардын ар качандан бир качан оң абалда болуп,

өнөктүк иштерине тегиз катышуусуна жайдыр-кыштыр кам көрчүбүз. РТСтин базасында атайын жабдылган автопарк бар эле, анда көчмө жана стационардык ширеткичтер, токардык станоктор сыяктуу аппарат-аспаптар «тез жардам» кызматы өңдөнүп шашылыш жумуштарды кечиктирбестен аткарууга тартылаар эле.

Айыл чарбасын механизациялаштыруу жана электрлештирүү боюнча чарбалар аралык тажрыйба ишканасынын Башкы директору анда Кыргызстан КП БКнын жана партиянын обкомунун кадрдык номенклатурасында туруучу, аны БК менен макулдашмайынча кызматтан ала алышчу эмес. Бардык мезгилде райкомдун 1-катчылары менен тил табышып, жакшы иштештим. Адегенде - 1980-1982-жылдары райкомдун 1-катчысы Кыдык Байгазиев, андан кийин - 1982-1986-жылдары Кайып Калназаров менен ошондой мамиледе бирге иштөөгө туура келди.

1981, 1982-жылдар өтө катаал, кургакчыл жылдардан болуп, айдаган эгин аянтыбыздан бир килограмм да (!) түшүм ала алган жокпуз.

Көп учурда менин жанымда областтык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары Рим Сабирович Халимов чогуу болуп, акыл-насаатын, тажрыйбасын бөлүшүп, уюштуруучулук иштер боюнча баалуу жардамдарын көрсөтүп турду. Жер-жерлердеги механизаторлорго шарт түзүп, үй куруп берүү жөнүндө кам көрдүк. «Кызыл-Жылдыз» колхозунун азыркы Беш-Там участкасына 15тен ашык квартира, Ленин атындагы колхозго 10го жакын там курдурдук, калган колхоздорго да ошондой үйлөрдү курууну пландаштырган элек.

Ал мезгилде «Кызыл-Жылдыз» колхозунан механизатор Акеш Сагынбаев Ленин ордени менен сыйланды. Район боюнча дагы бир топ механизаторлор орден-медалдарды көкүрөктөрүнө тагынышты. Ленин атындагы колхоздон У.Тилекеев Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттыгына көрсөтүлүп, шайланды, иштеринен таанылган бир катар алдыңкы механизаторлорубуз райондук советтин депутаты, райкомдун мүчөлөрү болушту.



Атам Мойдун (Мойдун Кары). 1952-жыл.



Ата-энем, бир туугандарым менен. Солдон оңго: жеңем Данагүл, алдында - карындашым Кайрынса, апам Кашымкан, алдында - иним Байдылла, атам Мойдун, алдында - Паризат, Тажынса, агам Тоту, мен - Абий, эжем Саткын. 1952-жыл.



Жаштык чагым.



Мектепте спортко катышып жүргөн кез.



Бала чакта.



Казарман орто мектебинин 10«Б»-классынын бүтүрүүчүлөрү. 1957-жыл.



Мектепти бүтүп жатканда.
Экинчи катарда, оңдон солго:
алтынчы - мен, Абий.



Нарындан Фрунзеге барып,
Москвада өтүүчү өспүрүмдөрдүн
Спартакиадасына катышууга
укук алган тогуз-торолук жаш
суучулдар: Абий Мойдунов,
Молдоболот Субакожоев,
Молдоболот Калманбетов.
1956-жыл.



Казарман орто мектебинин 10 «Б»-классынын бүтүрүүчүлөрү 30 жылдан кийинки жолугушууда. 1987-жыл.



Казарман орто мектебинин 10 «А» жана 10 «Б»-класстарынын бүтүрүүчүлөрү 30 жылдан кийинки жолугушууда. 1987-жыл.



Классташтар 30 жылдан кийинки жолугушууда үй-бүлөлөрү менен. 1987-жыл.



Үй-бүлөм менен.



Солдон оңго: кайнатам Жылтыр Акимбаев, кайненем Тукей Алиева, Исагалы Айдаралиев аялы менен курортто. 1971-жыл.



Кайын журтум Сатардын тоюнда.



Ялта. 1967-жыл. Биринчи катарда, оңдон солго:
экинчи - жубайым Күкүн.



Менин үй-бүлөм жана оңдо - бажам Эркин Орунбаев.



Бажам Шайлоо Абылкасымов, балдызым Алма.



Ортончу уулум Мурат
(оңдо) досу менен.



Бажам Эркин үй-бүлөсү менен.



Оңдон солго: күйөө балам Токон, жээним Гүлнара, карындашым Салидат, күйөөсү Болот.



Улуу балам Марат (оңдо), бир тууган жээним Азиз.



Кудагыйым Мундук үй-бүлөсү менен.



Тууган-туушкандарым менен.



Республикага белгилүү атактуу балбан, бөлөм Абдыманап Кыдыршаев.




Курсташтарым менен Москвада. 4-курста. 1962-жыл.



Курсташтарым менен Москвада, ВДНХда. 1962-жыл.



Курсташ досум Мажик Акматов жубайы Уулкан менен.



Ташкент политехникалык институтунун грек-рим күрөшү боюнча балбандары Фрунзедеги политехникалык институтка жолдоштук беттешүүгө келгенде. Арткы катарда шляпачан - Аскат Абдылдаев, анын сол жагында - мен. 1959-жыл.



Студент кезде практика учурунда Москвадагы Лужники стадионунда. 1962-жыл.




Политехникалык институтту бирге бүткөн курсташтар.



Комсомолдун Москва райондук комитетинин
1-катчысы болуп иштеп жүргөндө.



Комсомолдун райком, шааркомдорунун биринчи катчылары менен. 1969-жыл.



«Зарница» оюнунун жеңүүчүлөрүнө байге тапшыруу.
Комсомолдун Москва райкомунда иштеп жүргөн кезим.



Комсомолдун райком, шааркомдорунун 1-катчыларынын курсунда.




Комсомолдун райком, шааркомдорунун 1-катчылары. 1970-жыл.



Комсомолдун Кочкор райкомунун 1-катчысы Осмонкул Сариев (солдо) досу менен. 1964-жыл.




Алматыдагы Жогорку партиялык мектептин Кыргызстандан барган угуучулары. Биринчи катарда, ортодо - мен, Абий Мойдунов. 1972-жыл.



Алматыдагы Жогорку партиялык мектепке
Кыргызстандан баргандар. 1972-жыл.



Алматыдагы Жогорку партиялык мектепте чогуу окуган жолдоштор.



Бир тууган карындашым Кайрынса.



Классташым, партиялык жетекчи кызматкер болуп жүргөн Турдубүбүш Абдыкеримова.



Партиянын Москва райкомунун 1-катчысы Бейшеналы Кулов.



Москва райондук ички иштер бөлүмүнүн начальниги, полковник Чоюнбек Сагынбаев.




Тогуз-Торо автобазасынын коллективи Октябрь майрамында. 1973-жыл.



Нарын областтык Башкы автотранспорттук ишканага баш ийген автобазалардын жетекчилери. 1973-жыл.




Нарын областтык партконференциянын делегаттары. 1980-жыл.



# Кыргыз ССР Жогорку Советинин XII сессиясында, биринчи жыйын 10 апрель, 1990-ж.





Кыргызстандын туңгуч Президенти А.Акаевдин шайланган учуру. 1990-жыл.



Сессия учурунда. Солдон оңго: Абыт Ибраимов, мен, Тынычбек Табылдиев.




Эгемендүүлүктүн алгачкы мезгилинде. Үчүнчү катарда - мен.



«Легендарлуу» парламенттин депутаттары. Солдон оңго:
мен, Темиркул Кошбаев, Абдылда Калдыбаев, Асан Кожомкулов.




Сессияда сүйлөп жаткан учурум.



Москва Олимпиадасынын чемпиону Каныбек Осмоналиев менен. 1980-жыл.




Агам Тотунун 60 жылдык маараке тоюнда. 1990-жыл.



Нарын обкомунун жооптуу кызматкерлери
Октябрь майрамында. 1975-жыл.



Тогуз-Торо райондук партконференцияда. Кайра куруу учуру.



Нарын областындагы автобазалардын жетекчилери.



Нарын обкомунун жооптуу кызматкерлери.



Ош областтык XXIII партконференциянын делегаттары.

Киев мединститутунун
аспиранты Кеңешбек Молдалиев
менен Москвада,
Кызыл аянтта. 1976-жыл.



Досум Шайлообек Мырзалиев
менен Алматыда, 1973-жыл.





Алматы. Досум Мажик Акматов менен.



Нарын областтык партконференциянын делегаттары. 1980-жыл.




«Легендарлуу» парламенттин депутаттары Жогорку Кеңештин 70 жылдыгында.




Жогорку Кеңештин 70 жылдыгында. Солдон оңго:
Абыт Ибраимов, экс-спикер Медеткан Шеримкулов жана мен.



Ялтада. Атактуу Ливадияда, 1975-жыл.



Казарманда. Солдон оңго: мен, иним Байдылла, кудам Бектемир Кожоев, агам Тоту жана кудам Бакыт.




Ысык-Көлдөгү санаторийде кудагыйым Насыйкат (ортодо)
жана анын бала-чакасы менен.




Неберелерим менен. 2011-жыл.



Агам Тотунун небересинин тоюнда.




Агам Тотунун небересинин тоюнда.



Үй-бүлөм менен тойдо.



Жубайым Бактыгүл, неберелерим Нестан, Асел менен «Супара» кафесинде.



Түркиядагы атактуу Босфор кысыгында паром менен саякатта.



Улуу балам Марат келинчеги Нуркамал менен.




Тогуз-Торо районунун 65 жылдык майрамында. 2001-жыл.




Тогуз-Торо районунун 70 жылдыгында. 2006-жыл.




Ортончу уулум Мураттын балдары: Дастан, Бермет, Ратбек.



Неберем Алтынай кызы Мээрим менен.



Жогорку Кеңештин депутаты Өмүрбек Текебаев менен.



Агам Тоту үй-бүлөсү менен.



Макмал алтын-кен комбинатындагы Нооруз майрамында.



Турдакун Усубалиев менен.



Макмал орто мектебинин мугалимдер коллективи.
Экинчи катарда, оңдон солго: алтынчы - жубайым Бактыгүл.



Алматыдагы Жогорку партиялык мектепте бирге окуган жолдоштор.



Жубайым Бактыгүл менен.




Неберем Дастан (солдон экинчи) орто мектепти бүтүрүп жатканда.



Жубайым Бактыгүл.



Өзүмдүн короомдо.



Ысык-Көлдө эс алып жүргөндө.



Журналист, КР маданиятына эмгек сиңирген
ишмер Мундузбек Тентимишев менен.



Ондон солго: жубайым Бактыгүл, балдызым Доктуркан, Жылдыз, бөлөм Рыспек. Октябрь, 2010-ж.



Жубайым Бактыгүл экөөбүз неберелер, кызым Аида, келиним Какен, күйөө балам Самат менен. Октябрь, 2010-ж.

Райондо ушунчалык кең алкактагы чоң иштерди аткарган чарбалар аралык ишкананы дагы өркүндөтүп-өстүрүп, анын жер-жерлердеги бөлүмчөлөрүн ушул кезге чейин сактап калганда, эртеңки күнү районубуздун элинин жашоо-тиричилигин жакшыртууга эң сонун өбөлгө болбойт беле деп ойлой берем. Тилекке каршы, бизден кийинки райондун жетекчилеринин ишкерсиздигинен, кайдыгерлигинен, бөлүмчөлөрдүн жер-жерлердеги майда жетекчилери техникаларды өздөрүн өздөрү билип сатып, талатып-талкалап жок кылышты.

Менин турмуш жолумда иштеген иштеримдин ичинен эң жооптуусу да, эң оору да ушул чарбалар аралык ишкананы башкарган кызматым болучу. Райондогу айыл чарбасына тийиштүү бардык иштердин 70-75%ындай көлөмүн аткарып турсак да, ар бир механизатордун, инженер-техникалык кызматкерлер менен борбордук аппараттагы кадрлардын иш-тажрыйбасын, билим-даярдыгын, жоопкерчилигин жогорулатуу аркасында жалпы иштен жүрүшүн өзүбүз күткөндөгүдөй - ойдогудай бийик деңгээлге жеткизе алган жокпуз. Муну моюнга алып коюу керек. Анын бир канчалаган объективдүү жана субъективдүү себептери болду. Ошого карабастан, кыска эле убакыттын ичинде эмгектин өндүрүмдүүлүгү кыйла даражага өстү. Биздин механизаторлорубуз эки жыл бою Ат-Башы районуна, Суусамыр өрөөнүнө дан эгиндерин жыйноого көптөгөн комбайндары менен барып жардам беришип, кубаттуу дөңгөлөктүү тракторлору менен күздүк коңтормолорду айдоодо да өтө чоң иштерди аткарып жүрүштү.

Чарбалар аралык ишкананы жетектөө учурунда, райондогу билимдүү, иш-тажрыйбасы жогору кадр, мурдатан башкармалык кызматта иштеп жүрүп, райкомдун 1-катчылыгына чейин көтөрүлгөн Кайып Калназаров менен чогуу эмгектенип калдым. Ал уюштуруучулук жумушка көзү каныккан болгондуктан, башкаруудагы бүт маселелерди өз колуна топтоп, чарбалардын кайсы тармагы аксап жатканын илгиртпестен биле коюп, ага кечиктирбестен зарыл чараларды көрүүгө аракеттенип турчу.

Экөөбүз жер-жерлердеги бөлүмчөлөрүбүздү күнүгө таңкы саат 5-6дан кечки 9га чейин тынбай кыдырып, иштиктүү чараларды кабыл алып, жардамга муктаж болгондорго өз убагында көмөк көрсөтүүнү салтка айлантып алганбыз. Сүйлөгөндө, тизмектештирип, ырааттуу, коосдоп сүйлөөчү. Бирге иштеген беш жылдын ичинде бул киши бир күнү да ооруп калганын көргөн жокмун, ден соолугу адам суктана тургандай абдан мыкты эле. Ошондой болсо да, ар бир адамдын жакшы менен кошо, терс, жаман жактары да илээшип жүрөт эмеспи. Ушуга байланыштуу бир-эки ооз сөз.

Бизди ар жыл сайын, тоют даярдоо учурунда, обкомдун бюросунда карап, башка райондорго караганда тоют даярдоо боюнча артта баратасыңар деп эле сындап жатып калышчу. Обкомдо иштеген кызматкерлер К.Калназаровду жакшы билген, тааныган кадрлар боло турган. Бюродо маселебиз каралган мезгилде, дайыма обкомдун бюросунун токтомунун долбоорунда мага карата: «кызматынан алынсын» же «катуу сөгүш жарыялансын» дегендей сөздөр жазылып, а райондун айыл чарба тармагын тейлеген жооптуу кызматкерлерине, 1-катчы К.Калназаровдун өзүнө чара көрүү жөнүндө эч кандай сөздөр жазылчу эмес. Мындай жагдай мени таң калтырып да коер эле.

Адегенде К.Калназаров менен мамилем жакшы боло турган, областтык айыл чарба техникалары боюнча бирикменин жетекчиси Артур Мац болуп арак-шарапты да бирге ичип калган учурубуз кездешчү. Кийин эле анын мага карата ой-пикири өзгөрүлүп, кандайдыр бир айлаамал, жол таап, мени кызматтан алуунун оңтоюн издей баштады. Аны өзүм деле сезип жүрдүм. Өзгөргөн мамиленин чыныгы себебин мен кийин агам Тотунун досу, борбордогу И.Ахунбаевдин клиникасында иштеген белгилүү хирург Орозбек Көккөзовдун айтуусунан улам толук аңдап-билдим. Көрсө, Орозбектин бир тууган карындашын комсомолдун Нарын обкомунун биринчи катчысы Султанбек Райымбеков алган экен, а алардын үй-бүлөсү менен өзүм жетектеген чарбалар аралык ишкана-

нын башкы инженери болуп иштеген Мукан Меймановдун үй-бүлөсү катышып жүрүптүр. Ошол эле убакта, илгери - 1938-1939-жылдары Казарманда райкомдун биринчи катчысы болуп кеткен А.Көккөзовдун уулу Орозбек менен Төлөгөн Төрөкулов деген жигит дос болгон. Төлөгөндүн кызы Айымбү - Мукандын аялы, ал Орозбектин карындашы - Султанбектин аялы менен жакшы санаалаш курбулар. Ошондой эле К.Калназаров менен Султанбек бирин-бири кыя албаган дос болушкан. Андыктан, К.Калназаров, Султанбектин суроосу боюнча, менин ордума ошол Муканды Башкы директор кылып коюп берүү аракетин жасаганы менен, анын андай котур таштуу «мүдөөсү» мен чарбалар аралык ишкананы жетектеп турган мезгилде өзү ойлогонундай жүзөгө ашкан жок.

1984-жылдын август айында обкомдун бюросунда дагы тоют даярдоо боюнча маселе каралып, ага Тогуз-Торонун бүт башкармалары, райондук айыл чарба башкармасынын жетекчиси Б.Досоев, айыл чарбасын механизациялаштыруу жана электрлештирүү боюнча чарбалар аралык ишкананын Башкы директору - мен, райкомдун 1-катчысы К.Калназаров ж.б. чакырылдык. Бюрону обкомдун биринчи катчысы Матен Сыдыков өзү башкарды. Ал бюро башкарганда, айланада учкан чымындын үнү гана угулуп турар эле. Дагы бир белгилүү адаты: трибунага чыгып, маалымат берип жаткан кишинин жанына келип, анын сүйлөгөн сөзүн бузуп, катар-катар суроолорун узатып, ар кандай куйкум сөздөр менен «такалап», аябагандай жекирип-жемелеп, жетпеген жерине дейре жеткизип коймоюн алымсынчу эмес.

Бул жолу адегенде эле К.Калназаровду трибунага чыгарып: «Эмне үчүн райондо чөп даярдоо иши башка райондорго караганда төмөн болуп жатат, эмне үчүн табигый чөп даярдоого элди мобилизациялабайсың?» - деп, кулак кызарган «дежур» сөздөрү менен кекетип-мокотту. Андан кийин Б.Досоевди чыгарып, ага: «Сен орто жолдо эле өзүңдүн курсагыңды тойгузуп жүргөн адам экенсиң, эмне үчүн иш жаман, эмне үчүн чөп даярдоодо

эң артта жүрөсүңөр?» - деп асылып, аны кызматтан алууга обкомдун катчысы Кемел Ашыралиевди БКнын айыл чарба маселелерин тейлеген катчысы П.И.Наумовдун макулдугун сурап келгин деп телефонго жиберди. Бир аздан кийин Кемел: «Наумов ордунда жок экен», - деп жооп айтып келди.

Кезек эми мага жетти. Мени трибунага чыгарып, дагы эле тигилерге берген суроолорун жаадырып, жаныма жакын басып келип: «Эмне сүйлөбөйсүң?» - деп кекете баштады. Матен Сыдыкович сүйлөгөндө, анын суроосуна дароо жооп кайтарбасаң, чоң балээге кабылчусуң. Мен: «Матен Сыдыкович, техникалар иштеп эле жатат, эртеден кечке ажал менен кармашкансып чабагандап жүрүп, колдон келишинче чөп чабыкты бүтүрүп жатабыз. Башка райондордо бир канчалаган гектар массивдер бир-эки чабык менен эле аяктап, план-тапшырмаларын аткарышат экен, бизде болсо, аз аянттарга көчүп жүрүп, бир жылда үч, кээ бир жерден төрт жолу чабабыз, убакытты кетирип койгонубуз мына ушундан улам болууда», - дедим.

Президиумда отурган облаткомдун төрагасы Кеңешбек Мырзабекович: «Башкармаларды да сурап көрбөйлүбү?» - деп сунуш киргизгенде, Матен Сыдыкович: «Кызыл-Жылдыз» колхозунун башкармасы Кожалиевди өзүм кызматка койгомун, аны кызматтан алууюуну өзүм чечемин!» - деп бир силкинип алып, Ж.Кожалиевди сурап да койгон жок.

Башкармаларды чыгарып алып, аларга колун кезеп, жеп жиберүүчүдөй ар бирине жакын басып келип, алмак-салмак: «Эмне үчүн колхозчуларды мобилизациялабайсыңар, эмне үчүн ат косилка, кол менен чөп чабууну уюштурбайсыңар, эмне үчүн талаага жаткызбайсыңар, өзүңөр эмне үчүн алар менен кошо жатпайсыңар?!» - деп жерге киргизе тилдеди. Кайрадан К.Калназаровго келип: «Эмне үчүн райондун жалпы элин көтөрбөйсүң, мобилизациялабайсың?» - деп, дагы башка толгон-токой дене титиреткен дооматтарын айтып, кекетип сүйлөдү. Ал эми К.Калназаров сөздүн агымын мен жакка буруп:

«Техникалар жакшы иштебей жатат, уюштуруу жакшы болбой жатат», - деп акчыланды. Эми Матен Сыдыкович дароо эле менин жаныма келип: «Айтчы, эмне үчүн техникаларың жакшы иштебейт, эмнеге ишти жакшы уюштура албай жатасың?»- деп суроо узатты. Мен жооп бергиче болбой эле, областтык аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары Р.С.Халимов ордунан туруп: «Матен Сыдыкович! Наоборот, Мойдуновдун техникалары иштегенинен, жетекчилер сизге чөп даярдоонун көрсөткүчүн беттерине кармап келип жооп берип жатышат. Колхоздордо, райондо элди мобилизациялоо деген жок, муну менден мурда барышкан Таракановдон (обкомдун экинчи катчысы), Мамбетовдон (областтык коопсуздук комитетинин башчысы) деле сурасаңыз болот», - деди. Ошондо да, Матен Сыдыкович мага келип: «Техникаларың иштебейт деп жатпайбы?» - деп демитти. Мен жооп кылып: «Матен Сыдыкович, техникаларды болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып иштетип жатабыз, ошентип иштеткенибиз үчүн кээ бир массивдерди 3-4 жолудан чаап алууга жетишип келатабыз. Техникалар иштеген үчүн, сиздердин буйругуңуздардын негизинде, аларды Ат-Башы, Жумгал, Суусамыр өрөөндөрүнө да оруп-жыюу, коңтормо көтөргөнгө жардамга жиберип жатпайбызбы», - дедим. Ал бет аарчысы менен жүзүн аарчынып, өзүнүн ордуна басып барып, бюронун токтомунун долбоорундагы мага катуу сөгүш берилип, кызматынан алынсын деген жерди сызып таштап, анын ордуна «эскертилсин», «көрсөтүлсүн» деген сөздөр жазылышын сунуш кылды.

Райкомдун биринчи катчысы К.Калназаровдун чөп даярдоо өнөктүгүндөгү уюштуруучулук иши канааттандыраарлык эмес экендиги көрсөтүлүп, андай олуттуу кемчиликтерин оңдоо үчүн ага мөөнөт берилди. Ал эми Б.Досоевге катуу сөгүш жарыяланып, эгер ишинен мындан ары тыянак чыгарбаса, кызматынан четтетиле тургандыгы эскертилди.

Ырас, обкомдун бюросундагы мындай «кыл көпүрө» үстүнөн өткөргөн учурлар, тигил же бул маселелер бо-

юнча областтын жетекчилеринин алдында жооп берүүлөр менде көп эле болду.

Сөздү андан ары улантып, Кайып Калназаровдун жетекчилик иш стили, адамдык кулк-мүнөзү тууралуу өзүмдүн калыс, ачык ой-пикиримди дагы тереңдетип айта кетүүнү да туура таптым. Бул кишинин адегенде эле назарга илинген сапаттарынын эң мыктысы, ал бир нерсеге ач көздүк кылуучу эмес, жана да жеп-ичкенден алыс, таза адам болучу. Ошондой болсо да, анын жаман жагы, менин оюмча, тууганчыл, жердешчил келип, достору же жакын санаалаш адамдар тигил же бул кызматта иштеп жаткан жетекчи кадрдын ордуна татыксыз кызматкерди коюп бер деп «өтүнүп» калышса эле, анын дарамет-шыгына карабай, ошону коюп беремин деп өзүнчө убарага түшкөндүгү жогорудагыдай жакшы сапаттарын көлөкөлөп салчу. Мисалы, Ю.В.Андроповдун учурунда, ичкилик маселеси боюнча катуу күрөш жүрүп жатканда, райкомдун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Кубан Мусаевди арак ичип отурган жеринен көрүп калып, аны ошого шылтоолоп дароо кызматынан бошотуп, бирөөлөрдүн айткан «сунушу» менен Нарындан И.Жамбоевди алып келип койгон болучу. Дагы бир мисал. Колхоздордогу техникалардын иштешин кээде экөөбүз кыдырып көрүп калуучубуз. Күндөрдүн биринде, Ленин атындагы колхоздун Дөдөмөл участкасында иштеп жаткан Бактыяр Молдосадыков деген комбайнердун мурутунун бир жагын колу менен бурап туруп, жулуп алып, улгайып эле калган адамды аябай ыза кылган. Анын көйрөндүгү да бар эле. Дайыма эле: «Силер, тогуз-торолуктар, маданиятсыз эл экенсиңер, самын менен колуңарды жуубайсыңар», - деп, дагы башка оозго албаган көп сөздөрдү колдонуп сүйлөй берүүчү. Мына ушуга окшогон жетекчиге жарашпас мисалдар менен фактылар 1986-жылдын башында өткөн райондук партконференцияда ачык айтылып, анын кызматтан кетишине бирден-бир себеп болду.

## Нарынга кулаган машина. Грыжа оорумдун «тарыхы»

Ошол чарбалар аралык ишканада иштеп турганда башымдан өткөн бир окуяны айтып берейин.

Анда 1980-жылдын 25-декабры болучу. Күн суук, Нарын дарыясында кадимки доңуз баш муздар агып жаткан учур эле.

Киров атындагы колхоздун механизациялаштыруу жана электрлештирүү боюнча бөлүмчөсүнө барып, анын башкаруучусу Тагайбек Турдалиевге жолугуп, ал жердеги механизаторлордун иши, техникалардын кышкы сезонго карата ремонтко коюлушу, башка зарыл иштерге тартылышы менен таанышып, кайтып келе жаткан болчумун. Өйүзгө келип кайыкты күтсөм, негедир кайык айдаган адам көрүнмөк түгүл, тигил өйүздө он чакты киши эле ары-бери чуркап, кайыктын суу жак тарабын көрсөтүшүп, өз ара кыйкырып жатышты. Машинаны салып өйүзгө өткөрчү паромдун жүрбөстүгүн кыйкырып билдиришти да, бизге адам, мал түшө турган кичине гана кайыкты жиберишти.

Ал мезгилде Нарын дарыясына чоң көпүрөнү кура баштап, анын түркүктөрү тургузулуп, үстү жабыла элек эле. Андай түркүктөрдүн биринин түбүндө турсийчен, жыпжылаңач жаш бала колу менен четте турган кайыкты, Нарын суу тарабын көрсөтүп эле: «Ата, ата! Атам эле, ата!» - деп буркурап-боздоп ыйлап жатты.

Мен шашып-бушуп өйүзгө чыгып, токтоп калган кайыктан секирип түшүп, чоң паромго жетип барып, эмне болгонун ошол жерде турушкан адамдардан сурап билдим. Көрсө, райондогу кинофикация мекемесинин директору Иса Караев өйүздөгү Киров атындагы колхозго киноленталарды жеткирүү үчүн бара жатып, паромго түшө турган жер өтө ылдыйышта болгондуктан, УАЗ-469 маркасындагы автомашинасынын тормозу кармабаса деле ошону көздөй айдап жүрө бериптир да, анан паромго кичине ылдамыраак түшүп, бирок тормозу кармабай, машина сууга кулай турганы анык болуп, жанында - он

жагында отурган баласын: «Сууга секир!» - деп кыйкырып алаксып калганда, чукул буруп жиберген машинасы ала салган бойдон суу таманына чалкасынан кулап, өзү болсо, машинадан чыга албай кошо кетиптир. Сууга секирген баласы Миркел сүзүп барып, түркүктүн түбүндөгү тумбага чыгып калыптыр. Биз келип караганда, чалкасынан түшкөн машинанын төрт дөңгөлөгүн суу жаап, билинээр-билинбес карааны гана көрүнүп турган эле.

Мен арыдан-бери чечине салдым да, турсийчен сууга секирип кирип, суунун ичинде чалкасынан жаткан машинанын алдыңкы эшигин ачып, ичине кирип, Исаны издесем, ал анын арткы орундугунда да, алдыңкы орундугунда да жок болуп чыкты.

Ал аңгыча кран да келип калды. Мен крандын илгичин машинанын үстүнө бердирип, тросторун арткы жана алдыңкы мостко илип, менин гана командам менен көтөрөсүң деп көтөртө баштадым. Карасам, Исанын сөөгү машинанын маңдайкы айнегине туурасынан кептелип, бир нерсеге илинип туруптур. Дагы жакшылап карасам, пальтосунун жакасындагы илмектин тушунан ички күзгүнүн карматкычына илинип калыптыр. Аркандын бир учун алып барып, колуна казык бооч чалып байлап, чыгып кетпесин деп дагы бир жолу күрмөп койдум. Ошентип, сөөктү сыртка сүйрөп чыктым, Иса небак эле өлүптүр, алаканы менен айнекти урам деп, машинаны ички күзгүсүнүн ошол карматкычын уруп алганбы, айтор, алаканынын ортосунан сызылып кан агып жатты. Пальтосунун бардык топчулары топчуланган абалда экен, болбогондо, суудан чыгып кетет беле, ким билет? Бул да болсо, Кудайдын буйругу да. Андан кийин баласын жээкке алып чыктым.

Ошол жерде тургандар мени да, баланы да жылуу нерсеге ороп, машинага салышты. Райондук комсомол комитетинин 2-катчысы Жолой Кадырбеков эки бөтөлкө арак алып келип, денемдин баарына аябай сыйпашты. Мына ошондон ушул күнгө чейин белимде грыжа деген оору пайда болуп, жылына доктурларга түшсөм да, айыга албадым.

Иса Караев жөнүндө бир-эки ооз сөз. Иса жаштайынан жетим калып, Казармандын шартында эң оор азаптозокторго бышкан, иштерман жигит эле. Кичинесинен ар кандай турмуш сыноолорун майышпай көтөрүп, өжөр да, максаттуу да, мээнеткеч да сапаттары менен эли-журтунун эсинде калды. Мен аны менен отунга, балыкка бирге бараар элем. Отунду эшекке артып келчүбүз. Көп сүйлөбөгөн, оор басырыктуу, чанда-чанда гана тамашага чалып сөзгө аралашуучу өзүнө гана таандык жакшы мүнөзү бар болчу. Сууга сүзгөндү өтө жакшы биле турган. Ал эле эмес, армияда Аскер-Деңиз флотунда моряк болуп кызмат кылган жигит эле. Кырсыкты карабайсыңбы.

## Автобазаны жаңы долбоор менен куралы дедим эле

1985-жылдан 1990-жылга чейин Тогуз-Торо автобазасында начальник болуп иштедим.

Эмгек жолумдун бул ишкердүү тилкесинде, жаңы долбоор менен пландалган автобазаны курдурсам деп абдан аракет жасап, бирок, ал ишимден ойдогудай майнап чыкпады. Фрунзеге барган сайын жогорку органдарга кирип, маселеге канчалаган көрүнүктүү, таасирдүү адамдарды аралаштырсам дагы, жаңы долбоордогу андай автобаза курулбай турганына көзүм жетти.

Айлам кеткенде, өзүм менен бирге окуган курсташтарымды да ортого салдым. Маселен, ГАПты - Башкы автотранспорттук ишкананы башкарып турган Жолдош Өскөнбаевге, республиканын автомобиль жана жол министри Кыдырма Орозалиевге баарыбыз бир группада окуп, бир жатаканада жашаганыбызды кыйытып да, ачык да айтып, районубуздун алыстыгын эске алуу менен, Тогуз-Торонун келечектеги социалдык-экономикалык өсүшүнө чоң өбөлгө болуп калуучу аталган маселени оң чечип берүүгө көмөктөшүү жагын жолдош катары канча өтүнүп-сурансам да, андан жыйынтык чыгара алба-

дым. Ал эле эмес, фляга-фляга бал, килкилдеп семирген, куйкаланган койлордун этин жеткизип турсам да, алар буга чыйт түкүрүмдөй ыраазы болбоду, чоң, көп нерселерди үмүт этишкендей мамиле жасашты. Антүүгө менин мүмкүнчүлүгүм жок, чамам чак эле.

Акыры, өзүмдүн институтта алган билимимдин негизинде долбоор түзүп, чарбалык эсеп ыкмасы менен автогараждын цехтерин Нарын Башкы автотранспорттук ишканасы, кийин Оштун автотрести аркылуу аз-аздан курдура баштадым. Өзүмө 1983-жылдан тартып эки кабаттуу там сала баштаган элем, аны 1987-жылы бүттү кылдым. Мойдунов жеп жатат, ичип жатат деген сөздөн алыс болуш үчүн нарындыктарга да, оштуктарга да: «Курсаңар, өзүңөр кургула, процент төлөөчү актыңарга кол койбоймун, өзүңөр кабыл алгыла», - деп, чыга бердим. Ошентип, кийин, Жалал-Абад жүк ташуучу өндүрүштүк бирикмесине баш ийип турганда, Союз таркап, жаңы автобаза курулбай кала берди.

## Район Нарындан бөлүнүп, Ошко, анан Жалал-Абадга кошулганда

1987-жылдан тарта республикада область, райондорду ирилештирүү башталды. Анда Нарын областын Ысык-Көл областына кошуп, борбору кийин Балыкчы шаары болду. Ал эми Тогуз-Торону Ак-Талаа районуна кошуу маселеси каралып жаткан болучу. Мурдатан эле партиянын ичиндеги «бөрү терисин жамынгандар» жердешчиликке, тууганчылыкка ооп, өздөрүнүн таанын-билиш жагы менен кадр тандоо көрүнүшү ачык эле орун алып калган. Алсак, райондук партия комитетинин үч катчысы тең, бөлүм башчыларынан экөө, аткаруу комитетинин төрагасы, анын орун басары, ушул эле башкаруу органындагы бөлүм башчылар, калган жооптуу кызматкерлери, райондо бардыгы беш чарба болсо, анын төрт башкармасы, мекеме-ишканалардын жетекчилеринин 80%дайы башка райондордон

болуп, жадагалса, алар өздөрүн ташыган шоферлорун да кошо ала келишчү.

Райондун негизги экономикалык тапшырмасы болгон эт планын аткарууда, карапайым калктын колундагы малды үй-үйлөрүнө кирип эле зордук менен ала берүү элибизди нааразы кылып, районду Ак-Талаа районуна кошуу жөнүндөгү республиканын жетекчилигинин планына каршылык түзүлүп калган эле. Андыктан, Нарын областынын карамагында калгандан көрө, Ош областынын курамына кошулуп, Тогуз-Торо районунун статусун сактап калуу зарылдыгы туулду. Бул маселе боюнча, райондогу жетекчилерге билдирбей, Саздагы РСУ мекемесинде иштеген Бакы Ороковдун кабинетине жашыруун чогулуп, өз ара сүйлөштүк.

Кеңешип-кептешип отуруп, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Абсамат Масалиевге атайын делегация жибердик. Анын курамына: Социалисттик Эмгектин Баатыры Бурулбү Турдубаеваны, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими Н.Е.Золотухинаны, аксакал карыябыз Таштемир Сатыбалдиевди, УОСтун алдыңкы бульдозерчусу Автандил Тилешовду кошуп, бардык жүйөөсүн көрсөтүү менен, Тогуз-Торонун Ошко кошулуусу жөнүндө кат даярдап бердик. Алар барып жолугуп келгенден кийин, бизге Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели Таштанбек Акматов келип, жалпы жыйын өткөзүп, колго салды. Аталган сунушубузду жалпы элибиз колдоп, маселе акыры оңунан чечилди да, калды.

Андан соң, Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы А.Масалиев өзү, аны менен кошо Ош обкомунун биринчи катчысы Р.С.Кулматов келип, эл менен жолугушууларды өткөрүштү. Чындыгында, Ошко кошулгандан кийин, өзгөчө, кышкысын чоң кыйынчылыктар болду, ал кыйынчылыктар кийин Жалал-Абад областына кошулгандан ушул күнгө чейин деле сакталып калып, азыр деле тарткан түйшүгүбүз аз эмес.

Тогуз-Торону кайрадан Нарын областынын курамында калтыруу жөнүндө нарындыктар тарабынан маселе

көтөрүлгөн учурлар да эсибизден чыга элек. Бул маселе, мен Жогорку Кеңешке депутат болуп шайланган эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында кыйла талаш-тартыштарды жаратып, жалпы элдин катышуусундагы референдум өткөнгө чейин, андан кийин деле кезек-кезеги менен эски жараттай козголуп, ушул кезге чейин аягы тынчыбай келе жатат.

## Жогорку Кеңештин депутаттыгына ат салышуу. Район үчүн көргөн камкордуктар

1990-жылдын 25-февралында, райондук автобазанын начальниги болуп иштеп туруп, Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерликке №324-Каргалык шайлоо округунан көрсөтүлдүм. Мени менен кошо депутаттыкка талапкер болуп: алтын-кен комбинатынын директору Капар Кыдыров, райондук ооруканынын башкы врачы Аманкан Жакишев, райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы Молдобек Эпеев, партиянын Тогуз-Торо райондук комитетинин биринчи катчысы Өзгөрүш Мамбеталиев жана «Кызыл-Жылдыз» колхозунан бир механизатор, дагы аял жолдош (экөөнүн аты-жөнүн унутуп калыптырмын, кийин райкомдун биринчи катчысынын көндүрүүсү менен өздөрүнүн кандидатураларын алып таштагкан эле) чыгышты.

Ачык айтып коюшум керек, адегенде, биринчи турда Кыргыз ССРинин эл депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамын одоно түрдө, оркойтуп бузуп, чектен чыгып кетпесе да, акыр-түбү барып, өздөрүнүн ээлеген кызмат абалынан анча-мынча пайдалангандар болбой койбоду. Натыйжада, биринчи турдан кийин алтын-кен комбинатынын директору К.Кыдыров менен менин кандидатурам калып, экинчи турга чыктык. Экинчи турда шайлоо жөнүндөгү мыйзамдын талаптары, атап айтканда, анын 12-статьясы комбинаттын директору К.Кыдыров тарабынан одоно түрдө бузулуп, өз кызыкчылыгын гана ойлогон ал шайлоо өнөктүгүндө элге жакшы көрүнүү, до-

бушту көп сатып алуу максатында, комбинаттын суу ташуучу автомашинасы менен Чет-Булак айлындагы мурдатан сууга жетпей жүргөн калкка суу ташытып берип жатты. Автобазанын эл тартып жүргөн автобустарына өзүндөгү автобусту да кошуп, акча албай, бекер «кызмат» кылдырып койду. Комбинатта эмгектенген, 9 адамдан турган райондук кеңешке депутаттыкка талапкерлер тобунун платформасын комбинаттын басмаканасында атайын баракчалар түрүндө көбөйттүрүп, элге таратышты. Кайрымдуулук деген шылтоо менен райондо «Умай эне» уюмун уюштура коюшуп, таасирдүү, кадыр-барктуу саналган карыялардын үйлөрүнө белек-бечкектерин жеткирип ийишти. МЖСтин алдындагы калк жашаган түйүндөргө ящик-ящик арак «тартуулашып», тамак-аш берүүлөр уюштурулуп, шайлоочуларды ачык эле алдай башташты.

Жолугушуулар учурунда, шайлоочулар К.Кыдыровдун толгон-токой былыктарын ашкерелешип, андан алтын-кен комбинатынын эсебинен Канттагы кыш заводуна, Ысык-Көлдө курула турган пансионатка бөлүнүүчү жана ошондой эле Токмоктун жанындагы өзү туулуп-өскөн «Искра» колхозуна «жардам» катары берилип жаткан каражаттарды райондун элинин жашоо- турмушун оңдоого жумшоону катуу талап кылышты. Директордун аялы райондук турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатынын директору болуп иштеп туруп, көп суммадагы акчаны жең ичинен жеп, растрата жасаганы билинип калып, ал иш боюнча башталган сот процессинде өзү оозу-мурду кыйшайбай туруп жалган жерден: «Аялым менен мурда эле ажырашканмын, азыр бирге жашабайбыз», - деп жарыялап, анын кылмыш ишин кароону ошол кездеги Министрлер Советинин төрагасы А.Жумагуловдун жардамы менен андан ары Фрунзеге котортуп кеткени жана башка жосунсуз-жаман иштерге барып жатканы да тикеден-тике эле бетине айтылып, К.Кыдыровдун талапкерлигин колдобоо туурасында үгүт жасалды. Бул жөнүндө райондук «Жеңиш Туусу» газетасынын 1990-жылдын 17-февралындагы санына жарыяланган Рыскул-

бек Бобукеевдин «Кыдыров жөнүндө кыдырган кат» деген макаласы шайлоочулар арасында уу-дуу түшүргөн чоң талкуу жаратты.

Натыйжада, экинчи турдун жыйынтыгы менен мен Кыргыз ССРинин он экинчи шайланган Жогорку Кеңешинин депутаты болуп калдым. Шайлоо учурунда жапырт көтөрүлүп колдогон элим, анын ичинен «Кызыл-Жылдыз» колхозунун эмгекчилери, менин ишенимдүү адамдарым - Казарман орто мектебинин мугалимдери Т.Мойдунов, Т.Абдыкеримова, Э.Базаров, «Кызыл-Жылдыз» колхозунун Чет-Булак участкасынын фермери, досум Жаныш Токталиев, «Минерал» кооперативинин төрагасы И.И.Сердцев, өзгөчө, экинчи турда менин талапкерлигим өтүшү үчүн көп аркеттерин жумшап, көңүл агарткан күйөрмандыгын көрсөткөн А.Жакишев, Молдоболот Субакожоев, карыялардан Шамшы Мурзалиева эже, Бейшенбек Сасиев сыяктуу тилектештериме өмүрүмдүн аягына чейин ыраазычылымды билдиремин, алардын андай жакшылыгы дайыма эсимде, жүрөгүмдө. Унутпаймын!

Арадан көп өтпөй эле, 1990-жылдын 11-мартында эл депутаттарынын Тогуз-Торо райондук кеңешинин XXI шайланган I сессиясында мен эл депутаттарынын райондук кеңешинин төрагасынын биринчи орун басары, райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп шайландым. Ал эми эл депутаттарынын райондук кеңешинин төрагасы болуп Сапарбек Көчөрбаев шайланды.

Райондогу демилгелүү иштерибиз жакшы башталды. Биз алдын-ала кеңешип-талкуулашып, өз ара макулдашып алып, алдыда, жакынкы аралыкта жана келечекте районубуздун өнүгүшү үчүн жасала турган социалдык-экономикалык багыттагы иштерге, эң орчундуу деген маселелерге биринчи кезекте көңүл бурдук. Ага Жогорку Кеңешке депутат болуп шайланып калганым да чоң өбөлгө болуп, районду өнүктүрүүнү платформамдын эң негизги милдет-талабы катары карап, ар бир сессияда чыгып сүйлөп, министрлик, ведомстволордун эшигин жыртуу менен көп сандаган көйгөйлүү маселелердин чечи-

лишине өзүмдүн колдон келген салым-көмөгүмдү кош-тум деп ойлойм.

**Маселен, ошондой күндөрдө республиканын Суу чарба комитетинин алдына төмөндөгүдөй маселелерди коюп, чечилишине бүт күч-аракетим менен күйөрмандык көрсөткөнүм бар:**

**1.** «Атай» совхозундагы Доржу, Киров атындагы колхоздогу Кара-Талаа каналдарынын башкы курулуштарын - экинчи кезегин бүтүрүү.

**2.** 1-кезектеги курулуш иштери аяктоо алдында турган Жырма каналынын 2-3-кезектеги жумуштарынын долбоордук-сметалык документациясын бүтүрүп, планга киргизүү.

**3.** 13-беш жылдыкта «Кызыл-Жылдыз» колхозунун Чет-Булак участкасындагы Миң-Дөбөнүн үстүнөн Каргалык участкасына чейинки аралыкка Чоң-Ак-Күп каналынын долбоордук-сметалык документациясын түздүрүү.

**4.** Чет-Булак, Кош-Булак, Исак Нураков айылдарына суу түтүгүн жүргүзүүнү планга киргизип, курулуш иштерин баштоо. Булардын ичинен кийин Кош-Булакка суу түтүгү орнотулду.

Мына ушундай маселелер көтөрүлгөндөн кийин, Суу чарба комитетинин төрагасы К.Сулайманов атайы Тогуз-Торого келип, жер-жерлерди кыдырып көрүп, жетиштүү көлөмдөгү суу чыгаруу үчүн жалпы объектиге ПМК базасын куруп, ишти баштоо үчүн убада берип кеткен эле. Көп өтпөй эле, Доржу каналынын башына Борждан дюкердик ыкма менен суу чыгарыш үчүн чоң диаметрдеги түтүктөр ташылып келинген. Ал эми Чет-Булак айлына суу түтүгүн жүргүзүү максатында, «Ош айыл курулуш» бирикмесине райондук аткаруу комитетинин атынан заказ берип, тиешелүү акчасын которуп, долбоордук-сметалык документациясын да даярдаттым. Ал жердин суусу ичүүгө жараксыз дегендей жалган сөздөрдөн улам, Атайбек Дөөлөтов аркылуу эки ящик - 40 бөтөлкө сууну республикадан экспертизадан өткөзүп, суу ичүүгө жарактуу эле экендигин далилдеп, анын курулушу кийинки жылдарда бүткөрүлдү.

Суугa байланышкан иштерибиз ушуну менен токтоду. «Кызыл-Жылдыз» колхозунун Миң-Дөбө участкасына курулуучу Чоң-Ак-Күп каналынын ордуна, Айры-Таштын оозуна чоң БСР (Суу топтоочу регулятор), ошондой эле Каргалыктын оозуна да чоң БСР курдурууну пландаштырдык, анда кыш бою суу топтогондон кийин, Ак-Күп каналы аркылуу башта суу жетпей жүргөн талааларыбызды дыйканчылык талабына жараша тез-тез басa сугарыла турган кылып, Суу чарба министрлигинин жардамы менен долбоордук-сметалык документация жасаттырып, аны кыска эле убакыттын ичинде куруп беребиз деген жетекчи-адистердин убадасын алдык. Бирок, багыбызга жараша, аңгыча СССР таркап кетти да, министрликтер бири-бири менен кошулуп, жетекчилери да алмашып, эки ортодо биздин иштерибиз толук чечилбестен кала берди.

**Жогоруда айтылгандардан тышкары, менин депутаттык жылдарымда назарымды көбүрөөк бөлүп, кошо аралашууга туура келген урунттуу-урунттуу иштердин айрым бир мисалдары төмөнкүлөр болду:**

**1.** Бизде нан заводун куруу пландаштырылып, курулуп бүтүп, элге нанын берип жаткан эле, тилекке каршы, кийин менчиктештирүү убагында ал заводду да талатып жиберишти.

**2.** 13-беш жылдыкта СПТУнун курулушун бүткөрүү, кошумча лабораториясын планга киргизүү каралган, ал иштер да бүткөрүлдү.

**3.** Казарман орто мектебинин жаңы имараты планга киргизилип, курулушу кийин соңуна чыкты.

**4.** Райондогу Маданият үйүнүн курулушу негизсиз себептер менен бүткөрүлбөй токтоп калган эле, мен Министрлер Советинин төрагасынын орун басары Я.Н.Фишерге депутаттык суроо-талап менен кайрылып, ошонун натыйжасында тез арада курулушу аяктады.

**5.** Тогуз-Торо районунун эмгекчилеринин жашоо шартын, чарба, мекеме-ишканалардагы материалдык-техникалык базаларды жакшыртуу максатында, 1990-жыл ичинде бир канча мертебе маселе коюп жатып, област-

тык партиялык комитет менен областтык аткаруу комитетинин биргелешкен токтомун кабыл алдырууга жетишкенбиз. Ал чечимден кийин аябагандай көп нерселерди жардам катарында алганбыз. Анын баарын бул жерде санап өтүүгө мүмкүн эмес, турмуштук факт түрүндө көрүнгөн натыйжаларын болсо, элибиз жакшы билет.

Ошондой жардамдын аркасы менен мекеме-ишканаларга керектүү техникалык каражаттардын эсеби бир кыйла арта түшкөн. Мындайча айтканда, толук өлчөмдө болбосо да, техника жактан байып калышкан. Мен өзүм «Кызыл-Жылдыз», Ленин атындагы колхоздорго эки сүт ташуучу автомашина, «Кызыл-Жылдыз» колхозуна бензовоз, бульдозер, Т-130 тракторун, МСО ишканасына бир УАЗ-4510, автобус, эксковатор, телескоптуу автокран бөлдүрүп берүүгө жетиштим.

**6.** Республикадагы «Суу курулуш» бирикмесинин башчысы Кирякиди аркылуу Автомобиль жана шоссе жолдор министрлигинин жетекчилери менен сүйлөшүп, 225 миң сом котортуп, Сары-Кыр участкасына пайдалануу үчүн №18-ДЭУга бекер бульдозер алып бергемин, бирок, аны өз убагында ала алышпай, областтын губернатору Б.Осмоновдун кийлигишүүсү менен №31-ДЭУга тарттырып жиберишкен. Бульдозердун ордуна кийин үч Т-130 тракторун, «Урал» автобусун алышкан.

**7.** Сары-Кыр ашуусуна ретранслятор орнотуу каралып, ал иш ошол кездеги телекомдун жетекчиси Э.Кадыркулов, райаткомдун төрагасынын орун басары С.Садыровдун катышуусу менен жүзөгө ашкан, бирок, ага электр тогун кошуу аягына чейин бүткөрүлбөй калган.

**8.** Казарман орто мектебинин жаңы имаратын куруу планга киргизилип, иштеринин бир топ бөлүгү аткарылып, акча каражатынын жетишсиздигинен маселе толук чечилбей, курулуш убактылуу токтоп, жаңы имаратка көчүп кирүү кийинки жылдарда гана мүмкүн болду.

**9.** Областтык аткаруу комитетинин төрагасы Жеңишбек Бекболотов өзү менен кошо ала келген бир топ мекеме жетекчилеринен түзүлгөн комиссияга «Ош-Акташ» фирмасынын Башкы директору Эмилбек Касымалиевди

да киргизип, адегенде мен, С.Көчөрбаев, К.Осмонов болуп Камбар-Ата ГЭСнин курулушуна вертолет менен учуп барып, ал жерде Нарын гидрокурулуштун жетекчиси Казбек Хуриевге жолугуп, Тогуз-Торо (Ала-Бука) ГЭСин куруу жөнүндө аңгемелешип, дагы курулушка байланыштуу болгон көп нерселер жөнүндө ачык пикир алышып, көңүлүбүз ток болуп кайтты. К.Хуриев бизге келечек үчүн жасалчу эң жооптуу да, татаал да иштин нугун көрсөтүп берди. Ошондой эле Камбар-Ата - Казарман жолунун курулушун тездетүү үчүн СССР Министрлер Советинин төрагасы Н.И.Рыжковго райондун элинин атынан кат жазып кайрылууну сунуш кылды.

Биз Н.И.Рыжковдун наамына андай катты райондук кеңеш менен бирдикте токтоосуз даярдап, жөнөтүп жибердик. Жооп анча күттүрбөдү. 1990-жылдын 23-майында Н.И.Рыжковдун колу менен СССРдин энергетика министри Семеновго, СССРдин Мамлекеттик пландоо комитети жана Кыргыз ССР Министрлер Советине биздин маселени биргелешип кароо жөнүндө тапшырма берилгенин кабарлаган билдирүү келди. Андан кийин, Тогуз-Торо ГЭСинин курулушу боюнча СССРдин энергетика министринин орун басары А.Ф.Дьяковдон кеңири баяндап жазылган жооп түшүп, ушул эле маселе СССРдин Мампланынын төрагасы Ю.Д.Маслюковдун дарегине биргелешкен кат түрүндө кароого жиберилгенин кабарлаган Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы А.Жумагуловдун жана ошондой эле СССРдин энергетика министринин орун басары С.И.Садовскийдин каттарын да алганбыз.

1990-жылдын 1-январында жиберилген жооп катта Саргата-Казарман жолунун курулушун ылдамдатуу максатында 1,5 млн. сом акча каражаты каралганын билдиришкен эле.

Мындан тышкары, Тогуз-Торо аймагында курула турган ГЭС 2010-жылга чейинки СССРдин энергетикалык программасынын долбооруна киргизилгендиги айтылган. Ушул аталган долбоор боюнча, кубаттуулугу 600 мвт болгон Ала-Бука (Тогуз-Торо) ГЭСин куруу 13-беш жыл-

дыкта башталып, кубаттуулугу 150 мвт келген биринчи агрегаты 2001-жылы ишке киргизилет деп маалымдалган эле. Тилекке каршы, 1991-жылы СССРдин күтүүсүз жерден кыйрашы менен ушундай эң сонун пландардын баары жүзөгө ашпай кала берди.

**10.** Ошол эле учурда, райондо кирпич заводун куруу максатында, областтык аткаруу комитетинин төрагасы Ж.Бекболотов, Э.Касымалиев, мен жана башка тиешелүү адамдар ылайыктуу делген мерчемдүү аймак-жерлерди тегиз кыдырып чыгып, акыры аны алтын-кен комбинатынын жанына курууну пландаштырып, пайдубалы түшүрүлүп, жабдуу-тетиктери да МСОго ташылып келип (алар ушул кезге чейин турат), бир сөз менен айтканда, заводдун курулушу кызуу темп менен жүрө баштаган эле. Бирок, бул иш да аягына чыкпай, токтоп калды.

**11.** Райондук ички иштер бөлүмүндөгүлөрдүн өтүнүчү боюнча, ал кездеги республиканын ички иштер министри Ф.Куловго чейин кирип жатып, аларга бир УАЗ-469 автомашинасын алып бергемин, райондук аткаруу комитетинин чечими менен дагы бир ушундай эле автомашинаны кезексиз бөлдүрүүгө жетишкен элем.

Айта берсе, сөз көп. Маселен, «Кызыл-Жылдыз», Ленин атындагы колхоздордун көчөлөрүнө таш төктүрүп, райондук борбордогу Карл Маркс көчөсүн асфальттатууга, көчөлөрдө күйгөн прожекторлор үчүн мурдатан төлөнбөй келаткан карыздарды жоюуга да кошкон салымым бар.

Мындан тышкары 420 миң сомго райондогу парктын ичине аттракцион алып келип, орноткон элек, кийин аны да талатып жибериштн. Аттракционду андан ары жабдуу маселесинин чечилиши мына мындай болгон. Ошол убактагы маданият министри А.Токтосартовдун кабыл алуусунда болуп, райондон 1991-жылга берилген суроо-талаптын негизинде төмөнкүдөй жабдуу-оюнчуктардын төлөө расчетун жасап, финансы министри К.Кунакуновдун макулдугу менен зарыл акча каражаты которулуп берилген эле:

1. Орбита-420.
2. Балдар ойноочу темир жол.
3. Тегеренме «Вихрь» карусели.
4. Түртмө автомобиль.
5. Сыйгаланып түшмө жол.

Бирок, анын артынан түшүп, алып келип паркка орноткон адам болбогондуктан, Финансы министрлигинен которулган акча Маданият министрлигинин банк эсебине түшкөн бойдон пайдалануусуз кала берди. Ал эле эмес, Казармандын көрүнүктүү жери болгон «Кечки Казарман» участкасына курулушу белгиленген келечектеги парктын өсүп эле калган көчөттөрүн да малга талатышып, жок кылышты.

Биздеги эң негизги маселе жол көйгөйү болгондуктан, Тогуз-Торо элинин Жалал-Абад тарапка жайдыр-кыштыр транспорт менен каттап туруусун камсыз кылуу максатында, областтын губернатору Бекмамат Осмоновдун жана Автожол министрлигиндегилердин жардамы менен ортодогу Сары-Кыр ашуусунун Жалал-Абадга караган түбүнө үй, транспорт токтоочу жай, ал эми Сары-Кырдын Казарманга караган тарабынын түбүнө техникаларды ремонттоочу жай, үй, гараж курулуп, ашуунун берки жана аркы беттерин телефон менен байланыштыруу маселеси чечилип калган эле, бирок, губернатор Б.Осмоновдун кызматтан түшүүсү, менин да башка кызматка которулуп кеткеним кедерги болуп, ошол боюнча кала берди.

**12.** Жол катнаш маселесин эч качан көңүлдөн чыгарбастан, Автомобиль жана шоссе жолдор министрлиги аркылуу Бишкектен Казарманга көп жүргүнчү ташуучу автобустарды жүргүзүү талабын да кабыргасынан койгон элек. Ал үчүн Ак-Мойнок ашуусунун Кош-Дөбө жагындагы реконструкцияланып бүткөн жолду ошол ашуунун берки бетиндеги ГРПинин Ор-Казгандагы асфальтталган жолуна кошуу каралып, тийиштүү мекемелер иштеп жаткан эле, бул максатыбыз да өтөөсүнө чыкпай, бар болгону 7-10 км аралык асфальтталып бүтпөй калды.

**13.** Байланыш министрлигине депутаттык суроо жолу менен кайрылып, министрдин орун басары Н.Н. Нашницина аркылуу районго дизель менен иштөөчү генератор алып бергемин.

**14.** Райондогу «Минерал» кооперативинин мурдагы жетекечиси И.И.Сердцевдин акчалай каражат бөлдүрүп берүү жөнүндөгү наказын көңүлгө тутуп, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Т.Чыңгышевге алтын-кен комбинатынын башкы инженери, кийин жетекчиси болгон Бакы Ороковду өзүм менен кошо ала кирип, «Тунук туз» кенин өнөр жайлык негизге коебуз деп суранып жатып, алтын-кен комбинатынын курамына кирген кооперативге 1992-жылдын 8-декабрында болгону 5% үстөгү менен 30 млн. сом кредит алып бергемин.

**15.** Ош областындагы ПЛУАД мекемесинин жетекчилери менен сүйлөшүп, алардан акча алып, мурда райондук аткаруу комитетинин төрагасы Карашевдин учурунда башталган Чат-Карагай жолун курдуруу улантылып, бүткөрүлгөн эле.

**16.** Ленин атындагы колхозго Оштун жетекчилери аркылуу комбикорм заводунун жабдуулары алынып келип, алар колхоздун тоют цехине орнотулган.

**17.** Казармандагы суу түтүгүн кайрадан жаңыртуу максаты менен 428 миң сомго эсептелген анын долбоордук-сметалык документациясын жасаткамын, бирок, өз убагында курулушу башталбай, пландалган иш 2008-2009-жылдарда гана бүткөрүлдү.

**18.** Райондун борбордук ооруканасынын врачтары «Алока» үлгүсүндөгү япон аппаратын бөлдүрүп берүүнү өтүнүшкөн эле, бирок, ошол убакта ал аппарат жок болгондуктан, ордуна советтик аппарат бөлүнүп, аны иштетүүнүн сырын окуп-үйрөнүп келгенге киши жиберилбей калып, аппарат ооруканага келип түшкөн эмес.

**19.** Казармандан Арал айлына каттоо учурунда кыйынчылык түзгөн Көгарт суусуна салынуучу көпүрө да планга киргизилип, курулушу башталган, бирок, иштин артынан түшпөй жатышып, ал кийин, 2008-2009-жылдарда гана бүткөрүлдү.

Мен жогоруда атап өткөн маселелердин чечилиши бир канчалаган күчтү, аракетти, акча каражатын талап кылган эле, андан тышкары, убакыт да аз эмес корогон. Бардык пландардын ойдогудай жүзөгө ашуусуна бөгөт түзгөн эң негизги объективдүү себеп катарында 1991-жылдагы СССР империясынын кулап калышын айтууга болот.

Эгемендүүлүк келээри менен өз тагдырымда да өзгөрүү болуп, «Кыргыз Республикасындагы эл депутаттарынын жергиликтүү кеңештери жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык эл депутаттарынын Тогуз-Торо райондук кеңешинин аткаруу комитетинин жоюлгандыгына байланыштуу, анын төрагалык кызматынан 1991-жылдын 6-сентябрында бошотулдум. Ал кызматта бир жыл алты ай иштедим.

# IV. ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЗАМАН: ЭЛИМДИН ТАГДЫРЫ - МЕНИН ТАГДЫРЫМ

Эл арасында эл байлыгын уурдагандар, кызмат абалынан пайдаланып, акты кара, караны ак кылгандар – сонун эле өмүр сүрүп, жашап жатпайбызбы дегендер жаңылышат. Анткени, баарын Кудай таалам көрүп-билип турат. Жогорудагыларга бүгүн жамандык болбогону менен, эртең, бүрсүгүнү, кийинки жылдар ичинде өзүнө, бүлөсүнө, бир туугандарына, эч жок дегенде, алардын көзү өтүп кеткенден кийин деле укум-тукумуна жамандык болот.

***Өмүр сабактарынан***

## «ЛЕГЕНДАРЛУУ ПАРЛАМЕНТТЕ»

Эл эсинде «легендарлуу парламент» деген ат менен калган акыркы советтик үлгүдөгү парламент - Кыргыз ССР Жогорку Советинин 12-чакырылышы 1990-жылы шайланган. Ал кийин «Жогорку Кеңеш» деген аталыш менен иштей баштады. Бирок, сырткы сыпаты азын-оолак өзгөрүлгөндүгүнө карабастан, анын ички иш-мердүүлүк табияты анчалык деле өзгөргөн жок.

Жогорку Совет же Жогорку Кеңеш жыйындары жылына эки жолудан кем эмес өткөрүлүп турган сессиялык негизде иштеген. Сессиялар аралыгында анын иш милдетин Жогорку Советтин Президиуму аткара турган. Парламент курамы тикелей шайланган 350 депутаттан турган.

СССРдин кулашы менен кошо эски саясий түзүлүш да кыйрады. КПСС жоюлуп, өлкөбүздөгү жогорку бийлик Жогорку Советтин колуна өттү. Ошентип, Кыргызстан эгемендүү мамлекет куруу багытына түшүү менен, көз карандысыздыктын алгачкы кадамдарын парламенттик башкаруу таризинде шилтей баштады.

Мына ошол өткөөл мезгил аралыгында советтик буйрукчул, жеке басар бийликтин кулашына кыйла кызмат өтөгөн «легендарлуу парламенттин» тушунда эгемендүү Кыргызстандын көз карандысыздыгынын жана анын демократиялык түзүлүшүнүн саясий, укуктук жана экономикалык негиздерин аныктаган бир катар орчундуу укук ченемдик актылар кабыл алынды. Демек, кыска мезгил аралыгында ал профессионалдык парламентти түзүүгө багыт алуу жаатында зор кадам жасай алды десек жаңылышпайбыз.

«Легендарлуу парламент» тарабынан Эгемендик жөнүндө декларация (1990-жыл), Көз карандысыздык жөнүндө декларация (1991-жыл) кабыл алынды, эгемендүү Кыргызстандын туңгуч Президенти шайланды (1990-жыл), эгемендүү Кыргыз Республикасынын алгачкы Конституциясы кабыл алынды (1993-жыл). Андан тышкары, өлкөнүн улуттук Желеги, Герби, Гимни бекитилди жана анын улуттук акчасы - сом киргизилди. Бир сөз менен айтканда, арымдуу иштерди аркалап, байымдуу жыйынтыктарга жетише алдык.

Тилекке каршы, Кыргыз Республикасынын Президентинин, аткаруу бийлигинин жана мыйзам чыгаруу бийлигинин ортосунда жүргөн өз ара айыгышкан тирешүүлөр менен талаш-тартыштар «легендарлуу парламенттин» мөөнөтүнөн мурда таркатылышына алып келди. Ошентип, 1990-жылы 10-апрелде шайланган 12-чакырылыштагы парламент 1994-жылдын 1-сентябрына чейин жашап, доорлор алмашкан мезгилге туш келген ишмердүүлүгүнүн сабактары тарыхтын карамагына берилди.

Кантсе да, бул чакырылыштагы парламент өзүнүн улуттук уңгусу, атуулдук аракети, жаңычыл кадамдары, чыныгы профессионалдык парламенттин калыптануусуна жол чаап бергендиги менен эгемендүү мамлекеттин өмүр баянында калды деп эсептеймин.

Дагы эмнелерди айтмакчымын? Жөнөкөй атуулдардын кабылдоосуна ылайык, депутаттык иштеримдин жалпы багытта уланган жагдайларын отчеттук тил менен мүнөздөп айтканда, мен ушул төрт жарым жылга созулган аралыкта Жогорку Кеңештин жыйындарына, ал тарабынан өткөзүлгөн ар кандай иш-чараларга активдүү катыштым, сессияларда коюлган маселелердин ыңгайына жараша ар дайым чыгып сүйлөп турдум. Бир канчалаган наказдарды, районубуздун көйгөйлүү маселелерин тартынбай тиешелүү органдардын алдына өз убагында чечкиндүүлүк менен кое алдым. Алардын кээ бирлери оңунан чечилсе, кээ бирөөсү

ошол кездеги республиканын ал-акыбалына байланыштуу ойдогудай чечилбестен, кийинкиге калтырылган күндөр да болду.

Сессия учурунда, менин дарегиме бир эле биздин райондон кат, телеграмма, сураныччтар жана башка сунуш-пикирлер түшпөстөн, андан тышкары, республикалык деңгээлдеги көптөгөн өтүнүчтөр да келип жатты. Андай өтүнүчтөрдүн кээ бирөөлөрү аткарылса да, кээ бир иштер объективдүү себептер менен өз мезгилинде аткарылган жок.

Депутаттык иштеримдин бардык күңгөй-тескейлүү жагдайлары жөнүндө бул китепке хронологиялык тартипте толук киргизе албадым. Ал ишмердүүлүккө тийиштүү материалдар ошол сессиялардын жүрүшүндө тарыхта калгыдай кылып стенографиялык жол менен жазылып алынган, алар бул күндө архив фондуларында сакталып турат. Архивден таап, таанышып көрсөңүздөр болот. Ошондуктан, бул жолу өз окурмандарыма көңүл-жүрөгүмдө ташка тамга баскандай таасын болуп орноп, бирок, көпчүлүк журт алдында ачыкка чыкпай, бүдөмүк түрдө - жашыруун сакталып келген айрым-айрым орчундуу маселелер менен материалдарды гана тааныштыра кетүүнү туура таптым.

## Тогуз-Торонун келечек тагдырын өз тагдырымдай көрүп күрөшкөн күндөр

1991-жылдын 4-февралында Жогорку Кеңештин 3-сессиясында Тогуз-Торо районун Жалал-Абад областынын курамында калтыруу же кайрадан Нарын областына берүү маселеси козоголуп, ал маселе сессияда чоң талаш-тартышты жаратты. Анда Нарын областынын бардык райондорунан шайланган депутаттар трибунага биринин артынан бири чыгып сүйлөп, биздин районду өздөрүнүн областында калтыруу жөнүндө адилеттүү, негиздүү фактыларын, мисалдарын келтирүү менен талкуунун жүрүшүн андан ары күчөтүштү.

Мен да бул маселе боюнча төрт жолу чыгып сүйлөдүм. Депутаттардын алдында бул өзүм ойлоп чыгарып жаткан маселе эмес экендигин, Тогуз-Торо району мурда - 1988-жылы эле Ош областынын курамына кошулганын, ал мезгилде мындай талаш-тартыш жаралбагандыгын, нарындыктар кайра Тогуз-Тородон «кутулганына» сүйүнүү менен мамиле жасашканын айттым да, ошол мезгилден бери унчукпай-унчукпай жүрүшүп эле, анан качан гана бюджетке жер казынасын пайдалануудан түшө турган киреше-байлыктын «жытын» сезишээри менен эбакка «уюштуруу ишин» дуу этип көтөрүп чыгып жатышканын эскертип өттүм. Район Нарын областынын карамагында бир канча жыл болсо дагы, анда социалдык-экономикалык өнүгүү, маданият жайларын куруу ойдогудай деңгээлде чечилбегендигин, бир сөз менен айтканда, инфраструктураны алдыга сүрөө караманча эстен чыгып, жергиликтүү кадрларды өстүрүүгө тийиштүү көңүл бурулбай келгендигин жана башка да толуп жаткан маселелер тутумун көтөрүп сүйлөп жаттым. Белгилеп коюучу нерсе, ал убакта райондон шайланган депутатыбыз Карашев ушул аталган маселе боюнча бир жолу да чыгып сүйлөп, өзүнүн сунуш-пикирин ачык айтууга жараган жок.

Сессиянын учурунда, ошол кезде аким болуп иштеп жаткан К.Бакиевдин жанына өзүм суранып барып отуруп алып, «сайгылап» жатып, араң дегенде бир гана жолу чыгып сүйлөөгө аргасыз кылдым. Кийин райондо өткөн чогулуштарда кээ бир маселелер боюнча ачык сүйлөбөсө да, «автору» болуп сүйлөп жүрдү. Мени жалгыз жарга такап, жаалап жатышканда, «легендарлуу парламенттин» депутаты Жамин Акималиев бир жолу: «Жолдош Мойдуновго асылбай, бул маселени Тогуз-Торо элинин кароосуна коелу, референдумга маселе катарында киргизели, эл кандай чечсе, ошондой болсун», - деп айтканы бар. Ал айткандай эле, 1991-жылдын 17-мартында райондо референдум өткөрүлүп, Жалал-Абад областына кошулууну элдин 75,4 пайызы, Нарын областына кошулууну 22,6 пайызы жактап чыгышты. Ошентип,

Тогуз-Торо району Жалал-Абад областынын курамында калды.

Дагы бир жолу Президент А.Акаев сессия мезгилинде ар бир областтын депутаттары менен жолугушуу өткөрүп, андай кезек биринчи болуп Жалал-Абад областынын депутаттарына тийди. Мен алдыда, областтын губернатору Бекмамат Осмоновдун жанында отурган элем, бир убакта А.Акаев кызаңдап эле: «Жолдош Мойдунов, трибунага кайра-кайра чыгып сүйлөп жатып, ушунун баарын сиз кылдыңыз, сиз болбосоңуз, мен Тогуз-Торону Нарын областына кошоюн дедим эле. Эми Нарын областына акчаны кайдан табамын?» - деди. Мен дагы жөн калбай: «Аскар Акаевич! Мен сизге бирдеме дедимби? Ручкаңыз колуңузда болгондон кийин, кандай чечип, кандай койсоңуз өзүңүздүн ишиңиз эле да?» - деп жооп кайтардым.

Бул маселе боюнча сөз болгондо, азыркы учурга чейин, Тогуз-Торону Жалал-Абад областына кошуунун бирден-бир «автору» катарында мени эсептешип, ар кандай ушак-айыңдарды таратышып: «Анын атасы өзбек турбайбы, ошону үчүн түштүккө ошол эле кошуп жибербедиби, болбосо, Нарын областында эле калат элек», - дегендер да жолугат. Атүгүл Жумгалдын бир ырчысы мени бул тууралуу ырга кошуп ырдаган. Ага кошумча кылып, кайсы бир жолу «Пишпек» мейманканасында өткөн жолугушууда кадырлуу аксакалыбыз Арун Ажиев да мага наарazы болуп сүйлөгөнүн айтсам, таасын-так жетиштүү болоор. Мына ошол Жалал-Абадга кошулгандан бери 20 жылдан ашып, жашоону улантып келе жатабыз.

Чындыгында, андай «чайпалып-төгүлгөн» өзгөрмөлүү учурда, балким, адегенде Ошко, анан кийин Жалал-Абадга кошулганыбыз туура болгондур? Бирок, бардыгын мезгил аралыгынан кылдат таразалап, ыйманга камчы чаппаган эмдиги калыс сөзүмдү айтсам, салт-санаасы, менталитети жагынан нарындыктарга окшош жашаган элимдин Нарын областына кошулганы эле туура экен, түштүккө күчтөп, «канын кайнатып» жатып кошкон күндө да, алар менен эл болуп - кадимкидей тамырлашып жашай албасына толук көзүм жетти.

## Мезгил зуулдап өттү, ага жараша элибиздин турмушу да таанылгыс болуп өзгөрдү

Районубузда жашаган элдин жашоо-тиричилик шарты мындан бир топ жыл илгерки көрүнүштөргө салыштырмалуу эң чоң өзгөрүштөргө дуушар болгонун мына эми өзүбүз күбө катары көрүп жатабыз. Мындай жогорулап-өсүүлөр, баарыдан мурда, төмөнкү эки фактордун негизинде мүмкүн болду деп эсептеймин:

**Биринчиден:** районубузда 1983-жылдан бери курулуп-иштеп жаткан алтын-кен комбинатынын ролу абдан чоң, анын аркасы менен элибизде жумушсуздук деген жокко эсе. Алган айлыктары, берилген кредиттер, андай акча каражаттарын максаттуу багыттарга: мал өстүрүүгө, соода-сатыкты уюштурууга, дыйканчылык иштерине ж.б. өз орду менен пайдалануу элеттик элдин турмушун жакшыртууга алып келген бирден-бир илгерилетүүчү фактор болуп саналат.

**Экинчиден:** 1992-жылдын 15-декабрында «Жер казынасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынып, аны колдонууга киргизүү тууралсындагы токтомдун чыгышы менен төлөм акылар жергиликтүү бюджетке көбүрөөк түшүп, анын натыйжасында өткөөл мезгил убагында жалпы эле райондун социалдык-экономикалык ал-абалын жакшыртууга каалап-күткөндөгүдөй мыкты өбөлгөлөр түзүлдү деп эсептеймин.

Аталган токтомдун негизинде, жер казынасын пайдалануу укугу жана жер казынасын (жергиликтүү маанидеги кен чыккан жерлерди кошкондо) пайдаланганды-гы үчүн төлөнгөн акылар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетине жана аймактарында жер казынасын пайдалануу ишке ашырылып жаткан областтардын, райондордун (шаарлардын) бюджеттерине төмөндөгүдөй катыштарда чегерилген:

**Райондун (шаардын) бюджетине - 30%.**

**Областтын бюджетине - 20%.**

**Кыргыз Республикасынын бюджетине - 50%.**

Адегенде ушундай вариантта деп мыйзам долбоору сунуш кылынган эле. Ал убакта маселени жакшы түшүнгөнү да, түшүнбөгөнү да анын канчалык олуттуу экенине маани беришпей жаткан, анан качан гана бул маселе карала баштаганда, өзүм тааныган депутаттарга айтып, түшүндүрүп чыктым. Мындан тышкары, областтын губернатору ыраматылык Бекмамат Осмонов колдоо көрсөттү, ал депутаттарды бирден чакырып алып, жекече сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Ош областынын депутаттарынан да, өзүм мурда иштеп кеткен райондордон шайланган депутаттардан да, өзгөчө, мыйзам иштеп чыккан депутат Картайбек Муканбетов, Оштон В.П.Рогольский, Чүйдөн Б.Г.Бажан сыяктуулардын маселени ар тарабынан терең негиздеп айтышкан ырааттуу колдоосу менен адегенде жогорудагы көрсөтүлгөн пайызга токтолушкан эле, бирок, областтын кызыкчылыгы үчүн кайра-кайра колго салып жатышып, төлөм акылардан областтын бюджетине 25%, районго 25%, ал эми республикага 50% үлүш ыйгарылган мыйзам кабыл алынды.

1992-1994-жылдары районубуздун акими болгон Курманбек Бакиев ушундай бюджет менен иштеди. Бул деген - төлөм акылардан эле жылына 23-25 млн.сом акча алып туруу деген сөз болчу. Бирок, ушунчалык зор каражат да туура пайдаланылбай, кереги барбы, жокпу - ал жагын карабай эле көрүнгөн майда-барат нерсеге ыксыз чачып-жоготуп турушту. Райондо бир дагы курулуш курулган жок. К.Бакиев кийин, 1995-1997-жылдары Жалал-Абад областынын губернатору болуп иштеп турганда, районго 12 пайызды - 12-13 млн. сомду гана калтырып, калганын толук бойдон областка которуп кетишкен. Ал эми биздин жетекчилер кошомат катарында баш ийкөө менен чектелип, элди көтөрбөй, ээлеген кызматтарынан коркуп, ушул күнгө чейин район ырыскысын алдырып жиберип, унчукпай иштеп келе жатышат.

Бирок, ошого карабастан, районубуздагы мекеме-ишканалардын кызматчылары, жумушчулары, жалпы эле калайык-калкыбыз жогорудагы эки фактордун негизинде, үй-тиричилигин жөндөө жана башка зарыл ке-

ректөөлөрү үчүн алган эмгек каражаттарын туура пайдаланышып, мал күтүү, дагы бөлөк бизнес түрлөрүн колго алышып, натыйжада, өз буттарына бекем-чыйрак турган бир канчалаган бизнес ээлери да өсүп чыкты. Мен алар менен сыймыктанам. Таалай Токтоболотов, Отуке Идирисов, Беки Нурманбетов, Азис Жаныкеев, Исмаил Абдыраимов, Жаныш Токталиев жана анын уулу Айбекке окшогон бир канчалаган жаш бизнесмендер тобунун иштерине ар качандан бир качан ийгилик гана каалamakчымын.

## Дагы эле жол, жол...

Күндөрдүн биринде, сессия жүрүп жаткан кезде, Президент А.Акаевдин кабыл алуусуна жазылып, аны менен бет мандай отуруп, төмөнкү эң олуттуу деген маселелерди эч тартынбастан ачык талкуулага коюуну туура көрдүм.

Жалпы республикабыз, эл үчүн бирден-бир көйгөйлүү стратегиялык маселе - бул дагы эле баягы жол маселеси болучу. Ошол себептен, сессия учурунда ар бир сүйлөгөн сөзүмдө жол боюнча маселе көтөрүп сүйлөөчү элем. Ушундан улам, депутаттар да менин атымды жол маселесине байланыштырып, тамашага айлантып ийишчү. Кыргызстандын экономикасын, инфраструктуралык өсүү темпин жогорулатуу, эң оболу, бардык областтар менен райондордун калкы бири-бири менен жылдын бүт мезгилинде эч тоскоолдугу жок катташып туруусун камсыз кылуу максатында, дал ушул багытта тез аранын ичинде келечекке эсептелген эң ишкердүү чараларды көрөлү, керек болсо, өзүм ал боюнча парламентке сунушталчу мыйзам долбоорун да даярдап берейин деген ой менен Президентке көзмө-көз барып жолугууну чечкен элем.

Чынында, республикада Ысык-Көл, Нарын областтарынын эли Чүйгө бир эле Боом капчыгайы аркылуу каттап турушат эмеспи. Кудай бербесин, а эгер ушул Боом капчыгайында бир чоң кырсык болуп калса, анда алар

түзүлгөн кыйын абалдан кантип чыгышат? Ушунун өзүн эле Кызарт ашуусу аркылуу өткөн жумгалдыктардын жол катнаш абалына карата айтууга болот. Не бар, не жок дейт эмеспи, жогорудагы эки областтын эли эч байланышы жок Ош менен Чүйдөн ажырап калса, кандай айла кылмакчыбыз?

Эгер өзгөчө кырдаал түзүлүп, согуш коогаланына жакындаган коркунуч пайда болсо, Ош менен Бишкекти байланыштырып турган Ала-Бел ашуусу ошондой күтүүсүз себептерден улам бир өзүнчө «кыл көпүрөгө» айланса, анда да кандай туңгуюктан барып жол таап кетебиз? Мына ушул өңдөнгөн маселелердин баарын көңүлүмө топтоп, келечекке багытталган иштиктүү чараларды азыртадан баштап көрүү тууурасында, конкреттүү сунуш-ойлорумду коштоо менен, бет маңдай отуруп Президенттин өзүнө түшүндүрүп айтып берейин дедим эле.

Ушунун негизинде, Казарман менен Жалал-Абаддын ортосундагы Сары-Кыр ашуусуна туннель куруу жөнүндөгү маселени алдыга коюп, ага акча каражатын кайдан табабыз десе, Казармандагы алтын-кен комбинатына берилген план-тапшырманы толук аткаруу менен андан ашык алынган алтындын акчасын ошол максатка пайдалануу үчүн Жогорку Кеңешке мыйзам долбоорун даярдап, сунуш кылайын, сиз Президент катары колдоо көрсөтүңүз деген жүрөктөгү атуулдук пикиримди ачык билдирейин деп ойлогон болчумун. Келечегинде Жалал-Абадды Нарын областы менен байланыштырган жол курулуп калса, жыш отурукташкан жалал-абаддыктар жеринин көп бөлүгү бош жаткан нарындыктарга жакын көчүп келип отурукташат эле, ошондо түштүк, түндүк болуп бөлүнгөн «региондук» жаман саясаттан арылып, кез-кез жаралып жаткан улуттук араздашуу, конфликттер да чыкпай калмак деп түшүндүрүүнү максат кылып, кабыл алуусуна дилгирленүү менен жазылганымды азыр бир айтамбы да, эки айтамбы.

Бирок, А.Акаев мени оппозициялык маанайдагы саясатчы катарында көрүп, өзүнүн көз карашын жогору коюп, ар кандай шылтоолор менен кабыл албай койду.

Бул туурасында сессиянын жүрүшүндө процедуралык маселе катарында айтып, наразылыгымды билдирдим. Архивде сакталган жазуу тасмасын уксаңар болот, балким, кээ бирөөлөр ошол убакта эле телекөрсөтүү аркылуу берилген түз эфирден өз кулактары менен угушкан чыгаар.

## Алтын боюнча депутаттык комиссияда

Республикадагы алтын казуу өндүрүшүнүн ал-абалын жана перспективасын иликтеп чыгып, парламент алдында маалымат берүү мүдөөсү менен 1992-жылдын августунда өткөн Жогорку Кеңештин 12-сессиясы бул маселе боюнча атайын комиссия түзгөн эле. Ошол кезде алтын казуу республикада бир гана Макмал комбинатында жүргүзүлүп жаткан.

**Аталган комиссия курамы 9 кишиден түзүлүп, алар төмөнкү депутаттар эле:**

**1.Мамбетов Шергазы** - комиссиянын төрагасы, политехникалык институттун ректору, №37- Политехникалык шайлоо округунан, Бишкек шаары.

**2.Усубалиев Турдакун** - пенсионер, №205-Куланак шайлоо округунан, Нарын областы.

**3.Мойдунов Абиийбилла** - №324-Каргалык шайлоо округунан, Жалал-Абад областы.

**4.Молдогазиев Бейшен** - №93-Быстровка шайлоо округунан, Чүй областы.

**5.Идинов Кубанычбек** - №186-Өрүктү шайлоо округунан, Ысык-Көл областы.

**6.Ташыбекова Жамал** - №166-Кара-Суу шайлоо округунан, Ош областы.

**7.Ежов Анатолий Павлович** - №51-Спортивная шайлоо округунан, Кара-Балта шаары.

**8.Дырылдаев Рамазан** - №29-Ломоносов шайлоо округунан, Бишкек шаары.

**9.Осмонов Абдуллабек** - №279-Катта-Талдык шайлоо округунан, Ош областы.

Комиссия Жогорку Кеңештин депутаттары, жергиликтүү кеңештер, республиканын белгилүү илимпоздору жана адистери менен тыгыз байланышта иш алып барып, алтын өндүрүүчү ишканалардын кызматчы-жумушчулары менен жолугушууларды уюштурушту. 12-сессиянын экинчи этабынын аяк ченинде топтолгон айрым фактылар менен маалыматтар талдоого алынып жана жалпыланып, Кыргызстанда алтын казып чыгарууну мындан ары өнүктүрүү боюнча ар тараптан негизделип таразаланган конкреттүү сунуштар даярдалган.

Арийне, ал кезде белгисиз себептер менен сессия депутаттар комисиясынын отчетун эмес, а «Кыргыз алтыны жөнүндө» жалпы алкакта баяндалган Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин маалыматын уккан.

Депутаттар комиссиясы өз ишин улантып, чет өлкөлүк «Комеко» жана «Моррисон Кнудсен» сыяктуу фирмалар менен контракттарды түзүүдө Кыргызстан мыйзамдары («Жер казынасы жөнүндө», «Чет өлкөлүк инвестициялар жөнүндө») одоно түрдө бузулгандыгын айгинеледи. Бул жөнүндө 1993-жылдын 2-июнунда жиберилген комиссиянын катында Жогорку Кеңештин Президиуму менен Өкмөткө маалым этилген. Катта, жогоруда айтылган фирмалар менен түзүлгөн контракттардын натыйжасында, республиканын чоң байлыгын түзгөн алтын кени өтө шектүү «Сиабеко» компаниясынын кланынын колуна түшүп калгандыгы туурасында айтылган. Бирок, тилекке каршы, бул материалдарга карата Жогорку Кеңештин Президиуму тарабынан да, Өкмөт тарабынан да эч кандай жооп болгон жок. Ушундан кийин, алтын боюнча комиссия жардам жана колдоо көрсөтүү өтүнүчү менен республиканын калайык-калкына кайрылууга аргасыз болду.

Ошентип, расмий бийлик комиссия көрсөткөн материалдарды элден жаап-жашырып коюу, жокко чыгаруу мүмкүн эмес экенине көзү жеткенден кийин, комиссиянын мүчөлөрүн кайдан-жайдан тапкан шылтоого таяп күнөөлөп, атүгүл түздөн-түз кордоодон да тартынган жок.

Ошол эле жылдын 27-августунда Премьер-министр Т.Чыңгышев республиканын телекөрсөтүүсү менен радиосунда сүйлөп жатып, Жогорку Кеңештин алтын маселеси боюнча комиссиясынын мүчөлөрүн «аракечтер», «карьеристтер», «өздөрүн-өздөрү шайлагандар» деп атап, алардын көтөргөн маселелери тамтыгы калбай талкаланды дегендей жалган-калп сөздөрүн айтты.

Мына ушундай уятсыз аракеттердин баары бизди, Жогорку Кеңештин депутаттар комиссиясынын мүчөлөрүн, Кыргызстандагы алтын запасы жана республиканын жетекчилеринин ушул чоң маанилүү иштердеги жиберген орчундуу каталарына байланышкан материалдарды жарыкка чыгарууга аргасыз кылды. Бул болсо, өз кезегинде, бир гана эл депутаттары эмес, а жалпы эле эли-журтубуздун Кыргызстанда алтын казып алуу жана аны башкаларга сатууну көзөмөлдөө боюнча түзүлгөн абалга объективдүү баа берүүсүнө, ошондой эле ким мамлекеттин чыныгы кызыкчылыгын коргоп жатканын, ал эми ким айрым «иштермандар» менен астыртан макулдашып алып, жеке байып-туйтунуунун амалдарын ойлоп, эл байлыгын талап-тоноонун жолуна түшүп кеткенин аңдап-билүүсүнө өбөлгө түздү деп эсептейбиз. Болгон чындыкты болгондой ачык айтуу биздин атуулдук милдетибиз эле.

Биздин берген маалыматтарыбыз менен чыгарган жыйынтыктарыбыз өңчөй фактылар жана документтерге гана негизделген болучу. Маселен, комиссия геологиялык чалгындын материалдары менен кылдат таанышып чыгып, иштеп жаткан «Макмал» алтын-кен комбинатына, курулуп жаткан «Талды-Булак», «Жер-Үй» алтын-кен объектилерине барып, түзүлгөн жагдайды жеринде көрдү. Кыргыз тоо-кен, Кара-Балта тоо-кен комбинаттары, «Кыргыз алтын» концерни, геология боюнча мамлекеттик комитеттин инженер-техникалык кызматкерлери, көптөгөн министрликтер жана банктардын жооптуу кызматкерлери, аларга катар эле, көп жылдардан бери ушул багытта иштеп келатышкан өндүрүштүн эң мыкты уюштуруучулары жана адистери менен жолугушуулар өткөрүлдү.

Натыйжада: «Кыргыз алтыны жөнүндө» республиканын Президенти А.Акаевдин, атайын иштеп жаткан парламенттин комиссиясына бербестен, жогоруда өзү жасаган докладында келтирилген фактылар башынан-аягына чейин жалган экендиги, эң жогорку мамлекеттик кызматта иштеген өзү, Премьер-министр Т.Чыңгышев, республиканын Улуттук банкынын төрагасы К.Нанаев жана башка бир топ жооптуу кызмат адамдары кылмыштуу топтор жана элементтер (анын ичинде чет өлкөлүктөр да бар) менен тутумдашып кетишип, жалпы элдик байлыктарды, валюталык каражаттарды уурдап-тоноого катышкандары айкын болуп чыкты. Ушундан кийин паракорчулук жана коррупция фактыларын териштирүү үчүн көз каранды эмес тергөө тобун түзүү жөнүндө сунуш киргизилген.

Акыры, Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Т.Чыңгышевге ишеним көрсөтүү же көрсөтпөө жөнүндө маселе парламенттин күн тартибине коюлуп, андагы жашыруун добуш берүүнүн натыйжасында, ал 1993-жылдын 13-декабрында ээлеген кызматынан кетүүгө аргасыз болду. Бирок, ошондой болсо да, А.Акаев өзү ээлеп турган кызмат абалынан пайдаланып, өзүн жана башка кылмыштуулугу далилденген жогорку кызматтагы жетекчилерди бардык айла-амал менен калкалап, өз айланасындагы кошоматчы, паракорлордун үстүнөн иш козготпой, Т.Чыңгышевди болсо, кызматынан кетирүү менен гана чектелип, дагы айрым бирөөлөрдү ишинен кетиримиш болгону менен, жасаган күнөөсүнө жараша түрмөгө кесилүүдөн сактап калды.

1993-жылдын 9-декабрында, сессиянын учурунда: «Алтын маселесинен чыккан чуу - бийлик талашуунун туу чокусуна жетти», - деп депутат Ж.Акималиев айткандай, алтын боюнча комиссиянын мүчөлөрүн кандай жол менен болсо да таркатууну көздөп, жашыруун да, ачык да айла-амалдарды ойлоп табышты. Т.Чыңгышевди кызматтан алган күнү, комиссиянын мүчөлөрү жана аларга көмөктөш болгон күйөрмандар депутат К.Идинов-

дун кабинетинин жанындагы кабинетке дасторкон жайып, ошол күнкү сессиянын жүрүшү жана анын жыйынтыктары жөнүндө кенен-кесири сөз кылып калдык. Ага Турдакун Усубалиевич өзү да катышып, сөз сүйлөдү. Бул жерде ал кишинин жана башкалардын сүйлөгөн сөздөрүнүн толук мазмунун ачыкка чыгаргым келбейт. Бир гана айта турган нерсе, Турдакун Усубалиевич сөзүндө белгилегендей, эгер биз Жогорку Кеңеште өз чыгарган тыянактарыбыздын чындыгын далилдей албай калсак, анда бизди олуттуу коркунучтар күтүп турганын, аягы жамандык менен бүтөөрүн ошол кезге чейин такыр эле сезбептирмин да, билбептирмин. Чынында эле, бийликтегилер комиссиянын мүчөлөрүнүн ичиндеги А.П.Ежов, Ж.Ташыбекова, А.Осмоновду өздөрүнө чакырып, жакшы кызматтарды сунуш кылышты, алар ошону менен комиссиядан чыгып кетишти. Мурдагы курамында алты гана мүчөсү калдык.

Күндөрдүн биринде Казарманга телеграмма келиптир, анда мени алтын комиссиясынын мүчөлөрүнүн чогулушу болот деп чакырышыптыр. Мен Бишкекке самолет менен учуп, Ак үйгө барсам, К.Идиновдун кабинетинде Турдакун Усубалиевич бар экен. Ал киши сөздөн сөз улап отуруп: «Абийбилла Мойдунович, биз сизди чакырткаsuccessfully ныбыз, кечээ күнү комиссиянын жетекчиси Шергазы Мамбетовду Премьер-министр өзүнө чакырып, ага алтын боюнча комиссиядан чыгууга «кеңеш» берүү менен республиканын Өкмөтүндө жаңыдан ачылып жаткан өнөр жай маселелерин тейлеген Вице-премьер-министрдин кызматын сунуш кылыптыр, Мамбетов болсо, андай сунушка макулдугун бериптир», - деп, телеграмма жөнөтүүнүн башкы себебин айтты. Мен: «Мындай кепти сиз кайдан уктуңуз?» - деп сурасам, Турдакун Усубалиевич мага: Ш.Мамбетов Премьер-министрге кирип кеткенде, жардамчысынын кабинетинде күтүп отуруп, иштин бүт жагдайын туюнган Бейшен Молдогазиевдин өз оозунан укканын билдирди. Бул маселе боюнча комиссиянын калган 6 мүчөсүн чакыртып, өзүбүзчө сүйлөшүп, протокол түзүп коелу деп сунуш киргизди.

Ошентип, саат эки ченде комиссиянын баягы алты мүчөсү чогулуп, жыйынды Турдакун Усубалиевич ачты да, үңүлө карап, протоколун өзү жазып кирди. Чынында эле, Шергазыны Т.Чыңгышевдин чакырганы чын экен, өзү келип, ал кызматка макулдук бергенин айтты. Ошондой эле комиссиянын дагы бир мүчөсү Рамазан Дырылдаевге да ички иштер министринин орун басарынын кызматын сунуш кылышканы белгилүү болду. «Эмне үчүн орун басардын кызматын берип жатасыңар, а эмнеге министрдин өзүнүн ордун бербейсиңер?» - деп сурадым дейт Рамазан. Анда тигилер: «Азырынча иштеп туруңуз, кийин беребиз», - дегенден кийин, ал орун басарлык кызматка макул болбой койгон экен. Ушул сыяктуу сөздөрдүн баарын Турдакун Усубалиевич протоколго түшүрүп, дароо баарыбызга кол койдурду да, өзүнүн папкасына салып алды.

Ырас, ушундай эле окуяга өзүм да дуушар болгон элем, мени да Өкмөттүн Вице-премьерлик кызматында иштеп турган Абдыганы Эркебаев өзүнө чакырып алып: «Алтын комиссиясынын курамынан чыгыңыз, сизге үч кызмат сунуш кылабыз, ошонун бирине барып иштеңиз, биз баарын макулдаштык», - деди. Анын сунуш кылган ал кызматтары: автожол министринин орун басарлыгы (кийин ал кызматта Ажыбеков иштеди), Тогуз-Торо районунун акимдиги, Жалал-Абад областынын губернаторунун орун басарлыгы (кийин бул кызматта Ө.Текебаев иштеди) эле. Мен: «Эмне үчүн автожол министринин же Жалал-Абад областынын губернаторунун кызматына сунуш кылбайсыңар, а алардын орун басарларынын кызматын гана бергиңер келет?» - деп сурадым. Антсем, Абдыганы ар кандай шылтоолорду айтуу менен чектелип, тим болду. Мен бул сүйлөшүүнү эч кимге айтпай, жадагалса, Турдакун Усубалиевич өткөзгөн жыйында да кеп кылган жокмун.

Арадан бир топ жыл өтсө да, дайыма оюмдан кетпеген нерсе, ошондо биз Шергазы Мамбетовдун жогорудагы Вице-премьерлик ишке баруусуна тоскоол кылгандай, анын келечек тагдырына балта чапкандай сезиле берет.

Ошол орунда кийин Алманбет Матубраимов иштеди. Чынында эле, Шергазы акылдуу, көптү көргөн, билимдүү, тажрыйбалуу, оор басырыктуу, республикадагы бирден-бир көрүнүктүү инсан болуп, өзүнө сунуш кылынган кызматта гана эмес, Премьер-министрдин жоопкерчилигин аткарууга да татыктуу, даяр кадр эле. Балким, мансапкор болсо, аркы-беркини ойлобосо, өз тагдырын өзү чечип, бизди таштап коюп деле кете берет эле го? Чыныгы патриот экендиги ушунун өзүнөн эле көрүнүп турбайбы. Жалпы депутаттар аркылуу шайланган комиссиянын курамын жайдак калтырбай, аягына чейин чыдап, республикадагы алтын маселеси боюнча кылмыштуу иштин бетин ачууда кыргыз элинин нагыз патриот инсандарынын биринен экендигин далилдей алды.

## «Алтын чуулганына» шылтоолоп эл депутаттарынын таркатылышы

«Кумтөр» кенин иштетүү боюнча канадалык «Комеко» корпорациясы менен генералдык келишим туура эмес түзүлгөндүгүн көрсөтүп, аны алтын боюнча депутаттык комиссиянын мүчөлөрүн катыштыруу менен кайрадан карап чыгып, андай келишимди жаңыдан түзүү жөнүндө Өкмөткө сунуш киргизгенбиз. Бул маселе боюнча Премьер-министр Т.Чыңгышевдин колу коюлуп, 1993-жылдын 4-августунда кабыл алынган Өкмөттүн №348-токтомунда парламенттик комиссиянын мындай жүйөөлүү киргизген сунушуна макулдук берилген болучу. Бирок, Т.Чыңгышев отставкага кетээри менен, Президент А.Акаев өзү баш болуп: кыргыз элинин бактысына, өсүшүнө парламентте түзүлгөн «алтын комиссиясы» жолтоо болуп жатат, бизди иштетпей жатат деген сыяктуу адам ишенбес айыптарды тагып, радиодон, телекөрсөтүүдөн, бийликти жактап сүйлөгөн гезит беттеринен кайра-кайра ачык эле жар салынып, депутаттарды шайланган мөөнөтүнөн мурда таркатуунун аракетин тынымсыз көрө башташты.

Ошентип, жер-жерлердеги губернаторлорго, акимдерге депутаттарды сессияга жибербегиле деп күчтөп-зордогон команда берилип, анын натыйжасында, июль айында өтө турган Жогорку Кеңештин сессиясына көпчүлүк депутаттар келбей калып, сандык катышы жагынан кворумга жетпеген депутаттар менен сессияны эптеп өткөрүмүш болдук да, акырында барып баарыбыз таркап кеттик.

Кийин А.Акаев, А.Жумагулов өздөрү ээн-эркин түзүп, канадалык «Комеко» корпорациясы менен биргелешип кол коюшкан генералдык келишимдин негизинде, канадалыктар кыргыз элинин дүйнөдөгү эң чоң запаска ээ болгон алтын кенин каалагандай казып, ташып, элге эч кандай пайда келтирбей, ушул күнгө чейин алып кетип жатышат. Мунун пайдасын ошол убакта жогорку кызмат орундарын ээлеген айрым кишилер эле көрүп, Швейцариянын банкында өздөрүнө жеке эсеп ачтырып алып, жыргап-куунап, сайран куруп жүрүшкөндөрү азыр эч кимге деле жашыруун эмес.

Ал эми губернаторлордун, акимдердин сөзүн укпай, таркаар алдында - ошондогу Жогорку Кеңештин 1994-жылдын июлунда өткөн 14-сессиясына барган депутаттар ушул мезгилге дейре «оппозициянын көзөлдөрү» катарында эсептелип, жаманатты кылган кирдүү жарлыктан кутулбай, өзүбүздү-өзүбүз четте калган «унутулган жандар» сыңарында сезип келатканыбыз да жалган нерсе эмес.

Ушуга байланыштуу өз тагдырыма тиешеси бар бир орчундуу жагдайды айтсам, анын жөнү мындай. Мени өз убагында, Жогорку Кеңештин депутаттары атайы документ даярдашып, «Кыргыз Республикасынын транспортуна эмгек сиңирген кызматкер» деген ардактуу наамга көрсөтүү жөнүндө Президентке сунуш жиберишкен эле. Бирок, андан алигидей алтын комиссиясындагы «жоругума» байланыштуу эч жыйынтык чыкпай калган. Андай наамды Жогорку Кеңештин депутаттарынын экинчи жолку жаалап кайрылуусунун негизинде гана - 1999-жылдын 16-декабрында А.Акаевдин өз колунан алууга мүмкүн болду.

## Т.Усубалиев баштаган комиссия Макмалда болгондо

«Легендарлуу парламенттеги» алтын маселеси боюнча комиссиянын ишмердүүлүгүнө тийиштүү болгон бир окуяны мезгил аралыгынан туруп колдон келишинче деталдаштырып айтууга аракет жасап көрөйүн.

1993-жылдын август айынын аяк ченинде Макмалдагы алтын-кен комбинатына барган аталган комиссия эки күн катары менен тыным албай иштеп, комбинаттын ошол учурдагы ал-абалы, андагы ар бир цехтин иштери менен кылдат таанышып, тиешелүү жетекчи-адистерге тапшырмаларды берип, маалымат жагынан өндүрүштүк картинаны толук бойдон көз алдыга тарткан материалдарды алды. Мындай иликтөө багытына аныктык-тактык киргизген материалдар концерндин өндүрүштүк бирикмесинен мурда да алынган эле.

Комиссияны жетектеп келген Турдакун Усубалиевич ар бир технологиялык процесс менен шашпай сурамжылап-кызыгып таанышып чыкты. Анан ар бирибизге ар кандай тапшырмаларды берип, ишке керектүү материалдарды өз убагында толугу менен алды.

Экинчи күнү кечинде мен Турдакун Усубалиевичти, комиссиянын калган мүчөлөрүн үйүмө чайга чакырдым. Биздин үйдө аксакал менен кошо келген Кочкор районундагы «Чолпон» совхозунун директору (аты-жөнүн билбеймин) жана анын шоферу да конок болду.

Андан мурда бир тууган агам Тотуга барып, кеңешип: «Турдакун Усубалиевич менен кошо биздин үйдөн чай ичиңиз», - десем, ал: «Менин барышым туура эмес болот го, анткени, ал кишинин учурунда партиядан чыгып, кесилип кеттим эле, өткөн нерселерди ойго түшүрүп отуруп, аным тамак ичкенге деле окшобой калат го», - деди. Анда коноктору Казармандан жалгыз өзүм эле тосууну жөндүү көрбөй, күйөө балам катарында Бакы Ороковду да араларына кошуп койдум.

Эртеси, карьердин иши менен толук таанышкандан кийин, Ак-Талааның Кош-Дөбөсү менен Тогуз-Торонун

ортосун бөлүп турган Ак-Мойнок участкасына чейин узатып бардык. Ал жерде Ак-Талаа районунун мурдагы Ленин атындагы колхозунун башкармасы Карабай Жыргалбеков жана «1-май» колхозунун башкармасы Эргеш Мейманов тосуп турушуптур. Бирге отуруп тамактангандан кийин коштоштук, комиссиянын мүчөлөрүн алар андан ары коштоп, узатып кетишти.

Ушул жерде Турдакун Усубалиевич жөнүндө бир-эки ооз сөз.

Бул жашоодо адам баласы эмнелерди гана башынан өткөрбөйт. Мен өзүмдүн өмүр жолумда далай адамдар менен тааныштым, жолугуштум, мамиле түздүм, учкул жаштык курак жылдарымда окудум, кийин алты райондо иштедим, кызмат өзгөчөлүгүнө жараша эң чоң жыйындарга да катыштым, окумуштуулар, министрлер, чарба-ишкана жетекчилери, карапайым жумушчу, кызматчы, дыйкандардын арасында болуп, узак-узак жылдар чамам жетишинче талыкпастан эмгек кылдым. Мен Турдакун Усубалиевичти алтын маселеси боюнча комиссияга мүчө болгондон көп-көп мезгил мурда, Москва райондук комсомол комитетинде биринчи катчы, партиянын райкомунун бюро мүчөсү болуп жүргөн убагымда алгачкы мертебе жакындан көргөн элем. Ошондо Кыргызстан КП БКнын бюросунун жыйынына катышып, жанында туруп сөзүн угуп, өзүм да кеп кезеги келгенде чыгып сүйлөгөмүн. Ал жолу бюродо партиянын Москва райкомунун эски салттарга каршы күрөшүүдөгү кетирген кемчиликтери тууралуу маселе каралган. Райондогу Карл Маркс атындагы колхоздун бригадирлеринин бири берген тойдо кейиштүү себептер менен бир адам өлүп калып, ага шылтоолоп колхоздордун улутчул маанайдагы орус башкармалары райкомдун биринчи катчысы Б.Куловго каршы чуу баштап чыгышып, ушундай уюшкан топтордун айынан эки ортодо БКнын бюросуна чейин көтөрүлгөн чоң сөз болгон. Бюрону Турдакун Усубалиевич өзү алып барган. Мен андай улутчулдардын бетин ачуу боюнча райондун комсомолдук лидери катары эч нерсени жаап-жашырбай, жүрөктөгү курч жалын-жигер

менен республиканын жетекчилеринин алдында тартынбай сүйлөп чыккан элем. Ошол бюро жыйынындагы Турдакун Усубалиевич менен алгачкы кездешүүм күнү бүгүнкүдөй эсимде сакталып калыптыр.

Эми, алтын маселеси боюнча комиссиянын ишин аткаруу учурунда, Турдакун Усубалиевич менен жакындан тааныштым. Аз убакыт бирге болсок да, ал кишиден өмүрүмдүн мурдагы баскычтарында топтогон сабак-тажрыйбаларымдан алда канча таасирдүү, алда канча баалуу, өрнөктүү - тарбия иретиндеги сапат-касиеттерди үйрөндүм. Табиятында өзүнчө эле калыпка салып койгондой токтоо, жайдары, аябагандай сабырдуу адам экен. Орусча, кыргызча сөздүн атасын тааныткан артыкчылыгы, талбай отуруп иштеп-изденгендиги, анан кээ бир адамдардын жазган сүйлөмдөрүн бир-эки ооз сөз менен эле алмаштырып, бир нерсеге негиздебей ой айтууга, фактынын чындыгы болбосо, аны колдонуп сүйлөөгө таптакыр уруксат бербеген принциптүүлүгү мени абдан таң калтырып койду. Сөздү талашсыз фактынын негизинде ырааттуу, жеткиликтүү айтып, бир эле кичинекей жерден жаңылып калбас үчүн дайыма кагазга жазып алып, уккулуктуу сүйлөйт. Өзү маданияттуулукту өзгөчө бекем кармоо менен аны адатка айландырып, адамдын көңүлүн оорутпай сылык мамиле жасайт экен.

Ушундай керемет тарбияны, билимди, тажрыйбаны кандайча топтоп, жеке эле Кыргызстандын эмес, а бүткүл дүйнө турмушундагы ар кандай маалыматтарды да кандайча өз кругозоруна табигый тартипте сыйдырганына айран калбай койбойсуң. Укканыбызга караганда, капиталисттик коомдогулар балдарын кичинесинен эле өздөрүнүн атайын президенттикке даярдоочу окуу жайларында тарбиялап-өстүрүп, анан ал балдары жүрүпжүрүп отуруп эле билинбей Өкмөт башына барып калышат дешет. Ал эми бул адамдын ушундай даражадагы өнүккөн дүйнөлүк инсанга айланышына эмнелер көмөк көрсөтүп, эмне жагдайлар шарт түздү болду экен деп ар качан ойлоно беремин. Жашы бир топко барып калса да, такыр жазгандан чарчабаган, өжөр, кайраттуу, бий-

ликтин башындагы адамдарга туура эмес жүргүзгөн иши үчүн келишпес мамиле жасаган, адилеттикти жактаган, калыстыктан тайбаган, ак эмгеги - таман акы, маңдай тери менен жашаган, тууган-туушкандарына тартпаган, ичи тарлыкты, кишинин карөзгөй, эки жүздүүлүгүн жек көргөн бирден-бир инсан - Турдакун Усубалиевичтей адамдар азырынча туула элек, анын эс тутуму эң күчтүү, ал - замандаштарыбыздын арасында тирүү басып жүргөн өзгөчө энциклопедия, ири коомдук-саясий ишмер деп эсептеймин. Бул киши эл үчүн аябай эмгек кылды. Балким, арабызда азырынча андай адам болбосо да, дагы бир канчалаган жылдардан кийин туулаар!

Залкар инсаныбыздын өмүрүн Кудай таалам узун кылып, кыргыз эли туусу катарында бетине кармап, арабызда аман-эсен жүргүзсө экен деп Кудайдан сурай беремин. Кочкордун элин Кыргызстандагы эң уюткулуу, мыкты эл даражасында эсептечүмүн. Бирок, Турдакун Усубалиевичтин ордуна А.Жапаровго окшогон жаш кадрларды коюшуп, ал үчүн чуркашып, даңк, бийлик үчүн өлүп-тирилбей эле коюшса не болмок, бул инсанды кыргыздын туусу катарында барктап-көтөрүшүп, көзү өткөнчө депутат кыла албаган Кочкордун элинде деле Калыгул олуя, Баялы Исакеев, Ишеналы Арабаев, Төрөбаев, Мөкүш сыяктуу нарк-нускалуу адамдары калган эмес го деген күдүктөнгөн ойдон кутула албай жүргөнүмдү жашырууга болбос.

## Израилден келген «кийимдер» жана дагы толгон-токой кызыктар

Ошентип, Макмалдагы алтын-кен комбинаты боюнча сөзүбүзгө кайра өтөлү.

Ал мезгилде, бул чоң ишкананы жетектеген К.Кыдыровдун учурунда, 1992-жылдын 16-июнунда, Кыргызстан тарабынан - Премьер-министр Т.Чыңгышев, «Кыргыз алтын» өндүрүштүк бирикмесинин башкы директору К.Кыдыров, ал эми швейцариялык «Сиабеко» компания-

сы тарабынан - анын президенти Б.Бирштейн, «Сиабеко» - Кыргызстан АГнын» директору Санжар Айтматов болуп, Кыргыз Республикасынын пайдалуу кендерин өздөштүрүү тармагында жана тоо-кен өнөр жайын өнүктүрүү багытында биргелешкен ишмердүүлүк жөнүндө контрактка кол коюлган. Алар, пайдалуу кендерди иштетүүдө Батыштын технологиясын пайдаланабыз деп, иш жүзүндө эмес, сөз жүзүндө жыргатып, натыйжада, Президенттин алдында Кыргыз Республикасынын экономикасын реконструкциялоо жана өнүктүрүү боюнча комитет түзүлүп, анын башчылыгына контракттык негизде Канаданын атуулу Бирштейн Борис Иосифович бекитилген.

Алтын боюнча жасалган кылмыштуу иштерди териштирүүнүн жыйынтыгында, Т.Чыңгышев, К.Нанаев жана К.Кыдыров кызматтарынан алынып, бирок, булардын үстүнөн кылмыш иши козголбой, кутулуп кала беришти. Анткен себеби, А.Акаев өзү да андайлар менен табакташ болуп, арасында жүргөн.

Бул жерде комиссиянын материалдарын толук өлчөмдө тааныштырууга мүмкүнчүлүк жок (китепке батыра албаймын) болгондуктан, Тогуз-Тородогу «Макмал» комбинатынын жетекчилеринин кылмыштуу иштеринин бетин ачкан айрым материалдарды гана келтирейин.

«Кыргыз алтын» өндүрүштүк бирикмесинин башкы директору К.Кыдыров, «Сиабеко» фирмасы менен 1992-жылдын 28-майында түзүлгөн №27-контракттын негизинде, жабдууларды жана техникаларды сатып алуу, өндүрүштү өнүктүрүү үчүн 350 миң доллар карыз алган да, Өкмөт тарабынан тиешелүү көзөмөлдүн жоктугунан пайдаланып, өзү эмне кааласа, ошону жасай берген. Уурдаганда, чоңдон уурдашкан, бирок, майдасын да «таарынтышкан» эмес. **1992-жылдан кийин «Макмал» комбинатынын иши оңолбой, чоң тыным менен иштеп калган. Тиешелүү техникалар, материалдык-техникалык жабдуулар убагында камсыздалбагандыктан, көп токтоп турган.** Ушундай абалга карабастан, К.Кыдыров алиги Б.И. Бирштейн деген неме менен макулдашып алып, Из-

раилдеги «Сиабеко» корпорациясынын «Сиабеко» - Грейдинг АГ» аттуу фирмасынан колготкилерди, аялдардын юбкасын, кроссовкаларды ж.б чүпөрөк-чапырактарды 200 миң долларга сатып келүүгө көрсөтмө берет. Бул опсуз чоң сумма аталган фирмага 1992-жылдын май айында толугу менен төлөнгөн.

Алтын маселеси боюнча комиссия Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы мамфинансы комиссиясынын башкы мамлекеттик фининспекторуна келишимди текшерип чыгууну тапшырган. Текшерүү Израилден келип түшкөн товарлардын наркы 111498 долларды түзөөрүн аныктаган. Ал эми 88 миң долларды «жетишпеген» деген шылтоо менен эсептен чыгарып тштаган. Анан дагы, колготкилерди, юбка, кроссовкаларды Москвадан Бишкекке алып келгенине 3 миң доллардан ашык төлөшкөн. Мындан тышкары, эл керектөөчү товарлар менен бирге, компьютерлерге 60 папка келген. Бирок, К.Кыдыров чет элдик командировкасынын авансалык отчетуна сатып алынгандарды жазган да, валютанын чоң суммасын чыгарып таштаган.

К.Кыдыров ошону менен токтолуп калбайт. Валюта боюнча дагы бир «келишим» түзөт. Бул жолу да «Сиабеко» фирмасынын жетекчилери менен. Ал Израилге өзүнүн берилген кызматкер айымы - Валя Адылбековany командировкага жиберет. Ага, «Сиабеко» - Грейдинг АГ» фирмасы менен макулдашып, андан 100 миң долларга ювелирдик буюмдарды сатып алуу жөнүндө шектүү контракт түзүү тапшырылат. Анын акчасын доллар түрүндө «Кыргыз алтын» 1992-жылдын 9-сентябрында которуп берет. Ошентип, ноябрь-декабрь айларында Израилден аталган бирикмеге эки партия менен жалпы салмагы 9680,6 грамм ювелирдик буюмдар - алтын чынжырлар, билериктер, шакектер жана сөйкөлөр келип түшкөн. Бул буюмдардын ичинен: бир чынжыр, сөйкөлөр жана шакектер (жалпы салмагы 18,9 грамм) 7000 рубль баасында республиканын жооптуу кызматта турган бир чиновнигине (фамилиясы айтылбайт) сатылган. Бардык буюмдардын наркы 140 миң рублди түзгөн.

Ювелирдик буюмдарды Израилден сатып алууга кеткен 100 миң доллардан тышкары, бажыканага төлөгөнү жана башка чыгымдар 9334 доллар болгон. Атүгүл Москвадан Кыргызстанга ташып келүү акысы рубль менен эмес, а доллар түрүндө төлөндү кылынган. Командировка үчүн 857 доллар кошумча төлөнгөн.

Ошентип, Израилден Кыргызстанга ювелирдик буюмдарды жеткирүүгө эле 42 млн. рублден ашык акча сарпталган. Ошол эле учурда, комбинаттын өзүнүн иши чоң үзгүлтүктөр менен жүрүп турган.

**Ушундай жагдайга карабастан, «Кыргыз алтындын» жетекчилеринин «көзөмөлдүгү» астында өндүрүш бирикмесинин бүт бөлүмдөрү чакан ишканаларды уюштурушкан. Алардын иши негизги өндүрүш менен байланышта болгон эмес.** Мисалы, «Алтын нур» чакан ишканасынын ишмердүүлүгү өндүрүштүн кызыкчылыгынан алыс башка иштер менен алагды болууга багытталган. Чолпон-Атадагы турак-жай-коммуналдык чарба мекемеси менен биргелешкен «Азамат-Алтын» ишканасы уюштурулган. Ошол эле Көлдөгү Балыкчы шаарында жүктөрдү ташууга автотранспорттук кызмат көрсөтүү үчүн «Ак тилек» чакан ишканасы түзүлгөн. Кант районундагы Ново-Покровка айылында тыным жасоо базасын (перевалочная база), жүктөрдү түшүрүү жана аларды жүктөө, автокызмат көрсөтүү, жабдыктарды сактоо деген шылтоо менен «Элес» чакан ишканасын, Бишкек шаарында болсо, такай ар кандай кызматтарды көрсөтүп туруучу «Макмал алтын» артелин да уюштуруп жиберишкен. Ушул эле жерде «Кыргыз алтын» өндүрүштүк бирикмесинин бөлүмдөрүн тейлөөчү ОРС пайда болот. Кант районундагы мурдагы «Ысык-Ата» совхозунда ушундай эле ат менен «Макмал» комбинатынын жумушчуларын, инженер-техникалык кызматкерлерин тейлөө максатында атайын айыл чарба ишканасы ачылат. Суроо туулат: комбинаттын өзү жайгашкан Тогуз-Торо айылында мындай айыл чарба ишканасын уюштурса болбойт беле? Ошентип, 6 чакан ишкана, көптөгөн өндүрүштүк-коммерциялык ишканалар жана уюмдар биринин артынан бири пайда болгон. Аларга «Кыргыз ал-

тын» өндүрүштүк бирикмеси 1992-жылы 162 млн. рублден ашык акча бөлүп берген. Натыйжада, мындай «чыгармачылыктар» алтын-кен комбинатынын өндүрүшүнө катастрофалык терс таасирин тийгизген.

Түгөнбөс «кызыктардын» дагы бир учугу быякта. «Кыргыз алтындын» жетекчилери 102120 долларга - ар бирин 10 миң доллардан 10 РАФ автомашинасын да сатып алышкан. Ошол эле учурда, комбинаттын өзүндө руда тартканга автомашина жетишпей жаткан. Мындан тышкары, Быстровка (азыркы Кемин) шаарчасынан эски нарк менен 300 миң рублге эки үй, ал эми Кант районундагы Люксембург айылынан да 600 миң рублге бир үй сатып алууга көз жуумп туруп кол коюшкан. Балыкчы шаарынан 20 квартиралык үй жана китеп базасын сатып алышкан, алардын баасы да арзанга турган эмес. Кантта жайгашкан «Символ» коммерциялык фирмасына «Кыргыз алтындын» жетекчилери вагон-үй жана ДТ-75 бульдозерун 1 млн. 182 миң рублге сатып беришкен.

1990-жылдын 22-январында аталган бирикменин башкы директору «Макмал» алтын-кен комбинатынын алдында старателдик (алтынды кустардык жол менен өндүрүүчү) артелди түзүү жөнүндө буйрук чыгарып, анын уставын 1990-жылдын 26-мартында Бишкек шаарынын Биринчи май райондук аткаруу комитетинен каттоодон өткөрүшкөн. Андан мурун, 1989-жылдын 31-декабрында комбинаттын директору К.Кыдыров Кыргыз ССР Министрлер Советинин Иш башкармасы менен комбинатка бүткүл коммуникациялары, жабдуулары, машиналары жана механизмдери менен жыгач иштетүүчү цехтин базасын 1995-жылга чейин арендага өткөрүп берүү жөнүндө келишим түзгөн экен. Ал эми 1990-жылдын 1-февралында комбинаттын атынан «Макмал» старателдик артели менен ага субарендага бүткүл коммуникациялары, жабдуулары, машиналары жана механизмдери менен Совминдин ХОЗунун жыгач иштетүүчү цехин өткөрүп берүү жөнүндө келишим түзүлөт.

Андан кийин «Макмал» старателдик артелине арендага Чоң-Таш айылындагы эл керектөөчү товарларды

чыгаруу боюнча цехти берүү жөнүндө үчүнчү келишим түзүлөт. Артелге бүткүл коммуникация, жыгач үй, вагон-жатакана, дизелдик электростанция, көчүп жүрүүчү ашкана, эки БЭЛАЗ-540 автомобили, Т-330 бульдозеру өткөрүлүп берилет. «Артелчилер» 1990-жылдын августунда борбор шаардын Радищев көчөсүндөгү үйдү арендага алышат.

*В заключение нашего письма мы от имени Верховного Совета Кыргызской Республики выражаем глубокую надежду на то, что при рассмотрении поставленного нами вопроса будет проявлено с Вашей стороны, уважаемый Президент, самое справедливое и гуманное отношение. Ваша поддержка нашей просьбы для народа Кыргызстана будет иметь важное экономическое и политическое значение. Полученная доля запаса киргизского золота будет использована, в первую очередь, для развития золотодобывающей промышленности, являющейся одним из главных источников вывода республики из тяжелого экономического тупика. Наряду с этим, Ваше позитивное решение будет способствовать развитию самых дружественных и тесных взаимоотоношений между Кыргызстаном и Россией. Ведь не секрет, что последние годы Кыргызстан экономически, и политически все больше отрывается от России, поддаваясь пагуб-*

*ному влиянию различных прозападных и провосточных элементов. Это, как нам думается, не в интересах ни Кыргызстана, ни России. Ваше доброжелательное решение нашего вопроса остановило бы и тех, кто, используя неимоверные экономические трудности и невзгоды республики, всячески пытается осложнить, обострить здесь межнациональные отношения, вызвать неприязнь у киргизов к русскоязычному населению.*

*Мы рассчитываем на Ваше благожелательное решение по изложенной нами проблеме. Ее острота и неотложность, надеемся, извинит пространность письма. Нельзя было коротко рассказать об экономической, социальной катастрофе, переживаемой нищающим Кыргызстаном, его многонациональным народом.*

*Приложение: Постановление Верховного Совета Кыргызской Республики «О золотом запасе Кыргызской Республики» от 8 мая 1993 года.*

***С глубоким уважением народные депутаты Кыргызской Республики:***

***Ш.А. Мамбетов,***
***Р.О. Дырылдаев,***
***К.И. Идинов,***
***Б.М. Молдогазиев,***
***А. Мойдунов,***
***Дж.Ч. Ташибекова,***
***Т.У. Усубалиев»***

## Депутаттык соңку сөз

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Президенти, мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийликтеринин ортосундагы өз ара айыгышкан тирешүүлөр менен талаш-тартыштар «легендарлуу парламенттин» мөөнөтүнөн мурда таркашына алып келди.

Дегинкиси эле, менин депутаттык тажрыйбадан жана турмуштан алган сабактардан чыгарган тыянагым: бийликтин кайсы бутагында болбосун, анда иштегендер өзгөчө таза, ач көз эмес, патриоттук сезими күчтүү, мамлекеттин ишин өз ишинен жогору койгон, эл үчүн күйүп-бышкан, билимдүү жана профессионал адамдардан тандалбаса, кандай жакшы демилге, мыкты идея сунуш кылынбасын, андан көңүлгө толоорлук майнап да, үзүрийгилик арттырчу натыйжа да чыкпайт экен.

А.Акаевдин тушунда жана андан кийинки Президент К.Бакиевдин учурунда Конституциябыз эле канча мертебе өзгөртүүлөргө кабылбады. Аны бийликтегилер өз кызыкчылыгы үчүн каалаганындай өөнөп-жамашып, башкаруу тармагында мыйзамдуулук деген көз көрүнөө бузулду. Натыйжада, жогорку бийликти алмаштырган эки жолку төңкөрүш да ушундан улам болуп кетти. Орто жерде эч күнөөсү жок ондогон жаштардын өмүрү кыйылып, Ош, Жалал-Абадда улуттар аралык кагылышуунун жалыны тутанды.

2010-жылы Ө.Текебаевдин редакциясында сунуш кылынган жаңы Конституция биз баарыбызды келечекке чоң үмүт менен караткандыгын жашырууга болбойт. Чындыгында, парламенттик башкарууга жол ачкан бул Негизги мыйзамыбыз коомдук мамиле - башкаруу түзүлүшүндө реалдуу күчтөргө таянган тең салмактуулукту сактап, элибиздин өркүндөп-өсүшүнө кадыресе өбөлгө, пайдубал түзө тургандыгы да айдан ачык.

Эл колдоосуна алынган мындай жаңы багыттын туурагыгын кийинки мезгилдин окуялары менен сабактары эң сонун ырастап жатат. Парламенттик башкаруунун практикасын дагы бир канча жылдар сынап жана ошол тартипте жашап көрүш керек деген гана ойду айткым келет.

## КПССтин катарынан эмне үчүн чыктым?

Жогоруда кеп кылгандай, КПССтин уюшулган күнүнөн ушул мезгилдерге чейинки идея-максаты жалпы элди азаттыкка чыгаруу болгондугун кайталап айту-

унун зарылдыгы деле жоктур. Эгерде Маркстын, Энгельстин, Лениндин, Сталиндин (улут маселеси боюнча) жана башкалардын жазып кеткен эмгектеринде - Жогорку партиялык мектепте өзүм окуп-үйрөнгөн баалуу мурастарда айтылган ойлор менен талаптар кыйшаюусуз жетекчиликке алынып, өнүктүрүлүп, толук бойдон жүзөгө ашырылганда, анда тарыхый илгерилеште коммунисттик формациядан өткөн мыкты да, келечектүү да формация болушу мүмкүн эмес.

Бирок, тилекке каршы, мамлекеттик түзүлүштүн эволюциясы чыныгы партиялык жол менен башкарылбастан, адегенде таза жана күчтүү жаралган партиянын катарына бара-бара өңчөй өзүмчүл, тууганчыл карьерист-мансапкорлор, жегич-ичкич коррупционерлер жана бийлик үчүн баарына барган, керек болсо, ал үчүн бир тууганы менен башка жакындарын да кошо саткан, жүздөрү кара, абийирсиз, бийликтин кумары менен рак оорусундай ооруган, ичи тар, бирин-бири көрө албаган, карышкырдын терисин жамынган, эл көзүнө момун кой болуп көрүнгөн шылуундар толуп алып, КПССтин аты менен затын булгап, анын бийлигин эл көзүнө зулумдукка, үстөмдүккө умтулган кара жолдуу бийлик кылып ачык эле көрсөтүштү.

Ошон үчүн, Кыргызстан мурдагы СССР империясынан бөлүнүп, өз алдынча эгемендүү мамлекет болгондо, Жогорку Кеңешке шайланып келген депутаттардын ичинде бир да бири тигил же бул жол менен баштагы эле системаны сактап, ошону менен элибизди жакшы жашоо-турмушка багыттайбыз дегенге жараган жок. Анткени, 350 депутаттан турган «легендарлуу парламенттин» курамы бүт бойдон баягы эле КПССтин функционерлери, бийлик ээлеринен түзүлгөн эле.

Менин оюмча, ошол тагдыр аныктаар жол кесилишиндеги өткөөл мезгилде төмөнкүдөй зарыл шарттарды жана талаптарды колдонуп, өнүккөн социализмдин бардык жетишкендиктерин билгичтик менен улантып кеткенде, 70 жыл өмүр сүргөн Советтер Союзундай зор мамлекеттин курамында келген Кыргызстаныбыз саясий жактан да, экономикалык жактан да азыркыдан бир

кыйла алдыга илгерилеген абалга кабылып, одоно жаңылыштыктар менен көзү жок тобокелчиликтер аз болуп, башынан эле кыйын сыноолорду көп көргөн элибиз коом диалектикасына ылайык кадыресе бийик деңгээлде жашап калуусу анык нерсе болучу. **Андай шарттар жана талаптар биринчи кезекте:**

**1.**Көп партиялуулукка уруксат берилип, КПССти же башка ири партияны багыт берүүчү, жол баштоочу партия катарында гана таанып-колдоонун зарылдыгы бар эле.

**2.**Менчиктин көп түрдүүлүгүнө табигый негизде жол ачып, акырындык менен приватташтырууну да жүргүзүп, майда бизнеске кирүүчү кызмат көрсөтүү жайларын (мисалы, чач тарач, ашкана, мастерскойлор, СТО ж.б.) этап-этабы менен менчик түрүнө өткөзүп, ал эми мурдагы чоң заводдорду, ишканаларды, колхоз-совхоздорду сактап калуу менен, коргонуу өнөр жайын, ГЭСтерди, кен байлык иштетүүчү, спирт ичимдиктерин, тамеки ж.б. чыгаруучу жана башка ири пайда алып келүүчү ишканаларды мамлекеттин монополиясында кармап калып, өз ара кызматташуу максатында Россия Федерациясы, дагы башка мамлекеттер менен эң түрдүү багыттагы келишим-контракттарды түзүү тажрыйбасын өркүндөтүш керек эле.

**3.** Тез темпте өнүгүп бара жаткан өлкөлөрдүн, алардын ичинде, жаныбыздагы Кытай мамлекетинин кээ бир өрнөк болоорлук өзгөчөлүү жактарын, керек болсо, көчүрмөлөп алып, ошолордун жолу менен илгерилеп жүргөнүбүз жөндүү эле.

Бул маселелер боюнча бир канча жолу сессияда чыгып сүйлөп, сунуш-ойлорумду ачык айтып, депутаттарды жана жетекчилерди коомубуздун келечегин туура аныктап, багыттоого чакырып жүрдүм. Ошондогу менин көңүлүмдү сындырып, капа кылган нерсе: арабызда жүргөн баягы эле белгилүү кишилер - бери дегенде, 25-30 жылдан партиялык жетекчи кызматтарда иштешкен Т.Усубалиев, А.Масалиев, А.Жумагулов, Р.Кулматов, К.Акназаров жана башка толуп жаткан саясатчы депу-

таттардын бирөө дагы (!) антип чыгып сүйлөп коюуга жараган жок.

Эгемендүүлүктүн алды жагындагы менин партиялык ишмердүүлүгүмдүн орчундуу окуяларына токтоло турган болсом, 1990-жылдын 25-майында Ош шаарында болуп өткөн областтык партиялык XXIII конференцияга делегат катары катыштым. Анан ал жерден ошол эле жылдын июнь айынла өтүүчү Кыргызстан Компартиясынын XIX съездине делегат болуп шайланып, анын ишине да катышкан элем.

Ал эми 1991-жылдын 19-августунда Москвада ГКЧП аталган путчисттердин төңкөрүш жасоого кылган аракети маскара болуп жеңилүү менен аяктаганы баарыбызга белгилүү. Бүткүл өлкөдө, анын ичинде Кыргызстанда демократиялык күчтөр жеңишке жетишти.

Ырас, жан-дүйнө тереңин дүрбөлөңгө салган олуттуу чечим бир күндө эле жарала калбайт. Менин КПССтин катарынан чыгышыма, катарыбызда эле жүрүп, көз караш, позицияларын бир күндө эле өзгөртүп жиберген «кебелбес ленинчилердин» жорук-жосундарынан алган өкүттүү таасирлерим жана башка да кайдыгер-сенек калтырбай турган бир катар жагдайлар себеп болгондугун баса белгилеп койгум келет. Ошол эле учурда, өзүмдүн жеке тагдырыма тиешеси бар **эки орчундуу фактор:** 1. Бир тууган агамдын ак жеринен мансапкорлордун курмандыгы болушу, кызматынан ажырап, партиядан чыгарылып, түрмөгө кесилип кетиши; 2. Менин өзүмдү үй-бүлөмдөн ажыратып, балдарымды жетим калтырып, аларга жана мага эзели айыкпас так салгандары - партияга болгон ак дилдүү ишенимимди жоготуп, көңүлүмдү биротоло ирээнжитип, акыр-соңунда барып өзүм үчүн жеңилге турбаган чечкиндүү жана айныксыз кадам жасашыма түрткү бергендиги - өмүрүмдүн соңуна чейин билген жандарга ыймандай сыр кылып айта жүрүүчү жашырылгыс факт!

Мына ушундай «жети өлчөп, бир кескен» ой калчоолордун негизинде, бир канча жыл КПССтин катарында болуп, кезегинде Жогорку партиялык мектепти да

бүтүрүп, бир сөз менен айтканда, партиянын «нанын жеп, суусун ичип» - сабактарын көрүп келсем дагы, 1991-жылдын күз айынын башында Тогуз-Торо райондук «Жеңиш туусу» газетасына «Мен партиянын катарынан чыктым» деген аталыштагы экс-коммунисттик билдирүү - макаламды жарыялап, көз карашымды эл алдында ачык маалым кылып коюуну туура деп таптым.

Аталган билдирүү - макаланын толук тексти мындай эле:

**«Мен партиянын катарынан чыктым**

*Оңчул консервативдик башкаруу чөйрөлөрүнүн путчист деп аталган кылмыштуу тобу тарабынан тоталитардык-империялык диктатураны калыбына келтирүү коркунучуна өлкөбүздүн эли дуушар болду. Бирок, путчисттердин өлкөбүздүн суверендүүлүгүн жана демократияны жок кылууга жасаган кара ниет аракеттери ишке ашпай, таш капты. Республикабыздагы бүтүндөй демократиялык күчтөр путчисттердин мындай кылмыштуу жоругун айыптап, ага каршы күрөшкө көтөрүлүү менен реакцияны жеңип чыкты.*

*Реакциячыл төңкөрүштү жасагандар жалаң мурунку партократтар, же болбосо, партиянын чүмбөттөлгөн жоокерлери болушкан. Алар азыркы ачык-айкындуулукту, демократиялуулукту бурмалашып, өлкөдө ич ара бирдиктүү хунтаны уюштурууга аракет жасашкан. Эми минтип жогорку эшелондогу путчисттердин аракети ойрон болуп, элге жүзү көрүнүп, маскараланып жаткан соң, менде төмөндөгүдөй ой пайда болуп отурат. 1985-жылдан бери жүрүп жаткан кайра куруу процессине, коомдун демократиялык жаңылануусуна тоскоол болуп жаткан зор күч - бул партиялык төбөлдөрдүн, анын аппаратынын тоталитардык-административдик режимди колдогон жашыруун максаттары экендигин түшүнчүмүн. Өзүбүздүн эле республикабыздагы көпчүлүк райондордогу партиялык комитеттерде иштеп келе жаткан оңчул консервативдеги адамдар*

*жаңыдан уюшулган президенттик бийликке жана партиялык жетекчиликке шайланып алышып, кайра куруунун ишине бут тосуп, саботаж жасаган учурлары да болду. Ошонун негизинде, өндүрүш каражаттарын иштетүүдө жана андан продукция чыгарууда, айыл чарбачылыгында азык-түлүк өндүрүүдө көптөгөн артта калуучулукка жол берилген. Муну районубуздагы чарбалык артта калуучулуктан улам мисал келтире алам.*

*Мен көп жылдан бери КПССтин мүчөсү элем. Ошол эле мезгилде, райкомдун мүчөсү, райкомдун бюро мүчөсү болгондугумду эске албаганда да, жогорудагыдай кылмыштуу аракеттерди жасаган партиялык аппаратка өтө наамзымын. Мындан ары партиянын катарында жүрүүмдү туура эмес деп түшүнөм жана анын катарынан чыктым деп эсептейм.*

***А.МОЙДУНОВ,***
***Кыргыз Республикасынын эл депутаты»***

А ошондон бир аз мезгил өткөндөн кийин - 1994-жылдын башынан тарта «Ата Мекен» партиясынын мүчөсү болуп калдым.

## Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк 1-Курултайы. Биздин койлорго таң калган Жусуп Мамай

1992-жылдын 30-31-августунда Бишкек шаарында кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк 1-Курултайы болуп өттү.

30-август күнү эртең менен эрте мен депутат Абыт Ибраимов, маданият министри Даниял Назарматов болуп Чоң-Таштагы «Ата-Бейит» көрүстөнүнө барып, Президентибиз Аскар Акаевди, дүйнөнүн булуң-бурчунан келген делегат кыргыздарды жана чет өлкөлүк расмий конокторду күтүп жаттык. Аңгыча, шашып-бушуп Вице-президент Феликс Кулов келип, биз менен учурашып, өзү таң эртең «Манас» аэропортуна барганын, ал жерде жеке истребители менен учуп келген чечендердин ошол кездеги Президенти Жохар Дудаев жана аны менен жүргөн

ааламга белгилүү бийчи, Кыргызстанда кичинесинде жашап кеткен Махмуд Эсенбаевди тосуп алганын кабарлады. Арадан көп өтпөй эле, айткан эки мейман да биз менен келип учурашты да, катарга турушту.

Махмуд кыргызча суудай сүйлөп, башынан өткөндөрүнөн айтып берип жатты. Ал эми Ж.Дудаев болсо, татынакай кийинген, мурут койгон, биздин Азимжан Асаналив түспөлдүү сулуу жигит экен, кыргызча сүйлөй албагандыгынанбы, айтор, сөзгө аралашпай, кээде гана жылмайып күлүп коюп турду.

А.Акаев келээри менен жарданган жалпыбыз, Ж.Дудаев менен учурашты да, бирок, андан качып-оолактап, убакыт ченеми болуп калгандыктан, элге кошулуп көрүстөндү көздөй жөнөдү. Ал жерден республиканын муфтийи репрессия учурунда курман болгондордун арбагына багыштап куран окуду. Венок койгондон кийин, шаарга - филармонияга бет алдык.

Ошондо байкаганым, А.Акаев дагы эле Ж.Дудаевге жолобой качып, андан алыстап, фотографтар менен телеоператорлор (мурун эле тапшырма берип койсо керек) Дудаевди тартпай жатышты. Филармонияда майрамга арналган жыйын жакшы деңгээлде өттү.

Эртеси катар-катар боз үй тигилген ипподромдо улуттук оюн-шоокту көргөндөн кийин, ар бир область өздөрүнүн боз үйлөрүндө үлпөт уюштуруп, биз, депутаттар, бирге тамактандык. Бир убакта жанымда отурган Бекмамат Осмонов ордунан туруп, «бас быякка, бас быякка» деп эле, А.Акаевди жаш баланы жетелегенсип колтуктап, боз үйгө алып келип отургузду да, биздин көзүбүзчө тост берди. Бекмаматтын Президентке жасаган мындай мамилесинен кийин: «Акаев бир бечара, жетим болуп өскөн, өтүмсүз байкуш кебетесиндеги неме окшобойбу, президенттик кызматка кандайча туруп калган, кокусунан келген го?» - деген ойдо калдым.

Ипподромдо өткөн оюн-шоок, үлпөттүн эртеси мени спикерибиз Медеткан Шеримкулов чакырып: «Абийбилла Мойдунович, сизге бир тапшырма бар. Өзүңүз комсомолдо иштеп, аркы-беркини билесиз, чет мамлекеттен келген кыргыз делегаттарыбызга гид болуп бериңизчи»,

- деп, аларды ВДНХнын жанындагы «Ысык-Көл» мейманканасына алып барууну өтүндү. Мен макулдугумду берип, Ак үйдүн алдына келип токтогон автобуска салып, айтылган маршрут боюнча алып жөнөдүм. Алдыда Кытайдан келген манасчы Жусуп Мамай аксакалдын жанына отуруп, микрофон менен шаарды тааныштырып бара жаттым. Делегаттар Афганистандан, Түркиядан, Иорданиядан, дүйнөнүн дагы башка көп өлкөлөрүнөн келгендер эле. Алардын ичинде Жаныбек хандын балдары, неберелери да бар болчу.

Эски аэропорттун жанынан өтө бергенибизде, Жусуп Мамай ата 10-15 чакты койду айдаган баланы көрсөтүп: «Эмне үчүн тигил айдаган койлордун жүнүнүн жартысы түшүп калган?» - деп сурап калды. Мен, сөзүнө жооп кылып: «Ата, мурда колхоздор бар кезинде жалпы эле койду күпкөдөн өткөзүп, же ийне менен дары сайдырчубуз, ал болбой калбадыбы, ошон үчүн ушундай болуп жатат», - деп түшүндүрмө бердим. Анда Жусуп Мамай ата: «Балам, кой жана башка мал жаратылышында дары, күпкөсүз эле жаралган. Биз илгери май айынын башында, анан ноябрь айынын ичинде эки жолу койлорду шар акан суудан аркы-терки кечирип, ача таяк менен желкесинен басып бир канча чумкутуп эле койчубуз, ошондо котур болбойт. Мына бул койлордун котур болгону, аларды ысык жерде кармашат болуу керек. Эгер ысыкта кармаса, малдын тери бездери бузулуп, жүндөрү түшө баштайт, ошон үчүн койлорду кардын үстүнө эле, ачык жерге жаткызыш керек. Ал эми бодо мал болсо, жайдын толгон кезинде денесиндеги курттарды түшүрө турган чөптөрдү издеп жүрүп жеп, өздөрүн-өздөрү дарылайт», - деди.

Ошентип, азыраак убакыт Жусуп Мамай ата менен бирге болушум мени: ал адамдын сөзгө бай, акылдуу, терең ойчул, салабаттуу боордош жана да Кытайдагы кыргыздардын Туу катары карманган бирден-бир залкар инсаны экенине ынандырды.

## Тагдырыма жазганбы, жакшылык, жамандык аралашты да, калды

1991-жылдын август айынан 2001-жылга чейин - Тогуз-Торо райондук автотранспорттук ишкананын директору, андан кийин - 2001-жылдын май айынан баштап, 2006-жылга чейин «Ак жол» акционердик коомунун төрагасы болуп иштедим.

2000-жылдын башталышында жашым 60ка келгенине байланыштуу пенсияга чыктым, көп узабай, август айында, «Кыргыз Республикасынын алдында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн» пенсиянын ээси болдум.

Күндөрдүн биринде, борбор шаардагы досторум, курсташтарым: Шайлообек Мырзалиев, Мажик Акматов, депутат досторум: Абыт Ибраимов, Шараф Эгембердиев, айылдагы классташтарым: Мэлис Мокеев, Сапаралы Казыбаев, Доктурбек Жаныкеев, Турдубүбүш Абдыкеримова менен кеңеш куруп, октябрь айында өзүмдүн 60 жылдык юбилейимди өткөзүп, элден, айыл аксакалдарынан бата алууну чечтим. Башта эл сыяктуу туулган күнүмдү да белгилеп көргөн эмесмин.

Бул ишке алдын-ала даярданып, чама-чаркка жараша кам көрүү менен алек болуп жаткан учур эле. Кокусунан аялым Күкүн катуу ооруп, Бишкектеги кургак учук ооруканасына барып жатып калды, ага мурда деле дарыланып жатып жүрүүчү эле. Врачтар бир жак өпкөсүн операция жолу менен алып таштоонун зарылдыгын айтышты, аялым менен кеңешип, биз макул болдук, врачтар консилиум өткөзүшүп, өтө эле арык экен, операцияны көтөрө албайт деп, андан көрө, жаңыдан пайдаланылып жаткан чет мамлекеттин күчтүү дарыларынан алып берүүнү сунуш кылышты. Мен алардын айтканын толугу менен аткардым.

Аялым бир жарым айдан кийин куландан соо - эң сонун болуп айыгып калды. Ооруканадан чыгарып беришти. Чынында эле, ал өзүн жакшы сезип, баскан-турганы оңолуп, айыгуу жолуна түшкөндөй болгон.

Август айынын башында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын эл

аралык байланыштар боюнча комитетинин төрагасы Марат Бакиев келип, мага Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагасы Усуп Мукамбаевдин республиканын депутаттарынын жана өзүнүн атынан куттуктаган кагазын, аталган комитеттин төрагасы М.Бакиев өзүнүн атынан куттуктоо кагазын жана Швейцариянын «Сейко» фирмасынын менин атым жазылган саатын тапшырды. Мындай алгачкы куттуктоолорду аялымдын ден соолугуна байланыштуу жакшылыкка жоруп, Кудай буюрса, алдыда боло турган тойго ак санаалаш адамдардын баарын чакыраарымды билдирдим. Алардын 60 жылдык юбилейимди куттуктаган тексттеринин толук мааниси мындай эле:

**«Урматтуу Абийбилла Мойдунович!**

*Сизди биз «улуу журттун учуна, кыйла жердин кыйрына» таанылып, Ата Мекенине ат көтөргүс жүктү аркалап, мамлекет, Өкмөт кандай гана иш тапшырып, кызматтарга жөнөтпөсүн, илгерилөө менен ийгиликтерди жаратып олтуруп, калкыбыздын кадыр-баркына, улуукичүүнүн урмат-сыйына арзыган инсан катары билебиз. Кезегинде Сиз эмгек жолуңузду автогараждын башчылыгынан баштап, мамлекеттик маанидеги иштерге чейин өсүп, өндүңүз. Мекен алдындагы мээнетиңизге, элиңизге сиңирген эбегейсиз эмгегиңизге жараша Сизге мезгил-мезгили менен наам менен даража, сыймык менен сыйлыктар ыйгарылып тургандын өзү эле коомубуздагы ордуңуздун бекемдигин тастыктайт.*

*Анткен менен Сиздин чыныгы ишмердүүлүгүңүз, уюштургуч жөндөмүңүз Москва райондук комсомол комитетинин биринчи секретары, Нарын областтык партиялык комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн инспектору, Тогуз-Торо райондук механизациялаштырылган чарбалар аралык ишкананын генералдык директору болуп иштеген мезгилде даана көрүндү. Ал эми 1990-1991-жылдары эл депутаттарынын Тогуз-Торо райондук кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы, Кыргыз ССРинин*

*Жогорку Кеңешинин депутаты катары эсте каларлык көп иштерди жасаганыңызды сыймык менен айтабыз.*

*Ардактуу Абийбилла ага, сөз соңунда Сизге кааларыбыз, күүдөн жанбай, күчтөн тайбай, демиңиз тың, дениңиз чың болсун. Бала-бакыраңыз менен бакубат доор сүрүп, 60 жашка чыккан кутман курагыңыз кут болсун!*

***Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин***
***Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагасы***
***У.Мукамбаев»***

**«Урматтуу Абийбилла Мойдунович!**

*Ар бир доор, ар бир мезгил өзүнүн күчтүү инсанын, акылман адамын алдыга алып чыгары белгилүү. Биз Сизди ошондой адамдардын катарына кошобуз. Анткени өзүңүздүн басып өткөн жолуңуз, транспорт, курулуш тармактарында, партиялык, советтик органдарда сиңирген эмгегиңиз ушинтип айтууга негиз берет.*

*Элибиз «эмгек менен эр көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт» деп бекеринен айтпаса керек. Биз Сизди башынан мээнеткеч, акылга зирек, ойго бай, сөзгө сараң адам катары таанып, билебиз. Айрыкча, ушул сапаттарыңыз чарбалык, жетекчилик кызматтарда, депутаттык ишмердүүлүгүңүздө даана байкалды десем жаңылышпайм. Башкасын айтпаганда да, комсомолдон такшалып, партиялык жооптуу кызматтарда иштеп, эл депутаттарынын Тогуз-Торо райондук кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин депутаты катары калкыңызга таанылып, көрүнүктүү ишмер болуп чыга келгениңиздин өзү эле кадыр-баркыңыздын канчалык экенинен кабар берет.*

*Ардактуу Абийбилла аке, 60 жашка толгон маарекеңизди куттуктап жатып, кубанычыбыз кучагыбызга батпай турган чагыбыз. Анткен менен Сиз артыңызга кылчая серп салып, баскан өмүр жолуңузду талдап, таразалоочу учур келгенин сезип жаткандырсыз. Кантсе да Сиз кечээкүңүзгө, бүгүнкүңүзгө сыймыктансаңыз бо-*

*лот. Бул биздин гана эмес, Сизди башынан бери жакындап билип, жанаша жүрүп, бирге иштешкен жакшы санаалаштарыңыздын баасы деп түшүнүңүз.*

*Акырында Сизге кааларыбыз, жашыңызга жаш, башыңызга баш кошулуп, багыт алган жолуңуз барааңдуу, бараткан басыгыңыз байсалдуу, элиңиз менен эриш-аркак, эсен-аман жүрүңүз! Кутман курак кут болсун, Абийбилла аке!*

***Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын Эл аралык иштер жана парламенттер аралык байланыштар боюнча комитетинин төрагасы, депутат М.С.Бакиев»***

Бирок, жамандык кайдан, качан келет деп болжоп болбойт турбайбы. Тагдыр жазуусуна айла жок экен.

Көп узабай, 2000-жылдын 18-августунда, түнкү саат 00.15 мүнөттө биздин үйгө, мага - менин башыма чоң кайгы түштү да, калды. Өмүрлүк жарымдан ажырадым!.. Күкүндүн өмүрү үчүн үйлөнгөн күндөн кам көрүп, көзү өткөнгө чейин уйгактай жабышкан азаптуу оорудан айыктырып алуу үчүн колдон келген көп аракеттерди жасадым. Болбоду. 57 жашында дүйнөдөн кайтты. Ариет зыяратын жасап, 20-август күнү анын сөөгүн жашырдык. Куран окутуп, элге тамак бердик.

Менин башыма, балдарыма түшкөн оор кайгыны жакшы санаалаштарым ак дилден бөлүшүп, ар бири кайратка чакырган акылдуу сөздөрүн айтып, оор жүктү азаздан алып таштап, жеңилдеткендей болушту.

Күкүн экөөбүз турмушубузда, аркы-беркини эске албаганда деле, 6 балалуу болдук, анын экөө кыз (бирөө - Айсулуум бир жашка чыкканда чарчап калып, сөөгүн Беловодскиге жашыргpanмын), төртөө эркек, аларды тарбиялап-өстүрүүдө энесинин ролу өтө эле чоң болчу. Кудайга шүгүр, калган беш балам тең аман-эсен, эл сыяктуу иштешип, өздөрүн-өзү багышып, эл арасында жүрүшөт. Алардан 13 неберем, бир чөбөрөм бар. Ошентип, ойлогон тилек-максатыма жетпей, эл сыяктуу 60

жылдык юбилейимди өткөзө албадым. 2001-жылдын 26-октябрында Күкүндүн ашын бердик. Казармандагы бейит башына эстелигин орноттук.

2002-жылдын февраль айынын башында, жакын жолдошторум, бир тууган агам Тоту: «Күкүндү оорусунан айыктыруу үчүн эмнелерди гана жасабадың, Крымдын Ялтасына, Ысык-Көлдүн санаторияларына да жибердиң, Кудайдын буйругу экен, тиги дүйнөгө жакшы урмат-сый менен узаттың, эми турмуш деген - турмуш, келиндериңдин колунда кантип жашайсың, андан көрө, жашың 60тан өтүп баратат, үйлөнүп алгын», - деген ойлорун айтышты. Үйлөнүү жөнүндө балдарыма, кайын журтумдун өкүлдөрүнө айтпай, кеңеш курбай туруп эле, ылайыктуу, туура келген адамга жолуксам, ага баш кошоор күнү айтаармын деген бүтүмгө бекидим. Себеби, эртелеп айтканда, кичинекей айылда ушак-айыңга айланып кетет го деп чочудум.

Өзүмдүн классташтарым Доктурбек Жаныкеев, Турдубүбүш Абдыкеримовага кеп салдым. Алар мага үч-төрт зайыпты сунуш кылып, бирөөнө токтолушту. Ошол кезде Амантай Рыспаевдин үйүндө убактылуу жашап жүргөн, жердиги Ысык-Көлдүн Түп районундагы Ой-Тал айылынан болгон, Макмал орто мектебинде, андан кийин райОНОдо иштеген, немец тил сабагынан берген мугалимди туура табышты. Биз өз ара сүйлөшүп, 2002-жылдын 11-февралында мен Бактыгүл Омукеева менен баш коштум.

Бактыгүл он бир тууганды улуусу экен. Жөнөкөй эле чабандын үй-бүлөсүндө туулуп-өсүптүр. Өз энеси Айчүрөктү тартып, энеси айткандай акылдуу, мага күйүмдүү, боорукер адам болуп чыкты. Өзү балалуу болбосо да, калп айтып, ууру кылган кишини жек көргөн, намаз окуп, Кудайга ишенген, үй-бүлөдө камкор адам экен. Пейилибизге жараша, кайын журтум да нарк-нускалуу, жакшы адамдардан экенидиги көңүлүмдү кубандырды.

## Мезгил толкунунда өткөн кийинки окуялар

2004-жылдын 29-30-январында Бишкекте өткөн Кыргызстан калкынын Ассамблеясынын IV курултайына делегат болуп катыштым.

2001-жылдын май айынан тарта өзүм жетекчилик кылып келген «Ак жол» акционердик коому 2006-жылдын 18-июлунда Жалал-Абад областтык адилет башкармасынын №408-буйругу менен ишмердүүлүгүн токтотуп, жоюлду.

Биздин коом республикада биринчи болуп приватташтырылды. Ырас, анын базасы чарбалык ыкма менен анча-мынча курулуп келип, ошол боюнча бүтпөй токтогон эле, экинчиден, коомдо ЗИЛ-130 маркасындагы бир автомашина жана сегиз ПАЗ-672 автобусу эле болуп, аларга күйүүчү май өтө көп чыгымдалгандыктан, жүрбөй токтоп калган. Коомдун мүчөлөрү төлөм каражаттарын Жалал-Абаддын мүлк фондусу аркылуу төлөп, республикага которуп бербегендиктен, алардын ордуна мага жана башкы инженерибиз Дөөлөтбек Оморовго төлөттүрүп, акциянын ээсин да экөөбүздү кылып, коомдун кызматкерлеринин ар бир үчтөн адамына калдык баасы менен бирден автомашина бөлдүрүштү. Курулбай турган базанын 100 миңге жакын кирпичин Табылгыты кыштагында курулуп жаткан жаңы мектепке, ар бирин бир сомдон баалап, жардам ирээтинде бердик. Салыктан, мекеме-ишканаларга карыздарыбыздан ж.б. төлөмдөрдөн толугу менен кутулганбыз.

Ошентип, 2006-жылдан бери «Абий» дыйкан чарбасында жеке ишмердик менен алектенип, күнүмдүк жашоону эл катары улантып келатам.

Адам кантсе да илгери үмүт менен жашайт эмеспи. Убагында 60 жылдык юбилейимди белгилөөгө мүмкүнчүлүк болбогондон кийин, эми, буюрса, 70 жылдык юбилейимди 2010-жылдын күз айында өткөрөмүн деп турганда, каргаша болуп, бир тууган агам Тоту 2009-жылдын 20-декабрында дүйнөдөн өтүп, жерге коюлду. Анын

бейит башына жакшы эстелик тургузуп, кийинки жылы ашын бердик.

Бул аралыкта саясий-уюштуруучулук иштерден да четте калбадым.

2010-жылдын 10-октябрында болуучу Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону утурлап түзүлгөн «Ата Мекен» партиясынын координациялык кеңешинин уюштуруу комитетинде кеңеш берүүчүнүн жоопкерчилигин аткарууга туура келди. Айта кетүүчү сөз, натыйжада, Тогуз-Торо районунда «Ата Мекен» партиясы атаандаштарын чоң ажырым менен жеңип чыгып, биринчи орунду ээледи. Ал эми «Ата Журт», «Республика» партиялары бир канчалаган акча каражаттарын жумшап, ачык эле элден добуштарды сатып алууга далбаса кылышканы менен, экинчи жана үчүнчү орундарда калышты.

2010-жылдын 11-октябры күнү шашылыш түрдө Бишкекке өзүмдүн автомашинамды айдап жол тарттым. Кечки саат 8дерде Ивановкага жакын Кең-Булуң тушка келгенибизде, Гидростроитель деген участкада ремонт иштери жасалып жаткан экен, мурдагы эки тараптуу жол бир тараптуу болуп, эскертүү белгилери да коюлбаптыр, андагы көпүрөдөн бир чоң жүк тартуучу автомашинанын кокусунан обгонго чыга калганын көрүп, алдына кирип кетпес үчүн жолдун ортосундагы тосмого барып урунуп, аялым экөөбүз алда-жалда менен өлүмдөн калып, денелерибизге оор жаракаттарды алдык. Автомашинам такыр эле жарабай калды. Ал эми өзүмдү оор жарадар абалда жердештерим Мазан Абалиев менен Кубанычбек Ченгелов Бишкектин Фучик паркындагы №1-шаардык оорукананын хирургия бөлүмүнө алып барып жаткызышты.

Багыма, Кудай колдодубу, билбеймин, айтор, оңдой берди болуп, Казармандагы Макмал орто мектебин 1972-жылы бүтүргөн, Бактыгүлдүн өзү окуткан окуучусу, хирургия бөлүмүнүн башчысы, медицина илимдеринин кандидаты, Саламаттык сактоонун отличниги Улан Имашев аркылуу операция жасалып, аман калдым. Аварияның учурунда, боорум жарылып, өт кармаган жагы сөгүлүп

түшүптүр да, ичиме кан толуп, агып жаткан мезгилде операциянын жардамы менен киши болдум.

Уландын атасы Дүйшөн менен мурдатан эле комбинатта, райондук почтанын начальниги кезинде жакшы санаалаш - достордон элек. Ал эми Улан болсо, мага өзүмдүн балдарымдан да артык болуп калды. Оорукана-да жаткан кезимде, ал күнүнө экиден кем эмес жолу операцияга кирип, анын алтын колунан жүздөгөн адамдар эч кырсыксыз сакайып жатышкандарына күбө боло алдым. Эл үчүн кызмат кылып, күнү-түнү менен чуркап, эс албай жанын үрөгөн балабызга - Уланга Кудай таалам узун өмүр берип, эл ичинде эл кадырлаган, эл сүйгөн инсан болуп калса экен деп Кудайдан тилей беремин.

Шайлоонун эртеси, 2010-жылдын 11-октябрында, шашылыш Бишкекке жол тартышымдын себеби, бир айдан ашык мезгил мурда эле 70 жылдык юбилейин белгилей турганын билдирип, ал жакшылыгына чакырган кадыр-көңүл сиңишкен досум Кемелгазы Ниязовдун 15-октябрда өтүүчү ак тоюна катышуу үчүн чыккан элем. Каргаша болуп, анын тоюна катышып, арнаган белегимди тапшырып, жүрөктөн чыккан куттуктоо сөзүмдү айтууга мүмкүнчүлүк болбоду. Андан бери бир жылдан ашык убакыт өтсө да, менин да, аялымдын да ден соолугу мурдагыдай болбой, кырсык салакасы тийген бойдон кала берди.

## Сөз соңунда мени түйшөлткөн ойлор

***Адам баласы толук эркиндикке ээ болбойт, илимий коммунизмдин аныктамасында айтылгандай, коммунизм адегенде бир өлкөдө, андан кийин дүйнөдөгү бардык өлкөлөрдө жеңет деген сөз мифке окшош.**

*Эркиндикке ээ болуш үчүн, бүт иштелип чыккан мыйзамдуулукту так аткарып, тутуп, сактоо талап кылынат. Ошондо гана эркиндик үстөмдүгү камсыз болот, бул оңой эле ишке ашпайт, ага элдин билимдеңгээли, экономикалык, саясий жетишкендиктери жана руханий

асылдыктары өтө көп даражада таасир этет, ал эми жаралып жана калыптануу эволюциясы үчүн белгилүү бир убакыт ченемдери керек.

***Бардык адам бирдей эле физиологиялык өзгөчөлүк менен жаралат, а ар бир адамдын адамдык касиети - бир моюнга бир башты асып алып көтөрүп жүрө бербей, аны иштете да билгенинде.**

*Алла таала адамга өмүрдү да, байлыкты да, бийликти да берет. Бирок, аларды билимдүү, эмгекчил, эркин башкара билген адам гана татыктуу пайдалана алат.

***Капиталисттик коомдун социалисттик коомдон айырмасы - анда жаштар үчүн акча, наркотик, секс гана негизги адатка айланат.**

*Бардык эле адам турмушта толуп жаткан чыгармачылык касиеттерге ээ, андай артыкчылыкты качан гана толук эркиндикке ээ болгондо иш жүзүндө таасын-так көрсөтө алат.

***Өмүр бою КПССтин мүчөсү болуп, анын нанын жеп, камчысын чапкандар эгемендүү мамлекетти жарыя кылганда, КПССтин жолун сактап калуу жөнүндө бир ооз да сөз айтып коюуга жарашпады.**

*Мен жашоодо эч кимге карыз болгон эмесмин, кээ бир адамдардан аласамын. Советтик коомдун, андан кийинки коомдун учурунда деле абийирим таза.

***Мектепте ар түрдүү сабактан берген мугалимдердин тили ар башка, андыктан, билим берүү тармагында музыкалык аспаптын кылын күүгө келтирген нотага окшогон жалпы негиздеги нерсени иштеп чыкканда гана балдар өздөрү окуган бардык сабактарды жетик өздөштүрөт.**

*Жашоодо балдарың болуп туруп, балага жарды болгон эң жаман нерсе.

***Жашоодо акчаны табууга болот, бирок көпчүлүк адамдар аны туура пайдаланганды билбейт, ошонун натыйжасында, жарды-начар жашашат. Бирок, акчаны туура чыгымдоо керек десе эле, битин сыгып, канын жалап, тымпыйып эч нерсе чыгарбай, жез тырмак болуп жашоонун кунар-берекеси жок. Канчалык колу ачык - берешен, мээримдүү, кайрымдуу, ак пейил болсоң, сага Кудай өзү жардам кылат, элден кем жашабайсың.**

*Илимий-техникалык ачылыштарга толук ээ болгондо, дүйнөдөгү майда жаныбарлардан баштап, өнүгүүнүн жогорку даражасына жеткен адам баласынын үн толкундарын жаземдебей ажырата билүү мүмкүнчүлүгү жаралат. Дүйнөнүн кайсы гана континентинде, кайсы гана квадратында болбосун, айлана-чөйрөнүн бүткүл жандууларынын үнү, сүйлөгөн сөзү менен коштолгон алардын кебете-кешпирлерин экран аркылуу көрүп, ошого жараша аракет-чараларды жасай турган убакыт ченеми да келет.

***Кылымдан кылымга Ысык-Көлдү башка элдердин баскынчылыгына бербей, ушул заманга дейре сактап келген жалпы Ысык-Көлдүн айланасында жашаган элдер, бүт кыргыз эли баатыр эл экендигинде шек жок.**

*Кыргыз элинин эң жанындай көргөн малы - бул жылкы жаныбар, анын көрсөткөн кызматы аркылуу бабаларыбыз тиги чоң Сибирь ойдуңу сыяктуу алыс-алыс жактардан жер которуп - көчүп келип, Ала-Тоону жай кылып жашап калган.

***Кыргыз элинде малдын этин конокко, элге тартканда, тартылган ар бир устукан өзүнчө ыймандык жана социалдык мааниге ээ, анткени, андай сый тамак келген кишинин адамдык парасаты менен коомдук даражасын эске алуу менен устукан түрүндө бөлүштүрүлөт.**

*Мен жашоомдо бир канчалаган көлдөрдү өз көзүм менен көрүп, аларга түшүп да көрдүм, бирок, биздин

Ысык-Көлдөй таза көлдөрдү кездештирүү мүмкүн эмес экендигине толук ынандым. Башка көлдөр ичиндеги акыр-чикири, колоңсо балыры, коркунучтуу жаныбарлары менен жугундуга окшогон суу топтому сыяктуу таасир калтырып, курчаган айлана-чөйрөсүнүн санитардык ал-абалы жагынан да кыргыз көлүнө теңдештирүүдөн алда канча алыс, андан көп төмөн турат.

***Кыргыз эли кең пейил, меймандос, эр жүрөк, бир нерсени тез кабыл алган, нарк-нускалуу, жолун тапса, бирине-бири кайрымдуу, душманга тике туруп бириге калып, катылгандын катыгын берген эл болот. Жаман жагы - бирин-бири көрө албай, ичи тардык оорусу менен ооруганында. Мындай чабалдыгын душмандары пайдалана билсе, өтө эле коркунучтуу. (Атам Исмаил уулу Мухитдин да 1953-жылы ушинтип айтты эле).**

*Кудай таалам өзү жараткан үмөттөрүнүн баарын бирдей карап, теңдеп турат экен, эгер жашоо-тиричилик дүйнөсү борбордон алыс, жолу жок, область түгүл, мамлекет үчүн да «артык баш» болгон тогуз-торолуктардын жеринен алтын кенин чыгарбай, дагы эле Чүйүнөн, Ош-Жалал-Абадынан, Ысык-Көлүнүн айланасынан чыгарып койсо, элибиздин тагдыры эмне болмок?

***Адам үчүн табылгыс, эң кымбат бакыт, байлык - бул бала. Ал үчүн эстүү-баштуу эле эркек чырайлуу, сулуу, акылдуумун деген аялды ээрчип, баланын энесин таптакыр таштап кетүүгө батына албайт.**

*Агам Тотунун эскерүүсүнөн: «Согуштун жылдарында Тогуз-Тородон Жалал-Абадга фронт үчүн эгин ташуу уюштурулуп, эгин жүктөп баруучу аттарга токулгага кийиз табылбаганда, үйүбүздөгү алдыбызга салынган кийиздин жартысын райкомдун катчысы менен колхоздун бригадири Садыбакун аке кестирип кеткенде, апам ыйлаган экен: «Балдарымды, өзүбүздү эмненин үстүнө отургузамын?» - деп. Анда атам айткан дейт: «Кийизиң

эмне болуп калыптыр, сен дагы, мен дагы - бардык нерсе Өкмөттүкү. Керек болсо, биздин өзүбүздү кошо алып кетсе, кантесиң? Мамлекеттин ээси Өкмөт болот. Аны менен ойнобо! Өкмөт араба менен коен уулайт». (Бул окуяны ага атам Исмаил уулу Мухитдин 1955-жылы айтып берген экен).

***Эгер кокус өлбөстүктүн жолу табылса, анда деле баягы эки жүздүү, шерменде, махинаторлор, таза эмес, жеп-ичкендин жол-жобосун мыкты билгендер, мансапкорлор, бийликтин кумарпоздору андай теңдешсиз укукту да бир айласын таап биринчилерден болуп сатып алышат эле. Дегинкиси, Кудайым баарына бирдей карап, баарын бирдей жаратканы туура эле болгон.**

* Эл арасында эл байлыгын уурдагандар, кызмат абалынан пайдаланып, акты кара, караны ак кылгандар - сонун эле өмүр сүрүп, жашап жатпайбызбы дегендер жаңылышат. Анткени, баарын Кудай таалам көрүп-билип турат. Жогорудагыларга бүгүн жамандык болбогону менен, эртең, бүрсүгүнү, кийинки жылдар ичинде өзүнө, бүлөсүнө, бир туугандарына, эч жок дегенде, алардын көзү өтүп кеткенден кийин деле укум-тукумуна жамандык болот.

*** Айрым бирөөлөр бала-чакасын куда болчу кишинин дүнүйөсүнө, мансабына карап үйлөнтүп калышты, кандай кылса да, андай эсепкөйлүктүн келечеги жок. Качандыр бир кезде кыз ала турган тарап, кыз бере турган тарап, эң оболу, өздөрүнүн укум-тукумунан бери келе жаткан оорунун булактарын билип туруп, жаштарды баш коштурууга акыл-эстүүлүк менен чечим кабыл алуучу убакыт да келет. Ошондой бийик түшүнүк келгенде, азыркы кээ бирөөлөр сыяктуу, «мен остановкадан таанышып, сүйүп калдам» деген алабарман - көзү жок үйлөнүүлөр биротоло турмуш айлампасынан керексиз салт болуп четке сүрүлүп калат.**

* Капиталисттик коомдо акча гана чоң роль ойнойт, ал бар жерде эч качан адилеттик өкүм сүрбөйт, андыктан, өнүгүү жолунда бара жаткан мамлекет акчанын ордуна ыймандык-руханий баалуулуктарды алдыга чыгарып, мещандык-дүнүйөкордук психологияны таптакыр жаңы - адамдын кадырын жана талабын жогору көтөргөн - көөнөрүп-өчпөгөн кең түшүнүк, көз караштар менен алмаштыруусу зарыл.

* Партиянын учурунда түз сүйлөп, түз иштеп, партиянын уставы менен жүрүүгө аракет кылгандар, сын жана өзүн-өзү сындоону чындык башатын издөөнүн куралы катарында пайдалангандар бийлик үчүн коркунучтуу болучу, алар кызматтан да, сыйлыктан да куру калышчу.

**Китеп аяктап жатканда, көңүл-сезимди толкутуп, жүрөк тереңин ээлеген менин атуулдук-автордук - окурман алдында жашырбай бөлүшчү аеолуу жана аздектүү ойлорумдун айрым бир үзүмдөрү ушулар.**

**Бар бол, зирек эс замандашым - ардактуу окурманым!**

***2011-жыл***

# МАЗМУНУ

Окурман назарына сунуш этилген
өмүр баяндык маалыматтар......................................3

**I. Ар кимге өзүнүн туулган жери мисир**

Жерибиз эмне үчүн «Тогуз-Торо» деп аталып калган?............8
«Казарман» деген аттын таржымалы тууралуу.....................10
Балалык кезим. Ошол мезгилдеги элибиздин жашоо абалы....14
1.Апам менен жылдаш элем........................................14
2.Окуйм деп, полго чалкамдан жатып ыйлаганда...................14
3.Жүз жолу кайталап көргөн кинолор..............................16
4.«Машак» тергенде, сууга чөккөн баланы куткарганда...........17
5.Орус көчө. Коно албаган самолёт.
Наркозсуз жасалган операция....................................19
6.Кеч келген электр, көп ыйлаткан шакар самын...................21
7.Орус тилди билбеген окуу.
Түшүнбөстүктөн Москвага барбай калганда........................22
Жарык дүйнөгө жараткан атам менен
апам жөнүндө азын-оолак сөз......................................25

**II. Максат көздөгөн жаштык кездин эстен чыкпаган окуялары**

Окуйм деп борборго жөнөгөнүм....................................30
Политехке өткөндө, андагы «азап-тозоктор»......................35
Исхак Раззаков менен Бүбүсара Бейшеналиевага
Москвада жолукканым..............................................45
Үйлөнүү тою да болду, анын эртеси да болду......................48
Эмгек жолумдун башталышы: Ак-Талаада, Кочкордо..............52

**III. Кызмат баскычтары. Турмуштун өр жолунда**

Кайрадан Ак-Талаада. К.Акназаров менен
К.Көлбаевдин жаңжалдашуусу......................................60
Суудагы кырсык. Жакшылык экөөбүздүн «суучулдугубуз»......68
Өрнөгүн тууруган даанышман устатым
Кусейин Көлбаев жөнүндө сөз.....................................69

Борбордо. Кутпөгөн жерден «чүйлүк» болгондо....................71
Беловодскидеги ишим - жетекчилик
кызматтагы саясатка аралашуумдун башаты..............73
Москвага барбай, Алматыдагы Жогорку
партиялык мектепке окууга кеткеним..................79
Нарын обкомунда иштеген учур..........................84
«Эки дөө кармашса, ортосунда бейажал чымын өлөт»..........86
Түрмөдө жаткан агамды куткарып алуу
үчүн жасаган аракеттерим..................96
Кайрадан Казарманда. Үй-бүлөлүк жарашуу ....................105
Москва Олимпиадасында. Биздеги коюн толгон сүйүнүч........107
Тажрыйба түрүндө уюштурулган чарбалар аралык ишканада...110
Нарынга кулаган машина. Грыжа оорумдун «тарыхы»........119
Автобазаны жаңы долбоор менен куралы дедим эле............121
Район Нарындан бөлүнүп, Ошко, анан Жалал-Абадга кошулганда..122
Жогорку Кеңештин депутаттыгына ат салышуу.
Район үчүн көргөн камкордуктар...................124

**IV. Эгемендүүлүк заман: элимдин тагдыры – менин тагдырым**
«Легендарлуу парламентте».................................136
Тогуз-Торонун келечек тагдырын өз
тагдырымдай көрүп күрөшкөн күндөр..................138
Мезгил зуулдап өттү, ага жараша элибиздин
турмушу да таанылгыс болуп өзгөрдү...............141
Дагы эле жол, жол.............................................143
Алтын боюнча депутаттык комиссияда......................145
«Алтын чуулганына» шылтоолоп
эл депутаттарынын таркатылышы.........................151
Т.Усубалиев баштаган комиссия Макмалда болгондо..........153
Израилден келген «кийимдер»
жана дагы толгон-токой кызыктар.......................156
Россиянын Президенти Б.Н.Ельцинге жазылган кат...........164
Депутаттык соңку сөз........................................186
КПССтин катарынан эмне үчүн чыктым? .....................187
Кыргыздардын Бүткүл дүйнөлүк 1-Курултайы.
Биздин койлорго таң калган Жусуп Мамай..............192
Тагдырыма жазганбы, жакшылык, жамандык
аралашты да, калды........................................195
Мезгил толкунунда өткөн кийинки окуялар..................200
Сөз соңунда мени түйшөлткөн ойлор..........................202

**Мезгил жана инсан**

**Адабий-популярдуу басылма**

**МОЙДУНОВ Абий**

# БИР КЕЛГЕН ӨМҮРДҮН ЖҮРӨКТӨГҮ САБАКТАРЫ

Бишкек, «Турар» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Жооптуу редактору *М.Тентимишев*
Компьютердик калыпка салган *Р. Атабаев*

Басууга 01.11.2011-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 13,125 б. т. Нускасы 700. Заказ № 784.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., Горький көч., 1.